Такийюддин Набахоний

# ИСЛАМДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ТҮЗҮМ

ХИЗБУТ-ТАХРИР
БАСЫЛМАЛАРЫНАН
1427-х. – 2006-м.

## Аят маанилеринин котормосу

Окурмандар эсине: Куран аяты деп аяттын араб тилиндеги текстине гана карата айтылат. Ушул китеп ичинде курсив менен берилген кыргыз тилиндеги текст аят маанилеринин котормосу болуп саналат.

ﷺ - соллаллоху алайхи ва саллам
رضي الله عنه - розияллоху анху/анха
عليه السلام - алайхис-салам

Такийюддин Набахоний
Исламдагы экономикалык түзүм
Кыргыз тилиндеги биринчи басылышы
Түзөтүлгөн алтынчы басылышынан которулду
1427-хижрий – 2006-милодий жыл

بسم الله الرحمن الرحيم

وَٱبۡتَغِ فِيمَآ ءَاتَىٰكَ ٱللَّهُ ٱلدَّارَ ٱلۡأٓخِرَةَۖ وَلَا تَنسَ نَصِيبَكَ مِنَ ٱلدُّنۡيَاۖ وَأَحۡسِن كَمَآ أَحۡسَنَ ٱللَّهُ إِلَيۡكَۖ وَلَا تَبۡغِ ٱلۡفَسَادَ فِي ٱلۡأَرۡضِۖ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يُحِبُّ ٱلۡمُفۡسِدِينَ

**– *«Алла сага берген мал-дөөлөт менен акыретти көздөгүн жана бул дүйнөдөгү насибеңди да унутпа. Алла сага эхсан кылганы сыяктуу сен да эхсан кыл. Жерде бузукчулук кылууга урунба, себеби, Алла бузукуларды сүйбөйт».* [28:77]**

**Мазмуну**


**Киришүү аяты** ........................................ 3
**Кириш сөз** ........................................ 8
**Экономикалык түзүм жөнүндө алгы сөз** ........................................ 9
**Экономика** ........................................ 49
Экономикалык түзүмдүн негизи ........................................ 50
Исламдын экономикалык түзүм жөнүндөгү көз карашы ........................................ 51
Исламдагы экономикалык саясат ........................................ 53
Жалпы экономикалык эрежелер ........................................ 60
**Мүлкчүлүктүн түрлөрү** ........................................ 63
Хусусий (жеке менчик) мүлкчүлүк ........................................ 63
Хусусий мүлкчүлүктүн аныктамасы ........................................ 64
Мүлкчүлүктүн мааниси ........................................ 65
**Мал-мүлккө ээ болуу себептери** ........................................ 66
**Мүлккө ээ болуу себептеринин биринчиси** ........................................ 68
Эмгек ........................................ 68
Өлүк жерди тирилтүү ........................................ 69
Жер астындагы нерселерди чыгарып алуу ........................................ 70
Аң ........................................ 71
Ортомчулук жана далдалдык ........................................ 72
Музороба ........................................ 73
Мусакот ........................................ 74
Жумушчу жалдоо ........................................ 75
**Жалдануучунун кыла турган иши** ........................................ 76
Ишти анык белгилеп коюу ........................................ 76
Иштин түрү ........................................ 77
Иш мөөнөтү ........................................ 80
Эмгек акы ........................................ 80
Иште сарптала турган күч ........................................ 82
Арам пайдаларга жалдоонун өкүмү ........................................ 83
Кайрымусулманды ишке жалдоонун өкүмү ........................................ 84
Ибадат жана жалпы кызыкчылыктарга жалдоо ........................................ 85
Жалданма жумушчу ким? ........................................ 90
Эмгек акыны белгилөө негизи ........................................ 90
Жумушчунун акысын белгилөө ........................................ 93

**Ээ болуунун экинчи себеби** ........................................................ 103
Мурас.................................................................................................. 103
**Ээ болуунун үчүнчү себеби** ........................................................ 104
Жашоо үчүн малга болгон муктаждык ........................................... 104
**Ээ болуунун төртүнчү себеби** ..................................................... 106
Мамлекеттин өз малынан жарандарга берүүсү................................. 106
**Ээ болуунун бешинчи себеби** ..................................................... 106
Кишилер эмгексиз же малсыз ала турган малдар............................ 106
**Малды тасарруф кылуу**................................................................ 111
Тасарруф кылуу укугу ....................................................................... 111
Мүлктү өстүрүү.................................................................................. 111
**Жерлерге тиешелүү өкүмдөр** ....................................................... 112
Өлүк жерлерди өздөштүрүү .............................................................. 116
Жерди тасарруф кылуу ..................................................................... 120
Жерди ижарага берүүгө тыюу салынышы ....................................... 123
**Бай жана буюртма берүү** .............................................................. 126
Бай ...................................................................................................... 126
Буюртма берүү ................................................................................... 128
**Ширкат өкүмдөрү** ......................................................................... 129
Исламдагы ширкат............................................................................. 129
Инан ширкаты .................................................................................... 131
Абдан ширкаты................................................................................... 132
Музороба ширкаты ............................................................................ 134
Вужух ширкаты .................................................................................. 135
Муфаваза ширкаты............................................................................. 137
Ширкатты бекер кылуу ..................................................................... 138
**Капиталисттик компаниялар**........................................................ 138
«Толук шериктик» компаниясы ........................................................ 139
Акционердик компаниялары.............................................................. 140
Акционердик компаниянын акциялары ........................................... 149
Кооперативдик коомдор.................................................................... 151
Сугурта (камсыздандыруу)................................................................ 153
**Мулк көбөйтүүнүн тыюу салынган жолдору**.................................. 158
Кумар.................................................................................................. 158
Сүткордук ........................................................................................... 159

Гобн (алдамчылык)........................................................................162
Соодадагы көз боёмочулук..............................................................163
Эхтикор (монополия)......................................................................166
Баа белгилөө...................................................................................168
**Тууганчылык жана нафака түрүндө сарптоо тасарруфу укугу**.....................................................................................170
Жакырдык.......................................................................................180
**Умумий мүлк**.................................................................................186
**Мамлекеттик мүлк**.........................................................................189
**Национализация кылынган мүлк умумий мүлк да, мамлекеттик мүлк да эмес**.........................................................190
**Корук жалпы кызыкчылыктан**.......................................................191
**Ишканалар**....................................................................................193
**Байтулмал**.....................................................................................194
Байтулмалдын киримдери...............................................................194
Байтулмалдын сарп-каражаттары....................................................196
Мамлекет бюджети.........................................................................197
Зекет...............................................................................................199
Жизя................................................................................................201
Хирож..............................................................................................202
Салыктар........................................................................................203
**Байлыкты адамдар ортосунда бөлүштүрүү**...................................205
Коомдогу экономикалык тең салмактуулук......................................206
Алтын жана күмүштү казына кылууга тыюу салынышы....................208
**Сүткордук жана акча алмаштыруу**.................................................213
Риба (сүткордук)..............................................................................214
Акча алмаштыруу.............................................................................218
Акча алмаштыруу мамилелери.........................................................221
**Акча**................................................................................................224
Алтын түзүмү...................................................................................228
Алтын түзүмүнүн абзелдиктери.......................................................229
Алтын түзүмүнүн проблемалары......................................................230
Күмүш түзүмү..................................................................................232
Маъданий акчалар...........................................................................232
Кагаз акчалар..................................................................................232

Акча чыгаруу ........................................ 234
Айырбаштоо баасы ........................................ 236
**Тышкы соода** ........................................ 242
Тышкы сооданын вокыйсы ........................................ 250
Соода балансы ........................................ 250
Мамлекеттер ортосундагы акча мамилелери ........................................ 251
Тышкы соода саясаты ........................................ 251
Айырбаштоо эркиндиги ........................................ 252
Соодага тиешелүү коргонуу ........................................ 253
Улуттук экономика ........................................ 253
**Автаркия саясаты** ........................................ 254

بسم الله الرحمن الرحيم

# Кириш сөз

«Исламдагы экономикалык түзүм» деген бул китеп Исламий пикирий байлык болуп, өтө сейрек кездешчү китеп. Анткени, ал ушул доордогу Исламдагы экономикалык түзүмдүн вокыйлыгын анык, тунук ачып берген биринчи китеп.

Бул китеп Исламдын экономикага жана анын максатына болгон көз карашын, малга (мал-мүлккө) ээлик кылуу, аны өстүрүү, сарптоо, тасарруф кылуу (иштетүү) абалын о.э. байлыкты коом мүчөлөрүнө бөлүштүрүүнү жана коомдо тең салмактуулукту кандай пайда кылууну баян кылып берет.

Бул китеп шахсий мүлк (жеке менчик мүлк), умумий мүлк (жалпы мүлк) жана мамлекеттик мүлктөн турган мүлкчүлүктүн түрлөрүн жана байтулмалга келип түшүшү лазым болгон малдарды жана алар сарптала турган жактарды да баян кылып берет.

О.э. ушрий жана хирожий жерлерге тиешелүү өкүмдөрдү, бул жерлердеги берүү важып болгон ушр же хирожду о.э. бул жерлерден пайдалануу, аларды тирилтүү (т.а. иштөө берип жандантуу), ажыратып-бөлүп берүү, бир адамдын ээлигининен башка бир адамга өткөзүп берүү абалын баян кылып берет.

Дагы акчалар жана алардын түрлөрүнө, аларда садыр болуп кала турган рибага (сүткордукка), акча алмаштырууга жана акчаларда берилиши важып болгон зекетке токтолуп, алар жөнүндө толугу менен сөз жүргүзөт.

Жана дагы тышкы соода жана анын өкүмдөрүн түшүндүрөт. Бул өкүмдөрдү алуудагы бирден бир булак Алланын Китеби жана Расулунун Сүннөтү о.э. Китеп жана Сүннөт негизиндеги кыяс жана сахабалардын ижмасы болду. Бул экономикага тийиштүү өкүмдөрдү алуу үчүн башка бир да булакка кайрылынган жок. Бул китеп капиталисттик экономикалык түзүм менен социалисттик (ушуну менен бирге коммунисттик) экономикалык түзүмдүн вокыйлыгы жана бул эки түзүмдүн туура эместиги жөнүндөгү алгы сөз менен башталып, алардын фасад-бузук экендигин жана Исламдагы экономикалык түзүмдүн өкүмдөрүнө тескери экендигин баян кылат.

Бул китеп кайра басылышынан мурун дагы бир жолу карап чыгылып, ага кээ бир оңдоолор киргизилди. Анда келген бардык хадистерди кайра карап чыгууга да катуу этибар берилип, алар хадис китептериндеги рыбаяттарга салыштырылып, текшерилип чыкты.

Мусулмандардын мына ушул доордо Исламдагы экономикалык түзүмдү түшүнүп жетүүлөрүндө бул китептин үлкөн пайдасы бар. Биз бул китепти баарына пайдалуу кылышын жана мусулмандарга бул китептеги өкүмдөрдү Алла түшүргөн шарият менен өкүм жүргүзө турган мамлекетте колдонуу жана аткаруу мүмкүнчүлүгүн беришин Алладан сурап калабыз.

**14-рабиул-ахир 1425-х.**
**2-июнь 2004-м.**

بسم الله الرحمن الرحيم

## ЭКОНОМИКАЛЫК ТҮЗҮМ ЖӨНҮНДӨ АЛГЫ СӨЗ

Пикирлер кайсы үммөттө болбосун, эгер жаш, кырчын үммөт болсо, өз турмушунда жетишкен эң чоң байлык, эгер илгертен жаркын пикир жүргүзүп келген байыркы үммөт болсо, кийинки муун өз ата-бабаларынан алган эң чоң белек эсептелет.

Маддий (материалдык) байлыктар, илимий ачылыштар, өнөр жай тармагындагы табылгалар жана ушулар сыяктуулардын пикирлерге салыштырмалуу туткан деңгээли кыйла төмөн болуп, аларга жетишүү да, аларды сактап калуу да пикирлерге байланыштуу.

Себеби, эгер үммөттүн маддий байлыгы жок кылынган болуп, бирок, үммөт өз пикирий байлыгын сактап калган болсо, маддий байлыкты тез эле тикелеп алуусу мүмкүн. Ал эми, эгер үммөт маддий байлыгын сактап калган болуп, бирок, пикирий байлыгынан айрылган болсо, анда бул маддий байлык да тез арада колдон кетет жана үммөт жакырчылык абалына түшүп калат. О.э. Үммөт эгер пикирлөө таркыйкатын жоготпогон болсо, өзү ачкан, бирок, кийинчерээк жоготкон көптөгөн илимий акыйкаттарды кайрадан колго киргизиши мүмкүн. Ал эми, эгер жемиштүү пикирлөө тарыйкатын жоготкон болсо, анда үммөт тез калакташат (артта калат) жана өзү жетишкен ачылыш жана табылгалардан да кол жууп калат. Ушуга ылайык, эң биринчи пикирлерге катуу этибар берүү керек, кийин ушул пикирлер негизинде жана пикирлөөнүн ийгиликтүү тарыйкатына таянып маддий байлык колго киргизилет жана илимий ачылыштар, өнөр жай тармагындагы табылгалар жана ушул сыяктууларга жетишүүгө аракет кылынат.

Пикирлер дегенде Үммөттө өз турмушунун вокыйлыгы туурасында пикирлөө жараянынын мавжуддугу (пикирлөө прцессинин барлыгы) көздө тутулат. Бул жараян ушул үммөт мүчөлөрүнүн баары окуяларды күзөтүү убагында ушул окуялар үстүнөн өкүм чыгаруу үчүн өздөрүндөгү маалыматты иштете билүүлөрү менен түшүндүрүлөт (т.а. үммөт мүчөлөрү өздөрүндөгү маалыматтарды окуялар үстүнөн өкүм чыгаруу үчүн иштете билишсе, ошондо аларда пикирлөө жараяны жүзөгө келет). Башкача айтканда, бул жараян адамдарда пикирлер мавжуддугу болуп, алар бул пикирлерди турмушта иштетүү менен жаңылык жарата алышат жана бул пикирлерди ийгиликтүү түрдө кайра-кайра иштетүүнүн натыйжасында аларда пикирлөөнүн жемиштүү тарыйкаты пайда болот.

Исламий Үммөт бүгүнкү күндө пикирлерди жоготкон үммөт

эсептелет, демек, ал табигый түрдө, пикирлөөнүн жемиштүү тарыйкатын да жоготкон. Себеби, азыркы муун өз ата-бабаларынан исламий да, кайры исламий да пикирлерди кабыл алган жок, табигый түрдө, ал пикирлөөнүн жемиштүү тарыйкатын да кабыл алган жок. Бул муундун өзү пикирлерге ээ да болбоду жана пикирлөөнүн ийгиликтүү тарыйкатына да жетишпеди. Ошондуктан, өлкөлөрүндө маддий байлыктар сансыз болушуна карабастан, жакырчылыкта жашашы, ачылыштар жана табылгаларды назарий (теориялык) жактан үйрөнсө да, аларды угуп жана көрүп турса да, аларга жетише албашы жана алардан пайдалана албашы табигый эле. Себеби, качан үммөт пикирлөөнүн жемиштүү тарыйкатына ээ болсо гана т.а. жашоодо иштетип жаңылык жарата ала турган пикирлер анда мавжуд болсо гана, ошондо бул ачылыш жана табылгаларга болгон умтулуу өз жемишин бере алат. Ошондон келип чыгып, демек, мусулмандар өздөрүндө пикирлерди жана пикирлөөнүн жемиштүү тарыйкатын жүзөгө келтирүүлөрү шарт. Ошондон кийин гана алар ушул пикирлер жана тарыйкат негизиндеги маддий байлыкты колго киргизүүгө карай кадам таштоолору, илимий акыйкаттарды ачуулары жана өнөр жай тармагында табылгалар ойлоп табуулары мүмкүн болот. Эгер мындай кылышпаса, бир да кадам алдыга жыла алышпайт жана боп-бош үкөктүн ичинде пайдасыз айланып жүрө беришет, бул айланууларында өздөрүндөгү бар болгон аклый жана жисманий күчтөрүн сарптап түгөтүшкөнү менен, бирок, акыбетте аракеттеринин башталгыч чекитине дагы кайтып келе беришет.

Исламий Үммөттүн бул муунунда берилмекчи болуп жаткан пикирге каршы туруучу пикирлердин өзү жок. Эгер анда каршы туруучу пикирлер бар болгондо эле, ал өзүнө берилип жаткан бул пикирди түшүнүп жеткен жана бул эки пикир өз ара кагылышып, бул кагылышуунун натыйжасында туура пикирди таап алган болор эле. Бирок, бул муунда азыр айтканыбыздай, каршы туруучу пикирлердин өзү жок. Тескерисинче, ал бардык пикирлерден жана ар кандай жемиштүү пикирлөө тарыйкатынан кол жууп калган бир муун болуп калды. Себеби, ал Исламий пикирлерди кудум бүгүнкү күндө гректер Арасту (Аристотель) жана Афлатун (Платон) философиясын мурас кылып алгандарындай, кыялый философия деген этибарда мурас кылып алды. Исламды болсо кудум насронийлер христиан динин мурас кылып алгандарындай, бир гана диний каада-салт жана ибадаттар деген этибарда мурас кылып алды. Дал ушул эле учурда, ал капитализм пикирлерине да ашык болду. Ал бул пикирлердин вокыйлыгын түшүнүп жеткендиги үчүн эмес, балким, алардын ийгилигин көрүп ашык болду. Ал бул

чечимдер капитализмдин турмушка болгон көз карашынан келип чыгып жаткандыгын түшүнүп жеткендиги үчүн эмес, балким, өзүнө капитализм өкүмдөрүнүн колдонулушуна моюн сунгандыгы үчүн бул пикирлерге ашык болду. Ошондуктан, мейли, ал өз турмушун капитализм көрсөткөн жол негизинде жүргүзсө да, бирок, пикирлөө жагынан капиталистик пикирлерден куру калды. Ислам динине этикат кылып, анын пикирлерин үйрөнсө да, амалда (иш жүзүндө) Исламий пикирлерден да кур жалак калды.

Эми бул муундун пикирлерге ыктагандыгына келсек, ал Ислам менен капитализмдин өкүм жана чечимдерин бири-бирине ылайыкташтырууга урунду. Мунун ылажысы жоктугун көргөндөн кийин, мындан көңүлү сууду. Ал, а түгүл, Исламды турмуштагы жаңы-жаңы проблемаларга чечим берүүгө алсыздык кылат деп эсептеп, ошондуктан, Ислам менен капитализмди бири-бирине ылайыкташтырып отурбай, капиталисттик өкүм жана чечимдерди кандай болсо ошондой бойдон алуу зарыл деп билүү даражасына чейин жетти. Ал цивилизацияга жетишкен дүйнө менен турмуш майданында бирге кадам таштай алуу жана капитализм түзүмүндө жашап жаткан улуттар, же социализм колдонулуп, коммунизмге карай бара жаткан калктар кербенине кошулуу үчүн (себеби, бул улут жана калктар анын назарында өнүгүүгө жетишкен калктар эле) Ислам өкүмдөрүн таштоонун жана кайры исламий өкүмдөрдү алуунун эч бир зыяны жок деп эсептей турган болуп калды. Ал эми, Исламга бекем жабышууга урунган калган аз гана адамдарга келсек, аларда да капитализм пикирлерине болгон дал ушул ыктоо бар эле. Бирок, алар капитализм менен Исламды бири-бирине ылайыкташтыруу мүмкүндүгүнөн али да үмүт үзүшпөгөн эле. Бирок, Ислам менен башка түзүмдөрдү бири-бирине ылайыкташтырууга урунган бул кимселердин турмуш майданында эч кандай таасирлери жана коомдо т.а. адамдар ортосунда боло турган амалий алакаларда эч бир орундары жок эле.

Ошентип, турмуш проблемаларын чечүү үчүн Исламий пикирлерди жана шаръий өкүмдөрдү берүү пикирден жана пикирлөө тарыйкатынан куру болгон акылдар менен, баарындагы капитализм же социализм пикирлерине болгон ыктоолор менен кагылыш келген эле. О.э. ал капитализм түзүмү өкүм сүрүп жаткан амалий турмуш вокыйлыгы менен да кагылыш келген эле. Ошондуктан, эгер пикир нафистер жана акылдарда силкинүүнү пайда кыла турган даражада күчтүү болбой турган болсо, мындай пикир адамдарды аракетке келтире албайт, а түгүл, ал көңүл буруууга да арзыбайт. Ошондуктан, силкинте турган күчтүү пикир болушу лазым. Себеби, ал чабал, тайыз акылдарды терең

пикирлөөгө үндөөсү жана бузук ыктоолор, сыркоо сезимдерди силкинтип, аларды оңдоосу лазым. Ошондо гана ал Исламий пикирлер жана шаръий өкүмдөргө садык ыктоолорду пайда кыла алат.

Ушундан келип чыгып, Исламга даъват кылуучу адам капитализм өкүмдөрү жана чечимдери таяна турган негиздерге токтолуп, аларга каршы чыгуусу, алардын жасалмалуулугун ачып, жанчып таштоосу жана турмуштагы түрдүү-түмөн окуяларга этибар каратып, Исламдын бул вокыйларга берген чечимин баян кылуусу зарыл болот. Ал Ислам берген чечимди, бул чечим заманга ылайык келгендиги же ылайык келбегендиги үчүн эмес, балким, Китеп жана Сүннөттөн же Китеп жана Сүннөт көрсөтүп берген далилдерден алынган шаръий өкүмдөр болгондугу үчүн амал кылуу важып болгон шаръий өкүмдөр деген этибарда баян кылышы лазым болот т.а. бул өкүмдөргө пайда жүзөсүнөн эмес, балким, этикаттан келип чыгып амал кылуу важып экендигин баян кылышы лазым. Демек, даъватчы өкүм берүүдө ушул өкүм алынган шаръий далилди же ушул өкүмдүн шаръий нусуста (аят же хадисте) келген шаръий иллетин же бул иллетке окшош башка иллетти баян кылууга киришиши лазым.

Мусулмандар алданып калган эң чоң нерсе жана өз турмуштары вокыйлыгында баштарынан кечирип жаткан үлкөн балээ башкаруу жана экономикага тиешелүү пикирлерде. Себеби, бул пикирлер мусулмандар тарабынан жакшы кабыл алынган жана батыш амалий колдонулушуна урунуп жаткан о.э. үзгүлтүксүз колдонулушун сактык менен күзөтүп турган пикирлердин эң көбүн түзөт. Ошондуктан, Исламий Үммөт үстүнөн колонизатор капыр өз колонизаторлугун жана түзүмүн коргой алуу үчүн атайлап орнотуп койгон жана көрүнүшү демократиялык болуп көрүнө турган түзүм менен өкүм жүргүзүлүп жаткан болсо, ал эми, экономикалык турмуштун бардык тармактарында анын үстүнөн амалий түрдө капитализмдин экономикалык түзүмү менен өкүм жүргүзүлүүдө. Ошондуктан, экономика жөнүндөгү Ислам пикирлери Исламий дүйнөдөгү экономикалык турмуш вокыйлыгына күчтүү таасир өткөзүп, аны астын-үстүн кылып жибере турган пикирлер болуп калды. Келечекте да бул пикирлер колонизатор капыр жана анын малайлары, Батышка сыйынуучу наадандар, Батыш сакафаты менен сугарылган кимселер жана акимдер тарабынан эң көп каршы күрөшүлө турган пикирлер болуп калат.

Ошондуктан, Батышта саясий экономика таяна турган негизги пикирлерди тартипке салуучу капитализм түзүмүндөгү экономика жөнүндө анык-тунук элестетүүнү берүү керек. Ошондо гана

Батыштын экономикалык түзүмүнө ашык болгон кимселер бул түзүмдүн бузуку-фасаддыгын жана Исламга тескери экендигин сезишет. Ошондон кийин алар Исламдын экономикалык пикирлери экономикалык турмуш проблемаларын туура чечип берип жаткандыгын жана бул турмушту негиздерде да жана тафсилаттарда да капиталисттик турмушка бүтүндөй тескери болгон өзүнө таандык өзгөчө хас турмуш таризине айлантып жаткандыгын көрүшөт.

Биз эгер капитализм мабдасындагы экономикалык түзүмдү көрүп чыксак, алардагы экономика адам керектөөлөрү (инсан муктаждыктары) жана аларды кандыруунун васиталары (керектөөнү кандыруучу нерселер) боюнча изденүү алып барышынын күбөсү болобуз. Демек, алардагы экономика адам турмушунун жалаң гана маддий тарабын үйрөнөт жана бул экономика үч негизге курулат:

1. Керектөөлөргө караганда товар жана кызматтардын салыштырмалуу кемдиги т.а. адамдын жаңыланып туруучу түрдүү-түмөн керектөөлөрүн кандыра турган товар жана кызматтардын таңсыктык проблемасы болуп, бул проблема алардагы коом туш келип жаткан экономикалык проблема болуп эсептелет.

2. Иштеп чыгарылган нерсенин кыйматы болуп, бул кыймат экономикалык изденүүлөрдүн негизи эсептелет жана ал абдан көп үйрөнүлөт.

3. Нарк жана анын продукция иштеп чыгаруу, пайдалануу жана бөлүштүрүүдө ойной турган ролу болуп, ал капиталисттик экономикалык түзүмдүн негизи, пайдубалы эсептелет.

Эми, товар жана кызматтардын салыштырмалуу кемдигине келсек, товар жана кызматтар адам керектөөлөрүн кандыра турган васиталар болгондугу үчүн мындай проблема бар. Себеби, алардын айтышынча, адамдын кандырууну талап кыла турган керектөөлөрү бар, аларды кандыруу үчүн болсо васиталар керек. Ал эми, бул керектөөлөр жалаң гана таза маддий керектөөлөр. Себеби, алар же адамдын тамак-аш, кийимге болгон муктаждыгы сыяктуу туюла турган, сезиле турган керектөө болот, же адамдын дарыгер жана мугалимдин кызматына болгон муктаждыгы сыяктуу адамдар сезе турган, бирок, аларга анык көрүнбөй турган керектөө болот. Ал эми, сыймыктануу өңдүү маънавий керектөөлөргө жана ыйыкташтыруу, сыйынуу өңдүү рухий керектөөлөргө келсек, алардын экономикалык жактан мавжуддугу алар тарабынан тан алынбайт, бул нрселерге орун ажыратылбайт жана экономикалык изденүү учурунда этибарга алынбайт.

Керектөөлөрдү кандыруучу васиталарды болсо, алар товар жана

кызматтар деп аташат. Себеби, товарлар – көрүнө турган, сезиле турган керектөөлөрдү кандыруунун васиталары. Кызматтар болсо, сезиле турган, бирок, көрүнбөй турган керектөөлөрдү кандыруунун васиталарынан. Ал эми, эми – товар жана кызматтардагы кандыра турган нерсе эмне өзү? – деген суроого келсек, бул нерсе алардын назарында, ушул товар жана кызматтардагы пайда. Бул пайда болсо бир касиет болуп, ал кайсы нерседе бар болсо, ошол нерсени керектөөнү кандырууга жарактуу кылып коёт. Эми, керектөөнүн экономикалык жактан мааниси шыктануу (рагбат) экендигинен келип чыгыла турган болсо, демек, шыктаныла турган бардык нерсе – зарурий болушу же болбошунан жана кээ бир адамдар пайдалуу деп, кээ бирлери болсо зыяндуу деп эсептешине карабастан – экономикалык жактан пайдалуу эсептелет. Себеби, бул нерсеге шыктануучу адамдар бар болгондон кийин, демек, бул нерсе экономикалык жактан пайда келтирүүчү нерсе эсептелет. Бул болсо Батыштагы экономисттерди экономикалык көз караштан келип чыгып, нерселерди пайдалуу деп эсептей турган кылып коёт. Көпчүлүктүн пикири бул нерселерди пайдасыз же зыяндуу деп эсептесе да, алар бул нерселерди пайдалуу деп эсептей турган болушту. Мисалы, арак жана маңзатка кээ бир адамдар шыктангандыгы үчүн, алар экономисттердин назарында пайдалуу нерселер эсептелет. Ошого негизделип, экономист кандыруу васиталарына т.а. товарлар жана кызматтарга башкача назарда эмес, балким, керектөөнү кандыруучу нерсе деп карайт. Башка ар кандай көз карашты албайт т.а. керектөөлөр жана пайдаларга болушу лазым болгон тариздe эмес, балким, кандай болсо ошондой карайт. Ошондуктан, пайдага керектөөнү кандыруучу экендигинен келип чыгып карайт жана бул көз караштан нарыга өтпөйт. Мисалы, аракка кээ бир кимселердин керектөөсүн кандыргандыгы үчүн экономикалык кыйматка ээ болгон нерсе деп, арак иштеп чыгаруучуга болсо кызмат көрсөтүүчү деген этибарда карайт. Арак иштеп чыгаруучунун кызматы кээ бир кимселердин керектөөсүн кандырып жатат, ошондуктан, анын бул кызматы экономикалык кыйматка ээ деп эсептеп, ага ушундай этибарда карайт.

Алардын назарында керектөөлөрдүн табияты жана аларды кандыруу васиталарынын табияты ушундан турат. Демек, капиталисттик экономист коом негизделиши лазым болгон нерсеге маани бербейт, балким, керектөөнү кандыра турган нерсе болгондугу үчүн экономикалык предметке (васитага) көңүл бурат. Ошондуктан, экономисттин милдети товарлар жана кызматтарды көбөйтүү т.а. башка эч нерсени этибарга албай, адам керектөөлөрүн кандыруу үчүн зарыл болгон кандыруу васиталарын

көбөйтүү болуп саналат. Ушуга негизделип, экономист адам керектөөлөрүн кандыруу васиталарын көбөйтүү туурасында изденет. Эми кандыруу васиталары болгон товарлар жана кызматтар алардын назарында чектелген болгондугу үчүн, демек, алар адам керектөөлөрүн кандыруу үчүн жетиштүү эмес. Себеби, алардын пикиринче, бул керектөөлөр чектелбеген. Мисалы, бул жерде адамдын адам катары кандырышы албетте зарыл болгон негизги керектөөлөрү бар жана маданият деңгээли көтөрүлүп, адам өскөн сайын улам өөрчүп бара турган башка бир канча керектөөлөрү да бар. Бул керектөөлөр улам барган сайын өөрчүп барат. Натыйжада, алардын баарын толук кандыруу зарыл болуп калат. Мунун болсо – товар жана кызматтар канчалык көбөйбөсүн – эч мүмкүнчүлүгү жок. Мына ушундан, эми экономикалык проблеманын негизи келип чыгат. Бул проблеманын негизи – муктаждыктардын көптүгү, аларды кандыруу васиталарынын болсо аздыгы т.а. адамдын бардык муктаждыктарын толук кандыруу үчүн зарыл болгон товар жана кызматтардын таңсыктыгы. Мына ушул учурда коом экономикалык проблемага туш келет. Бул проблема – товар жана кызматтардын салыштырмалуу таңсыктыгы проблемасы. Бул таңсыктыктын качып кутулгус натыйжасы ушундан турат, кээ бир керектөөлөр кысман гана кандырыла турган, же эч бир кандырылбай турган болуп калат. Ушундай болгон соң, демек, кандырыла турган керектөөлөрдү жана кандырылбай турган керектөөлөрдү көрсөтүп берүү үчүн коом мүчөлөрү өз ара келишип ала турган мыйзам-эрежелер зарыл болот. Башкача айтканда, чектелген ресурстарды чектелбеген керектөөлөргө кандай бөлүштүрүү керектигин көрсөтүп бере турган мыйзам-эрежелер лазым болот. Демек, алардын назарында проблема адам эмес, балким, керектөөлөр жана ресурстар т.а. ар бир адамдын керектөөлөрүн кандыруу эмес, балким, керектөөлөрдү кандыруунун ресурстарын көбөйтүү. Ошондой болгон соң, иштеп чыгыла турган мыйзам-эрежелер – ресурстардын жетиштүү болушуна жетишүү үчүн т.а. ар бир кишини эмес, балким, адамдар тобун товарлар жана кызматтар менен жетиштүү камсыздоо үчүн – продукция иштеп чыгарууну мүмкүн болушунча жогору даражага көтөрүүнү камсыздай турган болушу шарт. Ошондон келип чыгып, товар жана кызматтарды бөлүштүрүү проблемасы аларды иштеп чыгаруу проблемасы менен тыгыз байланыштуу болуп калды. Ушул себептен улам, экономикалык изденүүлөрдөн көздөлгөн эң жогорку максат адамдар тобу пайдалана турган товар жана кызматтарды көбөйтүү болуп калды. Ошондуктан, жергиликтүү продукция иштеп чыгаруу көлөмүнө таасир өткөзө турган факторлорду үйрөнүп чыгуу бардык

экономикалык темалардын арасынан биринчи орунда турат. Себеби, жергиликтүү продукция иштеп чыгарууну көбөйтүү туурасында изденүү экономикалык проблеманы т.а. керектөөлөргө караганда товар жана кызматтардын кемдиги проблемасын чечүү үчүн алып барыла турган изденүүлөрдүн эң маанилүүсү эсептелет. Себеби, алар кембагалдык жана жакырчылык проблемасын бир гана продукция иштеп чыгарууну көбөйтүү аркылуу чечүү мүмкүн деп ишенишет. Демек, алардын назарында коом алдында турган экономикалык проблема бир гана иштеп чыгарууну көбөйтүү менен чечилет.

Иштеп чыгарылган нерсенин кыйматына келсек, бул кыймат ушул нерсенин белгилүү бир жеке адамга карата же башка нерсеге карата кандай даражада маанилүү экендигин билдирип, биринчи абалда пайда кыйматы, экинчи абалда болсо айырбаштоо кыйматы деп аталат. Нерсе пайдасынын кыйматы кыскача мындайча түшүндүрүлөт: «Бирер нерседен турган ар кандай бирдиктин пайда кыйматы анын акыркы пайдасы менен т.а. бирдиктин эң төмөнкү керектөөнү кандыра турган пайдасы менен белгиленет». Алар муну «акыркы чектеги пайда» назариясы деп аташат. Т.а. пайда – продукция иштеп чыгаруучунун көз карашына карап белгиленбейт б.а. продукция иштеп чыгарууга кеткен сарп-каражаттар менен белгиленбейт. Себеби, эгер сарп-каражаттар менен белгилене турган болсо, анда «сунуш» көз карашы гана эсепке алынган болуп калат. Пайда керектөөчүнүн көз карашына карап да белгиленбейт т.а. продукциядагы пайда көлөмүнө карай жана таңсыктык факторун эсепке алган абалда ушул пайдага болгон керектөөнү сезүүгө карай да белгиленбейт. Себеби, бул учурда «сунуш» эсепке алынбай, болгону, «талап» көз карашы гана эсепке алынган болуп калат. Балким, негизи, пайданы белгилөөдө сунуш жана талап көз карашынын экөөсү тең бирге эсепке алынышы лазым. Ошондуктан, нерсенин кандай даражада пайдалуу экендиги керектөөнү кандырышынын акыркы чегарасында белгиленет т.а. мисалы, нандын кыйматы ачарчылыктын башында эмес, балким акырында, базарда нандын кем убактысында эмес, балким, адаттагы көп убактысында белгиленет. Мына ушу «пайда кыйматы» деп аталат. Ал эми, айырбаштоо кыйматына келсек, ал бир касиет болуп, эгер бир нерседе ушул касиет бар болсо, ал ошол нерсени айырбаштоо үчүн жарактуу кылып коёт. Алар буга: «Нерсенин башка нерсеге карата айырбаштоо кубаты» деп аныктама беришет. Мисалы, буудайдын жүгөрүгө карата айырбаштоо кыйматы буудай бирдигин колго киргизүү үчүн баш тартуу лазым болгон жүгөрү өлчөмү менен белгиленет. Пайда кыйматы «пайда» деп гана, айырбаштоо

кыйматы болсо «кыймат» деп гана аталат.

Айырбаштоо айырбашталмакчы болгон товар же кызматка эквивалент болгон (т.а. ушул товар же кызматка ар жактан тең болуп, аны менен алмашыла ала турган), же кыйматы ушул товар же кызматка жакын болгон нерсе мавжуд болсо гана ишке ашат. Ошондон келип чыгып, капиталисттик экономисттердин кыйматты үйрөнүүлөрү шарт болуп калды. Себеби, кыймат – айырбаштоонун негизи. Себеби, ал салыштыруу мүмкүн болгон сыпат (өзгөчө касиет), товар жана кызматтар өлчөнө турган чен-өлчөм. О.э. ал продукция иштеп чыгарыла турган иштер менен иштеп чыгарбай турган иштер ажыратыла турган чен-өлчөм да. Себеби, продукция иштеп чыгаруу дегени пайданы жаратуу же аны көбөйтүү болуп, кылына турган эмгектер менен ишке ашат. Бул эмгектердин продукция иштеп чыгаруучу же иштеп чыгарбай турган эмгек экендигин ажыратуу жана алардын кайсынысы башкасына караганда көбүрөөк продукция иштеп чыгарарын билүү үчүн түрдүү продукция жана кызматтар өлчөнө турган анык өлчөө керек. Бул анык өлчөө болсо, түрдүү продукция жана кызматтардын экономикалык кыйматтары. Же башкача айта турган болсок, ал сарптала турган эмгекке же өтөлө турган кызматка коомчулук тарабынан бериле турган баа. Мындай баа берүү болсо зарыл ишке айланды. Себеби, айырбаштоо максатында продукция иштеп чыгаруу азыркы коомдордо керектөө максатында продукция иштеп чыгаруунун ордун ээледи. Себеби, бүгүнкү күндө ар бир адам өзү иштеп чыгарган продукциянын баарын же көпчүлүк бөлүгүн башка адамдар иштеп чыгарган башка нерселерге айырбаштай турган болуп калды. Бул айырбаштоо болсо – жогоруда айтып өткөнүбүздөй – ушул продукциянын ордуна бериле турган товар же кызмат мавжуд болсо гана ишке ашат. Демек, айырбаштоо ишке ашышы үчүн товар кыйматын белгилөө зарыл болот. Бул үчүн болсо кыйматтын өзү эмне экендигин билүү зарыл. Аны билүү продукция иштеп чыгаруу үчүн да, пайдалануу үчүн да зарурий иш болуп калды т.а. адам керектөөлөрүн кандыруу каражаттарынын жардамында кандыруу үчүн аны билүү албетте шарт болгон иш болуп калды.

Бирок, бул айырбаштоо кыйматы жаңы кылымда өз кыйматтарынын бири менен белгиленип калды жана мына ушул кыймат үстөм болуп калды. Себеби, цивилизациялашкан коомдордо товарлар кыйматы бири-бирине эмес, балким, акча деп аталуучу бир белгилүү товарга нисбат берилет. Нерсени акча менен айырбаштоо нисбаты «нарк» (баа) делет. Демек, нарк – нерсенин акчага карата айырбаштоо кыйматы. Ушуга ылайык, айырбаштоо

кыйматы менен нарктын ортосундагы айырма ушундан турат, айырбаштоо кыйматы нерсени таптакыр башка нерсеге – бул нерсе акча болобу, же товар, же кызмат болобу, эч айырмасыз – таптакыр башка нерсеге айырбаштоо нисбаты. Нарк болсо нерсени акчанын өзү менен гана айырбаштоо кыйматы. Мунун натыйжасында, бардык товарлардын нарктары бир убакытта көтөрүлүп, бир убакыттын өзүндө түшүп кетиши мүмкүн, ошол эле учурда, бардык товарлардын бири-бири менен айырбаштоо кыйматынын бир убакытта көтөрүлүп же түшүп кетиши болсо мүмкүн эмес. О.э. товарлардын нарктары өзгөрүшү мүмкүн, бирок, ошол эле убакытта, алардын айырбаштоо кыйматы өзгөрбөй кала берет. Ушуга караганда, демек, товардын наркы ушул товар кыйматтарынын бири, башкача айтканда, ал товардын акчага гана болгон кыйматы. Эми нарк кыйматтардын бири болгон соң, демек, ал табигый түстө нерсенин пайдалуу же пайдасыз экендигинин жана нерседеги пайда даражасынын өлчөөсү боло алат. Себеби, эгер коом белгилүү бир товар же белгилүү бир кыйматты белгилүү бир нарк менен бааласа, бул товар же кызмат пайдалуу жана жемиштүү эсептелет. Ал эми, бул товар же кызматтын пайда даражасына (т.а. анын кандай пайда келтиришине) келсек, бул даража керектөөчүлөрдүн көпчүлүгү ушул товар же кызматка ээ болушу үчүн төлөөгө ыраазы болгон нарк менен өлчөнөт. Мында бул товардын айыл чарба продукциясы же өнөр жай продукциясы болушунун жана кызматтын да соодагер же транспорт кызматы, же болбосо, дарыгер же инженер кызматы болушунун айырмасы жок.

Эми продукция иштеп чыгаруу, пайдалануу жана бөлүштүрүүдө нарк ойной турган ролго келсек, бул рол ушундан турат, нарк механизми продукция иштеп чыгаруучулардан кимдер иштеп чыгаруу тармагына киришин жана кимдер иштеп чыгаруучулар катарына кирбешин белгилеп берет. Муну кайсы керектөөчүлөр өз муктаждыктарын кандыра алышын жана кимдер муктаждыктары кандырылбай калып кете беришин белгилөөчү абалдын өзү менен белгилеп берет. Товарды иштеп чыгарууга кеткен сарп-каражаттар болсо ушул товардын базарда сунуш кылынышына өкүм өткөзө турган негизги фактор болуп, товардагы пайда болсо базарда бул товарга болгон талапка өкүм өткөзө турган негизги фактор болуп, экөөсү тең нарк менен өлчөнөт. Ошондуктан, сунуш жана талапты үйрөнүү капиталисттер назарында экономикадагы негизги изденүү болуп эсептелет. Сунуш делгенде базар сунушу жана талап делгенде базар талабы көздө тутулат. Наркты айтпай туруп, талапты аныктоо мүмкүн болбогондой, наркты аныктабай сунушту белгилөө да мүмкүн эмес. Бирок, талап нарктын өзгөрүшүнө

тескери түстө өзгөрөт. Себеби, нарк көтөрүлсө талап азаят, нарк төмөндөсө талап көбөйөт. Сунуш мунун тескериси. Себеби, сунуш нарк өзгөргөн тарапка карай өзгөрөт т.а. нарк көтөрүлсө, сунуш да көбөйөт, нарк төмөндөсө сунуш да азаят. Эки абалда тең нарк сунуш жана талапка өтө чоң таасир өткөзөт т.а. иштеп чыгаруу жана пайдаланууда нарк өтө чоң таасирге ээ.

Алардын назарында нарк механизми коом мүчөлөрүнө товар жана кызматтарды бөлүштүрүүнүн идеалдуу ыкмасы. Себеби – дейт алар – пайдалар адам сарптай турган эмгектин жемиши. Ошондуктан, эгер эмгекке жараша сыйлык төлөнбөсө, эч шексиз, иштеп чыгаруу даражасы төмөндөп кетет. Ушуга караганда, демек, коом мүчөлөрүнө товар жана кызматтарды бөлүштүрүүнүн эң ылайыктуу жолу – продукция иштеп чыгарууну мүмкүн болушунча жогору деңгээлге көтөрүүнү камсыздай турган усул. Бул усул нарк усулу болуп, алар муну «нарк механизми» деп аташат. Себеби, алардын пикиринче, бул усул экономикалык тең салмактуулукту механикалык түрдө (өз-өзүнөн) жүзөгө келтирет. Себеби, бул усул керектөөчүлөрдү өз эркине таштап коюу негизине курулган болуп, керектөөчүлөр ушул негизде коом ээ болгон ресурстарды экономикалык ишмердүүлүктүн түрдүү тармактарына кандай бөлүштүрүү лазымдыгын өздөрү белгилеп, көрсөтүп беришет. Алар муну кээ бир нерселерди жандилинен сатып алуу менен, кээ бир нерселерди сатып алууну болсо каалабоолору менен белгилеп беришет. Себеби, алар тапкан дарамет-кирешелерин өздөрү муктаж болгон же өздөрү шыктанган нерселерди сатып алууга сарпташат. Мисалы, арак сатып алууну каалабай турган керектөөчү аны сатып албайт жана дараметти башка нерсеге жумшайт. Ошондуктан, эгер арак сатып алууну каалабай турган керектөөчүлөрдүн саны көбөйсө же бардык адамдар аны сатып алууну каалашпай турган болуп калса, арак иштеп чыгаруу – ага талап болбогону үчүн – пайда келтирбей турган иш болуп калат. Натыйжада, аны иштеп чыгаруу өз-өзүнөн токтойт. Башка бардык нерселерди да ушуга салыштыруу мүмкүн. Демек, керектөөчүлөр, эгер алар өз эркине таштап коюлса, канча продукция жана кайсы түрдөгү продукция иштеп чыгаруу керектигин алардын өздөрү көрсөтүп берет. Нарк болсо керектөөчүлөрдө ушул наркты төлөөгө жетиштүү каражат бар же жок болгон убакытта о.э. продукция иштеп чыгаруучуларга ушул нарк төлөнгөн же төлөнбөгөн убакытта товар жана кызматтарды бөлүштүрүүгө васита боло турган нерсе.

Ошондуктан, нарк механизми – продукция иштеп чыгарууга үндөөчү, бөлүштүрүүнү тартипке салуучу фактор жана продукция иштеп чыгаруучу менен керектөөчү ортосундагы алака васитасы

т.а. ал продукция иштеп чыгаруу менен керектөөчүлөр ортосундагы тең салмактуулукту жүзөгө келтире турган нерсе.

Эми анын продукция иштеп чыгарууга үндөөчү фактор экендигине келсек, бул төмөнкүдөй, адамды ар кандай ийгиликтүү эмгекти кылууга же курмандык берүүгө үндөөчү негизги нерсе – сарпталган ушул эмгек же мына ушул курмандык үчүн ага төлөнө турган материалдык сыйлык. Капиталисттик экономисттер ушундай эсептешет. Ошондуктан, алар адамдын маънавий же рухий үндөө менен бирер нерсеге эмгек сарпташын чындыктан ыраак санашат. Алар өздөрү тан ала турган ахлакый үндөөнү да маддий сыйлыкка алып барып такашат. Алардын пикиринче, адам жалаң өз муктаждыктарын жана маддий каалоолорун кандыруу үчүн гана эмгек сарпташат. Бул кандыруу болсо же өзү иштеп чыгара турган товарларды түздөн-түз пайдалануу аркылуу же башкалар иштеп чыгарган товар жана кызматтарды колго киргизүү мүмкүнчүлүгүн бере турган акча сыйлыгына жетишүү аркылуу ишке ашат. Адам өз керектөөлөрүн баарын болбосо да көпчүлүк бөлүгүн кандырууда өз эмгегин башкалар эмгеги менен айырбаштоого таянат. Ушул себептен улам, керектөөлөрүн кандыруу өзү иштеп чыгара турган товарды колго киргизүүгө эмес, балким, эмгегине төлөнө турган акча сыйлыгын колго киргизүүгө карап калды. Себеби, акча ага товар жана кызматтарды колго киргизүү мүмкүнчүлүгүн берет. Ошондуктан, төлөнө турган акча сыйлыгы т.а. нарк адамды продукция иштеп чыгарууга үндөөчү фактор болуп калды. Ошондон келип чыгып, нарк продукция иштеп чыгаруучуларды эмгек сарптоого үндөй турган нерсе болуп калат. Демек, нарк – продукция иштеп чыгарууга үндөөчү фактор.

Нарктын бөлүштүрүүнү (таксиматты) тартипке салуучу нерсе экендигине келсек, бул ушундан турат, адам өзүнүн бардык керектөөлөрүн толук кандырууну каалайт. Ошондуктан, бул керектөөлөрдү кандыра турган товар жана кызматтарды колго киргизүүгө аракет кылат. Ушул себептүү, эгер адам перзенттеринин ар бири керектөөлөрүн кандырууда өз эркине таштап коюлганда барбы, ал өзү каалаган товарларды колго киргизүүдөн жана пайдалануудан өзүн токтото албас эле. Бирок, эми, ар бир адам баласы кудум ушул максатка умтулар экен, демек, керектөөлөрдү кандырууда адам өз эмгегин башкалар эмгеги менен айырбаштай ала турган чегарада т.а. сарптаган эмгеги үчүн колго киргизе турган акча сыйлыгы чегарасында б.а. нарк чегарасында токтоого мажбур болуп калат. Ошентип, нарк табигый түрдө жолго коюла турган жана товарга ээ болуу жана пайдаланууда адамды өз дараметтерине ылайык келе турган чегарада токтоого мажбур кыла

турган чек болуп калат. Себеби, нарк адамдын бирин коюп бирин кандырууну талап кылып жаткан керектөөлөрүн бири-бирине салыштырып, алардын кайсы бирин мурунураак кандыруу керектиги туурасында пикир жүргүзүүгө мажбур кылып коёт. Ошондо адам кандыруу зарыл деп билген керектөөлөрүн кандырууга киришет жана анчалык зарыл эмес деп билген керектөөлөрүн кандырбай турат. О.э. нарк адамды кээ бир керектөөлөрүн кысман кандыруу менен чектелүүгө да мажбур кылат, ошондо адам кысман кандыруу менен чектелген ушул керектөөлөрүнөн мааниси кем эмес деп билген башка керектөөсүн кандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Демек, нарк адам кандырууну талап кыла турган керектөөлөрдү бөлүштүрүүнү да тартипке салат. Ал о.э. чектелген өлчөмдөгү пайдаларды ушул пайдаларды талап кылып жаткан көп сандаган керектөөчүлөргө бөлүштүрүүнү да тартипке салат. Себеби, керектөөчүлөрдүн дарамет-кирешелери ортосундагы айырма ар бир адамдын пайдалануусун өз дараметтери мүмкүнчүлүгүнө чектеп коёт. Муну менен кээ бир товарларды пайдалануу киши дараметинин мүмкүнчүлүгүнө чектелип калат. Кээ бир товарларды пайдалануу болсо аз гана каражатка ээ болгон бардык адамдарга жалпы болуп калат (т.а. аз гана акчасы бар адамдар да бул товарларды пайдалана алышат). Кээ бир товарлардын наркы көтөрүлүп, кээ бирлеринин наркы төмөндөп турат. Кээ бир адамдарда жетиштүү акча болсо, кээ бирлеринде жетиштүү акча болбойт. Ушул себептүү, нарк пайдаларды керектөөчүлөргө бөлүштүрүүнү тартипке салуучу бир васита болуп калат.

Эми нарктын продукция иштеп чыгаруу менен пайдалануу ортосунда тең салмактуулукту жүзөгө келтирүүчү нерсе экендигине т.а. продукция иштеп чыгаруучу менен керектөөчү ортосундагы алака васитасы экендигине келсек, бул ушундан турат, керектөөчүлөрдүн каалоолорун жүзөгө чыгарып жаткан продукция иштеп чыгаруучу бул эмгеги ордуна пайданы колго киргизүү менен сыйланат. Продукциялары керектөөчүлөр тарабынан сүйүп кабыл алынбай турган иштеп чыгаруучунун болсо зыян көрөрү анык. Продукция иштеп чыгаруучунун керектөөчүлөр каалоолорун билип алышына мүмкүнчүлүк бере турган жол болсо – нарк. Себеби, бир гана нарк аркылуу керектөөчүлөр каалоолору билип алынат. Мисалы, эгер керектөөчүлөр белгилүү бир товарды көп-көп сатып ала башташса, базарда ушул товардын наркы көтөрүлүп кетет. Муну менен болсо керектөөчүлөрдүн каалоолорун аткаруу үчүн мына ушул товарды иштеп чыгаруу көбөйөт. Эми эгер керектөөчүлөр белгилүү бир товарды сатып алууга каалоо билдиришпесе, базарда бул товардын наркы түшүп кетет. Муну

менен болсо ушул товарды иштеп чыгаруу азаят. Демек, нарктын көтөрүлүшү менен продукция иштеп чыгарууга ажыратылган каражаттар көбөйөт, нарктын төмөндөшү менен болсо мындай каражаттар азаят. Муну менен болсо нарк продукция иштеп чыгаруу менен пайдалануунун ортосунда тең салмактуулукту пайда кылат о.э. иштеп чыгаруучу менен керектөөчү ортосундагы алака васитасы болуп калат. Бул болсо механикалык түрдө садыр болот. Ушуга караганда, нарк капиталисттер назарында экономика таяна турган пайдубал жана экономиканын негизи болуп калды.

Капитализм мабдасындагы экономикалык түзүмдүн тыянагы (кыскача мазмуну) ушундан турган болуп, алар муну «саясий экономика» деп аташат. Ал терең үйрөнүп чыгылса, капиталисттик экономикалык түзүмдүн бир нече жактан бузуку түзүм экендиги маалым болот:

Мисалы, алардын назарында экономика адам керектөөлөрүн жана аларды кандыруу васиталарын үйрөнөт. Ошондуктан, алар керектөөлөрдү кандыруу васиталары болгон товар жана кызматтарды иштеп чыгарууну ушул товар жана кызматтарды керектөөлөргө бөлүштүрүү менен бирге кошуп бир тема деп үйрөнүшөт т.а. алар керектөөлөр менен аларды кандыруу васиталарын бири-бирине аралаштырып, бири-биринен ажыралбай турган, балким, өз ара тыгыз байланышта болгон бир нерсе жана бир тема деп эсептешет. Себеби, алардын назарында товар жана кызматтарды бөлүштүрүү ушул товар жана кызматтарды иштеп чыгаруу темасына кирет. Ушуга караганда, алар экономикага экономикалык предмет (мадда) жана ага ээ болуу абалын өз ичине ала турган бир назар менен карашат. Алар бул эки нерсенин ортосундагы айырманы ажыратпай, аларга бир нерсе деп карашат т.а. алар экономика илими жана экономика түзүмүнө бир назар менен карап, бул экөөсүнүн ортосундагы айырманы ажыратышпайт. Негизи, экономика түзүмү менен экономика илиминин ортосунда айырма бар. Себеби, экономика түзүмү байлыкты бөлүштүрүү, ага ээлик кылуу, аны тасарруф кылуу (кандай пайдаланып иштетүү) жана ушуга окшош нерселерди баян кылат жана буларды баян кылууда турмуш жөнүндөгү белгилүү бир көз карашка негизделет. Ошондуктан, Исламдагы экономикалык түзүм социализм, коммунизм жана капитализмдеги түзүмдөрдөн бүтүндөй өзгөчө. Себеби, булардагы ар бир түзүм мабданын турмуш жөнүндөгү көз карашына таянат. Экономика илими болсо мунун тескериси. Себеби, ал продукция иштеп чыгаруу жана аны жакшыртуу, иштеп чыгаруу васиталарын (өндүрүш каражаттарын) жүзөгө келтирүү жана аларды өркүндөтүү туурасында изденүү алып барат. Бул болсо

башка илимдер сыяктуу дүйнөдөгү бардык улуттар (калктар) үчүн ортоктош илим болуп, бир гана мабданын өзүнө таандык-хас болбойт. Мисалы, мүлкчүлүккө болгон көз караш капитализм түзүмүндө башкача, социализм жана коммунизм түзүмүндө башкача жана Исламда башкача. Продукция иштеп чыгарууну жакшыртуу болсо мунун тескериси. Себеби, бир вокыйлык боюнча изденүү ушул вокыйлыкка илимий назар менен кароо болуп саналат. Мындай караш болсо, түшүнүк канчалык түрдүү болбосун, көз караш экендиги жагынан бардык адамдарда бирдей.

Керектөөлөр менен васиталарды бир тема кылып бири-бирине кошуп жиберүү т.а. экономикалык мадданы жүзөгө келтирүү менен бул мадданы бөлүштүрүү абалын бири-бирине кошуп жиберип, бир нерсеге жана бир темага айлантуу ката болуп, мунун натыйжасында капиталисттердеги экономикалык изденүүлөрдө мына ушул чиелештик жана анык эместик келип чыкты. Ошондуктан, капитализм мабдасындагы экономикалык структуранын негизи ката негиз болуп саналат.

Эми кандырууну талап кыла турган керектөөлөрдү болгону таза материалдык керектөөлөр деп эсептөөгө келсек, бул да ката жана керектөөлөр чындыгына (муктаждыктар вокыйсына) тескери. Себеби, адамда маънавий жана рухий муктаждыктар да мавжуд болуп, бул эки керектөөнүн ар бири материалдык керектөөлөр (маддий муктаждыктар) сыяктуу кандырууну талап кылат жана алардын ар бири кандыруучу товар жана кызматтарга муктаж.

Ал эми, капиталисттик экономисттердин керектөөлөр жана пайдаларга – коом негизделиши лазым болгондой эмес, балким, бул керектөө жана пайдалар кандай болсо, ушундай – караштарына келсек, мындай көз караш капиталист экономисттин адамга рухий майл-каалоолору, ахлакый пикирлери жана маънавий максаттары болбогон куру бир маддий мавжудат деп карашына далалат кылат. Ошондуктан, коом фазилатты – жакшы иштерди өз алакаларынын негизи кылып алуу менен маънавий бийиктик үстүндө болушу лазымдыгы жана Алла ыразылыгына жетишүү үчүн Алла менен болгон алаканы идирек кылып, алакаларды Алла буйругу негизинде жүргүзүү менен коомдо рухий бийиктик өкүм сүрүшү лазымдыгы бул капиталист экономистти кызыктырбайт. Ооба, булардын эч бири аны кызыктырбайт, балким, аны бар болгону куру маддий муктаждыктарды кандыра турган куру мадданын өзү гана кызыктырат. Ошондуктан, ал алды-саттысы пайда келтириши үчүн гана соодада жалган иштетпейт. Эми, эгер алды-саттысы жалган иштетүү менен пайда келтире турган болсо, анда жалган ал үчүн мыйзамдуу ишке айланат. Ал кембагалдарга Алла садака берүүнү

буюргандыгы үчүн эмес, балким, кембагалдар анын мүлкүнөн уурдабоолору үчүн аларга тамак берет. Ошондуктан, эгер кембагалдарды ач калтыруу анын байлыгын көбөйтө турган болсо, эч экиленбей аларды ач калтыра берет. Ошентип, бул экономисттин бүткүл кам-ташбиши пайдага маддий муктаждыкты кандыруучу нерсе гана деген этибарда кароодон турат. Адамга мындай назар менен карай турган жана экономикалык турмушту ушундай көз караш негизине кура турган бул адам коомдор үчүн да, адамдар үчүн да эң коркунучтуу кимсе эсептелет. Бул бир тараптан ушундай. Экинчи тараптан болсо, адам алар товар жана кызматтар деп атай турган мал-мүлк жана эмгектерден пайдаланууга аракет кылат. Адамдардын бул нерселерди өз ара айырбаштоолору болсо, алардын ортосунда алакаларды жаратып, бул алакалардан коом пайда болот. Демек, мал-мүлк жана керектөөлөргө назар таштаган убакта, коом өз алакаларында негизделе турган нерселерге толук жана батафсил назар таштоо да зарыл болот. Себеби, керектөөнү кандыргандыгы үчүн экономикалык маддага гана этибар берип, коом негизделиши лазым болгон нерселерге этибар бербөө экономикалык мадданы алакалардан ажыратып коюу болуп, бул табигый болбогон абал. Себеби, адамдар өз ара айырбаштай турган мына ушул экономикалык мадда алардын ортосундагы алакаларды жүзөгө келтирет, алакалар болсо коомду жүзөгө келтирет. Демек, экономикалык маддага назар таштаган убакта, коом негизделе турган нерсеге да назар таштоо зарыл. Ошондуктан, нерселерди – аларга шыктанган кишилер бардыгы үчүн гана – пайдалуу деп эсептешибиз туура эмес. Негизи, бул нерселер зыяндуубу же зыянсызбы, адамдар ортосундагы алакаларга таасир кылабы же кылбайбы, коомдогу адамдар этикаты боюнча арам же адал эсептелеби, буларга карабастан, нерселерди болгону аларга каалоо билдирүүчү кишилер бар экендиги үчүн гана пайдалуу деп эсептешибиз туура эмес. Балким, нерселерди, эгер чындап эле пайдалуу болсо, пайдалуу деп эсептөө жана ушуну менен бирге коом негизделиши лазым болгон нерселерди да эсепке алуу зарыл болот. Ошондуктан, наша, апийим жана ушуга окшогон нерселерди аларга шыктана турган кимселер бар экендиги үчүн гана пайдалуу товар жана экономикалык мадда деп эсептөө туура эмес. Балким, нерселердин пайдасына назар таштаган кезде т.а. нерсеге экономикалык мадда деген этибарда же экономикалык мадда эмес деген этибарда назар таштаган убакытта, бул экономикалык маддалардын алакаларга көрсөтө турган таасирин да эсепке алуу зарыл болот. Т.а. нерселерге коом негизделиши лазым болгон нерселерди да эсепке алып назар таштоо лазым болот.

Ошондуктан, нерсенин өзүнө гана анын эмне экендигин эсепке албастан назар таштоо жана коом негизделиши лазым болгон нерселерге көз жумуу жайыз болбойт.

Керектөөлөрдү кандыруу жаатындагы изденүүнү керектөөлөрдү кандыруу васиталары жаатындагы изденүүгө кошуп, аралаштырып жиберүү акыбетинде жана экономисттердин кандыруу васиталарына башка этибарда эмес, балким, болгону керектөөнү кандыруучу нерсе деген этибарда кароолору акыбетинде, экономисттер байлык иштеп чыгарууга көбүрөөк, бул байлыкты керектөөлөрдү кандыруу үчүн бөлүштүрүүгө болсо азыраак этибар бере турган болуп калышты. Ал тургай, бөлүштүрүүгө этибар берүү экинчи даражалуу иш болуп калды. Ушуга караганда, демек, капиталисттик экономикалык түзүм бир максатты, ал да болсо, мамлекеттин жалпы байлыгын көбөйтүүнү көздөйт жана продукция иштеп чыгарууну мүмкүн болушунча жогору даражага көтөрүүгө умтулат о.э. коом мүчөлөрүн мүмкүн болушунча жыргал турмуш менен камсыздоону улуттук кирешенин көбөйүшүнө жана мамлекетте иштеп чыгаруу даражасынын өсүшүнө байланыштуу кылып коёт. Муну (т.а. жыргал турмуш менен камсыздоону) болсо, коом мүчөлөрүн байлык өндүрүү жана ага ээ болууда өз эркетерине таштап коюп, ушул байлыктан беймарал пайдалануударына мүмкүндүк берүү аркылуу ишке ашырмакчы болот. Демек, бул экономика коом мүчөлөрүнүн керектөөлөрүн кандыруу жана коомдогу ар бир адамдын керектөөсүн толук кандыруу үчүн жүзөгө келбеген, балким, андагы бүткүл этибар продукция иштеп чыгаруу даражасын көтөрүү жана мамлекеттин улуттук кирешесин көбөйтүү аркылуу адамдар тобунун керектөөлөрүн кандырууга каратылган. Улуттук киреше көбөйгөн убакта мүлк жана эмгек эркиндиги аркылуу бул кирешени коом мүчөлөрүнө бөлүштүрүү жүз берет. Ошондуктан, коом мүчөлөрү бул байлыктан күчү жетишинче алып ээ болуулары үчүн, алар өз эркетерине таштап коюлат. Ар бир киши өзү ээ болгон байлык өндүрүү факторлоруна карай бул байлыкка ээ болот. Мында коомдун бардык мүчөлөрүнүн керектөөлөрү кандырылдыбы, же кээ бирлериники кандырылып, кээ бирлериники кандырылбадыбы, мунун айырмасы жок. Мына ушул саясий экономика т.а. капиталисттик экономика болуп, ал анык ката жана вокыйлыкка тескери. Бул экономика коомдун бардык мүчөлөрүнүн турмуш деңгээли көтөрүлүшүнө алып келбейт жана ар бир адамга жыргал турмушту камсыздап бере албайт. Бул экономиканын каталыгы ушундан турат, кандырууну талап кыла турган керектөөлөр адамзат керектөөлөрү болушу менен биргеликте шахсий керектөөлөр да. Себеби, бул керектөөлөр адамдар тобунун,

же үммөт, же калк топтомунун керектөөлөрү эмес, балким, Мухаммад, Хасан, Салихтин керектөөлөрү жана өз керектөөлөрүн кандырууга аракет кылуучу да жеке адам. Анын өз керектөөсүн кандырышы жеп-ичүү сыяктуу түздөн-түз кандыруу болобу, же үммөттү коргоо сыяктуу адамдар тобунун керектөөсү кандырылышы аркылуу кандыруу болобу, буга карабастан, аны кандырууга аракет кылуучу жалгыз жеке адам. Ошондуктан, бардык экономикалык проблема, негизинен, жеке адамдарга кандыруу каражаттарын бөлүштүрүүдө т.а. проблема мал-мүлк жана пайдаларды калк же үммөттүн ар бир мүчөсүн этибарга албай калк же үммөттөгү адамдар жамааты кандырууну талап кыла турган керектөөлөргө эмес, балким, үммөт же калктын ар бир мүчөсүнө бөлүштүрүүдө жатат. Башкача айтканда, проблема көпчүлүктүн махрум болушунда (куру кол калышында) эмес, балким, жеке адамдын махрум болушунда. Ошондуктан, экономикалык түзүмдө экономикалык матданы иштеп чыгаруу жаатында эмес, балким, ар бир адамдын негизги муктаждык-керектөөлөрүн кандыруу жаатында изденүү алып барылат.

Ошондон келип чыгып, улуттук продукция иштеп чыгаруу салымына таасир кылуучу факторлорду үйрөнүү жеке адамдардын бардык негизги керектөөлөрүн бирме-бир толук кандырышы тууралуу изденүү темасы болбоду, балким, изденүү темасы адамдын адам катарындагы негизги керектөөлөрүн үйрөнүү жана коом мүчөлөрүнүн бардык негизги керектөөлөрү кандырылышын кепилдөө үчүн аларга байлыкты бөлүштүрүүнү үйрөнүүдөн турат. Тема мына ушундай болушу жана биринчи орунда турушу лазым. Мамлекеттеги жакырчылык проблемасын муалажа кылуу (дабаалап-чечүү) ар бир жеке адамдын кембагалдыгы проблемасын чечип бере албайт, балким, жеке адамдар кембагалдыгы проблемаларын чечүү жана өлкө байлыгын бөлүштүрүү өлкө калкынын баарын жана ар бир жеке адамды улуттук кирешени көбөйтүү үчүн эмгек кылууга үндөйт. Эми продукция иштеп чыгаруу көлөмүнө жана улуттук кирешенин өсүшүнө таасир өткөзүүчү факторлорду үйрөнүүгө келсек, бул факторлор экономикалык түзүм тартипке сала турган керектөөлөрдү кандыруу талкуусунда эмес, балким, экономика илиминде үйрөнүлөт т.а. экономикалык матда жана аны көбөйтүү талкуусунда үйрөнүлөт.

Эми товар жана кызматтардын салыштырмалуу кемдиги коом туш келип жаткан экономикалык проблема экендигине жана керектөөлөрдүн көптүгү, аларды кандыруу каражаттарынын болсо аздыгы т.а. адамдын бардык керектөөлөрүн толук кандыруу үчүн зарыл болгон товар жана кызматтардын таңсыктыгы экономикалык

проблеманын негизи деп айтууга келсек, мындай даабалар туура эмес о.э. вокыйлыкка тескери. Себеби, муалажа кылуу албетте зарыл болгон керектөөлөр экинчи даражалуу же камалий муктаждыктар (жогорку даражадагы керектөөлөр) эмес, балким, жеке адамдын адам катарындагы асасий муктаждыктары (негизги керектөөлөрү). Мейли, камалий керектөөлөрдү кандырууга аракет кылынса да, бирок, аларды кандыруу анчалык маанилүү эмес. Ушуга караганда, негизги керектөөлөр чектелген өлчөмдө болуп, алар товар жана кызматтар деп атай турган мавжуд мал-мүлк жана эмгектер негизги муктаждыктарды кандыруу үчүн жетиштүү. Ошондуктан, керектөөчү адамдардын бардык негизги муктаждыктарын беймарал толук кандыруу мүмкүн. Демек, негизги муктаждыктарды коом туш келип жаткан экономикалык проблема деп дааба кылуу биякта турсун, негизги муктаждыктарда бирер проблеманын өзү табылбайт, балким, экономикалык проблема жеке адамдардын бардык негизги муктаждыктарын толук кандырууда жана камалий керектөөлөрүн кандырууга да жардам берүү үчүн мына ушул мал-мүлк жана эмгектерди ар бир жеке адамга бөлүштүрүүдө.

Эми жаңы-жаңы пайда болуп жаткан керектөөлөрдүн артып барышы проблемасына келсек, бул проблеманын негизги керектөөлөрдү көбөйтүүгө эч кандай алакасы жок. Себеби, адамдын адам сыпатындагы негизги муктаждыктары көбөйбөйт, балким, анын камалий муктаждыктары артып жана жаңыланып барат. Демек, адамдын маданий турмушу өнүгүп барган сайын пайда болуп жаткан керектөөлөрдүн барган сайын ашып барышы негизги керектөөлөргө эмес, балким, камалий керектөөлөргө тиешелүү (т.а. негизги муктаждыктар эмес, балким камалий керектөөлөр артып барат). Камалий керектөөлөрдү кандыруу үчүн да аракет кылынат албетте, бирок, аларды кандырбоо бирер проблеманы келтирип чыгарбайт. Балким, проблема келтирип чыгара турган нерсе – негизги керектөөлөрдү кандырбоо. Камалий керектөөлөрдүн артып барышы болсо башка маселе болуп, ал белгилүү бир өлкөдөгү ар бир жеке адамга эмес, балким, ушул өлкөдө жашап жаткан адамдар жамаатына тиешелүү маселе. Бул маселени адамдын өз керектөөлөрүн кандырууга болгон табигый умтулушу чечип берет. Себеби, камалий керектөөлөрдүн артып барышынын натыйжасында келип чыккан бул табигый умтулуу адамды кандыруу васиталарын көбөйтүү үчүн аракет кылууга үндөйт. Адам өз өлкөсүндөгү ресурстардан көбүрөөк пайдалануу же башка өлкөлөргө барып иштөө же башка өлкөлөрдө орношуп эмгек ишмердүүлүгүн кеңейтүү аркылуу кандыруу васиталарын көбөйтүүгө аракет кылат.

Ошондуктан, бул маселе коомдогу ар бир жеке адамдын негизги керектөөлөрүн толук кандыруу проблемасынан бүтүндөй башка маселе. Себеби, ар бир жеке адамдын бардык негизги керектөөлөрүн бирме-бир толук кандыруу үчүн байлыкты жеке адамдарга бөлүштүрүү жана ар бир жеке адамга өз камалий керектөөлөрүн кандырууда жардам берүү проблемасы турмуш жөнүндөгү көз карашка тиешелүү болгон жана белгилүү бир үммөт же белгилүү бир мабдага таандык болгон проблема. Продукция иштеп чыгарууну көбөйтүү аркылуу улуттук кирешени көбөйтүү маселеси болсо мунун тескериси. Себеби, бул маселе өлкөнүн сезилип турган вокыйлыгына тиешелүү маселе. Өлкөнүн сезилип турган вокыйлыгы адамдардын ушул өлкө байлыктарынан пайдалануулары же башка өлкөлөргө барып иштөөлөрү же башка өлкөлөрдө орношуп эмгек ишмердүүлүктөрүн кеңейтүүлөрү аркылуу бул өлкө байлыгы көбөйүп бара жаткандыгынын көрүнүп турушунан турат. Бул маселе вокыйлыкка дал келет жана аны менен ар бир адам алектенет. Ошондуктан, бул маселе жалпы болуп, белгилүү бир көз карашка тиешелүү болбойт жана белгилүү бир үммөт же белгилүү бир мабдага таандык болбойт. Ушуга караганда, иштеп чыгарыла турган экономикалык коидалар (эрежелер) өлкөнүн ички жана тышкы байлыктарын үммөттүн бардык мүчөлөрүнө бирме-бир бөлүштүрүүнү кепилдей турган коидалар болуп, мындай түрдө бөлүштүрүү бардык адамдардын бардык негизги муктаждыктарын бирме-бир, толук кандырууну жана камалий керектөөлөрдү кандырууга да мүмкүнчүлүк берилишин кепилдейт. Ал эми, иштеп чыгаруу даражасын көтөрүүгө келсек, бул нерсе илимий изденүүлөрдү талап кылат. Ошондуктан, аны экономикалык түзүмдө үйрөнүү, экономикалык проблеманы т.а. жеке адамдардын бардык керектөөлөрүн бирме-бир, толук кандыруу проблемасын чечип бере албайт. Себеби, продукция иштеп чыгарууну көбөйтүү өлкө байлыгын көбөйткөнү менен, бирок, бардык жеке адамдардын бардык негизги керектөөлөрүн толук кандырууга алып келбейт. Мисалы, мамлекет Ирак жана Саудия Арабстанына окшоп иштеп чыгаруу аркылуу байып кетиши мүмкүн, бирок, андагы өтө көпчүлүк адамдардын негизги керектөөлөрү кудум ушул Ирак жана Саудиядагыга окшоп толук кандырылбай кала берет. Ошондуктан, продукция иштеп чыгарууну көбөйтүү дароо жана биринчи кезекте чечилиши лазым болгон негизги проблеманы т.а. бардык жеке адамдардын бардык негизги муктаждыктарын бирме-бир, толук кандыруу, андан кийин камалий керектөөлөрдү кандырууга да жардам берүү проблемасын чечип бере албайт. Ушуга караганда, демек, чечилиши зарыл болгон жакырчылык жана махрумдук

проблемасы маданий көтөрүлүү натыйжасында пайда болуп жаткан жаңы-жаңы керектөөлөрдү эмес, балким, адамдын адам катарындагы негизги муктаждыктарын кандырбоо проблемасы болуп эсептелет. Ошондуктан, чечилиши зарыл болгон проблема өлкөнүн жакырчылыгы жана махрумдугу эмес, балким, коомдогу ар бир жеке адамдын кембагалдыгы жана махрумдугу. Ар бир адамдын мына ушул мазмундагы жакырдыгы жана махрумдугун болсо продукция иштеп чыгарууну көбөйтүү менен чечип болбойт, балким, бул проблеманы байлыкты бардык жеке адамдарга, алардын ар биринин бардык негизги керектөөлөрүн толук кандыра турган жана камалий керектөөлөрүн да кандырууга жардам бере турган түстө бөлүштүрүү менен чечилет.

Эми кыймат темасына келсек, капиталисттик экономикалык түзүмдө кыймат чыныгы эмес, салыштырмалуу эсептелет. Демек, алардын назарында кыймат салыштырмалуу кыймат. Ушуга ылайык, бир кез жүн кездеменин кыйматы базарда арбын болгон абалда ушул кездеме пайдасынын акыркы даражасы. Анын кыйматы о.э. аны сатуу аркылуу колго киргизиле турган товар жана кызматтардын өлчөмү да. Эми, эгер кездеме кийимдин мукабылына жетишиле турган нерсе акча болсо (т.а. кездеме кийимди акчага сата турган болсок), кыймат наркка айланат. Бул эки кыймат, алардын назарында өз-өзүнчө нерсе болуп, бири-биринен айырмалана турган атамалар. Алардын бирин – пайда, экинчисин болсо – айырбаштоо кыйматы деп аташат. Кыймат маанисин мындай белгилеп коюу ката. Себеби, ар кандай товардын кыйматы – таңсыктык факторун эсепке алган абалда – ушул товардагы пайданын өлчөмү (т.а. анда канча пайда бардыгы). Демек, ар кандай товарга болгон чыныгы караш дефицит факторун эсепке алган абалда андагы пайдага болгон караш болот. Мында бул товардын аңчылык олжосу сыяктуу адам мурун башынан эле ээ боло турган товар болушунун, же соода сыяктуу айырбаштала турган товар болушунун айырмасы жок жана мунун жеке адамга же нерсеге карата болушунун да айырмасы жок. Демек, кыймат салыштырмалуу нерсенин аты эмес т.а. бир этибарда ушул нерсеге ылайык келип, башка бир этибарда ага ылайык келбей турган ат эмес, балким, анык чындыгы бар болгон белгилүү предметке бериле турган ат. Демек, кыймат салыштырмалуу нерсе эмес, балким, чыныгы нерсе. Ушуга караганда, капиталист экономисттердин кыйматка болгон карашы негизинен баштап туура эмес караш.

Эми алар «акыркы кыймат» деп атай турган нерсеге келсек, бул нерсе товарлар сатылып, өтүп турушуна карата ыктымал тутулган

эң жаман абалдарга каршы иштеп чыгарууну концентрациялоо үчүн кыймат белгилөө болуп саналат. Продукция иштеп чыгаруу кепилденген негизде улантылышы үчүн товар кыйматы минималдуу (эң төмөнкү) өлчөмдө белгиленет. Ошондуктан, акыркы кыймат товардын чыныгы кыйматы эмес, ал, а түгүл, товардын наркы да эмес. Себеби, товардын кыйматы – мына ушул убакыттагы дефицит факторун эсепке алган абалда – ушул товардагы пайда өлчөмүнө карай белгиленет. Ушундан кийин, товардын наркы төмөндөшү менен анын кыйматы төмөндөбөйт, наркы көтөрүлүшү менен кыйматы көтөрүлбөйт да. Себеби, товар кыйматы аны белгилөө учурунда эсепке алынган болот. Ушуга ылайык, демек, «акыркылык» назариясы кыймат эмес, балким, нарк назариясы. Бул орунда, ал тургай, капиталист экономисттер да нарк менен кыйматтын ортосунда айырма бар деп билишет. Себеби, наркты белгилөөдө талаптын көптүгү жана сунуштун кемдиги же сунуштун көптүгү жана талаптын кемдиги биргеликте өкүм өткөзөт. Бул продукция өндүрүүнү көбөйтүүгө тиешелүү, бирок, продукцияны бөлүштүрүүгө алакасы болбогон иш. Кыйматты белгилөөдө болсо, товарда канча пайда бар экендиги өз өкүмүн өткөзөт (т.а. товардагы пайда өлчөмүнө карай анын кыйматы белгиленет). Ушуну менен бирге, дефицит фактору да эсепке алынат, бирок, бул фактор кыйматты белгилөөдө өзгөчө бир бөлүк деп этибар кылынбайт. Ошондуктан, кыйматты белгилөөдө сунуш жана талаптын бүтүндөй таасири болбойт.

Ушуга караганда, кыймат талкуусу негизинен баштап анык ката. Демек, андан келип чыккан бардык талкуулар да ката. Бирок, товар кыйматынын пайдасы эгер товардагы пайда же эмгек менен өлчөнсө туура өлчөө болот жана кыска мөөнөткө туруктуу турууга жакын өлчөө болот. Эми эгер товар кыйматы нарк менен белгиленсе, чыныгы эмес, салыштырмалуу белгилөө болот жана мындай учурда базарга карай дайыма өзгөрүп тура турган болуп калат. Мындай учурда анын кыймат экендиги бекер болуп, анын вокыйсына кыймат деген сөз туура келбей калат. Тескерисинче, ал товардагы пайдага карай эмес, балким, базарга карай акча колго киргизиле турган бир васитага айланып калат.

Капиталисттик экономисттердин айтышынча, пайдалар – адам сарптай турган эмгектин натыйжасы. Ошондуктан, эгер эмгекке жараша акы төлөнбөсө, эч шексиз, продукция иштеп чыгаруунун деңгээли төмөндөп кетет. Алар мындан тыянак чыгарып, коом мүчөлөрүнө байлык бөлүштүрүүнүн эң идеалдуу жолу - иштеп чыгарууну мүмкүн болушунча жогорку деңгээлге көтөрүүнү камсыздай турган жол деп айтышат. Бул сөз анык ката. Себеби,

көрүнүп турган вокыйлык ушундан турат, Алла бул ааламда жаратып койгон мал (мүлк) – товарлардагы пайданын негизи. Бул малдын пайдасын көбөйтүүдө же эмгек кылуу менен анда пайданы жаратууда сарпталган каражаттар болсо, малды белгилүү бир пайдага алып келе турган түскө салды. Демек, пайда бир гана эмгектин натыйжасы деш ката болуп, бул вокыйлыкка тескери келет о.э. сырьё жана сарпталган каражаттарды эсепке албоо болуп саналат. Кээде бул каражаттар эмгек ордуна эмес, балким, сырьё ордуна болушу мүмкүн. Ушуга караганда, демек, пайда (келе турган пайда) болгону адам эмгегинин натыйжасы эмес, балким, адам эмгегинин натыйжасы да жана сырьё мавжуддугунун натыйжасы да, же экөөсүнүн бирге мавжуддугунун натыйжасы да болушу мүмкүн. Ал эми, иштеп чыгаруу деңгээлинин төмөндөп кетишине келсек, бул нерсе жалаң гана эмгекке жараша акы төлөнбөгөндүктүн өзүнөн эле келип чыкпайт, балким, кээде ошондон, кээде болсо мамлекеттеги байлыктар түгөнүшүнөн, кээде согуштардан, кээде болсо башка себептерден улам келип чыгышы мүмкүн. Мисалы, экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Англия жана Францияда продукция иштеп чыгаруу деңгээлинин төмөндөшү эмгекке жараша акы төлөнбөгөндүктөн эмес, балким, бул эки мамлекеттин бай колонияларынан айрылышы жана согушка шуңгушу натыйжасында келип чыкты. Экинчи дүйнөлүк согуш учурунда АКШда иштеп чыгаруу даражасынын төмөндөп кетиши да эмгекке жараша акы төлөнбөгөндүктүн натыйжасы эмес, балким, Германияга каршы согушка киришинин натыйжасы эле. Бүгүнкү күндө Ислам дүйнөсүндөгү продукция иштеп чыгаруунун төмөндөп кеткендиги да эмгекке жараша акы төлөнбөгөндүктөн келип чыкпады, балким, ал Ислам Үммөтү түшүп калган пикирий калактыктын акыбети. Ушуга караганда, демек, эмгекке жараша акы төлөбөө продукция иштеп чыгаруу даражасы төмөндөп кетишинин бирден-бир себеби боло албайт. Эгер ал бирден-бир себеп болгондо эле, мындан байлыкты бөлүштүрүүнүн эң ылайыктуу жолу иштеп чыгаруу даражасын көтөрүүнү камсыздай турган жол деген тыянак чыгаруу мүмкүн болор эле. Бирок, азыр айтканыбыздай, эмгекке жараша акы төлөбөө иштеп чыгаруу даражасы төмөндөп кетишинин бирден-бир себеби боло албайт, демек, мындай тыянак чыгаруу да туура эмес болот. Себеби, продукция иштеп чыгаруу даражасын жогоруга көтөрүүнүн коом мүчөлөрүнө байлыкты бөлүштүрүүгө эч бир алакасы жок.

Батыш экономисттеринин айтышынча, нарк продукция иштеп чыгарууга үндөөчү фактор эсептелет. Себеби - дейт алар - адамды ар кандай эмгекти кылууга үндөөчү фактор ушул эмгеги үчүн ал

колго киргизе турган маддий сыйлык. Бул сөз вокыйга тескери жана туура эмес. Себеби, көбүнчө адам сыймыктануу сыяктуу маънавий сыйлыкты, же Алланын сообуна жетишүү сыяктуу рухий сыйлыкты колго киргизүү үчүн, же бапаадарлык сыяктуу ахлакый сыпат менен зыйнаттануу үчүн эмгек сарптайт. Анткени, адамдын керектөөлөрү кээде маддий пайданы колго киргизүү сыяктуу маддий, кээде болсо ыйыкташтыруу сыяктуу рухий, же мактоо сыяктуу маънавий болушу мүмкүн. Демек, керектөөлөрдү жалаң гана маддий керектөөлөр чөйрөсүнө чектеп коюу туура эмес. Себеби, адам кээде маддий керектөөлөрдү кандырууга сарптаганынан көрө көбүрөөк рухий же маънавий керектөөнү кандырууга малды марттык менен сарптайт. Ушуга караганда, демек, нарктын бир өзү иштеп чыгарууга үндөөчү фактор боло албайт. Ошондуктан, кээде нарк үндөөчү фактор болсо, кээде башка нерсе фактор болушу мүмкүн. Сиз, мисалы, мечит куруу үчүн айлап таш кесүүгө бүткүл убактысын сарптап жаткан таш жонуучуну же өз продукцияларын кембагалдарга таркатуу үчүн иштеп жаткан ишкананы алып көрүңүз. Же мисалы, Үммөт өз өлкөсүн коргоо үчүн аңгектер казууга жана күч топтоого бүткүл күч-кайратын сарптайт, ошондой эмеспи акыры? Мындай иштерге үндөөчү фактор, түрткү боло турган нерсе наркпы? Мындан тышкары, маддий сыйлыктын өзү да нарк менен эле чектелип калбайт. Себеби, маддий сыйлык башка товар же кызматтар болушу да мүмкүн. Демек, иштеп чыгарууга үндөөчү фактор, түрткү боло турган нерсе бир гана нарк деп билүү туура эмес.

Капиталисттик экономика түзүмү баян кылган эң таң каларлык нерселердин бири – коом мүчөлөрүнө байлыкты бөлүштүрүүнү тартипке салуучу жалгыз нерсе нарк деп билүү. Алардын айтышынча, нарк – адамды ээлик кылууда жана пайдаланууда өз дараметтерине ылайык келе турган чегарада токтотуп коё турган чен болуп, ар бир адамдын пайдалануусун анын дарамети мүмкүнчүлүк бере турган даражага чектеп коёт. Муну менен болсо, кээ бир товарлардын наркы көтөрүлүшү, кээ бирлериники болсо төмөндөшү, кээ бир адамдарда акча болушу, кээ бирлеринде болсо акча болбошу себептүү, нарк – керектөөчүлөргө байлыкты бөлүштүрүүнү тартипке салуучу бирден-бир васита болуп калат. Ошондуктан, ар бир адамдын өлкө байлыгынан ала турган үлүшү анын негизги керектөөлөрүнүн көлөмү менен белгиленбейт, балким, анын үлүшү товар жана кызматтар иштеп чыгарууда кошкон кызматтарынын кыйматына тең болот т.а. өзү ээлик кыла турган жер же сармая көлөмү менен, же кылган эмгеги же иштеп чыккан долбоорлору көлөмү менен белгиленет.

Бул эреже менен т.а. байлыкты бөлүштүрүүнү тартипке салуучу нерсе нарк деп белгилеп коюу менен болсо, капиталисттик экономика түзүмү – жалаң товар иштеп чыгаруу жана кызматтарга салым кошууга кудуреттүү болгон адамдар гана жашоо укугуна ээ, тубаса алсыздыгы же бирер окуя акыбетинде майып болуп калгандыгы себептүү буга (т.а. товар иштеп чыгаруу жана кызмат көрсөтүүгө салым кошууга) алсыздык кылган кишилер болсо, жашаш укугунан махрум, себеби, алардын өз керектөөлөрүн кандыруу үчүн өлкө байлыгынан үлүш алууга акысы жок – деген токтомго келген болот. О.э. капиталистик экономика түзүмү буга (т.а. товар иштеп чыгаруу жана кызмат көрсөтүүгө) кудуреттүү болгон ар бир адам ток жашоого жана өз мал-мүлкү менен башкалар үстүнөн кожоюндук жана өкүмдарлык кылууга акылуу, себеби, ал акыл же дене жагынан күчтүү жаратылган, ошондуктан, кандай жолдор менен болбосун байлыкка ээ болууга башкалардан көрө кудуреттүүрөөк о.э. маддийликке майилдиги (ыктоосу) күчтүү болгон ар бир адам башкалардан көрө байлыкка көбүрөөк ээ болот, рухий майилдиги жана маънавий сыпаттарга байланышы күчтүүрөөк болгон киши болсо – маддий нерселерди колго киргизүүдө рухий же маънавий чектөөлөр (өлчөмдөр) буюра турган нерселерге амал кылгандыгы үчүн – байлыкка башкалардан көрө азыраак ээ болот деп эсептейт. Кудум ушул нерсе рухий жана ахлакый жакты турмуштан узакташтырып жиберет жана турмушту маддий керектөөлөрдү кандыруу васиталарын колго киргизүү үчүн алып барыла турган маддий күрөш негизиндеги куру маддий турмушка айлантып жиберет. Капитализм түзүмүн кабыл кылган жана аны колдонуп жаткан мамлекеттердеги чыныгы абал мына ушундан турат. Капитализм экономикалык түзүмүн кабыл алган мамлекеттерде капиталисттик монополиялардын кожоюндугу көзгө көрүнүп калды, продукция иштеп чыгаруучулар керектөөчүлөрдү эзе баштады, нефть, автомобиль, оор өнөр жай компаниялары жана башка компаниялар сыяктуу ири компаниялардын ээлеринен турган бир ууч кимселер керектөөчүлөр оммасы үстүнөн кожоюндук кылып, аларга өз өкүмүн өткөзө турган жана товарлардын белгилүү бир нарктарын аларга зордук менен тыгыштыра турган болуп калышты. Бул болсо экономика түзүмүндөгү нуксан-кемчиликтерди жашыруу үчүн аны «жамап» оңдоого болгон урунуулардын жүзөгө келишине себеп болду. Ушул максатта алар мамлекетке улуттук экономиканы жана керектөөчүлөрдү коргоо, кээ бир товарлар керектөөсүн азайтуу жана монополиялар өкүмдарлыгын чектеп коюу үчүн айрым абалдарда наркты белгилөөгө аралашуу укугун беришти жана иштеп чыгарууну тартипке салууда мамлекет

башкара турган жалпы долбоорлорду иштеп чыгышты. Бул жана буга окшогон «жамачы» оңдоолор экономикалык түзүмдүн негизи болгон экономика эркиндигине тескери болсо да, бирок, мындай урунуулар белгилүү абал жана шарттарда жүз берип турат. Мындай урунуулар экономика эркиндигине тескери болушунан тышкары, көпчүлүк экономисттер бул урунууларды макулдабайт. Мисалы, индивидуализм тарапкерлери муну макулдабай инкар кылышат. Алар «нарк механизминин өзү продукция иштеп чыгаруучулар пайдасы менен керектөөчүлөр пайдасы ортосундагы шайкештикти пайда кылууга кепил, мында өкмөттүн аралашуусуна эч кажет жок» деген пикирди билдиришет. Мамлекеттин аралашуусуна тарапкер болгондор чакыра турган бул «жамачы» оңдоолор белгилүү шарт жана абалдарда жүз берет. Бирок, ушуга карабастан, бул «жамачы» оңдоолор, ал тургай, мына ушундай шарт жана абалдарда да, байлыкты коом мүчөлөрүнө алардын бардык керектөөлөрүн толук кандырууну жүзөгө чыгара турган түстө бөлүштүрүүгө жардам бере албайт. Ошондуктан, мүлк эркиндиги негизине жана наркты байлык бөлүштүрүүнүн жалгыз механизми деп билүү негизине таянган жаман таксимат (бөлүштүрүү) капиталисттик экономикалык түзүмдү колдонуп жаткан бардык коомдордо өкүмдар болуп кала берет. Ал эми, Америкадагы ар бир адам мамлекет байлыгынан өзүнүн бардык негизги керектөөлөрүн толук кандыра турган жана башка кээ бир керектөөлөрүн да кандыра турган өлчөмгө ээ болушуна келсек, бул нерсе жеке адамдын үлүшү продукция иштеп чыгарууга кошкон кызматтары кыйматына тең кылып коюлганына барып такалбайт, балким, бул нерсе ушул мамлекеттин ар бир жеке адамга өзүнүн бардык негизги керектөөлөрүн жана айрым бир камалий керектөөлөрүн кандырууга мүмкүндүк бере турган даражада бай экендигинен келип чыккан. Нарк механизмин байлык бөлүштүрүүнү чектеп туруучу чен-өлчөм деп белгилөө Батыштагы монополияларды өз мамлекеттеринен тышкарыга чыгып – сырьёну колго киргизүү жана өз продукцияларын сатуу үчүн – базарлар издөөгө үндөдү. Бүткүл дүйнөнүн азап чегишине себеп болуп жаткан колонизатордук, региондорго өз таасирин өткөзүү жана экономикалык баскынчылык – булардын баары мына ушул монополист компаниялар зордукчулугунун жана байлыкты бөлүштүрүүчү нерсе нарк деп белгилеп коюунун натыйжасы. Дүйнө байлыктарынын бардыгы мына ушул негизде капиталист монополиялар колуна келип түшүп жатат. Булардын баары капиталисттик экономикалык түзүмдөгү эрежелердин жамандыгынын акыбети.

Бу капитализм экономикалык түзүмүнөн келип чыга турган абал.

Эми социализм, ушуну менен бирге, коммунизм экономикалык түзүмүнө келсек, бул түзүм капиталисттик экономикалык түзүмгө бүтүндөй тескери, карама-каршы болгон түзүм. Бул түзүм, мейли, аны кабыл алган жана эл аралык майданга көтөрүп чыккан Советтер союзу кулашы менен эл аралык майдандан жоголгон болсо да, бирок, анын пикирлери менен таанышуу, бул пикирлердин Исламга тескери экендигинен кабардар болуу жана алардын бузуку пикирлер экендигин баян кылуу Исламий даъватты алып чыгуучу киши үчүн маанилүү иш. Себеби, тар чөйрөдө болсо да, мына ушул пикирлердин баарын же кээ бирин жактап сүйлөй турган кимселер дагы деле табылат.

Социалисттик көз караштардын (пикирлердин) көпчүлүгү XIX кылымда пайда болду. Социалисттер «эркин багыт» пикирлерине каршы т.а. капитализм экономикалык түзүмүнө каршы катуу күрөшүштү. Коомдун капиталисттик экономикалык түзүмдөн көргөн зулумдары натыйжасында жана бул түзүмдөгү көптөгөн каталар себептүү, социализм күчтүүрөөк болуп көрүндү. Социалисттик багыттарды (агымдарды) үйрөнүп көздөн кечирип чыгуу менен алардын үч иште ортоктоштугу маалым болот. Бул үч иш аларды башка экономикалык багыттан ажыратып турат. Бул үч иш төмөндөгүлөр:

1. Амалий теңдиктин бирер түрүн жүзөгө чыгаруу.
2. Жеке менчик мүлкчүлүктү бүтүндөй же кысман түгөтүү.
3. Продукция иштеп чыгаруу жана бөлүштүрүүнү коллективдештирүү аркылуу тартипке салуу.

Бирок, социалисттик багыттар бул үч иште пикирлеш болушуна карабастан, бир нече орундарда бири-биринен ачык айырмаланат. Бул орундардын эң маанилүүлөрү төмөндөгүлөр:

**Биринчиден:** Социалисттик багыттар өздөрү жүзөгө чыгармакчы болушкан амалий теңдиктин формасы тууралсындагы пикирлерде бири-биринен айырмаланат. Мисалы, бир тайпа арифметикалык теңдик болушу зарылдыгы жөнүндө сөз жүргүзүп, муну менен пайдаланыла турган ар бир нерседе теңдик болушун максат кылат жана ар бир жеке адамга башкасына берилген нерсени берүү керек деген пикирди билдирет. Башка бир топ болсо коммунисттик теңдик жөнүндө сөз жүргүзүп, муну менен ишти бөлүштүрүүдө ар бир жеке адамдын кудурет мүмкүнчүлүгүн, продукцияны бөлүштүрүүдө болсо ар бир адамдын керектөөлөрүн эсепке алууну максат кылат. Алардын пикиринче, ушул: «Ар кимден кудуретине (мүмкүнчүлүгүнө) жараша, ар кимге муктаждыгына жараша» деген эреже колдонулса гана теңдик ишке ашат. Бул эрежедеги «ар кимден кудурет-мүмкүнчүлүгүнө жараша» деген

сөздөн жеке адам аткара турган эмгек көздө тутулат, «ар кимге муктаждыгына жараша» деген сөздөн болсо, бөлүштүрүлө турган продукция көздө тутулат. Дагы бир тайпа болсо иштеп чыгаруу васиталарында (өндүрүш каражаттарында) теңдик болушу лазымдыгы жөнүндө сөз жүргүзөт. Т.а. нерселер турмуш чындыгында ар бир адамдын керектөөлөрүн кандыруу үчүн жетиштүү эмес деген пикирден келип чыгып, бөлүштүрүүнүн: «Ар кимден кудурет-мүмкүнчүлүгүнө жараша, ар кимге эмгегине жараша» деген эрежеси болушу керек, иштеп чыгаруу васиталары ар бир жеке адамга башка жеке адамга берилгендей берилсе гана теңдик ишке ашат деген пикирди билдирет.

**Экинчиден:** Социалисттик агымдар жеке менчик мүлкчүлүктүн канча өлчөмүн жоюу керектиги тууралуу түрдүү пикирлер билдирип, бири-биринен айырмаланат. Мисалы, бир тайпа жеке менчикти бүтүндөй түгөтүү керек дейт. Бул тайпа коммунисттер. Башка бир тайпа болсо, жеке менчикти иштеп чыгаруу байлыктарына карата түгөтүү керектигин айтат жана бул нерсе капитал деп аталып, жер, завод, фабрикалар, темир жолдор, кендер жана ушуга окшош нерселерди өз ичине алат т.а. бирер нерсе иштеп чыгара турган бардык товарларга ээлик кылууга (аларды жеке менчик мүлк кылып алууга) тыюу салынат. Демек, эч кимге ижарага берүү үчүн үйгө, завод-фабрикага, жерге жана ушуга окшогон нерселерге ээлик кыла албайт. Бирок, бул тайпадагылар жеке адамдардын керектөө байлыктарына карата ээлик укуктарын сактап калышат. Ошондуктан, жеке адамдардын керектеле турган бардык нерсеге ээ болууларын туура деп билишет. Мисалы, адамдар жашоо үчүн гана үйгө ээ болуулары, жер түшүмүнө жана завод-фабрикалар иштеп чыгарган продукцияларга ээ болуулары мүмкүн. Бул «капиталдык социализм». Дагы бир тайпа болсо, жеке менчик мүлкчүлүктү болгону айыл чарбачылыгы жерлерине карата түгөтүү керектигин айтат. Алар «феодалдык социализм» тарапкерлери. Башка бир тайпа болсо, масса кызыкчылыктары жалпы мүлктү жеке менчик мүлккө айлантууну талап кыла турган ар бир абал үйрөнүп чыгылышы керектигин айтып, мыйзам чыгаруучулардын – пайда жана ижарага максималдуу, иш акыларына болсо минималдуу салык белгилөөлөрү жана жумушчуларга капитал жана ушуга окшош нерселерден үлүш берүүлөрү аркылуу – жеке менчик мүлк ээлерин көп орундарда чектеп (тизгиндеп) коюуну сунуш кылат. Бул «мамлекет социализми» деп аталат.

**Үчүнчүдөн:** Социалисттик агымдар өз максаттарын жүзөгө чыгаруучу васиталар тууралуу да бири-биринен айырмаланат.

Мисалы, анархосиндикализм агымы (саясий күрөштү инкар кылып, жумушчулар классынын эң жогорку формасы профсоюздар деп эсептөөчү агым) жумушчуларды азат кылууда «түздөн-түз аракет» деп аталуучу тактикага таянат т.а. тез-тез иш таштоолорду көбөйтүү, станокторду бузуп таштоо, жумушчулар арасында массалык иш таштоо пикирин кең жаюу, жумушчулар өз талаптарынын аткарылышына жетишип, натыйжада, экономика изден чыга турган жана мавжуд экономикалык түзүм жемириле турган күн келиши үчүн ошол пикирди ишке ашырууга даярдануу сыяктуу жумушчулардын өздөрү тарабынан боло турган аракеттерге таянат.

Ал эми, марксист социалисттерге келсек, алар коомдогу өнүгүү мыйзамына ишенишет жана мына ушул мыйзамдын өзү гана мавжуд түзүмдү жок кылып, аны социализм негизине курула турган башка түзүмгө алмаштырууга кепил деп этикат кылышат.

«Мамлекет социализми»нин көсөмдөрү болсо, мыйзам чыгарууну өздөрүнүн пикирлерин ишке ашыруунун васитасы деп билишет. Себеби, алар мыйзамдар чыгаруу аркылуу масса кызыкчылыктарын коргоо жана жумушчулар абалын жакшыртуу кепилденет о.э. салыктар салуу, айрыкча, кирешеге, капиталга жана мураска даражама-даража салык салуу байлыкка ээ болуудагы айырманы азайтууга алып келет деп эсептешет.

**Төртүнчүдөн:** Социалисттик агымдар социализм түзүмүндө долбоорлорду башкаруу милдети тапшырыла турган орган туурасында билдирилген пикирлерде да бири биринен айырмаланат. Мисалы, «капиталдык социализм»дин көсөмдөрү продукция иштеп чыгаруу жана бөлүштүрүүнү тартипке салууну мамлекетке тапшырууну каалаbooса, «синдикализм» тарапкерлери башкарууну үстүнө ички лидерлер турган жумушчулар уюмдарына тапшырууну каалашат.

Социализм назарияларынын эң кеңири жайылганы жана эң күчтүү таасирге ээ болгону германиялык Карл Маркстын назариялары. Себеби, анын назариялары социалисттик дүйнөнү башкарды, бул назариялар негизинде коммунистик партия түзүлдү жана Россияда Советтер союзу мамлекети курулду. Бул мамлекет жетимиш жылга жакын өмүр көрүп, анан кулады.

Карл Маркстын эң белгилүү назарияларынын бири «кыймат назариясы» болуп, ал бул назарияны капиталисттик экономика аалымдарынан алды жана ушул назария менен аларга чабуул кылды (Азыркы биздин окуу китептерибизде «кыймат назариясы» «нарк теориясы» деген терминде кездешет. Котормочудан). Себеби, «либерал (эркин) багыт»тын жолбашчысы о.э. саясий экономика

т.а. капитализм экономикалык түзүмүнүн негиздөөчүсү эсептеле турган англиялык Адам Смит кыйматка аныктама берип мындай деген эле: «Ар кандай товардын кыйматы аны иштеп чыгарууда сарпталган эмгек көлөмүнө барып такалат. Эки саатта иштеп чыгарыла турган товардын кыйматы бир саатта иштеп чыгарыла турган товар кыйматынын эки барабарына тең». Адам Смиттен кийин Рикардо бул «эмгек назариясын» чечмелөөгө умтулду жана кыйматка аныктама берип мындай деген эле: «Товардын кыйматын белгилөөчү нерсе – аны иштеп чыгарууда түздөн-түз сарптала турган эмгек көлөмүнүн өзү эле эмес, балким, ага иштеп чыгаруу процессинде пайдаланыла турган аспап-жабдуу жана эмгек куралдарын иштеп чыгаруу үчүн мурун сарпталган эмгек да кошулушу керек». Т.а. Рикардо товардын кыйматы аны иштеп чыгарууда кеткен сарп-каражаттарга барып такалат деп эсептер эле. Ал бул сарп каражаттарды бир элементке т.а. эмгекке алып барып такады.

Ошондон кийин Карл Маркс капиталисттик экономикалык түзүмдөгү кыймат жөнүндө Рикардо иштеп чыккан бул назарияны жеке менчик мүлкчүлүккө жана жалпысынан алганда капиталисттик экономикалык түзүмгө чабуул кылуу үчүн курал кылып алды. Маркстын айтышынча, кыйматтын жалгыз булагы – товар иштеп чыгарууда сарпталган эмгек. Мүлкдар капиталист жумушчу күчүн анын күн кечириши жана эмгек кылууга жөндөмдүү болушу үчүн зарыл болгон өлчөмдөн ашпай турган эмгек акысы ордуна сатып алат, кийин бул күчтү иштетип, кыйматы жумушчуга төлөй турган эмгек акысынан көп барабар ашык тура турган товарларды иштеп чыгарууда аны эксплуатация кылат. Карл Маркс жумушчу иштеп чыгара турган продукция менен ушул жумушчуга иш жүзүндө төлөнө турган эмгек акысы ортосундагы айырмага «кошумча кыймат» деп наам берди жана мына ушул кыймат мүлкдарлар жана капиталисттердин рента, процент, капитал келтире турган пайда деген наамдар астында жумушчулар акысынан жулуп кала турган нерсени көрсөтөт деп белгиледи. Маркс, табигый түрдө, рента пайда деген бул наамдардын мыйзамдуулугун тан албады.

Карл Маркс өзүнөн мурунку социалисттик агымдар өз пикирлеринин жеңишке жетишишинде адам фитратында (табиятында) мавжуд болгон адилетти жакшы көрүү жана мазлумга жардам берүү туйгуларына сүйөнгөндүгүн көрдү. Бул агымдар жаңы жолдорду иштеп чыгып, аларды коомго колдонуу мүмкүн деп ишенчү жана аларды акимдер, мүлкдарлар жана интеллигент катмарга сунуш кылып, бул жолдорду аткарууга аларды үндөр эле. Бирок, Карл Маркс өз багытын мындай негизге курбады жана бул

агымдар жүргөн жолдон жүрбөдү. Балким, ал өз багыты, идеологиясын «тарыхый материализм» деген т.а. «диалектика назариясы» деп аталган философиялык мабда негизине курду. Карл Маркс экономикалык мыйзамдар аракетинин өзү жана коом өнүгүшүнүн мыйзамдуулугу талабы менен гана коомдо жаңы түзүм тикеленет, мында мыйзам чыгаруучу же реформатор башкаруунун аралашуусуна эч бир кажет жок деп эсептер эле. Мурун өткөн жана «утопиялык социализм» деп наам берилген социалисттик багыттардан ажыралып турушу үчүн Карл Маркс алдыга сүргөн социализм назариясына «илимий социализм» деп наам берилди. Маркстын социализм назариясын жалпы түстө төмөндүгүчө баян кылуу мүмкүн:

Ар кандай доордогу коомдук түзүлүш – экономикалык абалдын натыйжасы болуп, бул түзүмдөгү өзгөрүүлөрдүн баары бир гана себепке т.а. өз маддий абалын жакшыртуу үчүн класс-катмарлар (таптар) ортосунда жүрө турган күрөшкө барып такалат. Тарыхтан маалым болгондой, бул күрөш ар дайым бирдей сүрөттө т.а. саны көп, бирок, жаман абалда күн кечире турган таптын саны аз, бирок, бай жашай турган тап үстүнөн жеңишке жетишиши менен аяктайт. Маркс муну «коомдук өнүгүү мыйзам ченеми» деп атайт. Анын пикиринче, бул мыйзам ченем өтмүшкө ылайык келгениндей эле, келечекке да ылайык келет. Себеби - дейт ал - өткөн доорлордо бул күрөш азат адамдар жана кулдар ортосундагы мавжуд болгон болсо, кийин төбөлдөр жана омма калк ортосундагы күрөшкө, кийинчерээк болсо төбөлдөр жана дыйкандар ортосундагы күрөшкө айланды. О.э. тайпачылык негизиндеги түзүмдө да башчылар менен таанымал кишилер ортосунда күрөш болуп өттү. Бул күрөш ар дайым саны көп мазлум катмардын саны аз залим катмар үстүнөн жеңиши менен аяктар эле. Бирок, бул жеңиштен кийин мазлум катмардын өзү залим консервативдик катмарга айланып калар эле. Француз революциясынан бери бул күрөш ортоңку катмар (т.а. буржуазия табы) менен жумушчулар табынын ортосунда болуп келди. Себеби, буржуазия экономикалык долбоорлор кожоюну жана капитал ээси болуп калган эле. О.э. консервативдик тапка да айланган эле. Анын каршысында болсо жумушчулар табы турар эле. Бул катмар эч кандай капиталга эмес, бирок, сан жагынан көп эле. Бул эки таптын кызыкчылыктары бири-бирине карама-каршы болуп, бул карама-каршылык экономикалык себептерге барып такалар эле.

Бүгүнкү күнгө келип, иштеп чыгаруу түзүмү мүлкчүлүк түзүмүнө ылайык келбей турган болуп калды. Себеби, иштеп чыгаруу өтмүш замандарда болгонундай, шахсий болбой калды т.а. жеке адамдын бир өзү ишке ашыра турган иш болбой калды. Балким, ал умумий

т.а. көпчүлүк катыша турган жараянга айланды. Ошол эле учурда, мүлкчүлүк түзүмү буга карай өзгөрбөдү. Ошондуктан, шахсий мүлкчүлүк дагы эле мавжуд болуп турат жана ал азыркы коомдогу түзүмдүн негизи болуп калып жатат. Мунун натыйжасы ушул болду, иштеп чыгарууда катышуучу жумушчулар табы капиталга ээлик кылууда катышпай турган болуп калды жана иштеп чыгарууда шахсан катышпай турган капиталисттер «ырайымы» астында күн кечире турган болуп калды. Дал ушул убакыттын өзүндө, капиталисттер жумушчуларды аёосуз эксплуатация кылууда. Себеби, алар жумушчуларга күндөлүк тиричиликке гана жете турган арзыбас акы төлөшүүдө. Жумушчу болсо өз ишинен башка нерсеге ээ болбогондугу үчүн, аны кабыл алууга мажбур. Иштеп чыгарылган продукция кыйматы менен жумушчуга төлөнө турган эмгек акынын ортосундагы айырмадан – Карл Маркс бул айырманы «кошумча кыймат», деп атайт – пайда жаралып, бул пайдага капиталисттин бир өзү ээ болуп алат. Чындыгында, негизи, адилет боюнча бул пайда жумушчунун үлүшү болушу керек эле. Ошондуктан, бул эки тап ортосундагы күрөш мүлкчүлүк түзүмүн иштеп чыгаруу түзүмүнө ылайык келгенге чейин т.а. мүлкчүлүк социалисттик мүлкчүлүккө айланганга чейин улантыла берет. Бул күрөш коомдогу өнүгүү мыйзам ченемине ылайык, жумушчулар тобунун жеңиши менен бүтөт. Себеби, бул таптын акыбалы жаман жана ал саны көп катмар. Жумушчулар табынын кандай жеңишке жетишиши жана бул жеңиштин себептери жөнүндө болсо коомдун өнүгүү мыйзам ченеми башарат берет. Азыркы экономикалык турмуш түзүмү өзүндө келечек коомдун уруктарын көтөрүп жүрөт. Бул түзүм өзү моюн суна турган экономикалык мыйзамдар кыймылына карай, жок болууга махкум. Мисалы, өз кезинде ортоңку тап (буржуазия) ак сөөктөр табы үстүнөн жеңишке жетип, экономикалык турмушта маанилүү рол ойноду. Себеби, буржуазия капитал ээси болуп калган эле. Бирок, бүгүнгө келип, анын милдети бүттү жана өз ордун жумушчулар тобуна бошотуп бере турган убакыт келди. Аны буга «концентрация» (иштеп чыгаруунун бир жерге (бир колдо) топтолушу) жана борборлошуу мыйзам ченеми жана эркин конкуренция аракети мажбур кылат. Себеби, «концентрация» мыйзам ченеми аракети себептүү капитал ээлеринин саны азайып, жалданма жумушчулардын саны болсо арта баштады. О.э. эркин атаандаштык аракети себептүү иштеп чыгаруу бардык чегарадан өтүп кетип, продукция иштеп чыгаруу көлөмү жумушчулар табынан турган керектөөчүлөр сатып алууга кудуреттүү болгон көлөмдөн ашып кете турган болуп калды. Себеби, жумушчулар жетиштүү эмгек акы алышпайт. Бул болсо

кризистер жүз беришине алып келди. Бул кризистер натыйжасында кээ бир адамдар өз капиталдарын жоготуп, жумушчулар тобунун сабына кошулду. Ошондуктан, мавжуд түзүм канчалык өнүксө, кризистер канчалык коркунучтуу түс алса, алардын жүз берүү убакыты канчалык жакындашса жана капитал ээлеринин саны канчалык азайса, жумушчулар саны ошончолук артып бара берет. Ошондон кийин, мурункулардан чоңураак кризис жүз бере турган күндүн келиши качып кутулгус болуп калат. Бул кризис өтө чоң кырсык болот. Себеби, ал капитализм экономикалык түзүмү негиздерин жемирип, талкалап таштайт. Ошондон кийин бул түзүм урандылары үстүндө социалисттик түзүм орнотулат. Маркс социализмдин орнотулушун тарыхый өнүгүүнүн акыркы баскычы деп эсептейт. Себеби, анын пикиринче, жеке менчик мүлк түгөтүлгөндөн кийин коомдо таптар күрөшүнө себеп боло турган нерсе калбайт. Таптар ортосунда айырма калбагандыгы үчүн мындай күрөш болбойт.

Ал эми, Карл Маркс көрсөтүп өткөн борборлошуу жана «концентрация» мыйзамына келсек, ал капитализм экономикалык түзүмүнөн алынган болуп, анын тыянагы ушундай, эмгек жана капиталда бир ишканадан башкасына көчүп өтө турган аракет мавжуд. Себеби, кээ бир ишканалар ири ишканага айланса, кээ бирлери майда ишканага айланып калат. Булардын баары иштеп чыгаруунун концентрацияланышы жана борборлошушу жүз беришине далалат кыла турган абалдар. Мисалы, шокалад иштеп чыгаруучу ишканалар сыяктуу бир тармактагы бир нече ишканаларды үйрөнүп чыксаңар, ар бир ишканадагы иштеп чыгаруу кубатынын орточо даражасы өскөн бир убакытта ишканалар саны азая баштагандыгынын күбөсү болосуз. Бул болсо иштеп чыгаруунун мына ушул тармагында борборлошуу жүз бергендигине далалат кылат. Себеби, чоң иштеп чыгаруу кичи иштеп чыгаруунун ордун ээлеген болот. Мисалы, ишканалардын саны он болсо, алар төрт же беш ири ишканага айланып, калгандары жок болуп кетет.

Эми Маркс айтып өткөн «эркин конкуренцияга» келсек, ал продукция иштеп чыгаруу эркиндиги эрежесин түшүндүрүп, ар бир жеке адамга өзү каалаган нерсени кандай каалаcа ушундай иштеп чыгаруу укугун берүүдөн турат.

Маркс айткан экономикалык кризистерге келсек, экономикалык тең салмактуулукта кокустан жүз бере турган бардык түрдөгү туруксуздук экономикалык кризис деп аталат. Хас (өзгөчө) кризис иштеп чыгаруунун өзүнчө бир, хас тармагында жүз бере турган бардык түрдөгү кризистерди өз ичине алат. Бул кризистерге иштеп чыгаруу менен керектөөнүн ортосундагы тең салмактуулуктун

бузулушу себеп болот. Тең салмактуулуктун бузулушу болсо, өтө көп ашыкча же кем продукция иштеп чыгаруунун, же өтө көп ашыкча же кем керектөөнүн натыйжасында жүз берет.

Жалпы доордук кризис болсо, экономикалык түзүмдүн бардык негиздерин титиретүүчү катуу силкинүү түсүндө көрүнөт жана жандануу доору менен сенектик доорунун ортосун ажыратып туруучу чекит эсептелет. Жандануу доору 3 жана 5 жыл мөөнөт аралыгында улантылат, сенектик доору да ошончо мөөнөт улантылат. Жалпы доордук кризистер айырмаланып тура турган өзүнө хас сыпаттарга ээ болуп, эң маанилүүлөрү үч сыпат. Биринчи сыпат – жалпылык сыпаты. Себеби, кризис бир мамлекеттеги экономикалык ишмердүүлүктүн бардык же көптөгөн тармактарында жүз берет. Демек, кризис мурун бир мамлекетте жүз берип, бардык тармактарды камтып алат, кийин экономикалык өнүгүүгө жетишкен жана дайымый алакалар байлап турган башка мамлекеттерге таркалат. Экинчи сыпат болсо – доордук сыпаты болуп, ал ар жолу доордук түстө жүз берет. Кризистер ортосундагы мөөнөт 7-11 жыл улантылып, бул кризистер анык мөөнөттөрдө жүз бербесе да, бирок, доордук түстө кайталанып турат. Эми үчүнчү сыпатка келсек, ал өтө көп ашыкча продукция иштеп чыгаруудан турат. Мунун акыбетинде ишканалар ээлери өз продукцияларын сатууда чоң кыйынчылыкка туш келишет, натыйжада, көп продукцияларда сунуш талаптан ашып кетип, кризис жүз берет.

Карл Маркстын пикиринче, бул кризистер кээ бир адамдардын өз капиталдарын жоготууларына алып келет, натыйжада, сармаядарлардын саны азайып, жумушчулардын саны артат. Бул болсо коомдо эски түзүмдү жемирип таштай турган эң чоң кризистин жүз беришине алып келет.

Социализмдин, ушу катарда коммунизмдин тыянагы ушундан турат. Бул тыянактан көрүнүп тургандай, социалисттик, ушунун катарында коммунисттик багыттардын баары коом мүчөлөрү ортосунда амалий теңдикти жүзөгө чыгарууга урунат. Алар муну пайдалардагы теңдик, же иштеп чыгаруу васиталарындагы теңдик, же бүтүндөй теңдик аркылуу ишке ашырмакчы болушат. Негизи, бул теңдиктердин бирөөсү да орнотуу мүмкүн болбогон куру кыял. Себеби, бул теңдикти турмуш чындыгында ишке ашырып болбойт. Себеби, адамдар өз жаралуу табияттарына карай жисманий, аклий кубаттарында да, керектөөлөрдү кандырууда да бири-биринен айырмаланышат. Демек, алардын ортосунда теңдик болушу мүмкүн болбойт. Себеби, товар жана кызматтарга ээ болуу (алардан пайдалануу) жаатында курал күчү жардамында зордоп жана мажбурлап алардын ортосунда теңдик орнотулган тагдырда да,

бирок, иштеп чыгарылган бул малдарды керектөө жана алардан пайдаланууда теңдик орнотуунун ылажысы жок. О.э. алардын ортосунда керектөөлөрүн кандыруучу нерселердин көлөмү боюнча да теңдик орнотуунун ылажысы жок. Демек, адамдар ортосунда теңдик орнотуу кыялый иш.

Мындан тышкары, адамдардын кубаттарында айырмачылык боло туруп, алардын ортосунда теңдик орнотуунун өзү да социалисттер ишке ашырууну дааба кылып жаткан далалатка туура келбейт. Себеби, адамдардын күч-кубатта бири-биринен үстөм болушу, пайдалар жана иштеп чыгаруу васиталарына ээ болууда бир-биринен айырмаланышы анык жана табигый иш. Ошондуктан, теңдик орнотууга болгон ар кандай урунуу ийгиликсиздикке махкум. Себеби, мындай урунуу адамдар ортосунда мавжуд болгон айырмачылык табиятына тескери.

Жеке менчик мүлктү бүтүндөй түгөтүү да адам фитратына (табиятына) тескери. Себеби, мүлкчүлүк же мүлккө ээлик кылуу адамда сөзсүз мавжуд болгон бако гарыйзасынын (жашоо үчүн күрөш инстинктинин) бир көрүнүшү. Ал адамда фитрий болуп, вужудунун бир бөлүгү жана табигый күч-такааттарынын бир көрүнүшү эсептелет. Демек, аны гарыйзый болгондугу үчүн жок кылып болбойт. Адам тирүү экен, андагы гарыйзый бирер нерсени алып таштоо мүмкүн эмес. Аны жоготууга болгон ар кандай урунуу зордукчулук болуп, тынчсыздыкка алып келет. Ошондуктан, бул гарыйзаны жок кылуу эмес, балким, тартипке салуу зарыл. Мүлкчүлүктү кысман түгөтүүгө келсек, бул абалда каралат. Эгер ээлик кылына турган товарлар белгилүү бир өлчөм менен чегаралап коюлса, анда мүлкчүлүк сан менен чегаралап коюлган болот. Мындай кылуу болсо жайыз эмес. Себеби, ал адам ишмердүүлүгүн чектеп коёт, анын эмгегин жокко чыгарат жана продукция иштеп чыгарышын азайтат. Себеби, мындай кылуу адамды ээлик кылып жаткан мүлк көлөмүнөн ашыгына ээлик кылуудан тосуп, аны маалым бир чегарада токтоого мажбур кылат. Натыйжада, адам өз ишмердүүлүгүн улантуудан махрум болот. Коом да бул жеке адамдардын эмгегинен пайдаланаудан махрум болот.

Эми эгер адам ээ боло турган товар жана кызматтар көлөмү сан менен эмес, балким, белгилүү бир абал менен чегаралап коюлса, бул жайыз. Себеби, ал адам ишмердүүлүгүн чектеп койбойт жана жеке адамдар ортосунда малга ээлик кылууну тартипке салып, эмгек сарптоого жана ишмердүүлүктү ашырууга үндөөчү жана жардам берүүчү фактор болуп кызмат кылат.

Ал эми, эгер мүлкчүлүк кысман бекер кылынып, жеке адамдын белгилүү бир малдарга ээлик кылуусуна тыюу салынса жана андан

башка малдарга ээлик кылышына уруксат берилип, алар белгилүү бир өлчөм менен чектеп коюлбаса, мында каралат. Эгер бул мал-мүлктөрдүн табияты төмөнкүдөй болсо, бардык адамдар алардан пайдаланууга муктаж болсо, ошондуктан, жеке адамдын жалгыз өзүнүн аларга ээлик кылуусу башка бардык адамдарды алардан махрум кылуу эсебинен гана мүмкүн болсо, демек, анда мындай абалда бул мал-мүлктөргө жеке адамдын бир өзү ээлик кылышына жол койбоо табигый иш болуп, мал табиятынын өзү ушуну талап кылат. Бул мал-мүлккө мисал кылып жолдор, шаар майдандары, дарыялар, деңиздер жана ушуга окшогон нерселерди келтирүү мүмкүн. Ошондуктан, бул мал-мүлктөргө жеке адамдын бир өзү ээлик кылышына тыюу салуунун эч бир зыяны жок. Ал эми, эгер мал мүлктүн табияты муну (т.а. тыюуну) талап кылбаса, анда каралат. Эгер мал-мүлк табияты муну талап кылбаса да, бирок, өзү жогоруда айтылган табияттагы мал-мүлк түркүмүнө кошулса т.а. жеке адамдын бир өзү башкаларды куру калтыруу эсебинен гана ээлик кылышы мүмкүн болгон мал-мүлк катарына кошулса, бул абалда жеке адамдын ага ээлик кылышына тыюу салууда эч зыян жок. Буга мисал кылып суу жана бүтпөс-түгөнбөс кендерди келтирүү мүмкүн. Себеби, алар жалгыз адам өтө көпчүлүк адамды куру калтыруу эсебинен гана ээлик кылышы мүмкүн болгон табияттагы мал-мүлк катарына кошулат. Аларды мына ушул мал-мүлктөр катарына кошкон нерсе жеке адамдын көпчүлүк адамды куру калтыруу эсебинен гана аларга ээлик кылышы мүмкүндүгү. Ал эми, эгер мал-мүлк мындай мал-мүлктөр катарына кошулбаса, анда жеке адамдарды ага ээлик кылуудан тыюу жайыз болбойт. Себеби, мындай кылуу, кээ бир малдарга ээлик кылууга уруксат берүү, кээ бирлерине болсо уруксат бербөө менен малдарга ээлик кылууну чектөө болуп калат. Демек, ал малга ээлик кылууну белгилүү бир өлчөм менен чектеп коюу сыяктуу болуп, муну мүлкчүлүктүн сан менен чегараланышы деп айтса болот. Мындай чегаралаш болсо жогоруда айтылган натыйжанын өзүн келтирип чыгарат. Себеби, бул да адам ишмердүүлүгүн чектеп коёт, анын эмгегин жокко чыгарат, продукция иштеп чыгарууну азайтат жана аны ээлик кылууга уруксат берилген өлчөмгө жеткен жана андан артыгына тыюу салынган убакытта эмгек кылуудан токтотуп коёт.

Социализмде мүлкчүлүктү кысман түгөтүү – сан менен чектеп коюу болуп, абалга тиешеси жок. Ал кээ бир малдарга ээлик кылууга тыюу салуудан турат. Негизи, бул малдардын табиятына жана келип чыгыш табиятына ылайык, жеке адамдардын аларга ээлик кылуусу мүмкүн нерсе эле. Бирок, социализм буга тыюу салат. Себеби, социализм мүлкчүлүктү же өлчөм (сан) менен чектеп

коёт, мисалы, буга жерге ээлик кылууну белгилүү майдандарга чектеп коюу сыяктуулар кирет, же белгилүү бир малдарга ээлик кылууну чектеп, жеке адамдардын аларга ээлик кылышына тыюу салат, буга мисал кылып иштеп чыгаруу куралдарын чектеп коюуну келтирүү мүмкүн. Негизи, бул малдардын табиятына ылайык, жеке адамдардын аларга жалгыз ээлик кылышы жайыз. Социализм мына ушул түрдөгү мал-мүлккө ээлик кылууга тыюу салат. Себеби, ал жеке адамдын ээлик кылуу табиятына туура келе турган малдарга ээлик кылууга тыюу салат. Мындай малдарга ээлик кылууга тыюу салуу болсо ишмердүүлүктү чектеп коёт. Бул малдар мурас укугуна тыюу салуу, же кендер, темир жолдор, ишканалар жана ушуга окшош нерселерге ээлик кылууга тыюу салуу сыяктуу анык-дайындуу малдар болобу, же мамлекет ыктыярына ташталып, качан мамлекет омма пайдасына тыюу салууну талап кылат деп билсе тыюу салып коё турган малдар болобу, мунун айырмасы жок. Себеби, тыюу салынган бул малдардын табиятына карай, жеке адамдын аларга жалгыз ээлик кылышы мүмкүн болгондон кийин, демек, жогорудагылардын баары жеке адамдар ишмердүүлүгүн чектеп коёт.

Эми продукция иштеп чыгаруу жана көпчүлүк аркылуу аны бөлүштүрүүнү тартипке салууга келсек, муну адамдар ортосунда тынчсыздык, тополоң чыгаруу, алардын ортосунда өз ара душманчылык жана бири-бирин көрө албастык козгоо аркылуу ишке ашырып болбойт. Себеби, бул нерселер тартипке салууну эмес, балким, бейбаштыкты келтирип чыгарууну түшүндүрөт. Муну (т.а. тартипке салууну) табигый түрдө жумушчулардын мүлкдарлар зулумун сезишин күтүп, алардын өзүнө таштап коюу менен да ишке ашырып болбойт. Себеби, кээде мүлкдарлар жумушчулардын бардык керектөөлөрүн кандыра турган даражада өтө кексе болушу мүмкүн. Буга АКШдагы ишканалар жумушчуларынын абалын мисал кылса болот. Демек, бул жумушчулар өз эмгектеринин жемишин мүлкдарлар жалмабай жутуп, «аш кылып» жиберип жатканын билбей, өз үстүлөрүнө түшүп жаткан зулумду сезишпейт. Акыбетинде иштеп чыгаруу жана керектөөнү тартипке сала турган өнүгүү пайда болбойт. Ошондуктан, бул тартипке салууну проблема вокыйсына туура келе турган, катъий негизге ээ болгон туура өкүм жана муалажа-чечимдер жардамында ишке ашыруу зарыл. Социализм болсо иштеп чыгаруу жана бөлүштүрүүнү тартипке салууда жумушчулар арасында тынчсыздык жана тополоң козгоого, же коомдогу өнүгүү мыйзам ченемине, же катъий негизге таянбаган төмөн мыйзам жана эрежелер иштеп чыгарууга сүйөнөт.

Бул жалпы социализмдин катасы. Ал эми, Карл Маркс айткан

өзгөчө түрдөгү социализмге келсек, ал үч жактан ката.

Биринчиден: Анын кыймат назариясындагы пикири ката болуп, вокыйлыкка тескери. Себеби, товар иштеп чыгарууда сарпталган эмгекти ушул товар кыйматын белгилөөчү бирден бир булак деп көрсөтүү вокыйлыкка тескери. Себеби, сарпталган эмгек бирден-бир булак эмес, балким, ал товар кыйматын белгилөөчү булактардын бири гана. Себеби, бул жерде эмгектен башка товар кыйматына тиешелүү болгон бир канча нерселер бар. Мисалы, бул жерде эмгек кылуу үчүн зарыл болгон сырьё о.э. ушул товар келтире турган пайдага болгон муктаждык бар. Кээде, сырьё товар даярдоого сарпталган эмгектен көрө көбүрөөк пайда келтириши мүмкүн. Мисалы, аңчылык олжосу сыяктуу. Кээде болсо товарга базарда талап болбошу жана мусулмандар арам деп биле турган арак сыяктуу экспорт кылуу мүмкүнчүлүксүз болушу мүмкүн. Демек, эмгекти кыйматтын бирден-бир булагы деп эсептөө туура эмес болуп, товардын вокыйлыгына туура келбейт.

Экинчиден: Маркстын «ар кандай доордо орнотула турган коомдук түзүм экономикалык абалдын натыйжасы, бул түзүм башына жете турган түрдүү өзгөрүүлөр болсо баары бир себепке т.а. коомдук таптардын өз маддий абалын жакшыртуу үчүн алып бара турган күрөшүнө барып такалат» деген сөзү да ката болуп, вокыйлыкка тескери жана куру назарий, кыялый жоромолго курулган. Анын каталыгы жана вокыйлыкка тескери экендигине келсек, бул нерсе тарыхтан да, вокыйлыктан да даана көрүнүп турат. Мисалы, Советтик Россиянын социализмге өтүшү маддий өнүгүүнүн натыйжасында жүз бергени жок жана мунун себеби, бир түзүмдү башка түзүмгө өзгөртүүгө алып келген таптар күрөшүнө да барып такалбайт, балким, бир топ кандуу козголоң аркылуу бийликти өз колуна алып, өз пикирлерин калкка колдоно баштады жана мавжуд түзүмдү өзгөрттү. Кытайда да кудум ушундай абал жүз берди. Чыгыш Германия жана Чыгыш Европа мамлекеттерине социализмдин колдонулушу да таптар ортосундагы күрөштүн натыйжасы эмес эле, балким, бул нерсе социалисттик мамлекеттин (т.а. Советтер Союзунун) ушул мамлекеттерди басып алып, аларга өз түзүмүн колдонушунун натыйжасында жүз берди. Демек, түзүмдүн өзгөрүшү таптар ортосундагы күрөштүн натыйжасы эмес, балким, бир топ же мамлекеттин түзүмдү кабыл алып, бийликти колго алышы жана ушул түзүмдү колдонушунун натыйжасы. Капитализм түзүмүндө да, Ислам түзүмүндө да жана башка ар кандай түзүмдө да ушундай болот. Эми, эгер таптар ортосундагы күрөш мыйзамы мамлекеттердеги түзүмдү өзгөртүп жибериши анык деле турган болсо, анда падышалык Россия жана Кытайда эмес, балким, Германия, Англия жана АКШдагы түзүм өзгөрүп кетиши

керек эле. Себеби, бул мамлекеттердеги капиталисттер жана жумушчулар саны падышалык Россия жана Кытайдыкына караганда көп эле. Падышалык Россия жана Кытай болсо, өнөр жайы анча өнүкпөгөн агрардык (айыл чарбачылыгына таяна турган) мамлекеттер болуп, алардагы жумушчулар жана капиталисттер табынын саны Батыш мамлекеттерине салыштырганда аз эле. Бирок, Батыш Европа мамлекеттеринде жана Америкада капиталисттер жана жумушчулар табы мавжуд экендигине карабастан, бул мамлекеттер социализм түзүмүнө өтпөдү. Алар дагы деле капитализм түзүмүн колдонуп келишүүдө. Бул мамлекеттерде жумушчулар жана капиталисттер табынын мавжуддугу алардагы түзүмгө таасир өткөзө албады. Мына ушунун өзү бул назарияны талкалап таштоого жетиштүү болот.

Үчүнчүдөн: Карл Маркс назарияларынын каталыгы ушундай эле көрүнүп турган жакка келсек, ал Маркс айткан «коомдук өнүгүү мыйзамы жана экономикалык турмуш түзүмү өзү моюн суна турган экономикалык мыйзамдар таасири себептүү жок болуп кетүүгө махкум. Бир кездерде төбөлдөр табы үстүнөн үстөм келген жана капитал ээси болуп калган ортоңку таптын өз ордун жумушчулар табына бошотуп бере турган убактысы алда качан келди. Аны буга борборлошуу мыйзамы мажбур кылат» деген сөздөрү. Бул сөздөрдүн каталыгы ушундан турат. Жумушчулар санынын көбөйүшү жана капитал ээлери санынын азайышына негиз боло турган иштеп чыгаруунун борборлошуусу мыйзамы жөнүндөгү Карл Маркс назариясы бузук назария. Себеби, бул жерде иштеп чыгаруунун борборлошуусу өтө албай турган бир чегара бар. Ошондуктан, бул борборлошуу белгилүү бир чегарага жеткенден кийин токтоп калат. Демек, ал Карл Маркс элестеткен өнүгүүгө жарабай калат. Себеби, иштеп чыгаруунун чачыранды факторлору арасында борборлошуунун пайда болушу маалым чегарадан нарыга өтпөйт. Мындан тышкары, борборлошуу иштеп чыгаруунун эң маанилүү тармагы болгон айыл чарбачылыгында таптакыр мавжуд эмес. Ошондой болгон соң, эми кантип коомдо өнүгүү мыйзамы пайда болушу мүмкүн? Бирок, Карл Маркс «иштеп чыгаруунун борборлошуусу байлыктын борборлошуусун келтирип чыгарат, мындан болсо капиталга ээ болгон мүлкдарлар санынын азайышы жана эч нерсеге ээ болбогон жумушчулар санынын азайышы келип чыгат» деп ойлонот. Мындай ойлоо ката. Себеби, иштеп чыгаруунун борборлошуусу натыйжасында капитал ээлеринин саны көбөйүшү жана жумушчулардын өздөрү капитал ээлерине айлануулары да мүмкүн. Мисалы, ири долбоорлордун адаттагы формасы болгон акционердик коомдордо акционерлердин көпчүлүгү жумушчулардан турат. Ушундай болгон соң, эми кантип

иштеп чыгаруунун борборлошуусу пайда болушу мүмкүн? Мунун үстүнө ишканаларда инженерлер, химиктер жана директорлор сыяктуу ири маяна ала турган жумушчулар да бар болуп, алар беймарал бул маянанын чоң бөлүгүн жамгарып, мүлкдарларга (капиталисттерге) айлана алышат. Алар бирер эгемен ишканага ээ болбой туруп эле мүлкдарларга айлана алышат. Бул учурда болсо Карл Маркстын өнүгүү туурасында сөз жүргүзүп жумушчулар жөнүндө айткан сөздөрү аларга туура келбейт калат.

Булар капиталисттик экономикалык түзүм таяна турган негиздерге жана социализм, ушул катарда коммунисттик экономикалык түзүм таяна турган негиздерге бир аз көз жүргүртүп чыгуу о.э. бул негиздердеги жасалмалуулук жана бузукулукту кыскача гана көрсөтүп өтүү болду. Бул түзүмдөрдүн бузукулугу маселенин бир тарабы болуп, башка тараптан болсо, бул түзүмдөр Исламдын муалажа-чечимдер туурасында туткан тарыйкатына (жолуна) каршы жана Исламга тескери. Алардын проблемаларга чечим берүүдөгү Ислам тарыйкатына тескери экендигине келсек, бул мындай, Исламдын экономикалык проблемага чечим берүүдө туткан тарыйкат-жолу адамдын башка ар кандай проблемаларына чечим берүүдө туткан тарыйкатынын өзү болуп, бул тарыйкат экономикалык проблема вокыйлыгын үйрөнүп чыгуу, кийин шаръий нусустарды үйрөнүп чыгып, бул нусустардын ушул проблемага дал келишине ишенич пайда кылгандан кийин, ушул нусустардан бул проблемага чечим издеп табуудан турат. Бул болсо капитализм жана социализмдеги экономикалык чечим жана өкүмдөргө тескери. Себеби, капитализмде проблеманын чечими ушул проблеманы үйрөнүп чыккандан кийин ушул проблеманын вокыйлыгынан алынат. Социализмде болсо проблемада мавжуд деп кыял кылына турган куру назарий жоромолдордон алынат жана мына ушул жоромолдорго негизделип проблемага чечим берилет. Ошондуктан, бул эки түзүм туткан эки тарыйкат тең Ислам тарыйкатына тескери. Демек, мусулман адамдын бул эки тарыйкат берген чечимди алышы эч качан жайыз болбойт.

Эми капитализм жана социализм, ушулардын катарында коммунизм экономикалык түзүмүнүн Исламга бүтүндөй тескери экендигине келсек, бул ушундан турат, Ислам өз чечимдерин шаръий далилдерден алынган шаръий өкүмдөр болгондугу үчүн алат. Капитализм жана социализмдин экономикалык чечимдери болсо шаръий өкүмдөр эмес, балким, куфр түзүмүнөн алынган өкүмдөр болуп, аларга негизделип нерселер үстүнөн өкүм чыгаруу Алла түшүрбөгөн нерселер менен өкүм чыгаруу болот. Ошондуктан, мусулман адамга бул чечимдерди алуу эч бир жактан адал болбойт. Аларды туура деп этикат кылбастан алуу фасыктык болуп, аларды

туура өкүмдөр деп алуу жана Ислам өкүмдөрүн азыркы доорго туура келбейт, ошондуктан, азыркы экономикалык проблемаларды чече албайт деп эсептөө болсо куфр болот. Мындай куфрдан Алла асырасын.

بسم الله الرحمن الرحيم

## ЭКОНОМИКА

«Экономика» сөзү байыркы грек тилинен алынган болуп, үй иштерин пландаштыруу маанисин түшүндүрөт. Башкача айтканда, колунан иш келе турган үй-бүлө мүчөлөрү бирер нерсени өндүрүүдө катышышат о.э. колго киргизилген нерселерден бардыгы тең пайдаланышат. Кийинчерээк адамдар үйдүн маанисин кеңирирээк мааниде колдоно башташты жана үй дегенде бир мамлекет өкүмдарлык кыла турган жамаат түшүнүлө турган болуп калды.

Ушуга карай, экономика дегенде анын «мол-көл кылуу» же «мал, байлык» деген сөздүктүк мааниси эмес, балким, белгилүү бир атаманын терминдик мааниси катары, кээде экономика илими үйрөнө турган «байлыкты көбөйтүү жана аны пайда кылууну камсыздоо» аркылуу, кээде экономикалык түзүм үйрөнө турган «байлыкты бөлүштүрүү абалы» аркылуу каржылык иштерди пландаштыруу түшүнүлөт.

Экономика илими да, экономикалык түзүм да экономиканы үйрөнгөнү менен, бирок, булар бири-биринен айырмалана турган жана биринин мааниси экинчисиникинен башкача болгон нерселер. Себеби, экономикалык түзүм байлыктын көптүгү же аздыгы менен айырмаланбайт жана таптакыр андан таасирленбейт. Экономикалык түзүм формасынын эч бир жактан байлыктын көптүгү же кемдигине тиешеси жок. Ушуга караганда, экономиканы бөлүнбөс бир бүтүн тема деп билүү өтө ката. Себеби, бул кээде чечилиши лазым болгон экономикалык проблемаларды түшүнүүдө катага, кээде байлыкты көбөйтүүчү факторлорду туура эмес түшүнүүгө алып барат. Себеби, жамааттын иштерин пландаштыруу байлыкты көбөйтүү т.а. аны пайда кылуу жагынан маселенин бир жагы болсо, топтолгон байлыкты бөлүштүрүү жагынан болсо бүтүндөй башка жак. Демек, байлык маддасын пландаштыруу талкуусу аны бөлүштүрүүнү пландаштыруу талкуусунан ажыратылышы керек, себеби, биринчиси каситаларга, экинчиси пикирге тиешелүү. Ошондуктан, экономикалык түзүмдү турмуштагы көз карашка таасир кыла турган жана андан таасирлене турган пикир деген этибарда үйрөнүү керек, экономика илимин болсо турмуштагы көз карашка алакасы жок бир илим деген этибарда үйрөнүү керек. Булардын эң маанилүүсү экономикалык түзүмдү

үйрөнүү. Себеби, экономикалык проблема адамдын керектөөлөрүнө, аларды кандыруу каситаларына, бул каситалардан пайдаланууга тиешелүү болот. Каситалар барлыкта мавжуд экен, демек, аларды иштеп чыгаруу керектөөлөрдү кандыруудагы негизги проблемага себеп болбойт, балким, керектөөлөрдү кандыруу каалоосу адамды ушул каситаларды иштеп чыгарууга же пайда кылууга үндөйт. Адамдардын өз ара мамилелериндеги т.а. коомдогу мавжуд проблема адамдардын ушул каситалардан пайдалана алуу же албоолорунан б.а. адамдардын ушул каситаларга ээ болуулары же болбоолору темасынан келип чыгат жана бул чечимге муктаж экономикалык проблеманын негизи эсептелет. Ушуга караганда, экономикалык проблема пайданы жүзөгө чыгаруучу каситаларды иштеп чыгаруудан эмес, балким, пайдага ээлик кылуу темасынан келип чыгат.

**Экономикалык түзүмдүн негизи**

Пайда – нерсенин адам керектөөсүн кандырууга жарактуулугу. Ал эки нерседен турат: биринчиси, белгилүү бир нерсеге жетишүүдө адам сезген шыктануунун даражасы; экинчиси, нерсенин өзүндө мавжуд болгон касиет жана ушул касиеттин белгилүү бир адамдын эмес, балким, деги эле адамдын керектөөсүн кандырууга жарактуулугу. Бул пайда адамдын эмгегинен, же мал-мүлктөн, же экөөсүнөн пайда болот. Адамдын эмгеги деген сөз мал-мүлктү же мал-мүлк пайдасын жүзөгө келтирүү үчүн сарпталган аклый жана жисманий эмгекти өз ичине алат. Мал-мүлк деген сөз болсо сатып алуу же ижарага же карызга алуу аркылуу пайдалануу үчүн колго киргизиле турган нерселердин баарын өз ичине алат. Алынган нерсенин өзү, жысымы пайдаланылат, мисалы, алма сыяктуу; же жысымы пайдаланылбайт, мисалы, машина сыяктуу; же жысымы калып, өзүнөн карызга пайдаланылат, мисалы, ижарага алынган үй сыяктуу. Мал-мүлк: алтын жана күмүш сыяктуу акча, кийим жана азык-түлүк сыяктуу товар, үйлөр жана заводдор сыяктуу кыймылсыз мүлктөр жана булардан башка ээлик кылына турган нерселерден турат. Демек, мүлк адам керектөөлөрүн кандыруучу нерсе, адамдын эмгеги болсо, мал-мүлктү же анын пайдасын жаратуучу касита гана экен. Ошондуктан, мүлк – пайданын негизи. Адамдын эмгеги болсо, мүлктү пайда кылуу мүмкүнчүлүгүн берүүчү каситалардан. Демек, адам өз табиятына карай, ээлик кылуу максатында ушул мүлктү колго киргизүүгө умтулат. Ушуга ылайык, адамдын эмгеги жана мүлк адам керектөөлөрүн кандыруу үчүн колдонула турган касита болуп, бул эки касита адам аларды пайда кылуу үчүн умтула турган байлык эсептелет. Демек, байлык – эмгек жана мал-мүлктүн жыйындысы.

Жеке адамдардын байлыкты колго киргизүүлөрү түздөн-түз, белек, пайдалануу үчүн алуу, ижарага берүү, эмгектенүү сыяктуу көрүнүштөрдө көрүнөт. Түздөн-түз сырьёну колго киргизүү, бирөөлөрдөн белек алуу, пайдаланып туруу үчүн алма дарагын алуу, үйдү ижарага алуу, инженерге үй долбоорун чийдирүүлөр булардын мисалы.

Мындай ээлик кылуу кээде сатуу, мүлктүн ижарасы, жалданма жумушчуга акы төлөө сыяктуу эваз эсебине болсо, кээде белек, мурас жана карыз сыяктуу эвазсыз болот. Ушуга ылайык, экономикалык проблема байлыкты пайда кылууда эмес, балким, байлыкка ээ болууда. Себеби, экономикалык проблема мүлкчүлүккө болгон көз караштан, ушул мүлкчүлүктөн туура эмес пайдалануудан жана байлыкты адамдар ортосунда туура эмес бөлүштүрүүдөн келип чыгат, эч качан башка нерселерден эмес. Ошондуктан, ушул жактарды муалажа кылуу (дабалоо) экономикалык түзүмдүн негизи.

Ушуга карай, экономикалык түзүм үч эрежеге негизделет, булар: мүлкчүлүк, мүлктү тасарруф кылуу жана адамдар ортосунда байлыкты бөлүштүрүү.

**Исламдын экономика жөнүндөгү көз карашы**

Исламдын байлык жөнүндөгү көз карашы анын ушул байлыктан пайдалануу жөнүндөгү көз карашынан айырмаланат. Исламдын назарында пайданы жүзөгө чыгаруучу васиталар маселенин бир жагы болсо, пайдага ээлик кылуу болсо башка жак болуп саналат. Мал-мүлк жана адам эмгеги – байлык маддасы болуп, бул экөөсү пайданы жүзөгө чыгаруучу васиталар. Бул экөөсүнүн дүйнө турмушунда мавжуддугу жана аларды иштеп чыгарууга Исламдын карашы алардан пайдалануу жана бул пайдага ээлик кылуу абалына болгон карашынан айырмаланат. Себеби, Ислам байлыктан пайдалануу ишине ачыктан-ачык аралашып, хамр (мас кылуучу) жана өлүмтүк сыяктуу кээ бир нерселерди пайдаланууну о.э. бий жана бузуктук сыяктуу кээ бир адам эмгегинен пайдаланууну да арам кылды, жеш арам кылынган нерселерди сатууга тыюу салды жана аткаруу арам болгон иштердин ижарасын да арам кылды. Бул нерселер мал-мүлктөн жана адам эмгегинен пайдаланууга тиешелүү. Аларга ээлик кылуу жагынан болсо аңчылык жана корук жерлерди өздөштүрүүгө, ижара жана иштеп чыгарууга, мурас, белек жана осуятка тиешелүү бир канча өкүмдөрдү жолго койду.

Бу нерселер байлыктан пайдалануу жана ага ээлик кылуу абалына тиешелүү. Эми байлыкты иштеп чыгаруу маселесине келсек, Ислам байлык маддасын иштеп чыгарууга үндөдү жана жалпы түрдө кесипке чакырган чакта ага да чакырды, бирок, иштеп чыгарууну көбөйтүү абалына жана иштеп чыгарылган нерсенин

өлчөмүнө аралашпады, балким каалагандарындай ишке ашыруулары үчүн буларды адамдардын өзүнө коюп берди. Ал эми, мал-мүлктүн мавжуддугуна келсек, ал дүйнө турмушунда табигый бар, Алла Таала аны адамга моюн сундурган абалда жаратты. Алла Таала мындай дейт:

﴿هُوَ الَّذِي خَلَقَ لَكُمْ مَا فِي الأَرْضِ جَمِيعًا﴾

- *«Ал зат силер үчүн Жердеги бардык нерсени жаратты».* [2:29]

Дагы мындай дейт:

﴿اللَّهُ الَّذِي سَخَّرَ لَكُمُ الْبَحْرَ لِتَجْرِيَ الْفُلْكُ فِيهِ بِأَمْرِهِ وَلِتَبْتَغُوا مِنْ فَضْلِهِ﴾

- *«Алла (деңиздеги) кемелер Өзүнүн амири менен жүрүшү о.э. силер (ал кемелерде) Анын берешен-жоомарттыгынан (ырыскы) издөөңөр үчүн жана шүгүр кылууңар үчүн силерге деңизди моюн сундуруп койгон зат».* [45:12]

Жана дагы айтты:

﴿وَسَخَّرَ لَكُمْ مَا فِي السَّمَاوَاتِ وَمَا فِي الأَرْضِ جَمِيعًا مِنْهُ﴾

- *«Ал Өзү тарабынан (т.а. өз эрк-каалоосу менен) силерге асмандардагы жана жердеги бардык нерселерди моюн сундурду».* [45:13]

Жана дагы айтат:

﴿فَلْيَنْظُرِ الإِنسَانُ إِلَى طَعَامِهِ ۞ أَنَّا صَبَبْنَا الْمَاءَ صَبًّا ۞ ثُمَّ شَقَقْنَا الأَرْضَ شَقًّا ۞ فَأَنْبَتْنَا فِيهَا حَبًّا ۞ وَعِنَبًا وَقَضْبًا ۞ وَزَيْتُونًا وَنَخْلاً ۞ وَحَدَائِقَ غُلْبًا ۞ وَفَاكِهَةً وَأَبًّا ۞ مَتَاعًا لَكُمْ وَلِأَنْعَامِكُمْ﴾

- *«Эми инсан өзүнүн тамак-азыгына (өрнөк-баам көзү менен бир) карап көрсүнчү! Биз (асмандан) суу-жамгырды куйдурдук. Кийин жерди (өсүмдүк менен) жардык. Кийин Биз анда дан өсүмдүктөрүн, жүзүм жана көктөрдү, зайтун жана курмаларды, калың дараказар бактарды, мөмө-жемиштерди, чөптөрдү силер үчүн жана чарба айбандарыңар үчүн пайда болсун деп өндүрүп-өстүрүп койдук-го».* [80:24-32]

Жана дагы айтты:

﴿وَعَلَّمْنَاهُ صَنْعَةَ لَبُوسٍ لَكُمْ لِتُحْصِنَكُمْ مِنْ بَأْسِكُمْ﴾

- *«Дагы (Давудга) силерге зыян жетишинен сактай турган соот жасоону үйрөттүк».* [21:80]

Жана дагы айтат:

﴿وَأَنْزَلْنَا الْحَدِيدَ فِيهِ بَأْسٌ شَدِيدٌ وَمَنَافِعُ لِلنَّاسِ﴾

- *«Дагы биз темирди түшүрдүк. Анда күч-кубат жана адамдар үчүн пайдалар бар».* [57:25]

Ушул жана ушул сыяктуу аяттарда Алла Таала мүлктү жана адам эмгегин жаратканы туурасында кабар берди жана ага тиешелүү башка нерселердин баянына өтпөдү. Демек, Алла Таала мүлк маддасына жана адам эмгегине аралашпады, аларды адамдар пайдалануулары үчүн жаратылгандыгын баян кылды. О.э. байлыкты иштеп чыгарууга да аралашпады. Анткени, Исламдын байлыкты иштеп чыгарууга аралашканын көрсөтө турган бир да шаръий нусус жок, балким, тескерисинче, ушундай шаръий бир нусустар бар болуп, алардын көрсөтүшүнчө, Шарият мүлктү иштеп чыгаруу жана адам эмгегин жакшыртуу ишин адамдарга калтырган. Анас ﷺдан рыбаят кылынышынча, Расулулла ﷺ курманы чаңдатуу маселесинде мындай деген:

«أَنْتُمْ أَعْلَمُ بِأَمْرِ دُنْيَاكُمْ»

**«Дүйнө иштериңерди силер жакшыраак билесиңер».** Жана дагы рыбаят кылынышынча, Расулулла ﷺ эки мусулманды курал иштеп чыгарууну үйрөнүү үчүн Яманга жөнөткөн. Бул далилдердин көрсөтүшүнчө, Шарият мүлктү иштеп чыгарууну адамдарга калтырган болуп, адамдар аны өз чебердиги жана билимдерине жараша ишке ашырат.

Ушулардан маалым болгондой, Ислам экономика илимине эмес, балким, экономикалык түзүмгө этибар каратат. Байлыктан пайдалануу жана ушул пайдага ээлик кылуу абалын талкуу темасы деп билет жана байлыкты иштеп чыгарууга о.э. пайданын васиталарына эч качан аралашпайт.

**Исламдагы экономикалык саясат**

Экономикалык саясат – адамдар иштерин пландаштырууну муалажа кыла турган өкүмдөрдөн көздөлгөн максат. Исламдагы экономикалык саясат ар бир жеке адамдын бардык негизги муктаждыктары толук кандырылышын кепилдөөдөн о.э. жеке адамдарга камалий керектөөлөрүн мүмкүн болушунча кандыруу мүмкүнчүлүгүн берүүдөн турат. Ислам адамга белгилүү бир коомдо турмуш кечирүүчү, өзүнө хас өзгөчө жашоо таризине ээ болгон жеке адам деп карайт о.э. мамлекетте жашай турган кишилер жамаатына эмес, балким, ар бир адамдын так өзүнө этибарды каратат. Ислам ага эң биринчиден негизги муктаждыктарын толук кандыруу керек болгон адам деген этибарда карайт, кийин камалий керектөөлөрүн мүмкүн болушунча кандыруу мүмкүнчүлүгүн берүү керек болгон өзүнчө адам деп билет. Ошол эле учурда, Ислам адамды башкалар менен өзүнө хас өзгөчө түрдө орнотулган алакалар аркылуу байланган деп этибар кылат. Ушуга ылайык,

Исламдагы экономикалык саясат – ар бир жеке адамдын турмуштан пайдаланышын кепилдөөнү эсепке албаган абалда, мамлекеттеги жашоо деңгээлди көтөрүүнүн өзү эле эмес; ким болушуна карабастан, ар бир адамдын жашоо укугун кепилдебеген абалда адамдарга жыргалчылык жаратуу жана мүмкүнчүлүктөрүнө карай андан пайдаланууда эркин коюу да эмес – балким, ал белгилүү алакаларга ылайык жашап жаткан адам деген көз караште ар бир адамдын негизги проблемаларын чечүү о.э. ага турмуш даражасын көтөрүшү жана жашоо таризине хас жыргалчылыкка жетишиши үчүн мүмкүндүк жаратып берүү. Ушул жагы менен ал башка экономикалык саясаттардан айырмаланат.

Ислам адам үчүн экономика өкүмдөрүн мыйзамдаштырып жатканда, эң биринчи адам пайдасын (кызыкчылыгын) этибарга алды. Жашоо укугун жана жыргалчылыкка жетишүү мүмкүнчүлүгүн кепилдөөдө болсо, бул ишти өзүнө таандык жашоо таризине ээ болгон белгилүү бир коомдо ишке аша турган кылып койду. Ислам турмуш жана жыргалчылык мүмкүнчүлүгүн кепилдөөгө этибарын каратып, коомдун кандай болушу керектигин да этибарсыз калтырбады. Тескерисинче, коомдун кандай болушу лазымдыгы туурасындагы карашын турмуш жана жыргалчылыкка болгон карашына негиз кылып алды. Ошондуктан, шаръий өкүмдөр Исламий мамлекет жарандарынын ар биринин жеп-ичиши, кийиниши жана турак-жайдан турган бардык зарыл муктаждыктарын толук кандырууну кепилдеген. Ислам бул маселени чечүүдө өзүнүн жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн зарыл муктаждыктарын кандырышы үчүн кудуреттүү кишиге эмгек кылууну буюрат. Эгерде иштөөгө кудуреттүү болбосо, анын нафакасын перзентине жана мураскоруна жүктөдү. Ага нафака кылуучулар болбосо, аны камсыздоону байтулмалга жүктөдү. Муну менен Ислам ар бир жеке адамдын жеп-ичиши, кийим-кече жана турак жайдан турган муктаждыктарынын кандырылышын кепилдеди. Кийин адамды мүмкүнчүлүгүнө жараша пакиза нерселерден пайдаланууга, дүйнө зыйнаттарын колго киргизүүгө үндөдү, мамлекетке адамдын муктаждыгынан артпай турган малынан салыктар алууга тыю салды. Жалаң муктаждыктан артканына гана салык салды. Муну менен ал ар бир жеке адамдын жашоо укугун кепилдеди жана турмушта жыргалчылыкка жетишүү мүмкүнчүлүгүн берди. Ушул убакыттын өзүндө, Ислам адамга өз зарыл жана камалий керектөөлөрүн кандыруу үчүн байлык арттыруунун белгилүү бир жолдорун белгилеп берди жана адамдын алака-мамилелерин өзүнө таандык өзгөчө түрдө жолго койду. Мисалы, ар бир мусулман үчүн хамрды (мас кылуучу нерселерди) иштеп чыгаруу жана пайдаланууну арам кылды жана аны мусулман

үчүн киреше булагы деп эсептебеди. Исламий мамлекеттин ар бир жаранына сүткордукту арам кылды о.э. аны мусулман же кайрымусулман болушуна карабастан, киреше булагы деп билбеди. Байлыктан пайдалануу учурунда коом баш ийиши лазым болгон абалга өзгөчө этибар берди.

Булардан көрүнүп тургандай, Ислам адамды анын адамдыгынан жана адам катары шахстыгынан ажыратпады. Коом кандай болушу лазымдыгын болсо, ар бир адамдын негизги керектөөлөрүн жана камалий керектөөлөрүн кандыруу мүмкүнчүлүгүн кепилдөөдөн ажыратпады, балким, аларды бири-бирине байланыштуу иш кылып койду, бирок, «коом кандай болушу лазымдыгын» керектөөлөрдү кандыруу үчүн негиз деп белгиледи. Бардык зарыл керектөөлөрдү толук кандыруу жана камалий керектөөлөрдү кандыруу мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн адамдарга киреше булагы мол болушу керек. Анткени, муну менен керектөөлөрдү кандыра алышсын. Бул иш алардын кесип кылуулары менен гана ишке ашат. Ошондуктан, Ислам кесип кылууга, ырыскы издөөгө үндөдү о.э. ырыскы табуу үчүн аракет кылууну парз кылды. Алла Таала мындай дейт:

﴿فَامْشُوا فِي مَنَاكِبِهَا وَكُلُوا مِنْ رِزْقِهِ﴾

– *«Ошондуктан, ал (Жердин) ар тарабында (саякат кылып, же соода менен, же дыйканчылыкты кесип кылып) жүрө бергиле жана (Алланын берген) ырыскысынан жегиле».* [67:15]

Бирок, мунун мааниси байлык өндүрүүгө, же иштеп чыгарууну өнүктүрүү абалына жана продукциянын өлчөмүнө Ислам аралашат дегени эмес. Ислам эмгек кылууга жана байлык арттырууга гана үндөдү. Байлык арттырууга үндөп келген көптөгөн хадистер да рыбаят кылынган. Алардын биринде:

**«أَنَّ رَسُولَ اللهِ ﷺ صَافَحَ سَعْدَ بْنَ مُعَاذٍ ؓ فَإِذَا يَدَاهُ قَدْ اكْتَبَتَا فَسَأَلَهُ النَّبِيُّ ﷺ عَنْ ذَلِكَ فَقَالَ: أَضْرِبُ بِالْبَرِّ وَالْمِسْحَاةِ لِأُنْفِقَ عَلَى عِيَالِي. فَقَبَّلَ ﷺ يَدَهُ وَقَالَ: كَفَّانِ يَحِبُّهُمَا اللهُ تَعَالَى»**

**«Пайгамбар ﷺ Саъд ибн Муаз менен кол берип учурашты жана анын колдору кабарып кеткенин көрдү. Андан мунун себебин сурады, ал: Үй-бүлөм нафакасы үчүн күрөк жана кетменде тиричилик кыламын, - деди. Ошондо Пайгамбар ﷺ анын колун өөп: «Бул эки колду Алла Таала жакшы көрөт»,** - деди. Бул хадисти Сарахсий «ал-Мабсут» китебинде зикр кылды. Башка бир хадисте Бухарий ал-Микдам аркылуу Набий ﷺдын мындай дегенин рыбаят кылды.

**«مَا أَكَلَ أَحَدٌ طَعَامًا قَطُّ خَيْرًا مِنْ أَنْ يَأْكُلَ مِنْ عَمَلِ يَدِهِ»**

**«Ар бириңердин жеген эң жакшы тамагы – өз колу менен иштеп тапкан тамагы»,** - деди. Рыбаят кылынышынча, **азирети Умар каарылар жамааты алдынан өттү жана алардын баштарын ийип отурганын көрүп: «Тигилер кимдер?» деп сурады. «Тобокел кылуучулар» дешти. Ошондо Умар: «Эч качан андай эмес, алар адамдардын малдарынан жечү тегинкорлор. Силерге тобокел кылуучулардын кимдигин айтайынбы? – деди эле, ал кишиге «ооба» дешкенден кийин, айтты – ал ушундай бир киши болуп, жерге урук себет да, андан кийин Роббисине тобокел кылат».** Муну да Сарахсий «ал-Мабсут» китебинде зикр кылды. Ошентип, биз ырыскы талап кылуу жана байлык арттыруу үчүн аракет кылууга о.э. ушул байлыктардан пайдаланууга жана пакиза нерселерден жешке үндөөчү көптөгөн аят жана хадистерди учуратабыз. Алла Таала мындай дейт:

﴿قُلْ مَنْ حَرَّمَ زِينَةَ اللَّهِ الَّتِي أَخْرَجَ لِعِبَادِهِ وَالطَّيِّبَاتِ مِنَ الرِّزْقِ﴾

*– «Айткын (эй, Мухаммад): «Алла пенделери үчүн чыгарган кооздук (кийимдерди) жана адал-таза ырыскыларды ким арам кылды?!».* [7:32]

﴿وَلاَ يَحْسَبَنَّ الَّذِينَ يَبْخَلُونَ بِمَا آتَاهُمُ اللَّهُ مِنْ فَضْلِهِ هُوَ خَيْرًا لَهُمْ بَلْ هُوَ شَرٌّ لَهُمْ سَيُطَوَّقُونَ مَا بَخِلُوا بِهِ يَوْمَ الْقِيَامَةِ﴾

*- «Алла жоомарттыгы менен берген нерселердин (зекетин) берүүгө сараңдык кылган кишилер эч качан бул кылмыштарын өздөрү үчүн жакшылык деп эсептешпесин! Жок, бул кылган иштери өздөрү үчүн жамандык, сараңдык кылып бербеген нерселери кыямат күнүндө моюндарына оролот!».* [3:180]

﴿كُلُوا مِنْ طَيِّبَاتِ مَا رَزَقْنَاكُمْ﴾

*- «Силерди ырыскыландырган таза нерселерибизден жегиле».* [7:160]

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا أَنفِقُوا مِنْ طَيِّبَاتِ مَا كَسَبْتُمْ وَمِمَّا أَخْرَجْنَا لَكُمْ مِنَ الأَرْضِ﴾

*– «Эй момундар, кесип кылып тапкан нерселериңердин адал-пакизаларынан жана Биз силер үчүн жерден чыгарган нерселерден кайыр-садака кылгыла!».* [2:267]

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لاَ تُحَرِّمُوا طَيِّبَاتِ مَا أَحَلَّ اللَّهُ لَكُمْ﴾

*– «Эй момундар, Алла Силер үчүн адал кылып койгон таза-пакиза нерселерди арам дебегиле!».* [5:87]

﴿وَكُلُوا مِمَّا رَزَقَكُمُ اللَّهُ حَلاَلاً طَيِّبًا﴾

– *«Алла силерге ырыскы кылып берген адал, таза нерселерден жегиле».* [5:88]

Ушул жана ушуга окшогон аяттардын ачык көрсөтүшүнчө, экономикага тиешелүү шаръий өкүмдөр мүлк арттырууга жана пакиза нерселерден пайдаланууга каратылган. Өлкөнүн экономикалык өнүгүшү үчүн жана ар бир жеке адамдын негизги жана камалий керектөөлүрөн кандыруу мүмкүнчүлүгүн берүү максатында Ислам ар бир жеке адамга кесип кылууну парз кылды жана өз кесиби менен тапкан байлыктарынан пайдаланууга буйруду. Ислам байлыкка ээ болуу абалына тиешелүү өкүмдөрдө бул абалдын мусулман үчүн кыйын болбошуна этибарын каратты жана аны өтө оңой кылып койду. Себеби, мүлккө ээлик кылуу себептерин, мүлкчүлүктө айырбаштоо ишке аша турган келишимдерди белгилеп берди о.э. байлык иштеп чыгарууга аралашпаган абалда адамга кесиптин усул жана васиталарын өнүктүрүү укугун берди. Бул себеп жана келишимдерди көп маселелерди өз ичине ала турган жана көп өкүмдөр кыястала (салыштырыла) турган шаръий коидалар жана шаръий өкүмдөрдөн турган кеңири камтуучу кылды. Эмгекке буюрду жана анын өкүмдөрүн баян кылды о.э. адамга өтүкчү, уста, дыйкан жана башка кесип ээси болуп иштөө укугун берди. Мисалы, хадяны мүлккө ээ болуу себептеринин бири кылып, башка белек, тартуулар кыястала турган нерсе; ижараны болсо вакилдин эмгек акыны төлөө зарылдыгы туурасында ваколат кыястала турган абал кылып койду. Ошентип, биз мүлккө ээлик кылуу себептери жана келишимдерин Шореъ (Алла) баян кылганын жана аларды жалпы маанилер менен белгилеп бергенин көрөбүз. Бул болсо аларга өзгөрүп, жаңыланып тура турган бардык окуяларды камтып алуу мүмкүнчүлүгүн берет, бирок, алардын өзү – адамдардын шариятта келген проблемалар алкагынан чыкпоолору шарт экендиги үчүн – проблемалардын өзгөрүшү менен жаңыланып турбайт, балким, канчалык көп, ар түрдүү болбосун, өзгөрүүчөн бардык окуяларга дал келе берет. Муну менен болсо мусулман тиричилик жолунда тоскоолдук жана кыйынчылыктарга туш келбестен, өз кесибинин адал жана пакиза болушуна умтулган абалда ылдам жүрөт. Ушуну менен ар бир адам кандыруу талап кылына турган керектөөлөрдү кандыра турган нерселер менен жетиштүү камсыздалат. Ислам жеке адамдарды эмгекке үндөө жана керектөөлөрдү кандырууну алардын кесиптерине байлоо менен эле чектелип калбады, балким, бардык калкка нафака кылып турууну мамлекет казынасына (байтулмага) тапшырды о.э. ажыз-алсыздарга нафака берүүнү жана үммөт муктаждыктарын кандыруу жоопкерчилигин мамлекет мойнуна парз

кылды. Себеби, башкаруу жоопкерчилиги анын мойнунда. Имам Бухарий ибн Умардан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ айтты:

«اَلْإِمَامُ الَّذِى عَلَى النَّاسِ رَاعٍ وَهُوَ مَسْئُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ»

**«Адамдар үстүнө башчы болгон имам жарандар үчүн жоопкер».** Мамлекет өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарышы үчүн Шарият ага жизя, хирож сыяктуу дайымый салыктар катары белгилүү бир байлыктардан салык ала турган бийлик укугун берди жана зекеттен түшкөн байлыктарды байтулмалда калтырды. Жолдорду оңдоо, ооруканалар куруу, ачтарга тамак берүү сыяктуу бардык мусулмандарга парз болгон иштер үчүн ага салык салуу укугун берди. Умумий мүлктү башкарууну мамлекет мойнуна жүктөдү жана ага жеке адамдардын ээлик кылышына же башкарууларына тыюу салды, себеби, омма иштерин башкаруу укугу башчыга (акимге) берилген. Нефт, темир, жез сыяктуу кендер умумий мүлк болуп, Үммөттүн экономикалык өнүгүшүн жүзөгө чыгаруу үчүн аларды иштетип көбөйтүү шарт. Себеби, бул байлыктар үммөттүкү болуп, мамлекет аларды өстүрүү жана идара кылуу үчүн башкарат. Эгер мамлекет байлыктарды алып чыгып элге берсе, иштерди башкаруудагы кыйынчылыктарды жеңип өтсө, ар бир жеке адам байлык арттыруу, ырыскы үчүн умтулса, ошондо гана негизги жана камалий керектөөлөрдү кандырууга жете турган байлык колго киргизилет. Бирок, ар бир жеке адамды байлык арттырууга үндөөдөн, байлыкты мамлекет мойнуна жүктөөдөн, умумий мүлктү өстүрүү аркылуу жетишиле турган экономикалык өнүгүүдөн максат – байлык менен сыймыктануу, күнөө иштерге сарптоо, мактануу эмес, балким, байлыктан керектөөлөрдү кандыруучу васита катары пайдалануу. Ошондуктан, Пайгамбар ﷺ айткан:

«مَنْ طَلَبَ الدُّنْيَا حَلاَلاً اِسْتِعْفَافًا عَنْ الْمَسْأَلَةِ، وَسَعْيًا عَلَى أَهْلِهِ، وَتَعَطُّفًا عَلَى جَارِهِ، جَاءَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ وَجْهُهُ كَالْقَمَرِ لَيْلَةَ الْبَدْرِ، وَمَنْ طَلَبَ الدُّنْيَا حَلاَلاً، مُفَاخِرًا، مُكَاثِرًا، مُرَائِيًا، لَقِيَ اللهَ وَهُوَ عَلَيْهِ غَضْبَانُ»

**«Кимде-ким дүйнөнү адал, үмүттөнүп-тиленбестен, үй-бүлөм деп, коңшусуна мархамат кылып-кайрылышып издесе, кыямат күнү анын жүзү толгон айдай нурдуу болот. Кимде-ким дүйнөнү адал, (бирок) сыймыктануу, көбөйтүү, рия үчүн издесе, Аллага туш келгенде Алла ага каарданып жаткан болот».** Бул хадис ибн Аби Шайба мусаннафинде (асар-эмгегинде) Абу Хурайрадан рыбаят кылынган. Дагы Пайгамбар ﷺ айтты:

«... وَهَلْ لَكَ يَا ابْنَ آدَمَ مِنْ مَالِكٍ إِلاَّ مَا أَكَلْتَ فَأَفْنَيْتَ، أَوْ لَبِسْتَ فَأَبْلَيْتَ، أَوْ تَصَدَّقْتَ فَأَمْضَيْتَ»

**«Эй Адам баласы, өз малыңдан жеп түгөткөнүң, же кийип эскирткениң, же садака кылып акырет үчүн калтырганың гана сеники!».** Бул хадисти Муслим Мутаррифтен, ал болсо атасынан, атасы болсо Расулулла ﷺдан рыбаят кылды. Алла мындай дейт:

﴿وَلاَ تُسْرِفُوا إِنَّهُ لاَ يُحِبُّ الْمُسْرِفِينَ﴾

– *«Ысрап кылбагыла! Албетте, Ал (Алла) ысрап кылуучуларды сүйбөйт».* [6:141]

Мактануу үчүн эмес, балким, керектөөлөрдү кандыруу үчүн васита катары байлык арттыруу Ислам талап кылган жалгыз максат эмес. Балким, Ислам экономиканын баарын Алланын буйрук жана кайтарууларына ылайык жүргүзүүнү парз кылды. Мусулманга кесип кылып жаткан нерселерде акыретти каалоону (т.а. аларды акырет үчүн сарптоону) жана бул дүйнөдөгү насибесин эсинен чыгарбоону буюрду. Алла Таала мындай дейт:

﴿وَابْتَغِ فِيمَا آتَاكَ اللَّهُ الدَّارَ الآخِرَةَ وَلاَ تَنسَ نَصِيبَكَ مِنَ الدُّنْيَا وَأَحْسِنْ كَمَا أَحْسَنَ اللَّهُ إِلَيْكَ وَلاَ تَبْغِ الْفَسَادَ فِي الأَرْضِ﴾

– *«Алла сага берген байлык-дөөлөт менен (оболу) акыретти издегин жана дүйнөдөн болгон насибеңди да унутпагын. Алла сага эхсан-кайрымдуулук кылганы сыяктуу сен да (Алланын пенделерине) эхсан кыл. Жерде (зордук-зомбулук менен) бузукчулук кылууга аракеттенбе».* [28:77]

Ошондуктан, экономика философиясын Ислам экономикалык иштерди Алланын буйрук жана кайтаруулары менен, Алла менен болгон байланышты түшүнүп жетүү негизинде жүргүзүүдөн тура турган кылды т.а. коомдо жана турмушта мусулмандардын иштерин жүргүзө турган коида шаръий өкүмдөргө карай боло турган экономикалык иш-амалдардан турат. Жарандарга болсо экономика иштеринде мыйзам катары шаръий өкүмдөргө байланышты негиз кылып алды. Демек, аларга Ислам уруксат берген нерселерге уруксат берип, ага байланып жүрүүнү буюрду. Алла Таала:

﴿وَمَا آتَاكُمُ الرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَاكُمْ عَنْهُ فَانْتَهُوا﴾

- *«Пайгамбар алып келген нерсени алгыла жана кайтарган нерседен кайткыла».* [59:7]

﴿يَاأَيُّهَا النَّاسُ قَدْ جَاءَتْكُمْ مَوْعِظَةٌ مِنْ رَبِّكُمْ وَشِفَاءٌ لِمَا فِي الصُّدُورِ﴾

*- «Эй адамдар, силерге Роббиңер тарабынан үгүт-насаат, дилиңердеги бузук ишеним-этикатыңарга шыпаа (Куран келди)».* [10:57]

﴿فَلْيَحْذَرِ الَّذِينَ يُخَالِفُونَ عَنْ أَمْرِهِ أَنْ تُصِيبَهُمْ فِتْنَةٌ أَوْ يُصِيبَهُمْ عَذَابٌ أَلِيمٌ﴾

*- «(Пайгамбардын) буйругуна тескери иш кыла турган кимселер өздөрүнө бирер фитна-кайгы жетип калышынан же жан чыдагыс азап жетип калышынан сактанышсын!».* [24:63]

﴿وَأَنِ احْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ﴾

*- «(Эй Мухаммад), алардын ортосунда Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын!».* [5:49]

Мусулмандар жана башкалардын бул өкүмдөргө амал кылууларын жеке адамдын таквасы жана мамлекеттин мыйзам чыгаруучулугу менен кепилдеди.

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اتَّقُوا اللَّهَ وَذَرُوا مَا بَقِيَ مِنَ الرِّبَا إِنْ كُنتُمْ مُؤْمِنِينَ﴾

*- «Эй момундар, Алладан корккула жана эгер чыныгы момун болсоңор, сүткордук саркындыларын таштагыла. (Т.а. адамдарга берген карыздарыңардан чыга турган пайданы албагыла)».* [2:278]

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِذَا تَدَايَنتُمْ بِدَيْنٍ إِلَى أَجَلٍ مُسَمًّى فَاكْتُبُوهُ﴾

*- «Эй момундар, бири-бириңер менен белгиленген мөөнөткө карыз мамилесин кылсаңар, жазып койгула! Араңарда бир жазгыч адилет менен жазсын!».* [2:282]

﴿إِلَّا أَنْ تَكُونَ تِجَارَةً حَاضِرَةً تُدِيرُونَهَا بَيْنَكُمْ فَلَيْسَ عَلَيْكُمْ جُنَاحٌ أَلاَّ تَكْتُبُوهَا﴾

*- «Бирок, эгер (ортодогу мамилеңер) араңарда жүргүзүп турган нак соода болсо, аны жазбасаңар-да, силер үчүн күнөө жок».*[2:282]

Көрүнүп тургандай, Ислам дини бул өкүмдөрдү кандай ишке ашырууну жана бул өкүмдөргө баш ийип баруу жоопкерчилигин да баян кылып берди.

Демек, Исламдагы экономикалык саясат белгилүү бир коомдо жашай турган адам деген этибарда ар бир адамдын керектөөлөрүн кандыруу о.э. керектөөлөрүн кандыруучу нерселерди алып чыгуу үчүн байлык арттыруу негизине курулган. Ал бир пикирге т.а. иштерди Алладан таква кылууга ылайык, ар бир адам тарабынан аткарыла турган, мамлекет тарабынан болсо жол-жорук жана мыйзамдар аркылуу аткарыла турган шаръий өкүмдөргө карата башкарууга негизделет.

**Жалпы экономикалык эрежелер**

Экономикага тиешелүү шаръий өкүмдөрдү карап чыгуудан маалым болгондой, Ислам адамдарга байлыктан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берүү маселесин чечкен жана бул нерсени коомдун

экономикалык проблемасы деп эсептейт. Ал экономика туурасында изденер экен, байлыкка ээлик кылууну, анын адамдар тарабынан иштетилишин жана адамдарга бөлүштүрүлүшүн үйрөнөт. Ушуга карай, экономикага тиешелүү өкүмдөр үч эрежеге негизделген болуп, алар: мүлкчүлүк, мүлкчүлүктү тасарруф кылуу, адамдарга байлыкты бөлүштүрүүдөн турат.

Мүлк Алланыкы. Анткени, Ал бардык мүлктөрдүн Ээси. Бул жөнүндө хужжат варид болгон. Алла Таала айтат:

﴿وَآتُوهُمْ مِنْ مَالِ اللَّهِ الَّذِي آتَاكُمْ﴾

*- «Аларга Алланын силерге берген малынан бергиле!».* [24:33]

Мүлк жалгыз Алланыкы. Бирок, Алла Таала адамды мүлккө ээликте өзүнө орунбасар кылды жана аларды мүлк менен камсыздап, аларга мүлккө ээлик кылуу укугун берди. Алла мындай дейт:

﴿وَأَنْفِقُوا مِمَّا جَعَلَكُمْ مُسْتَخْلَفِينَ فِيهِ﴾

*- «Ал зат силерди халифа кылып койгон нерселерден эхсан кылгыла!».* [57:7]

﴿وَيُمْدِدْكُمْ بِأَمْوَالٍ وَبَنِينَ﴾

*- «Силерге мал-дүйнө жана бала-чака менен жардам берет».* [71:12]

Ушул жерде көрүнгөндөй, Алла мүлктүн негизги ээсин баян кылып жаткан учурунда мүлктү Өзүнө нисбат берет жана айтат:

﴿مَالِ اللَّهِ﴾

– *«Алланын малы»* [24:33]

О.э. мүлктү адамдарга өтүшүн баян кылып жаткан учурда, аны адамдарга нисбат берет жана айтат:

﴿فَادْفَعُوا إِلَيْهِمْ أَمْوَالَهُمْ﴾

– *«Алардын малдарын өздөрүнө тапшыргыла»* [4:6]

﴿خُذْ مِنْ أَمْوَالِهِمْ﴾

– *«Алардын малдарынан алгын...»,* [9:103]

﴿فَلَكُمْ رُءُوسُ أَمْوَالِكُمْ﴾

– *«Малыңар-дасмияңар өзүңөргө»,* [2:279]

﴿وَأَمْوَالٌ اقْتَرَفْتُمُوهَا﴾

– *«Силер кесип кылып тапкан мал-дүйнөңөр»,* [9:24]

﴿وَمَا يُغْنِي عَنْهُ مَالُهُ﴾

– *«Мал-дүйнөсү ага пайда бербейт!»* [92:11]

Орун басар-халифа болуу аяты менен келген мүлкчүлүк адам перзенттеринин баары үчүн умумий-жалпы болуп, бул аркылуу алар мүлккө ээлик кылуу укугуна ээ болушту, бирок, бул чыныгы мүлкчүлүк эмес. Алар мүлккө ээлик кылууда орунбасар болот. Эми белгилүү бир адамдын чыныгы мүлкчүлүгүнө келсек, бул жерде Ислам жеке адамдын ээлик кылышы үчүн Алланын уруксаты болушун шарт кылды. Ошондуктан, Алла ээлик кылуу үчүн уруксат берген киши гана мүлккө ээлик кыла алат. Бул уруксат ушул адамдын мүлк ээси болгондугунун далалаты эсептелет. Бардык адамдардын мүлккө ээлик кылуулары умумий истихлаф (орунбасар кылуу) менен сабыт болду жана мүлкчүлүктүн бар экендигин көрсөттү, белгилүү бир жеке адамдын байлыкка ээлиги болсо жеке адамдын мүлккө ээлик кылышы жөнүндөгү Шореънин махсус (атайын) уруксаты менен ишке ашты.

Шарияттын баян кылышынча, шахсий (жеке менчик) мүлкчүлүк бар, ар бир жеке адам мүлккө ээ болуу себептеринин бири аркылуу байлыкка жетишүү укугуна ээ. Абу Давуд Самурадан, ал болсо Пайгамбар ﷺдан рыбаят кылат:

«مَنْ أَحَاطَ حَائِطًا عَلَى أَرْضٍ فَهِيَ لَهُ»

**«Кимде-ким бирер жерди дубал менен коргондоп алса, ал жер аныкы».** Үммөттүн баары үчүн умумий (жалпы элдик) мүлкчүлүк да бар. Ахмад мухажирлердин биринен рыбаят кылат. Пайгамбар ﷺ айтты:

«اَلْمُسْلِمُونَ شُرَكَاءُ فِي ثَلاَثٍ: فِي الْمَاءِ وَالْكَلأِ وَالنَّارِ»

**«Мусулмандар үч нерседе шерик: сууда, отто, чөптө».** Мамлекеттик мүлкчүлүк да бар. Бирер мусулман өлсө, анын мураскору болбосо, анын мал-мүлкү байтулмалга өтөт. Хирож, жизя жана башка салыктар да байтулмалдыкы. Байтулмалдагы зекеттен тышкаркы бардык мал-мүлк мамлекеттик мүлк эсептелет. Мамлекет өзү ээлик кыла турган байлыкты шаръий өкүмдөргө ылайык каалаган жерине коёт. Шарият жеке адам, үммөт жана мамлекет ээлик кылышы мүмкүн болгон себептерди баян кылып берди, булардан башкаларына тыюу салды.

Мүлкчүлүктү тасарруф кылууга келсек, умумий мүлктү тасарруф кылуу мамлекетке тапшырылды, себеби, ал үммөт наамынан иш жүргүзөт, бирок, Шореъ мамлекетти умумий мүлктү айырбаштоо же сыйлык кылып берүүдөн кайтарды, булардан башка абалдарда шаръий өкүмдөргө карап уруксат берди. Эми мамлекеттик мүлктү жана шахсий мүлктү тасарруф кылууга келсек, ал байтулмалга тиешелүү өкүмдөрдө жана соода-сатык же күрөөгө коюу сыяктуу проблемаларга тиешелүү өкүмдөрдө анык баян кылынган. Шарият

мамлекет жана жеке адамга өз мүлктөрүн Шарият өкүмдөрүнө карай белек кылуу, алмаштыруу жана мындан башка жолдор аркылуу иштетүүгө уруксат берди. Байлыкты адамдар ортосунда бөлүштүрүү болсо мүлккө ээлик кылуу себептери жана келишимдерде ишке ашат. Бирок, адамдардын күч-кубаттагы жана керектөөнү кандыруудагы айырмачылыктары өз ара байлыкты бөлүштүрүүнүн айырмалуу болушуна алып келет о.э. туура эмес бөлүштүрүү ыктымалы жүзөгө келет. Мунун натыйжасында бир тайпада байлык жыйылып, башка бир тайпа эчнерсесиз калышы күзөтүлөт. О.э. туруктуу айырбаштоо васитасы т.а. алтын жана күмүш топтолуп калат. Ошондуктан, Шарият байлыктын жалаң гана байлар ортосунда эмес, балким, бардык адамдар ортосунда айланышын шарт кылды о.э. зекети берилсе да алтын-күмүш топтоого тыюу салды.

## МҮЛКЧҮЛҮКТҮН ТҮРЛӨРҮ

### Жеке менчик (хусусий) мүлкчүлүк

Өз керектөөлөрүн кандырууга аракет кылуу адамда фитрий. Табигый түрдө, адам керектөөлөрүн кандыруу үчүн мал-мүлктү колго киргизүүгө аракет кылат. Бул зарылдык болуп, адам андан качып кутула албайт. Ошондуктан, байлыкка ээлик кылуу адамдын фитратында мавжуддугунан тышкары, качып кутулуунун мүмкүнчүнлүгү жок болгон зарурий иш. Ушуга ылайык, адамды байлык арттыруудан тосуу же адам колго киргизе турган байлыкты маалым бир өлчөм менен чектеп коюу адам фитратына тескери болуп, мындан кайтаруунун мүмкүнчүлүгү жок. Бирок, адамга мал-мүлктү каалаган жолу менен колго киргизүү жана каалаганынча тасарруф кылуу эркиндиги берилсе, бул эркиндик адамды ээнбаштык жана бузгунчулукка алып барат, жамандык жана бузукулукту келтирип чыгарат. Мунун себеби ушунда, адамдардын күч-кубаты жана талап-муктаждыктары бири-бириникинен айырмаланат. Адамдар өз абалына таштап коюлса, байлык зордукчулар колуна өтөт, алсыздар болсо андан куру кол калышат. Натыйжада, зордукчулар ысрапка берилип кетишет, кесел жана начарлар болсо кырсыкка махкум болушат. Ошондуктан, адамдардын байлыкты колго киргизүү жолунда аткара турган амалдары бардык адамдардын негизги муктаждыктары кандырылышын кепилдей турган жана башка керектөөлөрдү да эсепке ала турган түстө тартипке салынуусу лазым. Демек, адамдардын күч-кубаты, талап-муктаждыктары ар түрдүү болушуна карабастан, бардык адамдарды канаттандыра турган, фитратка ылайык келе турган т.а. адамдын негизги керектөөлөрүн кандыруу менен бир катарда башка керектөөлөрүн да эсепке ала турган түзүм болушу зарыл. Мындан келип чыгып, мүлкчүлүк белгилүү бир абал

менен чектелиши лазым. Ал эми, мүлкчүлүккө тыюу салуу же белгилүү бир өлчөм менен чектеп коюу мүмкүн эмес. Анткени, бул адам фитратына тескери, себеби, ал адам байлыкты колго киргизүү жолунда кыла турган аракеттерин чектеп коюу жана мүлкчүлүк эркиндигине каршы күрөшүү эсептелет. Мунун акыбетинде адамдар ортосундагы алакалар бузулат, бузгунчулук жана бузукулук күч алат. Чындыгында, Ислам жеке менчик мүлкчүлүккө жол ачып берди, анын өлчөмүн эмес, абалын гана чектеди, фитратка ылайык келе турган түзүм менен адамдар ортосундагы алакаларды тартипке салды жана адамдын бардык керектөөлөрүнүн туура кандырылышын кепилдеди.

**Жеке менчик мүлкчүлүктүн аныктамасы**

Жеке менчик мүлкчүлүк «айн» (мавжуд белгилүү бир нерсе) же пайдага каратылган шаръий өкүм болуп, бирер нерсеге жетишкен жеке адамга ошол нерседен пайдалануу же анын ордуна эваз-акы алуу мүмкүнчүлүгүн берет. Мисалы, нан ээси нанды жеш же акчага сатуу укугуна, үй ээси болсо үйдө жашоо же аны сатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Бул орунда нан да, үй да «айн» (мавжуд нерсе) деп каралат. Бул эки нерседеги шаръий өкүм болсо адамга Шореъ тарабынан ошол нерселерди истемал кылууга, алардан пайдаланууга же аларды бадал ордуна алмаштырууга берилген уруксат. Демек, Шореънин уруксаты нерсе ээсине т.а. уруксат алган адамга нандан жеп, үйдөн жашап пайдалануу, же аларды сатуу укугун берет. Нанга карата шаръий өкүм мавжуд нерсенин дал өзүнө каратылган болуп, аны истемал кылуу уруксатын берет, үйгө карата шаръий өкүм болсо пайдага каратылган болуп, үйдөн пайдалануу укугун берет. Демек, мүлкчүлүк – «айн»дан б.а. мавжуд нерседен пайдаланууга Шореъ тарабынан берилген уруксат. Ушуга ылайык, мүлккө ээ болуу укугу да, аны колго киргизүү себептери да бир гана Шореъ тарабынан белгиленет. Демек, нерсеге ээ болуу укугу нерсенин өзүнөн же анын табияты т.а. пайдалуу же пайдасыздыгынан келип чыкпайт, балким, аны пайда кылган нерсе Шореънин уруксаты жана бул уруксатты нерсеге ээлик кылууну мубах кылуучу себеп кылып койгондугу. Адам ушул уруксат себептүү нерсеге шаръан ээлик кылуу укугуна ээ болот. Ошондуктан, Шореъ айрым нерселерге ээ болууга уруксат берген болсо, айрымдарынан кайтарды, айрым акддарды (келишимдерди) түзүүгө уруксат берген болсо, айрымдарына тыюу салды. Мисалы, Алла Таала ар бир мусулманга арак жана доңуз эти сыяктуу нерселерге ээлик кылууга тыюу салды, Ислам Мамлекетинин ар бир жаранына сүткордук же кумар жолу менен табылган малга ээ болууну арам кылды. Ушуну менен бирге, Шореъ соодану адал, сүткордукту болсо арам кылды, шериктикке уруксат берип,

кооперативдик жамааттарга, акционердик жана сугурта компанияларына тыюу салды.

Шарият мүлктү колго киргизүү жана анда тасарруф жүргүзүү тууpaсында маалым шарттарды койду. Бул шарттарга ылайык, мүлкчүлүк коом пайдасы алкагынан чыкпашы керек. Шарият бул шарттарды белгилөөдө адамга өзгөчө жеке адам катары эмес, балким, коомдун ажыралгыс бөлүгү жана белгилүү бир коомдо жашай турган адам катарында карап, анын пайдасын да эсепке алат. Адам ээлик кылган мүлктөн пайдалануу Шореънин уруксаты менен пайда болду т.а. ээлик негизи Шореъге хас болуп, аны Өзү тарабынан белгиленген шаръий себепке ылайык жеке адамга инъам кылган. Демек, ээлик Шореънин белгилүү бир жамааттагы жеке адамды маалым бир нерсеге ээ кылышы болуп, мунсуз жеке адамдын нерсеге ээлик кылууга акысы болбойт.

Нерсеге ээлик бир гана андан алына турган пайдага ээ болуу эмес, балким, нерсенин пайдасы менен бирге анын өзүнө да ээлик кылуу дегени. Ушуга ылайык, мүлкчүлүктүн чыныгы мааниси – «айн»дан б.а. мавжуд нерседен шарият көрсөтүп берген түстө пайдалануу.

Жеке менчик мүлкчүлүктүн бул аныктамасына негизделип, төмөнкү нерселерди түшүнүүгө болот: Мүлккө ээ болуунун шарият уруксат берген бир канча себептери, бул мүлктү тасарруф кылуунун белгилүү бир абалдары, мүлктөн пайдалануунун белгилүү бир абалы бар. О.э. шахсий мүлкчүлүк укугуна кол сала тургандардан эсептеле турган окуялар да бар. Ошентип, бул аныктамадан Шореъ мубах кылган ээликтин чыныгы маанисин о.э. бул ээликти колго киргизүүгө аракет кылуунун жана ээ болгон нерседен пайдалануунун маанисин түшүнүп алуу мүмкүн, башкача айтканда, бул аныктама мүлкчүлүктүн чыныгы маанисине далалат кылат.

**Мүлкчүлүктүн мааниси**

Жеке менчик мүлкчүлүк укугу жеке адам үчүн шаръий укук болуп, ал кыймылдуу жана кыймылсыз мүлккө ээ болушу мүмкүн. Бул укук шарият мыйзамдары жана көрсөтмөлөрү менен белгиленген жана кепилденген. Мүлкчүлүк укугу шарият белгилеген малиявий (финансылык-каржылык) кыйматка ээ пайда болушу менен бирге, ал жеке адамга өзүнүн ыктыярдуу иштеринде өкүмдарлык укугу берилгени сыяктуу, ээ болгон мүлкүндө иш жүргүзүшү үчүн ушул мүлк үстүнөн өкүмдарлык укугу берилишин да түшүндүрөт. Ошондуктан, мүлкчүлүк укугун чегаралап коюу Алланын буйрук жана кайтаруулары чөйрөсүнөн четке чыкпашы керектигин аңдайбыз.

Мүлкчүлүктүн мындай чектелгендиги мүлккө ээлик кылуу укугун бере турган шаръий себептерде көрүнгөнү сыяктуу уурулук,

каракчылык жана баскынчылык сыяктуу жаза-укубатка алып бара турган абалдарда о.э. мунун тескериси болгон абалдарда да өз маанисин тапкан. О.э. мүлкчүлүктүн чектеп коюлганы мүлктө тасарруф жүргүзүү укугунда, тасарруф мубах же арам кылынган абалдарда, бул абалдардын аныктамасы жана баянында көрүнөт. Ислам мүлкчүлүктүн өлчөмүн эмес, абалын гана чектеди. Муну төмөндөгү иштерден даана көрүүгө болот:

1. Ислам мүлктү колго киргизүү жана аны көбөйтүү себептерин чектеп, колго киргизилген мүлк өлчөмүн чектебеди.

2. Мүлктү тасарруф кылуу абалын чектеди.

3. Хирожий жерлерди адамдар үчүн мүлк кылбастан, мамлекет мүлкүнө айлантты.

4. Айрым абалдарда жеке менчик мүлктү адамдын ыктыярына каршы түрдө умумий мүлккө айландырды.

5. Өз керектөөлөрүн кандырууга кудуреттүү болбогон адамдарга муктаждыктарын каптай турган өлчөмдө нафака белгиледи.

Мындан көрүнүп тургандай, жеке менчик мүлкчүлүктүн мааниси жеке адам үчүн өз мүлкү үстүнөн чегараланган белгилүү бир абалга өкүмдарлык кылуу укугун вужудка келтирүү болуп, бул чегараланган белгилүү бир абал мүлкчүлүктү жеке адамдын шаръий укугуна айлантат. Шарият жеке менчик мүлкчүлүк укугун коргоону мамлекет мойнуна жүктөдү жана жеке менчик мүлкчүлүк укугун урматтоо, асыроо жана кол салуучулардан коргоонуу важып кылды. Ошондуктан, бул укукту тебелеген ар бир адам үчүн катуу жаза чараларын белгиледи. Уурулук, каракчылык жана башка шаръий эмес иштерге жаза белгилегени сыяктуу, кишилерди мыйзамсыз жолдор менен байлык арттыруу жана бирөөлөрдүн мүлкүнө көз артуудан тыйып коё турган тарбиялык жолдонмолорду да иштеп чыкты. Тыянактап айтканда, мүлкчүлүк дегенден бир гана адал малга ээ болуу түшүнүлүп, арам мал болсо мүлк болбойт. Анткени, арам мал мүлк деп эсептелбейт жана ага мүлкчүлүк мааниси туура келбейт.

## МАЛГА ЭЭ БОЛУУ СЕБЕПТЕРИ

Кандай болбосун ээлик кылына турган ар кандай нерсе мал-мүлк болуп саналат. Мал-мүлктү колго киргизүү себептери – бул жеке адам мурун ээ болбогон мүлккө аны ээ кылган себептер. Ал эми, малды бадал ордуна алмаштыруунун бардык түрлөрү мүлктү колго киргизүү себептеринен эсептелбей, балким «айн» - мавжуд нерсеге ээ болуу себептеринен. Себеби, ал белгилүү бир мал ордуна башка малга ээ болуу. Анткени, бул орунда малдын негизи адам мүлкү болуп, болгону, андан айрым нерселерди башка нерсеге айырбаштоо (алмаштыруу) садыр болгон. О.э. соода пайдасы, үй

ижарасы же дыйканчылык түшүмү сыяктуу мүлктүн көбөйүү себептери да мүлктү колго киргизүү васитасы эсептелбейт. Себеби, бул нерселерде, кээ бир жаңы малга ээ болунса да, бирок, бул жаңы мал башка малдан пайда болгон. Демек, бул нерселер мүлккө ээ болуу себептеринин катарына кирбейт, балким, малды өстүрүү, көбөйтүү себептеринен. Бул орундагы талкуу темасы болсо мүлккө ээ болуу, башкача айтканда, башында мавжуд болбогон мүлктү колго киргизүү жөнүндө. Мүлккө ээ болуу себептери менен мүлктү көбөйтүү себептеринин ортосундагы айырма ушул, мүлккө ээ болуу мурун мавжуд болбогон малды т.а. малдын аслин колго киргизүү; мүлктү көбөйтүү, өстүрүү болсо, мурунтан бар жана адамдын мүлкү эсептелген малды көбөйтүү. Себеби, бул абалда мал мурунтан мавжуд болуп, ал көбөйтүп, өстүрүлгөн гана болот. Чындыгында, шариятта мүлккө ээ болуу жана мүлктү көбөйтүүнүн ар бирине тиешелүү шаръий өкүмдөр баян кылынган. Шариятта соода жана ижара акды (келишимдери) сыяктуу мүлктү өстүрүүгө тиешелүү өкүмдөр менен бирге аңчылык жана музороба сыяктуу мүлккө ээ болууга тиешелүү өкүмдөр да бар. Демек, мүлккө ээ болуу себептери – аслды т.а. мурун болбогон мал мүлктү колго киргизүү васиталары. Мүлктү өстүрүү себептери болсо мүлккө ээ болуу себептеринин бири менен адамдын мүлкүнө айланган ошол аслды (малды) көбөйтүү васиталары.

Мүлккө ээ болуунун Шореъ тарабынан белгиленген белгилүү бир себептери бар, адамдын алардан ооп кетиши жайыз эмес. Мындан келип чыгып, мүлккө ээ болуу себептери шарият тарабынан белгиленет. Мүлкчүлүктүн «айнга (мавжуд нерсеге) же пайдага каратылган шаръий өкүм» делген аныктамасы мүлккө ээ болуу үчүн Шореънин уруксаты болушун талап кылат. Демек, мүлктү колго киргизүү үчүн Шореъ уруксат берген себептер бар болушу лазым. Ушуга ылайык, шаръий себеп табылса гана мүлккө ээ болунат. Ал эми, шаръий себеп табылбаса, адам малды иш жүзүндө колго киргизсе да, мүлккө ээ болгон эсептелбейт. Себеби, мүлккө ээлик – Шореъ уруксат берген шаръий себеп менен малды колго киргизүү. Чындыгында, шарият мүлккө ээ болуу себептерин белгилүү абалдар менен чектеди жана бул себептерден келип чыга турган фуруат жана жузъий маселелердин өкүмдөрүн да баян кылды. Шарият бул себептерди куллий нерселер менен иллеттебегени үчүн аларга башка куллий иллеттер кыясталбайт. Мунун себеби, кийинки кылымдарда жүзөгө келген керектөөлөр жаңы жаратылып жаткан малдарда көрүнүп, проблемаларда болсо эч качан жаңылык болбойт т.а. жаңылык алака түзүмүндө эмес, балким, алака темасында болот. Ошондуктан, мамилелерди белгилүү бир абалдарга чектеп коюу т.а. жаңы пайда болгон көптөгөн

керектөөлөргө о.э. мүлккө мүлктүгү, эмгекке эмгектиги себептүү ылайык келе турган белгилүү бир абалдарга чектеп коюу лазым болот. Ошондо жеке менчик мүлкчүлүк адам фитратына ылайык келе турган түстө чектелген болот жана бул мүлкчүлүктү чектебей, тизгинсиз коюп жиберүү акыбетинде жүзөгө келе турган коркунучтардан коомду асырай турган түстө мүлкчүлүк тартипке салынган болот. Үйлөнүү «нав» гарыйзасынын бир көрүнүшү, ибадат болсо «тадайюн» гарыйзасынын көрүнүштөрүнүн бири болгону сыяктуу, жеке менчик мүлкчүлүк да «бако» гарыйзасынын бир көрүнүшү. Адамга бул гарыйзаларды каалаганынча кандыруу эрки берип коюлса, бул укук адамды бактысыздык, тынчсыздык, кайрытабигый же туура эмес кандырууларга алып барат. Ошондуктан, адам жетише турган мал-мүлктү белгилүү бир ченемде чектөө лазым. Бул ченем менен чектелбесе, адамдар кайсы жол менен болбосун дүйнөнү колго киргизүүгө аракет кылышат. Бул ууч адамдар мал-мүлк аркылуу бүткүл үммөт үстүнөн өкүмдарлык кылып, калган өтө көпчүлүк адамдар болсо, ал тургай, айрым бир муктаждыктарын кандыруудан да махрум болуп калышат. Мал-мүлк артынан ал мал-мүлк болгондугу үчүн гана куулбашы керек. Эгер мындай боло турган болсо, адам жыргал, бейгам жашоо лаззатын татпай турган болуп калат, мал-мүлк, байлыктар адамдардын колуна тийбестен, казына жана оролордо басылып жата берет. Мындай болбошу үчүн мүлккө ээ болуу себептери чектелиши зарыл.

Жеке менчик мүлкчүлүккө тиешелүү шаръий өкүмдөрдү үйрөнүп чыксак, мүлккө ээ болуу себептери беш нерседен турганын көрөбүз.

1. Эмгек.
2. Мурас.
3. Жашоо үчүн мал-мүлккө болгон муктаждык.
4. Мамлекеттин өз малдарынан калкка бериши.
5. Жеке адамдар мал же эмгек сарптабай ала турган малдар.

## МҮЛККӨ ЭЭ БОЛУУ СЕБЕПТЕРИНИН БИРИНЧИСИ

### Эмгек

Козукарын сыяктуу табигый мавжуд болгон, же нан жана машина сыяктуу адамдын мээнет-аракети менен жүзөгө келе турган малдын ар кандай түрүнө терең назар салынса, бул нерселерди колго киргизүү үчүн эмгек кылуу керектиги көзгө ташталат.

Амал (эмгек) сөзүнүн далалаты кең болгондугу жана амалдын түрлөрү, формалары ар түрдүү, натыйжалары түрдүүчө болгондугу үчүн Шореъ амал сөзүн жалпы бойдон калтырбады о.э. амалды жалпы түрдө эмес, балким, чектелген белгилүү бир түрдө көрсөттү о.э. бул амалдарды жана анын түрлөрүн көрсөтүүдө малга ээ болуу

себептеринин бирине жарай турган нерсени баян кылып өттү. Шаръий өкүмдөрдү үйрөнүп чыгуудан ушул нерсе айкындашат, малга ээ болуу үчүн төмөндөгү амалдын түрлөрү себеп болот:

1. Өлүк жерди тирилтүү.
2. Жер асты казылмаларын же абадагы нерселерди чыгарып алуу.
3. Аңчылык.
4. Далдалдык.
5. Музороба.
6. Мусакот.
7. Башкалар үчүн акы ордуна иштөө.

**Өлүк жерди тирилтүү**

Өлүк жер – ээси болбогон, эч ким пайдаланбай турган жер. Тирилтиш деп ага эгин эгүү же дарак отургузуу же имарат куруу, башкача айтканда, тирилтүүнү түшүндүрө турган ар кандай түстө ага иштөө берип, андан пайдалануу. Жеке адамдын жерди тирилтиши ошол жерди анын мүлкү кылып коёт. Расулулла ﷺ айткан:

«مَنْ أَحْيَا أَرْضًا مِيتَةً فَهِيَ لَهُ»

**«Кимде-ким өлүк жерди тирилтсе, ошол жер аныкы».** Бухарий Умардан рыбаят кылган:

«مَنْ أَحَاطَ حَائِطًا عَلَى أَرْضٍ فَهِيَ لَهُ»

**«Кимде-ким бирер жерди дубал менен коргондоп алса, ал аныкы»** жана дагы айтат:

«مَنْ سَبَقَ إِلَى مَا لَمْ يَسْبِقْهُ إِلَيْهِ مُسْلِمٌ فَهُوَ لَهُ»

**«Кимде-ким бирер мусулман андан мурун барбаган жайга мурун барса, ошол жай аныкы».** Бул хадисти Табароний «ал-Кабир» китебинде рыбаят кылды. Бул хадистердин умумийлигине карай, бул жаатта мусулман менен зиммийдин ортосунда айырма жок. Зиммий жай кылып алган өрөөндөр, бадалзарлар жана тоолордун баштары анын мүлкү болуп, андан аны тартып алуу жайыз эмес экен, демек, өлүк жер анын мүлкү болууга дагы да ылайыктуу. Бул өкүм ар бир жерде – Дорул Исламда болобу же Дорул харбда болобу, ушрий же хирожий жерде болобу – умумий болуп саналат. Бирок, ага ээ болуу шарты ушул, ушул жерди алганынан кийин 3 жыл бою ага иштөө берип, түшүм алышы жана иштөө берип жерди ушул түстө тирилтиши уланышы керек. Ошондуктан, эгер алган убагынан баштап 3 жыл мөөнөт учурунда бул жерди иштетпей, андан пайдаланбаса, же арты-артынан 3 жылга чейин таштап койсо, ал жерге ээлик укугу бекер

кылынат. Абу Юсуф «ал-Хирож» китебинде Саид ибн Мусаййабдан ушуну рыбаят кылды: Умар ибн Хаттаб айтты: **«Жерди таштап коюучунун үч жылдан кийин бул жерге ээлик укугу калбайт»**. Байхакийдин «Сунан»ында болсо Амр ибн Шуайбдан мындай рыбаят кылынат: Умар 3 жыл мөөнөт таштап коюуну жерди таштап коюу деп эсептөөгө буюрду. Ошондуктан, эгер жерди таштап койсо, 3 жыл өткөндөн кийин башка бир адам бул жерди тирилтсе, ага ээлик кылууга акылуурак болуп калат. **Чындыгында, Умар сахабалардын көз алдында бул сөздү айтып, ушул сөзгө амал кылган жана сахабалар ага каршылык билдиришпеген, демек, бул ижма болгон.**

**Жер астындагы нерселерди чыгарып алуу**

Эмгек түрлөрүнүн дагы бири жер астындагы жамаат зарылчылыктарынан эсептелбеген нерселерди казып алуу. Ал риказ делип, фикхий атама менен айтканда мусулмандар оммасынын акысы болбогон нерсе. Аны казып алган адам $^{4}/_{5}$үнө ээ болуп, $^{1}/_{5}$ин ушул нерсенин зекети кылып берет. Эгер жамаат зарылчылыктарынан т.а. мусулмандар оммасына тиешелүү нерсе болсо, ал умумий мүлккө кирет. Бул экөөсүнүн айырмасы ушунда, эгер адам эмгеги менен жерге көмүлгөн же жамаат муктаждыгын каптабай турган даражада аз болсо, ал риказ. Негизи жер астында бар болуп, ага жамаат муктаж болсо, ал риказ эмес, умумий мүлк болот. Эгер имарат жана башкалар үчүн таш казып алына турган таш кендери сыяктуу өзү аслий, бирок, ага жамаат муктаждыгы түшпөй турган болсо, ал жеке менчик мүлккө кирет. Риказга ээ болуу жана $^{1}/_{5}$ин зекетке берүү хадиси-шариф менен далилденген. Насаий Амр ибн Шуайбдан, ал болсо атасы аркылуу чоң атасынан рыбаят кылып айтат: **«Расулулла ﷺдан табылга жөнүндө суралды. Ал киши:**

«سُئِلَ رَسُولُ اللهِ ﷺ عَنْ الُّلقَطَةِ فَقَالَ: مَا كَانَ فِى طَرِيقٍ مَأْتِىٌّ، أَوْ فِى قَرْيَةٍ عَامِرَةٍ فَعَرَّفَهَا سَنَةً فَإِنَّ جَاءَ صَاحِبُهَا وَإِلاَّ فَلَكٌ، وَمَا لَمْ يَكُنْ فِى طَرِيقٍ مَأْتِىٌّ وَلاَ فِى قَرْيَةٍ عَامِرَةٍ فَفِيهِ وَفِى الرِّكَازِ الْخَمْسِ»

**Эгер (адамдар) көп өтө турган жол же калк көп жашай турган (шаар) кыштакта болсо, аны бир жыл жарыя кыл, ээси келсе келди, келбесе ал сеники. Эгер (адамдар) көп өтө турган жолдо жана калк көп жашай турган кыштакта болбосо анда жана риказда $^{1}/_{5}$ - деди».** Жер астындагы нерселерди казып алуу катарына абадагы кычкылтек жана азотту ажыратып алуу да о.э. Алла Таала жаратып, андан пайдаланууга

уруксат берген жана шарият адал кылган бардык нерсени казып алуу да кошулат.

**Аң**

Эмгек түрлөрүнүн дагы бири – аңчылык. Мисалы, балык, марварид, дүр, булут (суу жаныбары) жана ушул сыяктуу деңиз аңдарын уулаган адам аларга ээ болот. Кудум перенде, айбанат жана ушул сыяктуу кургактык аңдарындагы абал сыяктуу, аларга да уулаган адам ээлик кылат. Алла Таала айтат:

﴿أُحِلَّ لَكُمْ صَيْدُ الْبَحْرِ وَطَعَامُهُ مَتَاعًا لَكُمْ وَلِلسَّيَّارَةِ وَحُرِّمَ عَلَيْكُمْ صَيْدُ الْبَرِّ مَا دُمْتُمْ حُرُمًا﴾

*- «Силерге өзүңөр жана башка мусапырлар пайдаланышы үчүн деңиз (суу) аңы жана анын жемиштери (т.а. силер уулабай өзү жээкке чыгып калган нерселер) адал кылынды. Дагы эгер эхрамда болсоңор, силерге кургактагы аңдар арам кылынды»,*

[5:96]

﴿وَإِذَا حَلَلْتُمْ فَاصْطَادُوا﴾

*- «(Эхрамдан чыгып) адал болгондон кийин, аң уулай бергиле»,*

[5:2]

﴿يَسْأَلُونَكَ مَاذَا أُحِلَّ لَهُمْ قُلْ أُحِلَّ لَكُمُ الطَّيِّبَاتُ وَمَا عَلَّمْتُمْ مِنَ الْجَوَارِحِ مُكَلِّبِينَ تُعَلِّمُونَهُنَّ مِمَّا عَلَّمَكُمُ اللَّهُ فَكُلُوا مِمَّا أَمْسَكْنَ عَلَيْكُمْ وَاذْكُرُوا اسْمَ اللَّهِ عَلَيْهِ﴾

*- «(Эй Мухаммад, момундар) сенден өздөрү үчүн эмнелер адал кылынгандыгын сурашат. Айткын: «Силер үчүн бардык пакиза нерселер жана дагы силер колго үйрөткөн жаныбарлардын (кармап алып келген аңдары) адал кылынды. Эми, алар силер үчүн кармап келген нерселерди жей бергиле жана (аларды ууга коё берип жатканыңарда) Алланын наамын зикир кылгыла!».* [5:4]

Абу Саълаба Хошаний рыбаят кылып айтат:

«أَتَيْتُ رَسُولَ اللهِ ﷺ فَقُلْتُ يَا رَسُولَ اللهِ إِنَّا بِأَرْضِ صَيْدٍ، أَصِيدُ بِقَوْسِي، وَأَصِيدُ بِكَلْبِي الْمُعَلَّمِ، وَأَصِيدُ بِكَلْبِي الَّذِى لَيْسَ بِمُعَلَّمٍ، فَأَخْبِرْنِى مَاذَا يَصْلُحُ لِي؟ قَالَ: أَمَّا مَا ذَكَرْتَ إِنَّكُمْ بِأَرْضِ صَيْدٍ فَمَا صِدْتَ بِقَوْسِكَ وَذَكَرْتَ اسْمَ اللهِ عَلَيْهِ فَكُلْ، وَمَا صِدْتَ بِكَلْبِكَ الْمُعَلَّمِ وَذَكَرْتَ اسْمَ اللهِ عَلَيْهِ فَكُلْ، وَمَا صِدْتَ بِكَلْبِكَ الَّذِى لَيْسَ بِمُعَلَّمٍ فَأَدْرَكْتَ ذَكَاتَهُ فَكُلْ»

**«Расулулла ﷺдын алдына келип: Я Расулулла, биз аңчылык кылына турган жердебиз, жаа менен уулайм, үйрөтүлгөн итим менен уулайм жана үйрөтүлбөгөн итим**

**менен уулаймын. Мага кайсы бири тууралыгын айтыңыз, - дедим. Ал киши: «Силер аңчылык жеринде экениңерди айттың, Алланы зикр кылып, жааң менен уулаган нерсеңди жей бер, Алланы зикр кылып, үйрөтүлгөн итиң менен уулаган нерсени жей бер, үйрөтүлбөгөн итиң менен уулаган нерсеңди шаръий союп, аруулашка үлгүрө алсаң, жей бер», - деди».** Насаий жана ибн Можа рыбаят кылган.

**Ваститачылык жана далдалдык**

Васитачы (ортомчу) алты-саттыда акы эвазына бирөөгө иштей турган адам болуп, ал далдалга да туура келет, себеби, ал да алды-саттыда акы ордуна бирөөгө иштейт. Васитачылык шаръий мүлккө ээ болуна турган эмгек түрлөрүнүн бири. Абу Давуд Кайс ибн Абу Гарза Кинанийден рыбаят кылды: «Расулулла ﷺдын доорунда васитачылар деп аталчу элек. Алдыбыздан Расулулла ﷺ өтүп калып, андан жакшыраак ат менен бизди атап айтты:

«يَا مَعْشَرَ التُّجَّارِ إِنَّ الْبَيْعَ يُحْضِرُهُ اللَّغْوَ وَالْحَلْفَ فَشُوبُوهُ بِالصَّدَقَةِ»

**Эй соодагерлер (тижаратчылар) жамааты, соодада бекерчи сөздөр жана ант ичүү болуп турат. Аны садака менен өчүргүлө».** Мунун мааниси мындай, малды өтө мактап артыкча сөздөрдү да сүйлөп жиберет, кээде малын өткөзүү үчүн ойлонбой ант ичип жиберет, анын изин (зыянын) кетирүү үчүн садакага чакырылат. Соода-сатык үчүн акы ала турган иши же мал менен, же мөөнөт менен белгиленген болушу лазым. Бирөөнү балан үйдү же балан малды сатып алуу, же сатып берүү үчүн кызматка жалдоо мүмкүн о.э. бир күн кечке анын малын сатып берүү же ага сатып алып берүү үчүн кызматка жалдоо мүмкүн. Бирок, белгисиз эмгек үчүн кызматка алса, бул туура эмес болот.

Кээ бир жалданган жумушчулардын (кызматкерлердин) кыла турган иштери васитачылык эмес. Ал ушундан турат, соодагер экинчи бир соодагерден мал сатып алуу үчүн элчи кылып кызматчысын жиберет, экинчи соодагер болсо өзүнөн мал сатып алганы үчүн бул кызматчыга акча берет, бирок, бул акчаны мал баасынан деп эсептебейт, балким, бул акчаны кызматкер соодагерден далдалдык үчүн алынган акы деген этибарда өзүнө алып калат. Бул аларда «комиссиондук төлөм» деп аталат. Негизи болсо, бул васитачылык эсептелбейт. Себеби, (жалданган) адам соодагердин өкүлү болуп, ал ушул соодагер үчүн мал сатып алып жатат. Демек, (мал) баасынын азайып арзандашканы элчиники эмес, балким, ушул малды сатып алган соодагердики. Ошондуктан, элчиге бул акыны алышы арам болот, себеби, ал аны элчи кылып жиберген соодагердики. Болгону, эгер жиберген адам бул акыдан кечип жиберсе гана аны алышы мүмкүн. О.э. эгер кызматкери же

досун нерсе алып келүү үчүн жиберсе жана сатуучу ага акы берсе т.а. андан мал алганы эвазына акы төлөсө, аны (өзүнө) алышы мүмкүн эмес, себеби, ал виситачылык болбой, жиберген адамдын малын уурдоо болот. Себеби, бул акы жибергендики, сатып алып жаткан элчиники эмес.

**Музороба**

Музороба дегени – эки киши бир тижаратта катышат да, биринен мал, экинчисинен иш болот. Т.а. бир кишинин дени, башка кишинин малы шерик болуп, биринен эмгек, башкасынан мал болот. Бири акча чыгарып, башкасы аны иштетип, пайдасы же маалым бир өлчөмүнө келишүүлөрү (музороба болот). Мисалы, бири миң сом акча чыгарат, башкасы ушул акча менен иш кылат, пайда болсо ортодо болот. Малды иштөөчүгө берип, аны өз абалына коюу керек, себеби, музороба (шериктик) малды иштөөчүгө тапшырылышын талап кылат. Иштөөчү мал ээсине пайданын $^{1}/_{3}$ин же жарымын жана же өздөрү келишкен өлчөмдү шарт кылып коюшу мүмкүн – себеби, иштөөчү өз эмгеги менен пайдага акылуулугу себептүү ижара акысы же мусакот маселесиндеги мөмөнүн бир бөлүгү сыяктуу азбы-көппү – келишилген өлчөм мүмкүн болот. Музороба да шаръий жол менен мүлккө ээ болуна турган эмгек түрлөрүнүн бири болуп, иштөөчү өз эмгеги менен тапкан тижарат пайдасындагы малды келишүүлөрүнө ылайык алат. Музороба ширкат (шериктик) түрлөрүнүн бири. Себеби, ал дене (т.а. бир кишинин кол күчү) жана мал шериктиги. Шериктик болсо шарият мүмкүндүгүн айтып өткөн мамилелер катарына кирет. Себеби, Абу Хурайрадан мындай дегендиги рыбаят кылынат: Расулулла ﷺ айтты:

«إِنَّ اللهَ يَقُولُ: أَنَا ثَالِثُ الشَّرِيكَيْنِ، مَا لَمْ يَخُنْ أَحَدُهُمَا صَاحِبَهُ، فَإِذَا خَانَهُ خَرَجْتُ مِنْ بَيْنِهِمَا»

**«Алла Таала: Мен бири-бирине кыянат кылбай жаткан эки шериктин үчүнчүсүмүн, эгер бири экинчисине кыянат кылса, араларынан чыгып кетемин, - деди».** Бул хадисти Абу Давуд рыбаят кылды. Дорукутний рыбаят кылган хадисте болсо, Расулулла ﷺ мындай деди:

«يَدُ اللهِ عَلَى الشَّرِيكَيْنِ، مَا لَمْ يَخُنْ أَحَدُهُمَا صَاحِبَهُ، فَإِذَا خَانَ أَحَدُهُمَا صَاحِبَهُ رَفَعَهَا عَنْهُمَا»

**«Алланын колу эки шерик үстүндө, ырас, алар бири-бирине кыянат кылышпаса. Эгер бири шеригине кыянат кылса, Алла алардан берекени көтөрөт».** Табароний болсо «ал-Кабир» китебинде ибн Аббастан мындай дегендигин рыбаят кылды: **Аббас ибн Абдулмутталиб качан музоробага мал**

**берсе, шеригине бул мал менен деңизде жүрбөөнү, өрөөндөргө токтобоону жана малга тирүү жанзаттарды сатып албоону, эгер бул шарттар бузулса, төлөөнү шарт кылып коёр эле. Анын мындай шарт коюшу туурасындагы кабар Расулула ﷺга жетип барганда, ал киши буга уруксат берди. Сахабалар да – алардан Алла ыраазы болсун – музоробанын жайыздыгына ижма кылышкан. Умар жетимдин малын музоробага берер эле. Анын ушундай кылгандыгы ибн Аби Шайбанын китебинде айтылган. Усман да бир кишиге музоробага мал берген. Музоробада иш кылуучу бирөөнүн малы менен иш жүргүзүп өзүнө мүлк арттырат. Демек, музороба иш кылуучуга карата эмгек жана мүлккө ээ болуу себептеринин бири, бирок, мал ээсине карата мындай себеп болбойт, балким, ал үчүн мүлктү өстүрүп, көбөйтүү себептеринин бири болот.**

**Мусакот**

Эмгек түрлөрүнүн дагы бири мусакот болуп, бир киши өз дарагын башка бир кишиге мөмөсүнүн маалым бир бөлүгү эвазына сугарып жана башка керектүү иштерди кылып турушу үчүн берүүсүнө айтылат. Бул сөз «сако» сөзүнөн алынган болуп, «сугаруу» маанисин билдирет. Себеби, Хизаж (Арабстан жарым аралы) калкы өздөрү эккен дарактар сугарууга көбүрөөк муктаж болгондугу себептүү, аларды кудук суулары менен сугарышар эле. Ошондуктан, бакты кароо ушундай аталган. Мусакот да шарият уруксат берген эмгектер катарына кирет. Муслим Абдулла ибн Умар ؓдан:

«عَامَلَ رَسُولُ اللهِ ﷺ أَهْلَ خَيْبَرٍ بِشَطْرٍ مَا يَخْرُجُ مِنْهَا مِنْ ثَمَرٍ أَوْ زَرْعٍ»

**«Расулулла Хайбар калкы менен ал жерден чыга турган мөмө же эгиндин жарымына (келишип) мамиле кылды»** - дегенин рыбаят кылган. Мусакот курма, мөмөлүү дарак жана жүзүмдө жайыз болот. Мында жумушчуга бул мөмөлөрдөн маалым бир өлчөм ажыратып берилет. Бул өкүм (жалаң) мөмөсү бар болгон дарак жөнүндө. Тал сыяктуу мөмөсү болбогон, же карагай, кедр сыяктуу мөмөсү керексиз дарактарда мусакот жайыз эмес. Себеби, мусакот мөмөнүн бир бөлүгүнө болот. Бирок, (мөмөсү болбосо да) жалбырагы керек болгон тыт жана гүл сыяктууларда мусакот жайыз. Себеби, ал мөмө маанисинде болуп, ар жылы кайталанып тура турган өсүү болуп саналат, аны алуу жана бир бөлүгүнө мусакот кылуу мүмкүн. Мында да кудум мөмөлүү дарактын өкүмү болот.

**Жумушчу жалдоо**

Ислам иштей турган жумушчулар (кызматчылар) жалдоого уруксат берди. Алла Таала айтат:

﴿أَهُمْ يَقْسِمُونَ رَحْمَةَ رَبِّكَ نَحْنُ قَسَمْنَا بَيْنَهُمْ مَعِيشَتَهُمْ فِي الْحَيَاةِ الدُّنْيَا وَرَفَعْنَا بَعْضَهُمْ فَوْقَ بَعْضٍ دَرَجَاتٍ لِيَتَّخِذَ بَعْضُهُمْ بَعْضًا سُخْرِيًّا﴾

- *«(Эй Мухаммад) Роббиңдин рахматы (болгон пайгамбарлык)ты ошолор бөлүштүрүшөбү?! (Жок, эч андай эмес!) Алардын жашоо турмушундагы турмуш-тиричиликтерин да алардын ортолорунда Биз Өзүбүз бөлүштүргөнбүз жана кээ бирлерин кээ бирлеринин кол астына алып (иштетиши) үчүн айрымдарын айрымдарынан өйдө даража-мертебелерге көтөрүп койгонбуз».* [43:32]

Ибн Шихоб рыбаят кылып айтты: Мага Урва ибн Зубайр момундар энеси Айша разияллоху анханын мындай дегендигин кабар берди.

«اِسْتَأْجَرَ رَسُولُ اللهِ ﷺ وَأَبُو بَكْرٍ رَجُلاً مِنْ بَنِى الدَّيْلِ هَادِيًا خِرِّيتًا وَهُوَ عَلَى دَيْنِ كُفَّارِ قُرَيْشٍ فَدَفَعَا إِلَيْهِ رَاحِلَتَيْهِمَا، وَوَاعَدَاهُ غَارَ ثَوْرٍ بَعْدَ ثَلاَثِ لَيَالٍ بِرَاحِلَتَيْهِمَا صُبْحَ ثَلاَثٍ»

**«Расулулла ﷺ жана Абу Бакр бани Дайл уруусунан бир көсөм жол баштоочуну жалдады. Негизи, бул жол баштоочу ошол убакта Курайш капырлары дининде эле. Экөөсү ага улоолорун ташырып, үч күндөн кийин савр үңкүрүндө таңда учурашууну убадалашышты».** Алла Таала айтат:

﴿فَإِنْ أَرْضَعْنَ لَكُمْ فَآتُوهُنَّ أُجُورَهُنَّ﴾

- *«Эгер силер үчүн эмизишсе, анда алардын акыларын бергиле».* [65:6]

Бухарий Абу Хурайрадан: Расулулла ﷺдын:

«قَالَ اللهُ ثَلَاثَةٌ أَنَا خَصْمُهُمْ يَوْمَ الْقِيَامَةِ رَجُلٌ أَعْطَى بِي ثُمَّ غَدَرَ وَرَجُلٌ بَاعَ حُرًّا فَأَكَلَ ثَمَنَهُ وَرَجُلٌ اسْتَأْجَرَ أَجِيرًا فَاسْتَوْفَى مِنْهُ وَلَمْ يُعْطِهِ أَجْرَهُ»

**«Алла Таала: Үч киши бар, кыямат күнү Мен алардын душманымын: Менин наамым менен эхсан берип, кийин кыянат кылган киши; азат адамды кулдукка сатып, акчасын жеген киши; жумушчу жалдап, ишин бүтүргөндөн кийин акысын бербеген киши, - деди»** - дегенин рыбаят кылган. Жалдоо – жалдануучу тарабынан жалдоочуга пайда келтирүү, жалдоочу тарабынан жалдануучуга мал (акча) берүү. Демек, жалдоо акы ордуна (бадал эвазына) пайдага келишип, келишим

түзүү. Жумушчу жалдоодогу келишим ушул жумушчу аткара турган эмгек келтире турган пайдага, же жумушчунун өзү келтире турган пайдага түзүлөт. Эгер келишим эмгек келтире турган пайдага түзүлгөн болсо, келишүү эмгектен келе турган пайда үстүндө болгон болот. Белгилүү бир иштерге кол өнөрчү жана башка кесип ээлерин жалдоо сыяктуу. Мисалы, темир уста жана боёкчуларды жалдоо сыяктуу. Эми эгер келишим адам келтире турган пайда үстүндө түзүлгөн болсо, анда ушул адам келтире турган пайда эске алынып, келишим түзүлгөн болот. Буга мисал кылып кызматкер жана жумушчуларды жалдоону келтирүү мүмкүн. Мындай жалдануучу адам же бир гана адам пайдасына маалым мөөнөткө эмгек кылат, буга талаа, бак жана ишканаларда белгилүү бир акы эсебине эмгек кыла турган кишилерди, же өкмөт мекемелеринде иштөөчү мамлекеттик кызматчыларды мисал кылууга болот. Же жалдануучу маалым акы эсебине бардык адамдар үчүн белгилүү бир эмгекти кылып берет, буга тигүүчү, өтүкчү жана ушуга окшош кесип ээлерин мисал кылуу мүмкүн. Биринчи тайпадагысы атайын жалдануучулар (т.а. бир гана адамдын ишин кылып берүү үчүн жалданган жумушчу), экинчиси болсо муштарак же жалпы (т.а. бардык адамдар ишин кылып берүү үчүн жалданган) жумушчу эсептелет.

## ЖАЛДАНУУЧУНУН КЫЛА ТУРГАН ИШИ

### Ишти анык белгилеп коюу

Жалдоо – жалданган нерседен пайдалануу. Жалдануучуга карата болсо – анын күч-эмгегинен пайдалануу. Жумушчуну жалдоодо кылына турган ишти, мөнөттү, эмгек акыны жана сарптала турган күч-мээнетти анык белгилеп коюу лазым. Иш белгисиз болуп калбашы үчүн, анын түрүн анык баян кылуу да лазым болот. Себеби, белгисиз ишке жалдоо фасид (туура эмес, батыл) жалдоо болот. Иш мөөнөтүн да күндүк, айлык же жылдык кылып, анык белгилеп коюу жана жумушчунун акысын да анык белгилеп коюу лазым. Ибн Масъуддан Расулулла ﷺдын:

«إِذَا اسْتَأْجَرَ أَحَدُكُمْ أَجِيرًا فَلْيَعْلَمْهُ أَجْرَهُ»

**«Эгер бирөөңөр жумушчу жалдаса, ага акысын айтып койсун»,** дегени рыбаят кылынган. Бул хадис «Канзул уммол» китебинде Дорукутмийден рыбаят кылынган. Жумушчу сарптай турган күч-эмгек да анык белгилениши лазым, жумушчуларга күчтөрү жете турган нерсе гана жүктөлөт. Алла Таала айтат:

﴿لاَ يُكَلِّفُ اللَّهُ نَفْسًا إِلاَّ وُسْعَهَا﴾

- *«Алла эч бир жанга такаатынан тышкары нерсени жүктөбөйт»*. [2:286]

Расулулла ﷺ айтты:

«إِذَا أَمَرْتُكُمْ بِأَمْرٍ فَأْتُوا مِنْهُ مَا اسْتَطَعْتُمْ»

**«Силерге качан бирер иш буюрсам, андан күчүңөр жеткенин аткаргыла»** (Эки шейх Абу Хурайра аркылуу рыбаят кылышкан). Демек, жумушчудан адатта кудурети жете турган эмгекти гана талап кылуу мүмкүн. Сарптала турган күчтүн көлөмүн бир чыныгы өлчөө менен анык өлчөөнүн мүмкүнчүлүгү жоктугу үчүн, иш сааттарын белгилеп коюу бир күндө сарптала турган күчтү аныктоо үчүн ыңгайлуураак өлчөө болуп калды. Демек, сарптала турган күчтү аныктоо үчүн иш сааттары белгилеп коюлат. Ушуну менен бирге, катуу же жумшак жер казуу, темир балкалоо (темирден нерсе жасоо), таш кесүү, машина айдоо, шахта-кенде иштөө сыяктуу иштин түрү да белгилеп коюлат. Себеби, иштин түрү да канча күч сарпталышын аныктап берет. Муну менен болсо иштин түрү, мөөнөтү, ишке төлөнө турган акы жана сарптала турган күч аныкталган болот. Ушуга караганда, демек, шарият жумушчу иштетүүнү адал кылган убакытта, иштин түрү, мөөнөтү, төлөнө турган акы жана сарптала турган күчтү белгилеп коюу этият чарасын да көрүп койду. Жалданган жумушчу өзү аткарган иши үчүн ала турган эмгек акысы – анын өз күчү менен тапкан мүлкү.

**Иштин түрү**

Ар бир адал ишке жумушчу жалдоо мүмкүн. Соода, дыйканчылык, өнөр жай, кызматкердик, өкүлдүк, каршылаштын жообун жеткирип туруу, хужжат (негиз) таап акимге жеткирүү, укугун талап кылуу, кишилер арасында өкүм чыгаруу (казылык кылуу), кудук казуу, курулушта иштөө, машина же самолёт айдоо, китеп басып чыгаруу, Куран нускаларын көбөйтүү (нуска алуу), жолоочулар ташуу жана башка иштерге жумушчу жалдоо мүмкүн. Жумушка жалдоо белгилүү бир иш үчүн же келишүүдө айтылган иш үчүн гана болушу мүмкүн. Мисалы, Холид Мухаммадды кийим тигүүгө же машина айдоого жалдаса, жумушчунун өзү бул ишти аткарышы важып, ордуна башка бирөөнүн аткарышы эч качан мүмкүн эмес. Эгер ооруса же ишти аткарууга алсыздык кылып калса да, бирөөгө өткөрбөйт. Себеби, жумушчу дайындалган. Эгер кийим бузулса, же машина кырсыкка учураса, башка кийим же башка машинада ишти аткаруу жумушчуга важып эмес, себеби, иштин түрү белгилеп болунган. Ал эми, келишимде айтылган нерсе ижарага алынса же тажрыйбалуу жумушчу белгилүү бир же адистешкен ишке жалданса, анда өкүм өзгөрөт. Себеби, мындай абалда жумушчу ишти өзү аткарышы же ордуна башка бирөөнү

сунуш кылышы мүмкүн. Эгер сыркоо болсо, же ишти аткарууга алсыздык кылып калса, ордуна аны аткара турган кишини коюшу важып. О.э. жалдоочу ага кайсы машина же кайсы кийимди берсе – ырас, бул нерселерге келишимде көрсөтүлгөн иш аныктамасы туура келе турган болсо – ошол машинаны айдашы же ошол кийимди тигиши важып болот. Себеби, нерсенин заты (өзү) эмес, балким, түрү белгиленген. Заты эмес, балким, түрү белгиленген абалдарда ыктыяр жалдоочуга өтүп, келишимде келишилген түрдөгү нерсенин өзүнөн каалаганын алып келиши мүмкүн. Иштин түрүн белгилөөдө ишти кыла турган жумушчу да эсепке алынат. Анын канча күч сарпташын аныктоо үчүн ушундай кылынат. Мисалы, инженер сыяктуу. Иштин түрүн белгилөөдө кылына турган иш да эсепке алынат. Бул ишке сарптала турган күч-мээнетти аныктоо үчүн ушундай кылынат. Мисалы, кудук казуу сыяктуу. Ушуга караганда, ишти аныктап-сыпаттап, түрүн анык көрсөтүү анын өзүн анык көрсөтүү сыяктуу. Ошондуктан, иштин сыпатын аныктап алуунун өзү жетиштүү болот жана иштин өзү келишимде көрсөтүлүшү да, көрсөтүлбөшү да, жалдануучу келишүү убагында болушу же болбошу да мүмкүн. Мисалы, баланча инженерди жалдап, ишке дайындашыбыз жайыз болгону сыяктуу, кудум ушундай сыпатка ээ болгон башка бир инженерди өзүн көрбөй туруп жалдашыбыз да жайыз болот. О.э балан көйнөктү тиктирүү үчүн киши жалдашыбыз жайыз болгону сыяктуу, ушундай сыпатка ээ башка бир көйнөктү көрбөй туруп тиктирүү үчүн киши жалдашыбыз да жайыз болот.

Эгер киши бирер ишке кабыл кылынса, бирок, ал бул ишти башка өзү ала турган акыдан арзаныраакка берип, калган иш акысы ага пайдага калса, жайыз. Ал ошол башка адамга жардам береби же жокпу, мунун айырмасы жок. Себеби, ал башка адамды өзү ала турган эмгек акысына тең акы менен, же азыраак, же көбүрөөк акы менен ушул ишке жалдап иштетиши жайыз болот. Ушуга караганда, демек, тигүүчүлөр жана аларга окшош өнөр ээлеринин өздөрү менен бирге жумушчу жалдоолору о.э. пудратчылардын (келишим түзүүчүлөрдүн) келишилген иштерди аткарууга жумушчулар жалдоолору жайыз. Бул жумушчуларга өздөрү ала турган иш акысына тең өлчөмдө акы беришеби, же азыраак же көбүрөөк акы беришеби, мунун айырмасы жок. Себеби, бул да жалдоо эсептелет. Мында белгилүү бир иштерге жалдоо болобу, же белгилүү мөөнөткө болобу, мунун айырмасы жок. Бул да шариятта жайыз болгон хусусий жумушчу жалдоонун түрүнө кирет.

Ал эми, жумушчулардын эмгек акысынан алып калуу шарты менен жумушчулар жалдоо, же алар ала турган эмгек акынын бир бөлүгү эсебинен алардын үстүнөн көзөмөлчү коюу жайыз эмес. Себеби, бул абалда белгиленген акынын бир бөлүгүн алып калган

болот. Абу Давуд Абу Саид Худрийден Расулулла ﷺдын мындай дегенин рыбаят кылат:

«إِيَّاكُمْ وَالْقِسَامَةَ. قَالَ: فَقُلْنَا: وَمَا الْقِسَامَةُ؟ قَالَ: الشَّيْءُ يَكُونُ بَيْنَ النَّاسِ فَيَنْتَقِصُ مِنْهُ»

**«Кысаматтан сактангыла». (Абу Саид) айтат: Биз: Кысамат эмне? - дедик. Расулулла ﷺ айтты: Адамдар арасындагы нерсени азайтуу».** Ато Расулулла ﷺдан кылган бир рыбаятта «Расулулла ﷺ айтты:

«اَلرَّجُلُ يَكُونُ عَلَى الْفِئَامِ مِنَ النَّاسِ فَيَأْخُذُ مِنْ حَظٍّ هَذَا وَحَظٍّ هَذَا»

**Киши адамдар арасында бөлүштүрүүчү болуп анын акысынан, мунун акысынан алышы болот, натыйжада, анын насибесинен жана мунун насибесинен алат».** Мисалы, бир жеке адам менен келишим түзгөн адам жүз ишчи алып келип, ар бир ишчиге бир динардан берүүгө келишип алган болсо, кийин ишчилерге бир динардан азыраак берсе, бул иш жайыз болбойт. Себеби, келишип, сүйлөшүп алынган мыкдар ар бир ишчиге белгиленген акы эсептелип, кемейтирсе, алардын акысына кыянат кылган болот. Ал эми жүз ишчи алып келүүнү сүйлөшүп бериле турган иш акысын айтпаса жана аларга келишип сүйлөшүлгөн акчадан кемираак акы берсе жайыз болот. Себеби, бул убакытта алардын белгиленген иш акысынан кемейтирген болбойт. Иш түрү эч кандай белгисиздик калтырбай турган даражада анык белгилениши шарт. Ошондо анык, маалым нерсеге жалдоо болот. Себеби, белгисиз нерсе (ишке) жалдоо фосид (туура эмес, батыл) жалдоо болот. Мисалы, «бул сандыктарды Бузъа шаарынан Египетке чейин алып барып беришиң үчүн он динарга сени жалдаймын» десе, бул туура жалдоо болот же «ушул жүктүн ар тоннасын бир динардан жүктөп бересиң» десе да дурус болот же «тоннасын бир динардан жүктөп бересин, андан артыгы ошол эсепте» десе да жайыз болот. О.э. жүктүн баарын жүктөөнү ирада кылгандыгына далалат кыла турган ар кандай лафзды иштетиши жайыз. Ал эми «бул жүктөн бир тоннаны бир динардан жүктөп бересин, артыгы ушул эсепте» деп «калганынан канча жүктөсөң да» деген маанини көздө туткан болсо дурус болбойт. Себеби, мында жүктүн кээ бир бөлүгүнө т.а. белгисиз бөлүгүнө келишүү түзүлгөн болот. Ал эми «ар бир тоннасын бир динардан ташып бересин» десе туура болот. О.э. ар кубаметрине бир кирш (пиастр) төлөө шарты менен суу чыгартуу үчүн ишчи жалдоо да жайыз болот. Демек, жалдоо маалым, анык нерсеге болушу шарт, эгер белгисиздик аралашса дурус эмес.

**Иш мөөнөтү**

Кийим тигүү, бирер жайга машина айдап баруу сыяктуу кээ бир иштерге жалдаганда жалданып жаткан ишин гана айтуу лазым, анда иш мөөнөтү айтылбайт. Кээ бир иштерге жалдаганда болсо, иш мөөнөтүн гана айтуу лазым, иштин көлөмү айтылбайт. Мисал үчүн, сени бир айга кудук же арык казууга жалдадым десе, иштин көлөмүн билдирүүгө муктаждык калбай, жалданган жумушчу аз казабы же көп казабы, мына ушул мөөнөт ичинде казышы керек, белгисиз ишке жалдоо болсо жайыз болбойт. Кээ бир иштерге жалдаганда болсо, иш мөөнөтү менен бирге ишти да айтуу лазым. Үй куруу, нефть филтрлерин иштеп чыгаруу жана ушул сыяктуу иштерде. Мөөнөтү айтылбаса белгисиз болуп кала турган ар бир иште мөөнөтү көрсөтүлүшү лазым. Себеби, жалдоо анык болушу керек, кээ бир иштерде мөөнөтүн айтпоо аны белгисиз кылып коёт. Белгисиз ишке жалдоо болсо жайыз болбойт. Эгер бир жыл же бир ай сыяктуу маалым мөөнөткө жалдап келишилсе, бул мөөнөт бүтмөйүнчө эки тарап тең келишимди бузушу мүмкүн эмес. Эгер кайталанып тура турган мөөнөткө, мисал үчүн, бир жумушчуну ар айга 20 динардан жалдаса, жумушчу ошол ишти аткарып турушу үчүн ар айда келишим түзүлөт. Жалдоо келишиминде мөөнөт айтылышы лазым. Жалдоо мөөнөтү келишим түзүлөр замат болушу шарт эмес, балким, Режеб айы үчүн Мукаррам айында (мисалы, июль үчүн январь айында) келишим түзүү мүмкүн. Эгер келишимде мөөнөт көрсөтүлгөн болсо, же белгисиздикти жоготуу үчүн зарылчылык себептүү айтылса, мөөнөт убакыттын бир бөлүгү – жыл, ай, апта, саат, мүнөт жана ушул сыяктуулар менен белгилениши шарт.

**Эмгек акы**

Жалдоо (ижара) акысы күбөлөр алдында маалым кылынышы жана белгисиздик калтырбай турган түстө сыпатталышы жана аныкталышы шарт. Себеби, Пайгамбар ﷺ айткан:

«إِذَا اسْتَأْجَرَ أَحَدُكُمْ أَجِيرًا فَلْيُعْلِمْهُ أَجْرَهُ»

**«Бирөөңөр жумушчу жалдаса, ага акысын билдирип койсун».** Жалдоо акысы акча болушу да мүмкүн, акчадан башка нерсе болушу да мүмкүн, мал болушу да мүмкүн. Манфаат (пайда) болушу да мүмкүн. Нарк (бирер нерсенин кыйматы) болууга жарактуу бардык нерсе эмгек акы боло алат, ал малбы же манфаатпы, баары бир. Болгону, маалым кылынышы шарт. Ал эми, эмгек акы белгисиз болсо дурус болбойт. Мисалы, түшүм жыйноочуну түшүмдүн белгисиз бир бөлүгүн берүүгө келишип жалдоо белгисиздик болгондугу үчүн дурус болбойт. Мунун тескерисинче, бир соъ же бир мудга (чачыла турган нерселер үчүн

өлчөөлөр) келишип жалдоо мүмкүн. Жумушчуну жедирип-кийиндирүү эсебине, же жедирип-кийиндирүү менен бирге ага акы да дайындап жалдоо мүмкүн. Себеби, бала эмизүүчүнүн маселеси да кудум ушундай. Алла Таала айтат:

﴿وَعَلَى الْمَوْلُودِ لَهُ رِزْقُهُنَّ وَكِسْوَتُهُنَّ بِالْمَعْرُوفِ﴾

*- «Аларды (энелерди) жакшылык менен жедирип-кийиндирүү атанын мойнунда».* [2:233]

Эмизгендиктери үчүн аларга нафака жана кийим белгиленет. Мындай кылуу эмизүүчү маселесинде мүмкүн болгон соң, демек, башкасында да уруксат бар, себеби, баары жалдоо болуп, ал да жалдоо (ижара) маселелеринин бири.

Кыскасы, эмгек акыны тартышпастан, толук берүү үчүн ал белгисиздик калтырбай турган даражада анык болушу керек. Себеби, негизи, бардык келишүүлөрдө адамдар арасындагы тартышуулардын алды алынат. Ошондуктан, ишке киришпестен мурун акы тууралуу келишип алуу лазым, жумушчу менен акы тууралуу келишпестен туруп аны иштетүү макрух. Бирер ишке жалдангандан кийин келишим боюнча жумушчу акча алууга акылуу болот, бирок, акчаны иштен кийин гана берүү важып. Расулулла ﷺдын хадиси кудсийдеги ушул сөздөрүнө ылайык, эмгек акысын иш бүтүшү менен дароо берүү важып:

«ثَلَاثَةٌ أَنَا خَصْمُهُمْ يَوْمَ الْقِيَامَةِ، رَجُلٌ أَعْطَى بِي ثُمَّ غَدَرَ، وَرَجُلٌ بَاعَ حُرًّا فَأَكَلَ ثَمَنَهُ، وَرَجُلٌ اسْتَأْجَرَ أَجِيرًا فَاسْتَوْفَى مِنْهُ وَلَمْ يُعْطِهِ أَجْرَهُ»

**«Үч киши бар, кыямат күнү Мен алардын душманымын: Менин наамым менен эхсан берип, кийин кыянат кылган киши, азат адамды сатып акчасын жеген киши, жумушчу жалдап, ишин бүтүргөндөн кийин акысын бербеген киши».** Бул хадисти Бухарий Абу Хурайрадан рыбаят кылды. Ал эми, эгер эмгек акысын кийинчерээк берүү шарты коюлса, аны ошол мөөнөткө чейин алып баруу мүмкүн. Эгер эмгек акысын күн сайын же ай сайын же андан азыраак же көбүрөөк мөөнөттө төлөө шарт кылынса, келишүүлөрүнө карап акы төлөнөт. Жалдоочу иш жүзүндө толук пайда алышы шарт эмес, балким, ага пайда алуу мүмкүнчүлүгү берилишинин өзү эмгек акыны төлөөгө мажбур кылып коёт. Мисалы, үйүндө кызмат кылышы үчүн хас кызматкер жалдаса жана кызматкер жалдоочунун үйүнө келип, анын кызматына өзүн тапшырса, ушул кызматкерден пайдалануу мүмкүнчүлүгү болгон мөөнөт өтүшү менен ага эмгек акысын төлөө лазым болот. Себеби, мейли, келишимде бул кызматкердин кызматынан пайдаланууга келишилип, жалдоочу анын кызматынан толук пайдалана албаган

болсо да, бирок, ага бул кызматтан пайдалануу мүмкүнчүлүгү берилишинин жана ишти уюштура албай калып пайдалана албаганынын өзү эмгек акысын төлөөгө мажбур болушу үчүн жетиштүү негиз болот. Себеби, ажыздык кызматкер тарабынан эмес, балким, жалдоочу тарабынан жүз берген. Ал эми, муштарак же умумий (т.а. кызматынан көпчүлүк пайдалана турган жалданма) жумушчуга келсек, эгер ал буюм, нерсе кылып берүү боюнча белгилүү бир ишке жалданса, тээ бул ишти кылып, жалдоочуга тапшырмайынча, иштен бошобогон эсептелет. Мисалы, өз устаканасында боёй турган боёкчу жана өз дүкөнүндө тиге турган тигүүчү сыяктуу. Бул боёкчу же тигүүчү кылынган нерсени жалдоочуга тапшырмайынча иштен кутулбайт жана тапшырмайынча эмгек акысына даабагер да боло албайт. Себеби, келишилген нерсе анын колунда турат. Ошондуктан, аны шартташкан жалдоочуга тапшырмайынча иштен кутулбайт. Ал эми, эгер ишти жалдоочунун кол астында аткарса, мисалы, жалдоочу аны кийим тигип бериши же боёп бериши үчүн өз үйүнө алып келсе, бул абалда ишти бүтүрүшү менен эле иштен кутулат жана эмгек акысын алууга акылуу болот. Себеби, ал жалдоочунун колу астында иш кылды. Ошондуктан, ишти бүтүрүшү менен эле аны тапшырган эсептелет.

**Иште сарптала турган күч**

Жумушчу жалдоодо келишим ушул жумушчу сарптай турган күчтөн келе турган пайда ордуна түзүлөт жана эмгек акысы ушул пайдага карап белгиленет. Ал эми, сарптала турган күчтүн өзү эмгек акынын да, пайданын да өлчөөсү эмес. Эгер мындай болгондо эле, анда таш жонуучунун эмгек акысы инженердикинен көп болор эле. Себеби, таш жонуучу инженерге караганда көбүрөөк күч сарптайт. Ушуга карабастан, инженер андан көбүрөөк акы алат. Ушуга караганда, демек, эмгек акы сарптала турган күчтүн эмес, балким, пайданын эсебине төлөнөт. Иштер ар түрдүү болгондугу үчүн, аларга төлөнө турган эмгек акылары да ар түрдүү болот. Кудум ушуга окшош бир ишке сарптала турган күчтүн айырмасына карап эмес, балким, келе турган пайданын түрүнө карап эмгек акылары ар түрдүү болот. Эки абалда тең келишим жумушчу сарптай турган күчкө карап эмес, балким, ал келтире турган пайдага карап түзүлөт. Демек, пайда гана этибарга алынат. Бул пайда бир канча иштерди аткара турган түрдүү жумушчулар келтире турган пайдалар болобу, же бир ишти аткара турган түрдүү жумушчулар келтире турган пайдалар болобу, мунун айырмасы жок. Сарптала турган күч болсо, эч качан этибарга алынбайт. Туура, иштердеги пайда сарпталган күчтүн жемиши албетте. Мында бул күч бир канча адамдар тарабынан түрдүү иштерге сарпталабы,

же бир ишке сарпталабы, мунун айырмасы жок. Бирок, бул иштерге күч сарптоодон көздөлгөн максат – мейли, күч эсепке алынса да – күч сарптоо эмес, балким, келе турган пайда. Ошондуктан, мисалы, бир кишини куруучулукка жалдаса, жалдоо мөөнөт же иш менен белгилениши лазым. Эми, эгер иш менен белгиленсе, анда пайда имараттын ордун, узундугун, кеңдигин, имаратка кете турган материалды жана ушул сыяктууларды баян кылганда көзгө урунат. Эгер мөөнөт менен белгиленсе, анда пайда адатта мөөнөткө карап көбөйөт же азаят. Демек, ишти аныктап-сыпаттоо жана мөөнөтүн айтуу пайданын өлчөөсү болуп калды. Эми, эгер жалдоо мөөнөт менен белгиленсе, жалданган жумушчу өзүнүн адаттагы күч-кубатынан артык иштебейт жана адаттан тышкаркы машакаттуу ишке мажбурланбайт.

**Арам пайдаларга жалдоо өкүмү**

Жалдоо туура (адал) болушу үчүн пайда адал болушу шарт. Пайдасы арам болгон нерсеге жумушчу жалдоо мүмкүн эмес. Мисалы, арак сатып алган кимсенин арагын ташып берүүгө, арак даярдоо же чочко жана өлүмтүктөр ташып берүүгө жумушчу жалдоо жайыз болбойт. Термизий Анас ибн Маликтен рыбаят кылат:

«لَعَنَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ فِي الْخَمْرِ عَشَرَةً: عَاصِرَهَا، وَمُعْتَصِرَهَا، وَشَارِبَهَا، وَحَامِلَهَا، وَالْمَحْمُولَةَ إِلَيْهِ، وَسَاقِيَهَا، وَبَائِعَهَا، وَآكِلَ ثَمَنِهَا، وَالْمُشْتَرِيَ لَهَا، وَالْمُشْتَرَاةَ لَهُ»

**«Расулулла ﷺ арак туурасында он кишини наалаттады: даярдатуучуну, даярдоочуну, ичүүчүнү, ташуучуну, буюртмачыны, куюп берүүчүнү, сатуучуну, акчасын жечүнү, сатып алуучуну жана ким үчүн сатып алган болсо ошону».** О.э. сүткордук иштерине жалдоо да арам, себеби, ал арам пайдага жалдоо болуп, ибн Можа ибн Масъуд аркылуу

«أَنَّهُ لَعَنَ آكِلَ الرِّبَا وَمُؤَكِّلَهُ وَشَاهِدَيْهِ وَكَاتِبِهِ»

**«Пайгамбар ﷺ сүткордукту жечүнү, жедирүүчүнү, күбөлөрүн жана жазмачысын (катчысын) наалаттады»** дегенин рыбаят кылган. Ал эми, банк, акча чыгарыла турган жай, эсеп-китеп мекемелери жана сүткордук менен иш жүргүзө турган бардык мекемелерде иштей турган жумушчу-кызматчыларга келсек, мында каралат. Эгер алар жалданган иш сүткордук иштеринен болсо, мусулман адамдын бул иште иштеши арам. Мында сүткордук ушул иштин бир өзүнөн келип чыгып жатабы, же башка сүткордук иштерге кошулуп келип чыгып жатабы, мунун айырмасы жок. Буга банк башкаруучусу, эсепчилер, текшерүүчүлөр жана сүткордукка байланыштуу пайдага алып бара турган бардык иштер кирет. Бул

иштер сүткордукка түздөн-түз алакадар болобу, же кыйыр түрдө алакадар болобу, мунун айырмасы жок. Ал эми, кароолчу, сакчы, күзөтчү жана ушул сыяктуу сүткордукка түздөн-түз да, кыйыр да алакадар болбогон иштерге келсек, мындай иштерге жалдануу жайыз. Себеби, мындай иштер адал пайдага жалдануу болуп, сүткордукту жазып тура турган катчы жана күбөлөрүнө туура келе турган өкүм буларга туура келбейт. Сүткордук менен иш жүргүзө турган өкмөт кызматчылары жана банк кызматкерлери, мисалы, дыйкандарга проценттүү карыздар жеткизип берүү менен алектене турган кызматкерлер, сүткордук иштери менен алектене турган финансы кызматкерлери жана пайыздуу карыздар бере турган жетимканалар кызматкерлери сыяктуу иштердин баары арам вазыйпалар болуп, бул иштерде иштеген адам күнөө кабира (өтө чоң күнөө) кылган эсептелет. Себеби, бул иштерге сүткордуктун катчысы же күбөлөрү деген өкүм туура келет. Ошентип, Алла Таала арам кылган бардык иштерге мусулман адамдын жалданышы арам.

Эми сугурта компаниялары, акционердик коомдор, кооперативдик компаниялар жана ушуларга окшогон пайдасы арам болгон же шерик болуу шариятта батыл деп эсептелген иштерге келсек, мусулман адамга мындай батыл же бузук келишимдерди түзүү же ушул келишимдерден келип чыга турган иштердерди кылуу жайыз болбойт. Мусулман адамдын шаръий өкүмгө тескери болгон келишимди түзүшү же ушундай иштерди кылышы эч качан жайыз болбойт. Демек, мындай иштерге жалданышы арам. Буга сугурта келишимдерин – өзү кабыл албаса да – кагазга түшүрүүчү же сугурта шарттарын келишип алуучу же сугуртаны кабыл алуучу кызматкерлер кирет. Буга дагы кооперативдик компанияларда сатылган нерселерге карап пайданы бөлүштүрүүчү кызматкерлер, компаниялар акцияларын сатуучу же вексел эсеп-китеби менен алектенүүчү кызматкерлер, кооперативдик компанияларга чакыруучу кызматкерлер жана ушуларга окшош иштерди кылуучу кызматкерлер да кирет.

Ал эми, түзүлгөн компаниялардагы бардык кызматкерлердин кыла турган иши шариятта жайыз болгон иштерден болсо, мындай иште иштөөлөрү жайыз. Эми эгер иштөө шариятта өзү үчүн жайыз болбой турган иш болсо, мындай иште иштеши жайыз болбойт. Себеби, мындай ишке жалдануу жайыз эмес. Демек, кылуу арам болгон иштерге жалдоо же жалдануу арам.

**Кайрымусулманды ишке жалдоо өкүмү**

Жалдоочу жана жалдануучу экөөсү же бири мусулман болушу шарт эмес, себеби, Расулулла ﷺдын кылган иштерине ылайык жана ар кандай адал (мубах) иштерде о.э. киши жалдап аткартыла турган мамлекет иштеринде кайрымусулмандарды жалдоого кылынган

сахабалар ижмасына ылайык, мусулман киши кайрымусулманды жалдашы ар кандай абалда мүмкүн. Мисалы, Расулулла ﷺ бир жөөттү катчылыкка, дагы бирин котормочулукка жалдаган. Бухарий өзүнүн «Сахих»инде Расулулла ﷺдын бир мушрикти жол баштоочулукка жалдагандыгы туурасындагы рыбаятты келтирген. Абу Бакр жана Умар христиандарды мал эсептөөгө жалдашкан. Мусулман киши кайрымусулманды жалдашы адал болгону сыяктуу, мусулман киши кайрымусулманга арам болгон иштерде жалданышы да мүмкүн. Ал эми, кылына турган иш арам болсо, жалдоочу мусулман же кайрымусулман болсо да мүмкүн эмес. Ушуга караганда, демек, мусулман адам христианга ишке жалданышы мүмкүн, бул мусулманды кордоо үчүн капыр колуна көз каранды кылып коюу эмес, балким, бирөөгө жалдануу гана. Бул маселелерде жалдоочу же жалдануучу мусулман болушу шарт эмес. Мисалы, Термизийдин рыбаят кылышынча, Али ؓ жөөткө жалданып, бир челек сууну бир курма эсебине куюп берчү эле. Муну Расулулла ﷺга айтышканда, андан кайтарбаган, себеби, бул бирер нерсе ордуна шартташуу болуп, мусулманды кордой турган жайы жок. Ал эми, имамдык, азан айтуу, хаж кылуу, зекетти берүү, Куран жана хадис үйрөтүү сыяктуу Аллага жакындашыла турган иштерде кызматкер мусулман болушу шарт. Себеби, бул амалдар бир гана мусулман тарабынан гана аткарылышы мүмкүн, ушул себептүү, бул иштерди аткарууга мусулман гана жалданат. Мунун себеби, ушул амалдар мусулман тарабынан гана аткарылат. Эгер Аллага жакындашыла турган иштер кайрымусулман тарабынан аткарылышы мүмкүн болсо, аларды аткарууга кайрымусулмандар да жалданат. Тыянактап айтканда, жалдоочу назарында Аллага жакындаштыруучу эсептеле турган, жалдануучу назарында мындай эсептелбей турган иштерде каралат. Эгер бул иштер мусулман адам гана аткарышы лазым болгон иштер болсо, мисалы казылык сыяктуу, мындай иштерге кайрымусулманды жалдоо эч качан жайыз болбойт. Эгер кайрымусулманды да жалдоо жайыз боло турган иш болсо, мисалы согушууга жалдоо сыяктуу, анда бул ишти кылдырууга кайрымусулманды жалдоо жайыз болот. Мисалы, зиммийди (мусулмандар коргоосундагы христиан же жөөттү) согушкердикке жалдап, ага байтулмалдан акы төлөө жайыз.

**Ибадат жана жалпы пайдаларга жалдоо**

Жалдоого (ижарага) «бир нерсе ордуна пайда алуу туурасында түзүлгөн келишим» деп аныктама берилди жана бул пайданын жалдоочу толук пайда алышы мүмкүн болгон нерседен болушу шарт кылынды. Бул аныктама жана шарт окуяларга колдонулар экен, жалдоочу жалдануучудан толук пайдаланышы мүмкүн болгон бардык пайда туурасында жалдоо жайыз экендигин көрсөтөт. Бул

пайда кызматкердин кызматы сыяктуу жеке адам келтире турган пайда болобу, же кол өнөрчүнүн өнөрү сыяктуу эмгек келтире турган пайда болобу, мунун айырмасы жок. Ырас, мына ушул пайдадан кайтара турган бирер шаръий далил келбесе, пайда алууга жалдоо жайыз. Себеби, нерселердеги асл-негиз мубахтык (т.а. нерселер негизи мубах), пайда болсо, мына ушул нерселердин бири. Ошондуктан, «бул бир келишим же мамиле, ошондуктан, пайдадагы таянылa турган асл-негиз мубахтык эмес, балким, чектелген чөйрөдө иш жүргүзүү» деш орунсуз. Себеби, келишимдин өзү пайда эмес, балким, ал жалдоо болуп саналат, пайда болсо үстүндө мамиле жүргүзүлүп жаткан нерсе. Келишим ушул пайданы алуу боюнча түзүлөт. Ошондуктан, пайданын өзү мамиле да, же келишим да эмес. Ушуга караганда, тыюу салынбаган бардык пайдалар боюнча жалдоо жайыз. Бул пайдалардын жайыздыгы туурасында бирер насс (далил) келгенби же жокпу, мунун айырмасы жок. Ырас, нахий кылынбаган (тыюу салынбаган) болсо, алар боюнча жалдоо жайыз. Мисалы, киши маалым бир баракчаларды белгилүү бир акы ордуна жазма машинкада жазып бериши үчүн бир кишини же аялды жалдашы жайыз болот. Себеби, бул нерсе нахий кылынбаган пайдага жалдоо. Демек, бул пайданын жайыздыгы туурасында бирер насс (далил) келбеген болсо да, ага жалдоо жайыз. Маалым бир мөөнөттө аткарыла турган маалым бир ишке таразачы жана өлчөп берүүчүнү жалдоо жайыз. Буга далил Сувайд ибн Кайс рыбаят кылган ушул хадис: Расулулла ﷺ басып келип, биз менен соодалашты жана ал кишиге нерсени саттык, ушул жерде бир киши таразага акча алып тартып берип жаткан эле, Расулулла ﷺ ага:

«زِنْ وَأَرْجِحْ»

**«Өлчөгүн жана оор кыл»,** - деди. Абу Давуд рыбаят кылган. Демек, мындай жалдоо жайыз, себеби, анын жайыздыгына далил келди. Ал эми, ибадаттарга келсек, парз же нафл ибадаттар болушуна карабастан, аларда каралат. Эгер ибадат өзү үчүн хаж кылуу же өзүнүн зекетин берүү сыяктуу кылуучусунун өзүнө гана пайдасы тие турган ибадат болсо, бул ибадатка акы алышы жайыз болбойт. Себеби, акы пайда эсебине берилет. Бул орунда болсо башка адамга пайда болгону жок. Демек, ушул себепке ылайык, бул ибадаттары үчүн акы алышы жайыз эмес. Себеби, бул ибадаттар анын мойнундагы парз. Ал эми, эгер ибадаттын пайдасы кылуучудан башка адамга да тийсе, анда бул ибадаты үчүн акы алышы жайыз болот. Буга мисал, башкалар үчүн азан айтып берүү, имамдык кылып берүү сыяктуулар же өлгөн адамы үчүн хаж кылып берүүгө же ушул өлгөн адамдын атынан зекетти төөгө бирөөнү

жалдоо сыяктуулар кирет. Себеби, булардын баары акы берүү ордуна пайда алуу туурасындагы келишим болгондугу үчүн жайыз. Мындагы бериле турган акы пайда ордуна берилип жаткан акы. Башка адам пайда алып жаткандыгы үчүн жалдоо жайыз болду. Ал эми, Термизий Усман ибн Абул Остон рыбаят кылган ушул:

«إِنَّ مِنْ آخِرِ مَا عَهِدَ إِلَيَّ النَّبِيُّ ﷺ أَنْ أَتَّخِذَ مُؤَذِّنًا لاَ يَأْخُذُ عَلَى أَذَانِهِ أَجْرًا»

**«Набий ﷺдын мага тапшырган акыркы тапшырмасы азанына акы албай турган муаззин алышым жөнүндө болду»,** деген хадиске келсек, Расулулла ﷺ бул хадисте акы ала турган муаззинди өзүнө муаззин кылып алуудан кайтарды, бирок, муаззинди акы алуудан кайтарбады. Бул хадис акы ала турган жана акы албай турган муаззиндер бар экендигине далалат кылып жатат. Пайгамбарыбыз акы ала турган муаззинди жалдоодон Усман ибн Абул Осту кайтарды. Бул кайтаруунда азанга акы алуудан иренжитүү мазмуну жатат. Бул болсо азанга акы алуунун макрухтугун түшүндүрөт. Бирок, азанга жалдоонун арамдыгына далалат кылбайт, балким, жалдоо жайыз экендигине, болгону анын макрухтугуна гана далалат кылат.

Таалим маселесинде болсо, киши перзенттерине же өзүнө таалим бере турган мугалимди жалдашы мүмкүн. Себеби, таалим мубах (адал) пайда болуп, анын ордуна акы алышы жайыз. Демек, таалим берүүгө жалдоо жайыз. Ошондуктан, Шарият Курандан таалим берүү ордуна акы алууга уруксат берди. Демек, Курандан башка нерсени үйрөткөнү үчүн акы алуу да мүмкүн болот. Бухарий ибн Аббастан Расулулла ﷺ:

«أَحَقُّ مَا أَخَذْتُمْ عَلَيْهِ أَجْرًا كِتَابُ اللهِ»

**«Акы алышыңарга эң ылайыктуу нерсе – Алланын китеби»,** дегенин рыбаят кылган. Рыбаят кылынышынча, Расулулла ﷺ бир аялды бир эркекке Куранды үйрөтүү эвазына никелеп койгон. Муну Бухарий Сахл ибн Саъд Саидийден рыбаят кылган. Сахабалар таалим бергени үчүн Байтулмалдан маяна алуу мүмкүндүгүнө ижма кылышкан, демек, таалим бергени үчүн акы алуу мүмкүн. Ибн Абу Шайба аркылуу Садака Дамашкийден Вазийя ибн Ато: **Мединада үч мугалим болуп, жаш балдарды окутушар эле, Умар ибн Хаттаб ар айда он беш динардан аларга маяна берип турар эле,** дегенин рыбаят кылган. Булардын баары таалим берип, акы алуу жайыздыгына далалат кылат. Ал эми, бул туурада нахий кылып келген хадистерге келсек, бул хадистердин баары Куранды таалим берүүгө жалдоодон кайтаруу туурасында эмес, балким, аны таалим берүүгө акы алуудан кайтаруу туурасында келген. Ошондуктан, бул хадистердин

баары Куран үйрөнүү үчүн мугалим жалдоо арамдыгына эмес, балким, аны таалим бергендиги үчүн акы алуунун макрухтугуна далалат кылат. Акы алуунун макрухтугу болсо жалдоонун жайыздыгын бекер кылбайт. Демек, Куранды таалим бергендиги үчүн акы алуу макрух болуп, ушуну менен бирге, таалим үчүн мугалим жалдоо жайыз.

Табиб (врач) жалдоого келсек, ал да жайыз. Себеби, ал жалдоочу толук алышы мүмкүн болгон пайда. Бирок, оңолуп кетүүнү шарт кылып жалдоо жайыз болбойт. Себеби, мындай жалдоо белгисиз нерсеге жалдоо болуп эсептелет. Көрүп текшерип коюу үчүн табиб жалдоо жайыз. Себеби, анда маалым пайда бар. Маалым күндөрдө кызмат кылышы үчүн да табиб жалдоо жайыз. Себеби, ал анык белгиленген иш. Колдо карап, дабалашы үчүн табиб жалдоо жайыз. Себеби, анын колдо карашы анык, маалым нерсе болуп, мында эч кандай белгисиздик калбайт. Ал тургай, табиб бул ооруунун түрүн билбесе да жайыз. Себеби, ал жалдоочунун ооруу экендигин билсе, ошонун өзү жетиштүү. Табабат (медицина) жалдоочу толук алышы мүмкүн болгон пайда болгону үчүн да табиб жайыз болду. Демек, ага акы алуу да жайыз. Анын жайыздыгына дагы бир далил Пайгамбар ﷺдан рыбаят кылынган табабатка жалдоо жайыздыгына далалат кылуучу ушул хадис. Бухарий Анастан мындай дегендигин рыбаят кылды:

«اِحْتَجَمَ رَسُولُ اللهِ ﷺ فَحَجَمَهُ أَبُو طَيْبَةَ وَأَعْطَاهُ صَاعَيْنِ مِنْ طَعَامٍ وَكَلَّمَ مَوَالِيهِ فَخَفَّفُوا عَنْهُ»

**«Расулулла ﷺ кан алдырды. Абу Тайба кан алды. Пайгамбарыбыз ага эки соъ тамак берди жана анын ээлери менен сүйлөштү. Ошондон кийин алар Абу Тайбанын ишин жеңилдештиришти».** Ошол заманда кан алдыруу дабалануу ыкмаларынын бири эле. Демек, кан алгандыгы үчүн акы алуу табиб жалдоонун жайыздыгына хужжат. Ал эми, Термизий Рофиъ ибн Хадижден рыбаят кылган:

«كَسْبُ الْحَجَّامِ خَبِيثٌ»

**«Кан алуучунун кесиби жагымсыз кесип»,** деген хадистеги Пайгамбар ﷺдын сөзүнө келсек, бул хадис кан алуучуну жалдоого тыюу салынгандыгына эмес, балким, кан алууну кесип кылып алуунун мубах болушу менен биргеликте макрух экендигине да далалат кылат. Буга Пайгамбар ﷺ:

«سَمَّى الثَّوْمَ وَالْبَصَلَ خَبِيثَيْنِ مَعَ إِبَاحَتِهِمَا»

**«Сарымсак жана пияз адал болушу менен бирге аларды жагымсыз, деп атады»,** деген хадис далил. Муну Муслим Маъдон

ибн Абу Талхадан рыбаят кылган. Бул өкүмдөрдүн баары пайдасы хас болгон, (т.а. пайдасы айрым адамга гана тие турган) жалдануучу (жумушчу) жөнүндө эле.

Ал эми пайдасы жалпы болгон (омма калкка тие турган) жалданма жумушчуларга келсек, алардын кызматтары мамлекет адамдарга толук камсыздап бериши лазым болгон пайдалардын бири эсептелет. Себеби, кайсы пайданын пайдасы айрым жеке адамдардын өзүнө гана тийбестен, балким, коомчулукка да тие турган болсо жана коомчулук ага муктаждык сезсе, бул пайда омма пайдаларынан эсептелип, мамлекет бардык адамдарга аны толук камсыздап берүү үчүн байтумалдан сарпталышы лазым болот. Буга мисалы, амирдин адамдар ортосунда казылык кыла турган кишилерди айлык белгилеп жалдашы, кеңселер жана мекемелер кызматкерлерин жалдоо, муаззиндер жана имамдарды жалдоо сыяктуулар кирет. Мамлекет бардык адамдарга кызмат кылуучу кишилерди жалдап бериши важып болгон тармактарга таалим жана табабат да кирет. Эми таалим тармагына келсек, сахабалар мугалимдерге байтулмалдан маалым өлчөмдө эмгек акы ажыратып берүүгө ижма кылышкан. **Расулулла ﷺдын капыр туткундарга туткундуктан кутулуу үчүн олжо катарындагы төлөм ордуна мусулмандар перзенттеринин онуна таалим берүүнү шарт кылып коюулары** да буга дагы бир далил. Негизи, олжо катары төлөнө турган ошол төлөм бардык мусулмандардын мүлкү эле. Ал эми, табабат (медицина) тармагына келсек, **Расулулла ﷺга бир табиб хадя кылынган убакта, пайгамбарыбыз аны бардык мусулмандар кызматына койгон эле.** Демек, Расулулла ﷺдын өзүнө келген белектен өзү гана пайдаланбай жана өзүнө гана алып калбай, бардык мусулмандар пайдаланышы үчүн бериши бул белек өзү үчүн эле эмес, балким, мусулмандар оммасы үчүн экендигине далил. Себеби, Расулулла ﷺга бирер белек келип, аны мусулмандар оммасы кызматына койсо, бул белек мусулмандар оммасына тиешелүү нерсе болот. Ушуга караганда, демек, табиб (врач) жана мугалимдерге байтулмалдан маяна ажыратылат. Ошондуктан, адам өзүнө табиб же мугалим жалдашы жайыз болсо да, бирок, мамлекет бардык жарандарга медицина жана таалим кызматын толук камсыздап бериши лазым. Бул туурасында мусулман менен зиммий, бай менен кембагал ортосунда айырма жок. Себеби, бул азан айтуу жана казылык сыяктуу пайдасы баарына тие турган жана адамдар муктаж болгон иштерден эсептелет. Демек, бул иштер омма пайдаларынан жана мамлекет жарандарга камсыздап бериши лазым болгон иштерден болуп, бул иштерге байтулмалдан акы төлөнүшү лазым.

**Жалданма жумушчу ким?**

Ислам шарияты жумушчу (жалдануучу) дегенде акы ордуна иштей турган ар бир кишини назарда тутат, жалдоочу бир киши болобу, жамаат же мамлекет болобу, айырмасы жок. Демек, жумушчу деген сөз ар кандай тармакта иштей турган жумушчуну өз ичине алат, шаръий өкүмдө мамлекет жумушчусу (кызматкери) менен башкалардын жумушчусунун арасында айырма жок. Мамлекет кызматкери, жамаат кызматкери жана бир адамдын кызматкери – булардын баары жумушчу жана аларга иш өкүмдөрү колдонулат, т.а. алардын ар бири жалдануучу жана аларга жалдоо өкүмдөрү колдонулат. Мисалы, дыйкан – жалдануучу, кызматкер – жалдануучу, завод жумушчулары – жалдануучулар, соодагерлердин катчылары – жалдануучулар, мамлекеттик кызматкерлер – жалдануучулар жана алардын ар бири жумушчу. Себеби, ижара (жалдоо) келишими же нерселерден пайдалануу, же иш келтире турган пайда, же жеке адам келтире турган пайда тууралында түзүлөт. Эгер келишим нерселерден пайдалануу тууралында түзүлгөн болсо, жалдануучу темасынын буга эч кандай тиешеси болбойт. Себеби, жалдануучунун буга эч бир алакасы жок. Эми, эгер келишим кол өнөрчүлөр жана усталарды белгилүү бир иштерге жалдоо сыяктуу иш-эмгек келтире турган пайда, же кызматкерлер жана жумушчулар жалдоо сыяктуу жеке адам келтире турган пайда тууралында түзүлгөн болсо, анда бул келишим жалдануучуга тиешелүү болот.

**Эмгек акыны белгилөөнүн негизи**

Жалдоо – бир нерсе эвазына пайда алуу тууралындагы келишүү. Жалдоо келишими түзүлүшү үчүн эки тарап ушуга жөндөмдүү болушу т.а. нерселерди ажырата алуучу акыл ээси болушу шарт. Келишим туура болушу үчүн тараптардын ыраазылыгы да шарт кылынат. Эмгек акы да маалым болушу шарт кылынат. Буга далил Расулулла ﷺдын:

«إِذَا اسْتَأْجَرَ أَحَدُكُمْ أَجِيرًا فَلْيُعْلِمْهُ أَجْرَهُ»

**«Бирөөңөр жумушчу жалдаса, ага эмгек акысын билдирип койсун»,** деген сөзү. Бул хадисти Дорукутний ибн Масъуддан рыбаят кылган. Буга дагы далил Ахмад абу Саидден рыбаят кылган Пайгамбар ﷺ **эмгек акысын анык билдирбестен туруп, киши жалдоодон кайтарды,** деген хадис. Бирок, эмгек акы маалым болбосо да жалдоо мүмкүн. Эмгек акынын көлөмүнө келише албай калынган убакытта «ажр мисл»ге (т.а. ушундай ишке башка адамдар канча акы төлөп жаткан болсо, ушуга окшош акы төлөөгө) кайрылынат. Себеби, эгер келишим түзүү убагында эмгек акы айтылбаса, же жалдоочу жана жалдануучу айтылган эмгек акы

туурасында келише албай калышса, анда «ажр мисл»ге кайрылынат (т.а. «ажр мисл»ге келишип алынат). Мында махрга кыястап «ажр мисл»ге келишилет. Себеби, махр маселесинде да эгер махр анык белгиленбесе, же белгиленген махр туурасында келише алынбай калынса «махр мисл»ге (башкалар берип жаткан махрга окшош махрга) кайрылынат. Буга далил Насаий жана Термизий рыбаят кылган ушул хадис. Термизий бул хадисти хасан, сахих хадис деди:

**«عَنْ ابْنِ مَسْعُودٍ أَنَّهُ سُئِلَ عَنْ رَجُلٍ تَزَوَّجَ امْرَأَةً وَلَمْ يَفْرِضْ لَهَا صَدَاقًا وَلَمْ يَدْخُلْ بِهَا حَتَّى مَاتَ فَقَالَ ابْنُ مَسْعُودٍ لَهَا مِثْلُ صَدَاقِ نِسَائِهَا لَا وَكْسَ وَلَا شَطَطَ وَعَلَيْهَا الْعِدَّةُ وَلَهَا الْمِيرَاثُ فَقَامَ مَعْقِلُ بْنُ سِنَانٍ الْأَشْجَعِيُّ فَقَالَ قَضَى رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فِي بِرْوَعَ بِنْتِ وَاشِقٍ امْرَأَةٌ مِنَّا مِثْلُ الَّذِي قَضَيْتَ فَفَرِحَ بِهَا ابْنُ مَسْعُودٍ»**

**«Бир аялга үйлөнүп, ага башка аялдарына берген махрга окшош махр бербеген жана бул аялдын алдына кирбестен өлгөн бир киши жөнүндө ибн Масъуддан суралды. Ибн Масъуд мындай деп жооп берди: «Ал аялга башка аялдарына берген махрына окшош махр берилет, андан азайтылбайт да, ашырып да жиберилбейт, ал идда сактайт жана ага да мурас берилет». Ошондо Махкал ибн Синан ал-Ашжаъий ордунан туруп: «Расулулла ﷺ биздин уруудан болгон Барва бинти Вошик аттуу аял туурасында кудум сен чыгарган өкүм сыяктуу өкүм чыгарган эле», - деди. Муну угуп Масъуд аябай кубанып кетти».** Демек, Шореъ махры айтылбаган аялдарга «махр мисл» берүүнү важып кылды. Айтылган махрга келише албай калынган убакытта да ушундай кылынат. Махр нике келишиминен келип чыга турган жана берилүү лазым болгон эваз болгондугу үчүн, демек, ар бир келишимден келип чыга турган жана берүү лазым болгон эваз ага кыясталат. Бул эваз мукабылына алына турган нерсе соодадагы сыяктуу мал болобу, же жалдоодогу пайда жана бирөөнүн эмгегинен пайдалануу болобу, же нике келишиминдеги «нихла» (эр аялга бере турган белек) болобу, буга карабастан, бул эваз махрга кыясталат. Ушуга караганда, демек, келишимде эваз айтылбаса, же айтылган эвазга келише албай калынса, кудум ушуга окшогон эвазды берүү туурасында өкүм кылынат. Ошондуктан, келишим түзүлгөн убакта ордуна бериле турган нерсе айтылбаса, же айтылган эвазга келише албай калынса, ижарада (жалдоодо) «ажр мисл» (башкалар төлөп жаткан эмгек акысына окшош иш акы) төлөөгө, соодада болсо башкалар төлөп жаткан баага окшош баа төлөөгө өкүм кылынат. Ушуга ылайык, жалдоочу жана жалдануучу айтылган эмгек акысына келише албай калышса да жана келишим түзүү убагында эмгек акы

айтылбаган болсо да «ажр мисл» төлөө тууpасында өкүм чыгарылат. Эгер келишим түзүү убагында эмгек акы анык маалым болсо, бул абалда эмгек акы белгиленген эсептелет, эгер анык маалым болбосо, же айтылган эмгек акысына келише албай калынса, мындагы эмгек акы «ажр мисл» болот. Демек, төлөнө турган эмгек акы эки түрдүү болот: 1. Айтып, белгилеп коюлган эмгек акы. 2. «Ажр мисл». Айтып, белгилеп коюлган эмгек акы этибарга алынышы үчүн келишим түзүп жаткан эки тараптын ыраазылыгы шарт. Эгер эки тарап маалым бир акыга келишип, ыраазы болушса, бул айтып, белгилеп коюлган эмгек акы делет жана жалдоочу мындан артыгын төлөөгө мажбур кылынбайт, кудум ушуга окшош жалдануучу да мындан кем алууга мажбурланбайт, балким, ал ага төлөнүшү шаръан важып болгон эмгек акы эсептелет. «Ажр мисл» болсо, эгер жалдоо келишими эмгек-иш келтире турган пайда тууpасында түзүлгөн болсо «ажр мисл» кудум ушундай жумушка жана ушундай жумушчуга төлөнө турган эмгек акы болот, эгер келишим жеке адам келтире турган пайда тууpасында түзүлгөн болсо, «ажр мисл» бир гана ушундай жумушчуга төлөнө турган эмгек акы болот.

Эмгек акыны мамлекет да, өлкө калкынын үрп-адаты да белгилебейт, балким, аны ушул тармакта тажрыйба арттырган билимдүү кишилер белгилейт.

Эмгек акыны белгилөөдө билимдүү кишилер таяна турган негиз болсо пайда. Бул пайда иш-жумуш келтире турган пайдабы, же ишчи-жумушчу келтире турган пайдабы, мунун айырмасы жок. Себеби, жалдоо келишими пайда үстүндө түзүлөт. Демек, эмгек акыны белгилөөдөгү негиз пайда. Ошондуктан, эмгек акы жумушчунун продукция иштеп чыгарышына, же анын өз жамааты ичиндеги эң төмөнкү турмуш деңгээлине карап белгиленбейт. Себеби, жумушчунун продукция иштеп чыгарышынын, же турмуш деңгээлинин жогору же төмөн экендигинин эмгек акыны белгилөөгө тиешеси жок болуп, аны белгилөөдө бир гана пайдага каралат. Тажрыйбалуу адистер бул пайданын өздөрү жашап жаткан коомдо канчалык кыйматтуу экендигине карап жумушчунун эмгек акысын белгилешет. Алар эмгек акыны жана жумушчунун акысын белгилеп жаткан убакта бул пайданын коомдогу кыйматына карашат. Ошондуктан, алар эмгек акысын иш же жумушчу келтире турган пайданын кыйматына карап белгилешет. Ошондуктан, эгер пайданын коомдогу кыйматын белгилөөдө ихтилаф (кайчы пикирде болуу) жүз берсе, эмгек акыны далил жана хужжат менен белгилөө жайыз болбойт, балким, бул тууpада адистердин пикири жетиштүү болот. Себеби, бул маселе пайда көлөмү тууpасында далил жана хужжат келтирүү эмес, балким, анын кыйматын билүү маселеси.

Эмгек акыны белгилөөдө жарий кылына турган негиз мына ушул болуп, ал – адистер аныктай турган пайда. Бирок, адистер бир гана иштин же жумушчунун акысын эле эмес, балким, «ажр мисл»ди белгилешкен учурда мына ушул ишке жалданган жумушчуга окшогон адамга т.а. иш жана жумушчуга этибар каратуулары лазым. Ушул убакыттын өзүндө, алар жалдоо заманы (убакыты) жана мекенине (жайына) да этибар берүүлөрү керек. Себеби, эмгек акысы иш, жумушчу, заман жана мекенге карап түрдүүчө болот.

Эмгек акысын же «ажр мисл»ди белгилеп бере турган адистерди, негизинен, келишим түзүүчү эки тарап т.а. жалдоочу жана жалдануучу тандайт. Эми, эгер алар тандашпаса, же өз ара келише алышпаса, анда сот мекемеси же мамлекет мына ушундай адистерди дайындап берет.

**Жумушчунун акысын белгилөө**

Адам табиятынан өз керектөөлөрүн кандыра турган мал өндүрүү үчүн күч сарптоого умтулат. Адамдын керектөөлөрү көп болуп, аларды бир өзү башкалардан ажыралган абалда кандыра албайт. Ошондуктан да, адам коомдо башкалар менен өз ишинин мөмөсүн алмашып жашашы турган кеп. Ошондуктан, бирер коомдо жашай турган адам жалаң өзү пайдаланышы үчүн эмес, балким, башка бирөөлөр пайдаланышы үчүн жана алар менен айырбаштоо үчүн продукция өндүрүүгө эмгек (күч) сарптайт. Себеби, адамдын керектөөлөрү көп болуп, ал өзүндө жок болгон малдарга о.э. таалим жана табабат сыяктуу бирөөлөрдүн эмгегинен түздөн-түз пайдаланууга муктаж. Ошондуктан, ал канчалык түрдүү-кыл жана көп продукция иштеп чыгарбасын, анын бардык керектөөлөрүн кандырууга жетиштүү болбойт. Себеби, ал өз эмгеги менен бардык керектөөлөрүн кандыра албайт. Балким, башкалардын эмгегине муктаждык сезет, демек, ал өзүнө керек болгон бирөөлөрдүн эмгегин өз эмгегине же малына алмаштырууга муктаж. Мына ушундан адамдар эмгегинин алмашуусу лазымдыгы келип чыкты. Сарптала турган эмгектердин бири-бирине карата кыйматтарын жана керектөөнү кандыруу үчүн колго киргизилмекчи болгон малдардын кыйматтарын аныктап бере турган бир өлчөө зарыл болуп калды. Ошондо гана бул эмгек жана малдарды өз ара айырбаштоо мүмкүн болот. Ошондуктан, эмгектер кыйматын жана малдар кыйматын аныктап бере турган өлчөө бир болушу лазым болду. Себеби, ошондо гана малдарды бири-бирине айырбаштоо, малды эмгекке, эмгекти эмгекке айырбаштоо мүмкүн болор эле. Ошондуктан, алар (т.а. экономисттер) адамга өз керектөөсүн кандыруу үчүн лазым болгон мал жана эмгекти колго киргизүү мүмкүнчүлүгүн бере турган «акча сыйлыгы» (акча төлөөсү) болушу керек деген бир пикирге келишти. Бул акча төлөөсү товарга карата

нарк эсептелсе, сарпталган эмгек үчүн эмгек акы эсептелет. Себеби, ал товар айырбаштоодо бирер товар мукабылына (ордуна) төлөнө турган төлөм эсептелет, эмгектер айырбаштоодо болсо адам сарптаган эмгек келтирген пайда мукабылына төлөнгөн төлөм болуп саналат. Ошондуктан, адам ижара (жалдоо) мамилелеринен бейкажет боло албаганы сыяктуу, соода-сатык мамилелеринен да бейкажет боло албайт. Бирок, соода-сатык менен ижаранын ортосундагы байланыш бул экөөсүнүн эки адам ортосундагы мамиле экендигинде гана. Алардын ортосунда башка байланыш жок. Ушуга караганда, ижара соодага жана эмгек акы нарkка байланыштуу болбойт. Ошондуктан, эмгек акысын белгилөө нарк белгилөөдөн бүтүндөй башка нерсе болуп, бири-бирине алакасы жок. Себеби, нарк – мал ордуна төлөнгөн төлөм. Демек, анын мал ордуна төлөнгөн мал экендиги анык. Мында мал кыймат менен өлчөнөбү, же нарк менен өлчөнөбү, мунун айырмасы жок. Эмгек акы болсо күч-эмгек ордуна төлөнгөн төлөм. Бул күч-эмгектин бирер мал (продукция) иштеп чыгарышы шарт эмес, балким, ал кээде мал иштеп чыгарышы жана кээде иштеп чыгарбашы мүмкүн. Себеби, сарптала турган эмгек келтире турган пайда мал өндүрүүдөн гана турган болбойт, балким, малдан башка пайдалар да бар. Мисалы, айыл чарбасы, соода же өнөр жайдын түрдүү тармактарында, кээ бир же көптөгөн тармактарында сарпталган эмгектин натыйжасында продукция иштеп чыгарылат жана ал себептүү өлкө байлыгы көбөйөт. Ал эми, врач, инженер, адвокат, мугалим жана ушул сыяктуулардын кызматы болсо продукция иштеп чыгарбай турган эмгек болуп, андан үммөт байлыгы көбөйбөйт. Демек, өнөр жай продукциясын иштеп чыгарган жумушчу өзү иштеп чыгарган мына ушул продукция ордуна акы алат, бирок, инженер эмгек акы алса, бирер продукция иштеп чыгаргандыгы үчүн албайт. Себеби, ал эч кандай продукция иштеп чыгарбайт. Ошондуктан, белгиленген нарк мал ордуна төлөнө турган төлөм экендиги анык. Сарпталган эмгек келтире турган пайданы белгилөө болсо мунун тескериси. Себеби, ал бирер мал (продукция) ордуна төлөм төлөө эмес, балким, мал да болушу жана малдан башка нерсе да болушу мүмкүн болгон пайда ордуна төлөм төлөө болуп эсептелет. Ушундан келип чыгып, соода-сатык жумушчу жалдоодон, нарк болсо амалий белгиленүү жагынан эмгек акыдан бүтүндөй айырмаланат. Бирок, соода-сатык жана ижара (жалдоо), нарк жана эмгек акысы бири-биринен айырмаланат деген сөз алардын ортосунда байланыштуулук жок деген маанини түшүндүрбөйт, балким, ижара соода-сатыкка жана соода ижарага негизделбейт, эмгек акыны белгилөөгө негизделип нарк белгиленбейт жана нарк белгиленишине негизделип эмгек акы

белгиленбейт деген маанини түшүндүрөт. Себеби, нарк менен эмгек акынын бири-бирине негизделип белгилениши жумушчу иштеп чыгара турган товарлар нарктарынын ушул жумушчу ала турган эмгек акысына өкүм өткөзүшүнө алып келет. Негизи, товарлардын нарктары жумушчуга эмес, жалдоочуга өз өкүмүн өткөзүшү керек. Ошондуктан, эгер бул нарктар жумушчуга өкүм өткөзө турган болуп калса, бул нерсе жалдоочунун жумушчуга өз өкүмүн өткөзүшүнө алып келет. Жалдоочу жумушчунун эмгек акысын нарктар түшүшү же көтөрүлүшү деген шылтоо менен качан кааласа төмөндөтө турган жана көтөрө турган болуп калат. Бул болсо жайыз эмес. Себеби, жумушчунун эмгек акысы анын эмгеги келтире турган пайда ордуна төлөнө турган нерсе болуп, ырас, бул эмгек акы жумушчу менен жалдоочу ортосунда өз ара келишилип, белгиленген соң, демек, ал ушул жумушчунун эмгеги келтире турган пайданын кыйматына тең болот. Демек, жумушчунун эмгек акысы ал иштеп чыгара турган товардын нарктарына байланыштуу болбойт. Жумушчу иштеп чыгара турган товардын нарктары түшүп кеткенде да жалдоочуну белгиленген акыны берүүгө мажбурлоо анын зыян көрүшүнө, бул болсо жалдоочунун жумушчуларды иштен бошотушуна алып келет деш орунсуз. Себеби, бул нерсе товар наркы бардык базарларда түшүп кеткенде гана садыр болот. Ушул себептүү, эмгек акынын өлчөмүн белгилөө жалдоочунун эмес, балким, адистердин жумушчу эмгеги келтире турган пайданы баалоолоруна байланыштуу болот. Себеби, алар бир абалга эмес, балким, жалпы түрдө жумушчу келтире турган манфаат мажмуасына (пайда жыйындысына) этибар беришет. Ошондуктан, эмгек акы белгилөө товар наркына эмес, балким, адистердин пикирине байланыштуу.

Мунун үстүнө, ижаранын (жалдоонун) соодага жана сооданын ижарага негизделиши зарыл малдар нарктарынын жумушчунун эмгек акысына өкүм өткөзүшүнө алып келет. Негизи, зарыл малдар нарктары анын эмгек акысына эмес, балким, керектөөсүнө жете турган нерселерге өкүм өткөзүшү керек. Ошондуктан, эгер зарыл малдар нарктары жумушчунун эмгек акысына өкүм өткөзө турган болуп калса, бул нерсе жумушчунун керектөөсүнө жетиштүү боло турган нерселер менен камсыздоону жалдоочунун мойнуна жүктөп коёт. Негизи, ар бир адамды керектөөсүнө жете турган нерселер менен камсыздоо ушул адам иштерин башкаруунун бир бөлүгү болуп, аны камсыздоо жалдоочунун эмес, мамлекеттин милдети. Жумушчуну керектөөгө жетиштүү боло турган нерселер менен камсыздоону анын продукция өндүрүшүнө байланыштуу кылып коюу да таптакыр жайыз болбойт. Себеби, кээде жумушчу алсыз-заиф болушу мүмкүн, натыйжада, керектөөсүнө жетпей турган

даражада продукция иштеп чыгарышы мүмкүн. Ошондуктан, эгер анын эмгек акысы ал иштеп чыгарган продукцияга, же ал муктаж болгон зарыл малдарга байланыштуу кылып коюлса, анда ал тынч-бейгам жашоодон махрум болот. Бул болсо жол коюп болбой турган иш. Себеби, мамлекет жараны болгон ар бир адамга жашоо укугу толук камсыздалышы лазым. Көп же аз продукция иштеп чыгарышынан, продукция өндүрүүгө кудуреттүү болушу же болбошуна карабастан, ар бир адамга бул укук толук камсыздалышы керек. Демек, жумушчунун эмгек акысы ал келтире турган пайданын кыйматына карап белгиленет, бул кыймат анын керектөөлөрүн каптайбы же жокпу, мунун айырмасы жок. Ушуга караганда, жумушчунун эмгек акысын ал иштеп чыгара турган товарлар наркы менен, же ал муктаж болгон зарыл малдар наркы менен белгилөө ката. Демек, ижараны (жалдоону) соодага жана сооданы ижарага негиздөө да ката, ошондуктан, аларды бири-бирине негиздөө жайыз болбойт. Ушуга караганда, наркты эмгек акыга жана эмгек акыны наркка негиздөө жайыз эмес. Себеби, эмгек акыны белгилөө менен наркты белгилөө башка-башка нерсе болуп, ар биринин белгилөөдө өз өкүмүн өткөзө турган өзүнө таандык өзгөчө белгилөө факторлору жана этибарга алына турган нерселери бар. Мисалы, иш акы эмгек келтире турган пайданын көлөмүнө карай белгиленет. Демек, эмгек акыны белгилөөнүн негизи күч-эмгекке эмес, балким, пайдага негизделет, пайда жеке адам сарптаган эмгектин жемиши болсо да, эмгек эмес, балким, пайда негиз болот. Ушул пайданы адистер андан келе турган пайдага карап белгилешет. Бул белгилөө дайымый эмес, балким, келишилген мөөнөткө же аткарууга келишилген ишке байланыштуу. Ошондуктан, эгер мөөнөт бүтсө же иш аткарылса, ишке жаңыдан акы белгиленет. Бул жаңы акы же келишим түзгөн эки тараптан, же «ажр мисл»ди баян кылуу боюнча эксперт болгон кишилер тарабынан белгиленет. Мөөнөт болсо күндүк, кээде айлык, кээде жылдык болушу мүмкүн. Эмгек акыны белгилөөнүн вокыйлыгы ушундан турат. Эми нарк маселесине келсек, ал акча өлчөмү менен акча мукабылы-ордуна бериле турган товар өлчөмүнүн ортосундагы өз ара алмашылуу нисбаты. Себеби, нарк – маалым бир товар бирдиги ордуна маалым бир убакытка бериле турган акча. Наркты табигый түрдө базар белгилейт. Мында адамдардын товарга болгон керектөөсү этибарга алынат. Туура, кээде нарк кардардын товарга болгон муктаждыгы даражасына карай белгиленип, аны канчага болсо да сатып алышы мүмкүн, кээде болсо нарк сатуучунун муктаждыгы даражасына карай белгиленип, аны канчага болсо да сатышы мүмкүн. Бирок, бул жол коюп болбой турган иш. Себеби, бул иш коом үчүн коркунучтуу. Ошондуктан, ага жол коюп болбойт.

Бул габн (алдамчылык) делет. Ошондуктан, бул абалда өз ара келишип алып жаткан сатуучу жана алуучу эмес, балким, базардагы сатуучу жана алуучулар этибарга алынат, башкача айтканда, базарда товарга белгиленген өлчөм нарк болот. Себеби, алуучу да, сатуучу да базар белгилеген наркты кабыл кылууга мажбур болот. Бул наркты белгилеп, сатуучу жана алуучуну ага моюн сунууга мажбур кылган нерсе болсо товар сатылып жаткан коомдогу ушул товардын пайдасына болгон муктаждык. Бул товарды өндүрүүгө кеткен сарп-каражаттарга карабастан, андан келе турган пайдага болгон муктаждык наркты белгилеп, сатуучу жана алуучуну ушул нарkка моюн сунууга мажбур кылат. Ушуга караганда, наркты белгилөө эмгек акыны белгилөөдөн бүтүндөй айырмаланып, бул экөөсүнүн ортосунда эч кандай алака жок. Ошондуктан, эмгек акыны белгилөө нарkка негизделбейт. Себеби, наркты товарга болгон муктаждык белгилейт жана танкыстык да аны белгилөөдө таасир кылуучу фактор эсептелет. Ошондуктан, наркты товар өндүрүүгө кеткен сарп-каражаттарга салыштырып болбойт. Себеби, кээде нарк менен өндүрүү сарп-каражаттары бирдей болбошу, кыска мөөнөттөгү шарттарга карап кемейип же көбөйүп кетиши мүмкүн. Узак мөөнөттө болсо базар наркы менен өндүрүү сарп-каражаттарынын ортосундагы теңдик табигый түрдө вужудка келет. Бирок, бул нерсе эмгек акыны товар наркына байланыштуу кылып койбойт. Себеби, кыска мөөнөттө да, узак мөөнөттө да кардарлар товар сатып алууда аны өндүрүүгө кеткен каражаттарга этибар беришпейт, балким, эки абалда тең наркты товарга болгон муктаждык белгилейт. Мында таңсыктык фактору да эсепке алынат.

Капиталисттер жана коммунисттер жумушчугаэмгек акы белгилөөдө бири-биринен кескин айырмаланышат. Себеби, капиталисттер жумушчуга табигый эмгек акысын беришет. Алардын назарында табигый эмгек акы жумушчу муктаж боло турган эң төмөнкү даражадагы жашоо муктаждыктарынан турган болуп, жашоо каражаттарынын эң төмөнкү даражасы көбөйсө, эмгек акыны ашырышат, эгер кемейсе, кемитишет. Ушуга караганда, жумушчунун эмгек акысы жумушчунун жеке адамга жана коомго келтирген пайдасынан көз жумган абалда жашоо каражаттары менен белгиленет. Ал эми, Европа жана Америкадагы капиталисттик мамлекетте жумушчулар ала турган эмгек акыга келсек, ал жумушчуга мүлк эркиндиги бере турган укуктан артыгыраак кошумча укук берүү туурасында капитализм түзүмүнө оңдоо киргизүүдөн гана турат. Бирок, мындай оңдоо киргизилишине карабастан, жумушчунун ала турган эмгек акысы дагы деле орточо күн кечире турган даражадан төмөн калып жатат. Бул эмгек акысы ал иштеп чыгара турган өнөр жай продукциялары көлөмүнө туура

келбейт. Европа жана Америка коомундагы турмуш даражасынын жогорулугу сырттан караганда жумушчу ала турган эң төмөнкү эмгек акыны да жакшы эмгек акы кылып көрсөткөнү менен, бирок, жумушчу баары бир өзү иштеп чыгара турган продукцияга тең өлчөмдө эмгек акы албайт. Ошондуктан, Европа жана Америкадагы жумушчунун эмгек акысынын өлчөмү аны бизге салыштырмалуу кембагал кылып койбосо да, анын негизги керектөөлөрүн кандыруу менен бирге кээ бир камалий керектөөлөрүн да кандыруу мүмкүнчүлүгүн берсе да, бирок, бул эмгек акыны ушул жумушчу жашап жаткан коомдун турмуш даражасына салыштыра турган болсок, анын төмөн даражада күн кечирип жаткандыгы маалым болот. Анын турмуш даражасы бизге салыштырмалуу жогору болгону менен, өзү жашап жаткан коомго салыштырмалуу төмөн. Эмнеси болгондо да, Европа жана Америкадагы жумушчулардын турмуш даражасы бизге салыштырмалуу жогорулугуна карабастан, бардык капиталисттик мамлектетерде жумушчу ала турган эмгек акынын көлөмү ал жашап жаткан коомдун турмуш даражасына салыштырмалуу дагы деле төмөн болуп калууда.

Кантип мындай болбосун, ырас, жумушчунун эмгек акысы эң төмөнкү даражадагы жашоо каражаттары менен белгиленген соң, демек, мунун акыбетинде жумушчулардын мүлкчүлүгү алар муктаж болгон жашоо васиталарынын өздөрү жашап жаткан коомго карата эң төмөнкү даражасы чегарасында чектелип кала берет. Алардын турмушу азыркы Исламий өлкөлөр сыяктуу пикирий артта калган мамлекеттердин жумушчуларынын абалына окшоп жалаң негизги муктаждыктарын гана кандыруу үчүн күрөштөн турган болобу, же Европа жана Америкадагы алдыңкы мамлекеттердин жумушчуларынын абалы сыяктуу негизги жана камалий керектөөлөрүн кандыруу үчүн умтулуудан турган болобу, мында айырма жок. Себеби, бул мамлекеттердин баарында жумушчу өзү жашап жаткан коомго карата эң төмөнкү турмуш даражасындагы чектелген мүлккө ээ болуп кала берет. Бул мамлекеттер турмуш даражасы жогору же төмөндүгү жагынан бири-биринен канчалык айырмаланбасын, ырас, жумушчунун эмгек акысы ал муктаж боло турган жашоо васиталарынын эң төмөнкү даражасы менен белгиленген соң, жумушчулардын абалы ушундай болуп кала берет.

Эми коммунисттерге келсек, алар – товар өндүрүү жана аны толук жасап бүтүрүүдө жумушчунун эмгеги биринчи орунда турат, ошондуктан, эмгек же эмгекке болгон жөндөм товар өндүрүүдө негизги ролду ойнойт – деп эсептешет. Ушуга негизделип, коммунисттер продукция өндүрүүдөгү негизги нерсе жумушчунун эмгеги, демек, жумушчунун эмгек акысы ал иштеп чыгара турган продукцияга карай белгиленет, өндүрүш каражаттары болсо бир

элемент т.а. эмгек тутумуна кирет деп эсептешет. Бул болсо табигый вокыйлыкка тескери, себеби, сезилип турган вокыйлык ушундан турат, Алла бул ааламга жаратып койгон мал – товар кыйматынын негизи. Бул мал келтире турган пайданы ашыруу үчүн, же эмгектенүү аркылуу анда пайданы жүзөгө келтирүү үчүн сарпталган каражаттар болсо, бул малды маалым бир пайда келтире турган калыпка келтирди. Демек, эмгекти негиз кылып алуу ката болуп, вокыйлыкка тескери. Иштеп чыгарылган товарды жумушчунун эмгек акысы кылып коюу болсо, сырьёну жана сарпталган каражаттарды эсепке албоо болуп саналат. Кээде каражатты башка жумушчу сарптап, эмгек акыны да анын өзү алган болот, ошол эле учурда, ушул жумушчу товар иштеп чыгарбаган болот жана товар өндүрүүнүн ал кыла турган эмгекке таптакыр алакасы болбойт. Ошондуктан, товарды ага эмгек акысы кылып берүү мүмкүн болбой калат. Эми эгер, бул жерде жумушчу классы максат кылынууда деп ойлогон тагдырыбызда да, сырьё этибарсыз калтырылып жаткан болот. Негизи, бул сырьёну Алла жараткан болуп, аны этибарсыз калтыруу жана эсепке албоо дурус болбойт. Бирок, эмгек акыны белгилөөдө жумушчуну бир класс деп эсептөөнүн өзү да ката. Себеби, жумушчулар белгилүү бир жеке адамдар болуп, эмгек акы мына ушул жеке адамдарга гана берилет. Демек, жумушчу классы деп этибар кылуу эмгек акыны белгилөөгө эмес, балким, аны жана мүлкчүлүктү бекер кылууга алып келет. Бул болсо адам фитратына тескери жана сезиле турган вокыйлыгы болбогон ката пикир. Себеби, сезилип турган вокыйлык ушуга далалат кылат, адам өз керектөөлөрүн шахсан өзү кандырууга умтулат. Бул умтулуу аны ааламдан (барлыктан) же башка адамдан өз керектөөлөрүн кандыра турган нерсени алууга үндөйт же мавжуд мал (сырьё) анын керектөөлөрүн кандырууга жарактуу болушу үчүн ааламдыгы ушул сырьёго өз эмгегин сарптайт. Ошондуктан, коммунисттердин иштеп чыгарылган товарды эмгек акы кылып белгилөө назариясы ката. О.э. эмгек акыны жумушчу иштеп чыгарган товар менен белгилеп, сырьёну бир четке сүрүп коюу да ката. Себеби, жумушчу иштеткен эмгек куралдары жана сарптаган каражаттары да товардын вужудка келишинде өз салымын кошкон болуп, бул нерселер жумушчу эмгегинин бир бөлүгү эмес. Ошондуктан, эмгекти өзүнчө бир класс деп эсептеп, бул нерселер жумушчу эмгегинин бир бөлүгү деп эсептеле турган болсо, бул нерсе эмгек акынын бекер кылынышына алып келет. Бул болсо жогоруда айтып өткөнүбүздөй ката. Жумушчунун эмгек акысы товарга кыймат жагынан да, нарк жагынан да алакадар болбой, балким, эмгектин жеке адам жана коомго келтирген пайдага алакадар экендигине негизделе турган болсок, демек, эмгек иштеп

чыгарылган товар боюнча эмес, балким, мына ушул пайда боюнча бааланат. Бул пайда козукарын жана алма сыяктуу сырьёдо бар болобу, же паравоз иштеп чыгаруу сыяктуу жумушчунун эмгегинде мавжуд болобу, эч айырмасыз, жумушчунун эмгек акысы ушул пайдага байланыштуу болот. Ошондуктан, жумушчу ала турган эмгек акыны кандай өлчөө менен болбосун, белгилүү бир чегара менен чектеп коюу ката болуп, сезилип турган вокыйлыкка тескери. Ошондуктан, эмгек акы анык маалым болсо, ошонун өзү жетиштүү, аны белгилүү бир чегара менен чектебөө керек. Ушуга ылайык, демек, капиталисттер, коммунисттер жана социалисттердин эмгек акыны белгилөөдөгү назариялары ката болуп, вокыйлыкка тескери. Бул назариялар керектөөлөрдү кандыруу үчүн адамдар ортосунда боло турган алакалардын бузулушуна себеп болот.

Жумушчунун эмгек акысын белгилөөдөгү капиталисттер менен коммунисттер ортосундагы бул келишпөөчүлүктүн себеби, алардын товар кыйматынын маанисин аныктоодогу т.а. товар кыйматын белгилөөдөгү келишпөөчүлүктөрүнө барып такалат. Мисалы, кээ бир капиталисттер кыйматка аныктама берип: «Ал (т.а. кыймат) – товар өндүрүүгө кеткен убакыт, эмгек жана сырьё. Мисал үчүн, паравоздун кыйматы велосипеддикинен жогору» дешет. Бул кыймат алардын назарында ушул товардын таңсыктыгына карай белгиленет. Башкалары болсо: «Нерсенин кыйматы ал келтире турган пайдага т.а. керектөөлөрдү кандыра алуу кубатына байланыштуу» дешет. Башка кээ бирлери болсо: «Ар кандай товардын кыйматы аны өндүрүүдө сарпталган эмгектин көлөмүнө байланыштуу, ага өндүрүү процессинде иштетиле турган аспап-жабдуу жана эмгек куралдарын иштеп чыгарууда сарпталган эмгек көлөмү да кошулат» дешет Бирок, жаңы назария т.а. «акыркылык назариясы» деп аталуучу назария кыйматка продукция өндүрүү тарабынан да, керектөөчү тарабынан да т.а. сунуш жана талап тарабынан жандашып карайт. Демек, кыймат талапка да, сунушка да байланыштуу болот. Мисалы, акыркы чегарадагы пайда талапка өз өкүмүн өткөзөт т.а. ал нерсенин керектөөнү кандыруудагы кубатынын акыры болуп, андан кийин кандыруу күчү азаят же зыянга айланат. Соңку чегарасына жеткен иштеп чыгаруу каражаттары болсо сунушка өз өкүмүн өткөзөт т.а. ал товар өндүрүүдө сарпталган эмгек көлөмүнүн акыры болуп, өндүрүүгө мындан артык сарпталса банкрот (зыян) болуп калат. Мына ушул эки көрүнүш ортосунда тең салмактуулук пайда боло турган чекитте кыймат өзгөрөт.

Эми коммунисттер назарында кыйматтын эмне экендигине келсек, Карл Маркс: «Кыйматтын бирден-бир, жападан-жалгыз булагы – бул товар өндүрүүдө сарпталган эмгек. Капиталист

жумушчунун күчүн эмгек кылууга кудуреттүү абалда жашашы үчүн зарыл болгон өлчөмдөн ашпай турган эмгек акы ордуна сатып алат, кийин бул күчтү кыйматы жумушчуга төлөй турган эмгек акысынан көп эсе жогору турган товарларды өндүрүүдө эксплуатация кылат» - деди. Маркс жумушчу иштеп чыгара турган продукция менен ага төлөнө турган эмгек акынын ортосундагы бул айырмага «кошумча кыймат» деп наам берди жана бул «кошумча кыймат» мүлкдарлар жана капиталисттердин «рента», «киреше» жана «капитал пайдасы» деген наамдар менен жумушчулар акысынан уруп калууларынан турарын белгиледи. Маркс бул наамдардын (т.а. рента, киреше жана пайдалардын) мыйзамдуулугун тан албаган эле.

Сезилип турган вокыйлыгы бар чыныгы пикир болсо төмөнкүдөй, ар кандай товардын кыйматы андагы пайданын көлөмү менен өлчөнөт. Мында таңсыктык фактору да эсепке алынат. Эмгек бул пайданы колго киргизүү васитасы болсо да жана аны өндүрүү васитасы болушу мүмкүн болсо да, бирок, бул пайданы айырбаштоо жана андан пайдалануу учурунда бул эмгек эч качан эсепке алынбайт. Ошондуктан, ар кандай товарга болгон чыныгы караш пайдага болгон караш болуп саналат. Мында таңсыктык фактору да эсепке алынат. Адам бул пайдага, мисалы, аң олжосу сыяктуу мурун башынан эле ээ болобу, же соода-сатык сыяктуу өз ара айырбаштоо аркылуу ээ болобу, мунун айырмасы жок. Бул жаатта Москвадагы коом, Париждеги коом жана Мадинаи Мунаввар адагы коомдун ортосунда айырма жок. Себеби, адам каерде болбосун, товарды колго киргизүүгө умтулар экен, бул товарда канча пайда бар экендигин чамалап көрөт, мында таңсыктык факторун да эсепке алат. Адам назарында товардын кыйматы ушундан турган болуп, ал товардын чыныгы кыйматы. Ал эми, товардын амалий кыйматына келсек, ал ушул товар эвазына берилген башка товар көлөмү менен, же төлөнгөн акча көлөмү менен өлчөнөт. Товардын бул кыйматы заман, мекен жана шарттар канчалык өзгөрбөсүн, ушул жосунда өзгөрбөй кала берет. Ал эми, товардын наркына келсек, ал белгилүү бир товар ордуна белгилүү бир заман, белгилүү бир мекен жана белгилүү бир шартта бериле турган акчадан турган болуп, заман, мекен жана шарттын өзгөрүшү менен өзгөрүп турат. Башкача айтканда, нарк – акча көлөмү менен ушул акча ордуна бериле турган товардын көлөмү ортосундагы айырбаштоо нисбаты.

Мисалы, бир киши бир аялга үйлөнүп, ага балан сыпаттагы белгилүү бир сандыкты махр кылып берүүнү убада кылса жана бул сандыктын кыйматы 50 динар экендигин айтып, аны аялга чындап эле тапшырса, сандыктын кыйматы аялга тапшырышы менен эле дайын болуп калат. Ошондуктан, эгер мына ошондон кийин

сандыкты аялдан тартып алса жана аял доо коюп даттанып, кайтарып берүүнү талап кылса, ага сандык наркын (акчасын) эмес, балким, дал өзүн кайтарып бериши лазым. Эми эгер сандык сынып калган болсо, же эри аны сынып калды деп айтса, аялга 50 динар төлөйт. Себеби, сандыктын кыйматы ошончо эле. Доо кылуу учурунда ага окшогон сандык 50 динардан кымбатыраак турабы, же арзанбы, мунун айырмасы жок. Себеби, сандыкка амалда ушул кыймат белгиленген болуп, ага окшогон сандыктын наркы этибарга алынбайт. Эми, эгер нике убагында сандыктын наркы 50 динар деп айткан болсо жана аны аялга тапшырган болсо, кийин аны андан тартып алса жана аял доо кылса, эр сандыкты тапшырышы да, элүү динар төлөшү да, же элүү динарлык сандык сатып алып бериши да мүмкүн. Доо кылуу убагында сандык 50 динардан кымбатыраак турабы же арзаныраакпы, мунун айырмасы жок. Себеби, эр кайсы убакта болсо да наркы 50 динар турган сандык төлөшү лазым.

Мунун тафсилаты ушундай, кыймат өзгөрбөйт, нарк болсо өзгөрөт, себеби, товардын амалий кыйматы баалоо убактысындагы ушул товар бадалынын көлөмүнөн турат. Товардын наркы болсо базарда айырбаштоо үчүн ушул товар мукабылына (ордуна) төлөнө турган акчадан турат. Кыймат менен нарктын ортосундагы мындай айырма соодада да жана айырбаштоонун башка түрлөрүндө да эсепке алынат. Ал эми, жумушчу жалдоого келсек, ал келишим түзүү убагында ушул жумучунун эмгеги келтире турган пайда белгилене турган көлөмдөн турган болуп, бул пайда көлөмү жалдоо мөөнөтү бүткөн убакта кайрадан белгиленет. Ошондуктан, маалым болгондой, жумушчунун эмгек акысы менен товар кыйматынын ортосунда, жумушчунун эмгек акысы менен иштеп чыгаруу каражаттарынын ортосунда жана жумушчунун эмгек акысы менен турмуш даражасынын ортосунда эч бир алака жок. Балким, жумушчунун эмгек акысы башка бир өзүнчө нерсе. Себеби, эмгек акы – жалдоочу жумушчунун эмгеги аркылуу колго киргизиле турган пайдага төлөшү лаазым болгон акы. Бул пайда көлөмүн болсо жалдоочу эмес, балким, ушул пайдага болгон муктаждык белгилейт. Демек, жумушчунун эмгек акысын ушундай сыпатка ээ болгон пайда белгилейт. Бул эмгек акы эмгектин түрлөрүнө карай ар түрдүү болот жана бир эмгектин өзүндө да анын канчалык тыкан, чебердик менен кылынганына карап айырмаланат. Мисалы, инженердин эмгек акысы кол өнөрчүнүкүнөн айырмаланат. Чебер кол өнөрчүнүн эмгек акысы болсо жөнөкөй кол өнөрчүнүкүнөн айырмаланат. Адамдардын эмгек акысы алар өтөгөн эмгек келтире турган пайданын канчалык жакшы экендигине карай көтөрүлүп барат. Бул болсо аларды эмес, балким, алардын эмгек акысын

көтөрүү эсептелет. Алар өтөгөн эмгек жакшы пайда келтиргендиги үчүн алар ушундай эмгек акысына ылайык болушат.

### ЭЭ БОЛУУНУН ЭКИНЧИ СЕБЕБИ

**Мурас**

Мал-мүлккө ээ болуунун себептеринин экинчиси – мурас. Ал Куран аяты менен сабыт болгон. Анын иллеттери баян кылынбаган, белгилүү бир тавкифий өкүмдөрү бар, мейли, айрым бир бөлүктөрү жөнүндө сөз жүргүзүлгөн болсо да, булар негизинен кең көлөмдүү. Мисалы, Алла Тааланын:

﴿يُوصِيكُمُ اللَّهُ فِي أَوْلَادِكُمْ لِلذَّكَرِ مِثْلُ حَظِّ الْأُنثَيَيْنِ فَإِنْ كُنَّ نِسَاءً فَوْقَ اثْنَتَيْنِ فَلَهُنَّ ثُلُثَا مَا تَرَكَ﴾

*- «Алла перзенттериңерге (тиешелүү мурас) жөнүндө, бир уул үчүн эки кыздын үлүшүнө барабар мурас берүүнү буюрат. Эгер мураскорлор экиден артык аял болсо, аларга ата калтырган нерсенин үчтөн экиси тиет»,* [4:11]

- деген сөзүнөн бир канча өкүмдү түшүнөбүз. Демек, уул перзенттер кыздардан эки эсе артык үлүш алышын, уулдар болбогондо уулдун уулуна уулдай мамиле кылынышын түшүнөбүз. Себеби, уулдун балдары перзент катарына кирет, кыздын балдарына болсо тескерисинче, уулдун мамилеси кылынбайт. Себеби, кыздын перзенттери лугавий жактан перзент катарына кирбейт. Перзенттер кыз болуп, экиден ашса, мурастын үчтөн эки бөлүгүн алышат. **Расулулла ﷺ эки кызга да экиден көбүнүн өкүмүн чыгарып берген жана сахабалар ушуга ижма кылышкан,** демек, эки кызга тең экиден артыктын өкүмү жүргүзүлөт. Бул өкүмдөр аят зикр кылган умумий мааниден түшүнүлөт, ушул өкүмдөр менен ворис (мураскор) мурастан өз үлүшүнө акылуу болот. Ушуга караганда, мурас Китеп, сүннөт жана сахабалар ижмасында баян кылынган өкүмдөргө ылайык мүлккө ээ болуу себептеринин бири болуп калды.

Мурас – байлыкты бөлүштүрүү каситаларынын бири. Байлыкты бөлүштүрүү анын иллети эмес, балким, вокыйсынын баяны. Байлыкка ээ болуу адал кылынган соң, демек, ал жеке адамдардын колунда жыйылган болот. Өлүмдөрүнөн кийин да ушундай сакталып калбашы үчүн аны мураскорлорго бөлүштүрүп берүү лазым. Амалиятта байлыкты бөлүштүрүү каситасы мурас экендиги көрүлгөн. Терең назар ташталса, байлыкты мурас кылып бөлүштүрүүдө учурай турган абал үчөө экендиги маалым болот:

**а)** биринчи абалда мураскорлор мурас өкүмдөрү боюнча малдын баарын алышат;

**б)** экинчи абалда мурас өкүмдөрү боюнча малдын баарын ала турган мураскорлор болбойт. Мисалы, бир киши өлүп, аялы гана калса, же аял өлүп бир гана эри калса, аял болгону төрттөн бирин гана алат, мурастын калганы байтулмалга өтүп кетет, эгер эр калса, болгону жарымын алат жана калганы байтулмалга өтөт;

**в)** эч кандай мураскор болбойт жана бул абалда малдын баары байтулмалга т.а. мамлекетке өтүп кетет.

Ушул жол менен байлык бөлүштүрүлөт жана мал мураскорлорго өтүп, малды адамдар арасындагы экономикалык чөйрөдө алмашуу башталат. Ошондо байлык белгилүү бир адам колунда топтолуп, сакталып жатпай турган болот.

Мурас – мүлкчүлүктүн шаръий себептеринин бири болуп, ким бирер нерсе мурас алса, ага шаръий мүлкү катары ээлик кылат. Демек, мурас Ислам шарияты уруксат берген ээ болуу себептеринин бири.

### ЭЭ БОЛУУНУН ҮЧҮНЧҮ СЕБЕБИ

**Жашоо үчүн малга болгон муктаждык**

Эгедерликтин үчүнчү себеби – жашоо үчүн малга болгон муктаждык. Себеби, ар бир адам жашоо укугуна ээ. Демек, жашоого кимдир бирөөнүн белеги жана ырайымы деп эмес, балким, бир укук катары кароо керек. Ислам мамлекетинин жараны болгон ар бир адамга күндөлүк муктаждыгын камсыздап бере турган себеп – эмгек. Эгер эмгекке алсыздык кылып калса, мамлекет ага муктадыгын жеткизип бериши керек, себеби, мамлекет ушул жарандардын башкаруучусу жана ал муктаждыктарын кандыруу боюнча жоопкер. Расулулла ﷺ айтат:

«اَلْإِمَامُ الَّذِى عَلَى النَّاسِ رَاعٍ وَهُوَ مَسْئُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ»

**«Адамдар үстүндөгү имам – башкаруучу, ал кол астындагыларга масъул (жоопкер)».** Бухарий ибн Умардан рывайат кылган. Эгер ага иш таап берүү мүмкүнчүлүгү болбосо, же кеселдик, карылык жана башка алсыздык себептери айынан иштөөгө кудуреттүү болбосо, Шарият багууну кимге парз кылган болсо, ошол кишиге аны багуу парз болот. Эгер багышы важып кишиси болбосо, же болсо да аны багууга кудурети жетпесе, аны багуу мамлекет мойнуна түшөт. Мындан тышкары, байтулмалда анын зекет деген акысы да болот. Алла Таала айтат:

﴿وَالَّذِينَ فِي أَمْوَالِهِمْ حَقٌّ مَعْلُومٌ ۞ لِلسَّائِلِ وَالْمَحْرُومِ﴾

*- «Алардын мал-мүлктөрүндө – сурануучу жана (мал-дөөлөттөн) ажыраган-муктаж кишилер үчүн (ажыратылган) – маалым акы-үлүш (т.а. зекет) болгон заттар».* [70:24-25]

Бул акыны (зекетти) байлар берүүлөрү парз. Алла Таала «Тооба» сүрөсүндө:

﴿إِنَّمَا الصَّدَقَاتُ لِلْفُقَرَاءِ وَالْمَسَاكِينِ﴾

*- «Албетте, садагалар жакыр-кембагалдарга жана мискин-бечараларга гана…»,* [9:60]

деп

﴿فَرِيضَةً مِنَ اللَّهِ﴾

*- «Алла тарабынан парз»,* [9:60]

- деди т.а. парз кылынган акы. Эми эгер мамлекет бул жаатта кайдыгерлик кылса, мусулмандар жамааты да мамлекетти бул жаатта тергөө жана муктаждарды кепилдикке алуу жаатында кайдыгерлик кылса – негизи, мусулмандар жамаатынын кайдыгерлик кылышы күтүлбөгөн иш – бул абалда жеке адам өз муктаждыгына жараша нерсени каерден тапса, ошол жерден алышы жайыз болот. Мамлекет мүлкүнөн алабы же кишилер мүлкүнөн алабы, мунун айырмасы жок. Анткени, мындай абалда, ырас, адамдарда жегилик бар болгон соң, ач калган адамга өлүмтүк этин жеш адал болбойт. Себеби, бирер адамдын колунда жегилик бар экен, бул адам өлүмдүктү жешке мажбур эсептелбейт.

Бирок, жегилик табууга курбу жетпесе, анда өмүрүн куткаруу үчүн өлүмтүктү жеши мүмкүн. Жашоо малга ээ болуу себептеринин бири болгондон кийин, шарият ачарчылык жылында жегилик алууну кол кесиле турган уурулук деп эсептебеди. Абу Умамадан Пайгамбар ﷺдын:

«لاَ قَطْعَ فِى زَمَنِ الْمَجَاعِ»

**«Ачарчылык заманында кесүү жок»** дегени рыбаят кылынган. Шарият жашоо үчүн ар бир кишиге мүлккө ээ болуу укугун мыйзам менен кепилдеп бергени сыяктуу, бул укукту берүүнү да көрсөтмө берүү менен кепилдеди. Имам Ахмад Расулулла ﷺдын:

«أَيُّمَا أَهْلُ عَرْصَةٍ أَصْبَحَ فِيهِمْ امْرُؤٌ جَائِعًا فَقَدْ بَرِئَتْ مِنْهُمْ ذِمَّةُ اللهِ تَبَارَكَ وَتَعَالَى»

**«Кайсы маале элинин арасында бир ач киши болсо, Алла Табарака ва Тааланын коргоосу алардан көтөрүлөт»,** - дегенин рыбаят кылган. Баззор Анастан Расулулла ﷺдын:

«مَا آمَنَ بِى مَنْ بَاتَ شَبْعَانَ وَجَارُهُ جَائِعٌ إِلَى جَنْبِهِ وَهُوَ يَعْلَمُ بِهِ»

**«Коңшусу жанында ачтыгын билип туруп, өзү ток болуп жаткан адам мага ыйман келтирбептир»** дегенин рыбаят кылган.

## ЭЭ БОЛУУНУН ТӨРТҮНЧҮ СЕБЕБИ

**Мамлекеттин өз малынан жарандарга берүүсү**

Жарандар өз муктаждыктарын кандыруулары же мүлктөрүнөн пайдалануулары үчүн мамлекеттин аларга байтулмалдан мал бериши да ээ болуу себептеринин бири. Муктаждыктарын кандыруу үчүн дегени жерлерине эгин эгүү үчүн, же карыздарын төлөөлөрү үчүн мал берилиши дегени. Умар ибн Хаттаб Ирактагы дыйкандарга кайтарымсыз мал берип, муну менен алардын жерлерине эгин эгүүлөрүнө жардам берген жана муктаждыктарын кандырган эле.

Жамааттын бир киши мүлкүнөн муктаждык сезиши болсо, мамлекет өзүнүн пайдаланылбай бекер жаткан мал-мүлктөрүнөн үммөт мүчөлөрүнө мүлк кылып бергенде жүз берет. Мында мамлекет ээси жок жерлердин бир бөлүгүн бөлүп берет. **Расулулла ﷺ Мединага келгенде кылганы сыяктуу. Ошондо Зубайрга, Абу Бакр жана Умарга жер бөлүп берген эле. Зубайрга аты жүгүргөнчөлүк жайды Накихтин өлүк жерлеринен бөлүп берген, ага дарактар жана курмалары бар жерден да ажыратып берген, пайгамбарыбыздан кийин Хулафаи рошидиндер да мусулмандарга жер бөлүп беришкен.** Мамлекет бир адамга бөлүп берген бул жер анын мүлкүнө айланат. Себеби, жамаат пайдалануу, жеке адамды коомго пайда келтире турган эмгек менен камсыздоо, анын зээн жана дене кубатын жамаат пайдаларына кызмат кылдыруу үчүн ушул мүлкчүлүккө муктаж. Икто (бөлүп берүү) сөзүнүн бул жерде иштетилиши фикхий жана лугавий мааниде иштетүү болуп, Исламда мавжуд болбогон феодалдык түзүмгө алакасы жок.

Мамлекет жеке адамдарга бере турган нерселердин катарына жоокерлерге бөлүштүрүлө турган олжолор жана ээлик кылууга имам (халифа) уруксат беген хас олжолор да кирет.

## ЭЭ БОЛУУНУН БЕШИНЧИ СЕБЕБИ

**Кишилер эмгексиз же малсыз ала турган малдар**

Кишилер эч кандай мал же эмгексиз бири-биринен ала турган малдар да ээ болуу себептеринен болуп саналат. Буга беш нерсе кирет:

1. Кишилердин бири-бири менен болгон туугандык алакалары. Бул алака хадя жана белектер сыяктуу тирүүлүк кезинде болобу, же осуят сыяктуу өлүмдөрүнөн кийин болобу, айырмасы жок. Насаий жана ибн Исхак «Сийрату-н-Набавийя»да Амир ибн Шуайбдан, ал болсо атасы аркылуу чоң атасынан ушундай рыбаят кылган: Хафазин элчилери Расулулла ﷺдын алдына алардан алган олжолорду кайтарып берүүнү сурап келди. Малик Ато ибн Муслим Абдулла ал-Хурасанийден рыбаят кылышынча, Расулулла ﷺ аларга:

«مَا كَانَ لِي وَلِبَنِيَّ عَبْدِ الْمُطَّلِبِ فَهُوَ لَكُمْ»

**«Менин жана Абдулмутталиб уулдарынын акысы силерге»** деди т.а. менден силерге белек. Ибн Асокир Абу Хурайрадан Расулулла ﷺ:

«تَهَادُوا تَحَابُّوا»

**«Белек беришип тургула, махабатыңар күчөйт»** дегенин,

«لَيْسَ لَنَا مَثَلُ السُّوءِ، الَّذِي يَعُودُ فِي هِبَتِهِ كَالْكَلْبِ يَرْجِعُ فِي قَيْئِهِ»

**«Бизге ит кусундусун кайтарып алганы сыяктуу, белегинен кайта турган жаман адам жок»** дегенин болсо, Бухарий ибн Аббастан рыбаят кылган. Белек жана хадяда мусулман менен капырдын ортосунда айырма жок, себеби, капырга белек берүү адал жана капырдын бергени мусулмандыкындай кабыл алынат. Муслим Асма бинти Абу Бакрдан: **Курайштын доорунда алар менен ахд түзүлгөн убакыттарда энем келип калды, ошондо ал мушрика эле, мен Расулулла ﷺга барып: Я Расулулла ﷺ, меникине энем келди, ал динсиз, аны менен тууганчылык кылайынбы? – деп фатва сурадым. Ал киши «Ооба»** деди. Бухарий Абу Хумайд Соидийден

«أَهْدَى مَلِكُ أَيْلَةٍ لِلنَّبِيِّ ﷺ بَغْلَةً بَيْضَاءَ وَكَسَاهُ بُرْدًا»

**«Айла падышасы Пайгамбар ﷺга ак качыр жана кийгени тон хадя кылды»** дегенин рыбаят кылган. Белек жана хадя тирүүлүгүндө кылынган тартуу болгону сыяктуу, васият өлүмүнөн кийин кылынган тартуу. Алла айтты:

﴿كُتِبَ عَلَيْكُمْ إِذَا حَضَرَ أَحَدَكُمُ الْمَوْتُ إِنْ تَرَكَ خَيْرًا الْوَصِيَّةُ لِلْوَالِدَيْنِ وَالأَقْرَبِينَ﴾

*- «Силерден кимдир бирөө өлүм келген убакта (өзүнөн кийин) байлык-дүйнө калтырып жаткан болсо, ата-энеге жана тууган-урукка осуят кылуу парз кылынды».* [2:180]

Бухарий Саъд ибн Абу Ваккастан:

«مَرِضْتُ بِمَكَّةَ مَرَضًا، فَأُشْفِيتُ مِنْهُ عَلَى الْمَوْتِ، فَأَتَانِي النَّبِيُّ ﷺ يَعُودُنِي، فَقُلْتُ: يَا رَسُولَ اللهِ، إِنَّ لِي مَالاً كَثِيرًا، وَلَيْسَ يَرِثُنِي إِلاَّ ابْنَتِي أَفَأَتَصَدَّقُ بِثُلُثَيْ مَالِي؟ قَالَ: لاَ. قَالَ: قُلْتُ: فَالشَّرْطُ؟ قَالَ: لاَ. قُلْتُ: اَلثُّلُثُ؟ قَالَ: اَلثُّلُثُ كَبِيرٌ، إِنَّكَ إِنْ تَرَكْتَ وَلَدَكَ أَغْنِيَاءَ، خَيْرٌ مِنْ تَتْرُكَهُمْ عَالَةً يَتَكَفَّفُونَ النَّاسُ»

**«Меккеде катуу кесел болуп, нак өлө турган болдум. Пайгамбар ﷺ мени көргөнү келди. Мен: Я Расулулла ﷺ, менин малым өтө көп, ал эми, мураскор бир гана кызым бар, малымдын үчтөн эки бөлүгүн садака кылайынбы? -**

**дедим. Жок деди. Жарымынбы? - дедим. Жок деди. Үчтөн бир бөлүгүнбү? - дедим. «Үчтөн бири көп, сен перзентиңди адамдардан нерсе сурап жүрө турган кембагал кылып таштап кеткениңден көрө бай калтырып кетсең жакшы» - деди** дегенин рыбаят кылган.

Киши хадя, белек же осуят кылынган нерсеге ээ болот.

2. Өзүнө жеткизилген зыяндардын ордуна берилген малга акылуу болуу, буга катыл (адам өлтүргөн киши) төлөй турган кун акы, жараат жеткизгени үчүн төлөнө турган таван акы сыяктуулар кирет. Алла Таала айтат:

﴿وَمَنْ قَتَلَ مُؤْمِنًا خَطَأً فَتَحْرِيرُ رَقَبَةٍ مُؤْمِنَةٍ وَدِيَةٌ مُسَلَّمَةٌ إِلَى أَهْلِهِ﴾

*- «Ким бир момунду билбей өлтүрүп койсо, ал бир момун кулду азат кылышы жана маркумдун ээлерине – эгер кечип жиберишпесе – кун төлөшү важып».* [4:92]

Насаий Расулулла ﷺдын Яман калкына кат жазып, аны Амр ибн Хазмдан жөнөткөнүн, анда

«وَإِنَّ فِي النَّفْسِ الدِّيَةُ مَائِةٌ مِنَ الْإِبِلِ»

**«Жан үчүн жүз төө кун төлөнөт»** деген жери бар экендигин рыбаят кылган. Жарааттардын тавандары жөнүндө болсо Насаий Зухрийден, ал Абу Бакр ибн Мухаммад ибн Амр ибн Хазмдан, ал болсо атасынан, ал чоң атасынан, Расулулла ﷺ ага бир катта:

«وَفِي الْأَنْفِ إِذَا أَوْعَبَ جَدْعُهُ الدِّيَةُ، وَفِي اللِّسَانِ الدِّيَةُ، وَفِي الشَّفَتَيْنِ الدِّيَةُ، وَفِي الْبَيْضَتَيْنِ الدِّيَةُ، وَفِي الذَّكَرِ الدِّيَةُ، وَفِي الصُّلْبِ الدِّيَةُ، وَفِي الْعَيْنَيْنِ الدِّيَةُ، وَفِي الرِّجْلِ الْوَاحِدَةِ نِصْفُ الدِّيَةِ، وَفِي الْمَأْمُومَةِ ثُلُثُ الدِّيَةِ، وَفِي الْجَائِفَةِ ثُلُثُ الدِّيَةِ، وَفِي الْمُنْقَلَةِ خَمْسُ عَشْرَةَ مِنَ الْإِبِلِ»

**«Эгер мурунду кесип таштаса – кун. Тилге – кун, эки эринге – кун, эки тукумга – кун, алага** (жыныстык мүчөгө) **– кун, омурткага – кун, эки көзгө – кун, бир бутка – жарым кун, баштын үстүңкү бөлүгүнө урулса – үчтөн бир кун, курсагына сайылса – үчтөн бир кун, сөөктүн жарылышында он беш төө»** деп жазган эле дегенин рыбаят кылган.

Касддан (атайын, максаттуу түрдө) адам өлтүрсө, өлүктүн мураскорлору катылдан өлүктүн кунун алууга акылуу болушат. Расулулла ﷺ айтты:

«لاَ يَجْنِى جَانٍ إِلاَّ عَلَى نَفْسِهِ»

**«Кылмышкер өз зыянына гана кылмыш кылат».** Ибн Можа Амр ибн Ахвас аркылуу рыбаят кылган. Касддан башкасында

болсо, касдга окшош же ката кылып билбей өлтүрүп койгондо, өлүктүн мураскорлору катылдын туугандарынан кун алууга акылуу болушат. Имам Бухарий Абу Хурайрадан ушуну рывайат кылган:

«اِقْتَتَلَتْ اِمْرَأَتَانِ مِنْ هُذَيْلَ فَرَمَتْ إِحْدَاهُمَا الْأُخْرَى بِحَجَرٍ فَقَتَلَتْهَا وَمَا فِي بَطْنِهَا فَاخْتَصَمُوا إِلَى النَّبِيَّ ﷺ فَقَضَى أَنَّ دِيَةَ جَنِينَهَا غُرَّةٌ عَبْدٌ أَوْ وَلِيدَةٌ، وَقَضَى أَنَّ دِيَةَ الْمَرْأَةِ عَلَى عَاقِلَتِهَا»

**«Хузайл уруусунан эки аял урушуп, бири таш менен уруп экинчисин жана хомиласын (боюндагы баласын) өлтүрүп койду. Расулулла ﷺга бул кырсыкты алып келгендеринде, ал зат өлгөн аялдын хомиласына бир кул төлөө, таванын болсо окиласына (туугандарына) жүктөп өкүм чыгарып берди».** Окила деп акылды төлөөчүлөр айтылат, «акыл» деп бул жерде таван айтылат. Окила деп бардык ата туугандар айтылып, буга катылдын атасы, уулдары, ага-инилери, абалары жана абаларынын уулдары кирет. Эгер катылдын окиласы болбосо, таван байтулмалдан алынат, себеби, Расулулла ﷺ Хайбарда адам өлтүрүп койгон ансарийге байтулмалдан төлөп берген. Умардын доорунда бир киши тыгылышта өлүп, катылы табылбады. Ошондо, Али Умарга: «Эй амирул-муъминин, мусулман кишинин кан акысы бекер кылынбайт, анын таванын байтулмалдан өтөңүз», - деген эле.

Жарааттардын таванына келсек, алар баш же бетин жаруу, же бирер мүчөсүн үзүү, этин кесүү же бирер пайдалуу касиетин кетирүү (угуу, көрүү, акылын кетирүүлөр кирет) – булардын таваны бул жараат себептүү шарияттa баян кылынган ар бир мүчө жана ар бир абал төмөндөгү өкүмгө ылайык таванга акылуу болот. Киши таван себептүү өлүккө төлөнгөн тавандан же зыяндалган мүчөсү, же кетирилген пайдалуу жөндөмүнө төлөнгөн тавандан малга ээ болот.

3. Нике катталышы менен махр же ага тиешелүү нерселерге акылуу болуу. Аял киши бул малга турмуш куруу өкүмдөрүндө баян кылынган жол менен ээ болот. Бул мал пайда бадалы эмес, себеби, пайда эрди-катын арасында алмашып турат. Балким, махр шарият сөзүнө караганда аялдын акысы. Алла айтат:

﴿وَآتُوا النِّسَاءَ صَدُقَاتِهِنَّ نِحْلَةً﴾

- *«Аялдарыңарга махрларын белек сыяктуу бергиле»*, [4:4]

т.а. Алла парз кылган деп чын көңүлдөн бергиле. Нихла – тартуу дегени т.а. эр аял экөөсү бири-биринен пайдаланышы үчүн эр тарабынан берилген тартуу. Ахмад Анастан рыбаят кылып айтат:

«جَاءَ عَبْدُ الرَّحْمَانِ بْنَ عَوْفٍ وَعَلَيْهِ رَدْعُ زَعْفَرَانَ، فَقَالَ رَسُولُ اللهِ ﷺ: مَهْيَمْ؟ فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللهِ، تَزَوَّجْتُ امْرَأَةً، فَقَالَ: مَا أَصْدَقْتَهَا؟ قَالَ: وَزْنُ نَوَاةٍ مِنْ ذَهَبٍ. قَالَ: أَوْلِمْ وَلَوْ بِشَاةٍ»

**«Абдуррахман ибн Авф заъфарон (атырынын) тагы менен келгенде, Расулулла ﷺ: «Эмне болду?» - деди. «Я Расулулла ﷺ, бир аялга үйлөндүм», - деди. Расулулла ﷺ: «Эмнени махр кылдың?» - деди. «Данек оорлугунда алтын», - деди. «Бир кой менен болсо да той кыл», - деди».**

4. Табылга. Эгер бир киши бир нерсе таап алса, каралат: Эгер алтын, күмүш, жакут, кийим сыяктуу сактоо мүмкүн болгон жана жарыя кылууга арзый турган жана Харамдан (Каъбадан) тышкарыдагы нерсе болсо, аны алуу мүмкүн. Абу Давуд Абдулла ибн Остон кылган рыбаяттарына ылайык: Расулулла ﷺдан табылга жөнүндө суралганда:

«مَا كَانَ مِنْهَا فِي طَرِيقِ الْمِيتَاءِ (أَيْ الْمَسْلُوكَةِ) أَوْ الْقَرْيَةِ الْجَامِعَةِ، فَعَرَّفْهَا سَنَةً، فَإِنْ جَاءَ طَالِبُهَا فَادْفَعْهَا إِلَيْهِ، وَإِنْ لَمْ يَأْتِ فَهِيَ لَكَ، وَمَا كَانَ فِي الْخَرَابِ، يَعْنِي فَفِيهَا وَفِي الرِّكَازِ الْخُمْسِ»

**«Эгер жумшак жерлерде же адамдар жашай турган кыштакта (шаарда) болсо, аны бир жыл жарыя кыл, эгер талапкери келсе берип жибер, эгер келбесе, ал сага. Эгер кароосуз жайларда болсо, андан жана риказдан бештен бири берилет».** Эгер табылга харамда болсо, ал табылга эсептелбейт, себеби, харамдын табылгасы арам. Абдуррахман ибн Усмандан рыбаят кылынган хадисте келгениндей, Расулулла ﷺ **ажынын табылгасынан кайтарды,** Расулулла ﷺдын:

«وَلاَ يَلْتَقِطُ سَاقِطَتَهَا إِلاَّ مُنْشِدٌ»

**«Меккеде түшүп калган нерсени жарыя кылуучу гана алат»** деген сөзүнө ылайык, аны ээсине сактап берүү үчүн гана алуу мүмкүн. Бул хадисти Бухарий рыбаят кылды.

Эгер табылга, сактап болбой турган, азык, дарбыз жана ушул сыяктуу сакталбай турган нерсе болсо, ал адам каалаcа аны жеп, ээси табылса акчасын бериши, же аны сатып, бир жыл мөөнөт акчасын сактап турушу да мүмкүн. Бул өкүмдөрдүн баары табылга адатта изделе турган нерсе болуп, эгер жоголсо ээси издебей койбой турган, кыйматка ээ нерсеге гана колдонулат. Эгер табылга бир даана курма, бир сугум жегилик сыяктуу арзыбас нерселер болсо, ал жарыя кылып отурулбай, ошол замат эле ээ болунат.

5. Халифага жана кыла турган иши өкүм-башкаруу деп эсептелүүчү адамдарга бериле турган эваз (маош-маяна). Бул алардын эмгектеринин төлөмү эмес, балким, өз иштерин аткаруудан тосуп коюлушканы үчүн бериле турган төлөм болуп, алар малды алуулары менен анын ээсине айланышат. Себеби, Алла Таала бул малды аларда байтулмалдан алууну адал кылды. **Мисалы, Абу Бакрдан сооданы токтотуп, мусулмандар иши менен алектенүү талап кылынганда, соодадан токтоп калганы үчүн мал алган жана сахабалар муну макулдашкан.**

Мына бул беш мал – туугандык, зыян төлөмү, махр, табылга акимдерге төлөнө турган эваз – мал же эмгексиз алына турган мал эсептелет. Бул шариятта уруксат берилген себептерден.

## МАЛДЫ ТАСАРРУФ КЫЛУУ

### Тасарруф кылуу укугу

Мүлккө ээлик: мүлккө ээликке «Ээсине бирер нерседен пайдаланууга жана анын ордуна башка нерсе алышына мүмкүнчүлүк берилишин талап кылуучу, пайда же нерсе менен белгиленген шаръий өкүм» деп аныктама берилет. Ушуга караганда, мүлккө ээлик – пайда же нерсе менен белгиленген шаръий өкүм т.а. ал Алланын уруксаты. Тасарруф дегени болсо, бул шаръий өкүмдөн т.а. ээсине андан бирер нерседе пайдаланышына жана ага эваз алышына мүмкүндүк берилишине болгон изн-уруксаттан келип чыккан нерсе. Мүлккө ээлик себептүү тасарруф кылуу Шореънин уруксаты менен болот, тасарруф болсо малдан пайдалануу. Мал Алланыкы, Алла Өз уруксаты менен ага пендени орунбасар кылгандан кийин, киши малды алышы, ага ээ болуп өстүрүшү жана андан пайдаланышы үчүн аткара турган бир милдетке окшоп калды. Себеби, малга ээ болгон киши андан пайдалануу үчүн ээлик кылат, бул пайдаланууда ал шарият чегаралары менен чектелген, мында ал мутлак (бүтүндөй эркин) укукка ээ эмес, мейли, ал менчик малына өзү ээлик кылса да. Далили, эгер ал акмактарча өз малын ысырап кылып, на шаръий жолдорго сарптаса, мамлекет аны тыйып, ага берилген тасарруф укугун тартып алышы лазым болот. Ушуга караганда, малды тасарруф кылуу жана андан пайдалануу ага ээлик кылуудан көздөлгөн максаттан келип чыгат. Малдан пайдалануу укугу мүлктү өстүрүү, каражаттар же тууган уруктарга жардамга сарптоодо тасарруф кылуу укугун өз ичине алат.

### Мүлктү өстүрүү

Малды өстүрүү аны иштеп чыгаруу үчүн пайдалана турган ыкма жана васиталар менен байланыштуу. Бул малды өстүрүү мүлктүн көбөйүшүнө жетише турган жолдорго тиешелүү. Ошондуктан,

экономика мыйзамынын малды өстүрүүгө тиешеси жок. Ал мүлкчүлүктү өстүрүүгө тиешелүү. Ислам малды өстүрүүгө аралашпай, буга алып келе турган васита жана ыкмалар менен өстүрүүнү адам ыктыярына тапшырды, малдын мүлктүгүн өстүрүүгө аралашып, өкүмдөрүн баян кылды. Мүлктү өстүрүү шарият белгилеген чегаралар менен болуп, аларды бузуу мүмкүн эмес. Шореъ мүлкчүлүктү өстүрүү жолдорун кең чөйрөдө берип, шартты эсепке алган абалда муфассал өкүмдөрдү истинбат кылып чыгарып алууну мужтахиддерге калтырды, белгилүү бир жолдордун арамдыгын жана тыюу салынгандыгын айтты. Мүлк өстүрүлө турган мамиле жана келишимдерди баян кылды, кишини ар түрдүү жолдор менен мүлкүн өстүрүүдөн кайтарды.

Дүйнө турмушунда мавжуд малдарга терең назар салган адам алар үч түрдүү экенин көрөт: жер, жысмдардын аралашуусунан келип чыга турган нерсе, буюмдар калыптарын бир абалдан башка бир абалдарга айлантуудан пайда болгон нерселер. Мындан маалым болгондой, адам малды колго киргизүү же аны өстүрүүдө алектене турган нерселери: дыйканчылык, соода жана өнөрчүлүк экен, кишинин малга ээлиги өсүшүнө себеп экономикалык түзүмдөгү талкуу темасы болуп саналат. Дыйканчылык, соода жана өнөрчүлүк мал келтирип чыгарууда пайдаланыла турган ыкма жана васиталар болуп эсептелет. Дыйканчылык, соода жана өнөрчүлүккө тиешелүү өкүмдөр кишинин малга ээлигин өстүрө турган ыкмаларды баян кылып берет.

Шарият дыйканчылык өкүмдөрүн жер жана ага байланыштуу өкүмдөрдүн баянында ачып берди, соода өкүмдөрүн соода, шериктик жана ага байланыштуу өкүмдөрдү айтып жатканда баян кылды, өнөрчүлүк өкүмдөрүн жалдануучу жана буюртма берүү өкүмдөрү баянында билдирди. Өнөрчүлүктөн болгон нерсе соодага алакадар. Ушулар себептүү мүлкчүлүктү өстүрүү шарият алып келген өкүмдөр менен чектелген, булар: жер жана ага байланыштуу өкүмдөр, соода, шериктик жана ага байланыштуу өкүмдөр, жалдануучу жана буюртма берүү өкүмдөрү.

## ЖЕРЛЕРГЕ ТИЕШЕЛҮҮ ӨКҮМДӨР

Жердин асли жана пайдасы бар. Анын асли өзү, пайдасы болсо эгин эгүү жана башка нерселерде аны иштетүү. Ислам жерге ээлик кылууга кудум анын пайдасына ээлик кылууну мубах кылганы сыяктуу уруксат берди жана ар бирине тиешелүү өкүмдөрдү баян кылды. Эгер жер уруш кылып, күч иштетип фатх кылынган диярда болсо, жердин асли мамлекет мүлкү эсептелет жана Арабстан жарым аралынан тышкарыдагы мындай жерлер хирожий жерлер эсептелет.

Эгер бул жерлер сулх менен фатх кылынган жана сулхта жер мусулмандар ыктыярына өтүп, бериле турган хирож эсебине калкына калтырылган болсо, хирож бул жер үчүн абадий (түбөлүктүү) болуп калат о.э. тээ кыяматка чейин хирожий жер эсептелет, калкы Исламды кабыл кылгандыгы же башка себептер менен жер мусулмандарга өтсө да.

Эгер сулхта калкына салына турган хирож эсебине жер аларга калтырылса, демек, бул хирож жизя эсептелип, калкынын Исламга кириши же жер мусулмандарга сатылышы менен хирож сакыт болот (алып ташталат). Эгер жерди капырларга сатышса хирож бокий калат, сокит (сакыт) болбойт, себеби, капыр хирож жана жизя калкынан. Эгер өлкөнүн калкы Индонезия сыяктуу Исламга кирген болсо, же Арабстан жарым аралындагы жерлер болсо, анда түп калкынын мүлкү болот жана алар ушрий жер эсептелет. Буга себеп, жер мал ордунда болуп, согушта колго киргизиле турган олжолордун бири. Ал адал болуп, байтулмалдын мүлкү эсептелет. Хавс ибн Рияс Абу Зиъбдан, ал болсо Зухрийден рыбаят кылат:

«قَبِلَ رَسُولُ اللهِ ﷺ الْجِزْيَةَ مِنْ مَجُوسِ الْبَحْرَيْنِ. قَالَ الزَّهْرِىُّ: فَمَنْ أَسْلَمَ مِنْهُمْ قَبِلَ إِسْلاَمَهُ، وَأَحْرَزَ لَهُ إِسْلاَمَهُ نَفْسَهُ وَمَالَهُ إِلاَّ الْأَرْضَ، فَإِنَّهَا فَىْءٌ لِلْمُسْلِمِينَ، مِنْ أَجْلِ أَنَّهُ لَمْ يُسْلِمْ أَوَّلَ مَرَّةٍ وَهُوَ فِى مَنْعَةٍ»

**«Расулулла ﷺ Бахрейн мажусийлеринен жизя кабыл алды». Зухрий дагы айтты: «Алардан кимде-ким мусулман болсо, анын Исламы кабыл алынат жана Ислам себептүү жанын жана малын сактап калат, бирок, жери мындан мустасна. Себеби, ал алгач, өзүн коргой ала турган убагында ыйман келтирбегени үчүн мусулмандардын олжосу эсептелет».** Жер менен башка олжолордун ортосундагы айырма ушул, байлыктар бөлүштүрүлөт, тасарруф кылынат жана адамдарга берилет. Жерлер болсо хукман байтулмалдын тасарруфу астында болот, бирок, жер өз калкында калтырылат, алар жерден пайдаланышат. Жердин асли бөлүштүрүлбөй, байтулмалда калтырылышы адамдардын пайдалануулары үчүн мүмкүнчүлүк жаратат о.э. фатх учурунда болобу, же андан кийинби, мусулмандардын умумий олжосу экендигин көрсөтөт. Арабстан жарым аралындагы жерлердин баары ушрий. Себеби, Расулулла ﷺ Меккени күч менен фатх кылды жана аны өз калкына калтырды, ал жерге хирож белгилебеди, себеби, жерге салына турган хирож – жан башына салына турган жизя ордунда. Араб жерлерине хирож салынбаганы сыяктуу, калкына да жизя салынбаган. Буга себеп, өлкөгө хирож салынышынын шарты – кудум Ирактын чеке

кыштактарында болгонундай – калктын өз этикаттары жана ибадаттарында ыктыярдуу калтырылышы. Араб мушриктеринен болсо бир гана Ислам кабыл кылынды же өлтүрүлдү. Алла айтты:

﴿فَإِذَا انسَلَخَ الأَشْهُرُ الْحُرُمُ فَاقْتُلُوا الْمُشْرِكِينَ حَيْثُ وَجَدْتُمُوهُمْ وَخُذُوهُمْ وَاحْصُرُوهُمْ وَاقْعُدُوا لَهُمْ كُلَّ مَرْصَدٍ فَإِنْ تَابُوا وَأَقَامُوا الصَّلاَةَ وَآتَوْا الزَّكَاةَ فَخَلُّوا سَبِيلَهُمْ﴾

*- «Эми качан согуш арам кылынган айлар бүтсө, мушриктерди тапкан жайыңарда өлтүргүлө, (туткунга) алгыла, камал кылгыла жана бардык жолдордо аларды күзөтүп тургула! Эми, эгер тооба кылышса жана намазды толук өтөп, зекетти беришсе, алардын жолдорун тоспогула! (Т.а. алар менен согушууну токтоткула)».* [9:5]

﴿سَتُدْعَوْنَ إِلَى قَوْمٍ أُوْلِي بَأْسٍ شَدِيدٍ تُقَاتِلُونَهُمْ أَوْ يُسْلِمُونَ﴾

*- «Жакында силер күч-кубат ээлери болгон бир коом (менен согуш кылуу)га даъват кылынасыңар».* [48:16]

Ырас, алардан жизя алынбаган соң, жерлерине хирож да салынбайт.

Ушуга караганда, Ислам күч менен же сулхта жер мусулмандардыкы болот деген шарт менен фатх кылган бардык диярлардагы жерлердин асли мамлекет мүлкү болот о.э. Египет, Ирак, Түркия сыяктуу Исламий үммөттүн кол астында калган мамлекеттер болушуна, же Испания, Крым, Албания, Индия, Югославия сыяктуу капырлардын кол астына өтүп калган мамлекеттер болушуна карабастан, хирожий жерлер эсептелет. Индонезия сыяктуу калкы ошол жердин өзүндө Исламга кирген мамлекеттердин жерлери жана Арабстан жарым аралындагы бардык жерлер өз калкынын мүлкү болуп, ушрий жерлер деп эсептелет.

Жердин пайдасы болсо – хирожий же ушрий жер болушуна, мамлекет бөлүп берген же өз ара алмаштырган, же иштөө берилип ороп алынган болушуна карабастан – шахсий мүлк эсептелет. Бул пайда жерди тасарруф кылуучуга айндын (буюмдун) ээсине тиешелүү укуктарды берет жана ал пайданы сатуу, белек кылуу укугуна ээ, бул жер андан мураскоруна өтөт. Себеби, мамлекет шахстарга ушрий же хирожий жердигине карабастан, жерлерди бөлүп бериши мүмкүн. Бирок, хирожий жерлерди бөлүп берүү жердин асл ээлигин байтулмалда калтырып, анын пайдасын адамдарга берүү дегени. Ал эми, ушрий жерлерди бөлүп берүү жердин аслин да, анын пайдасын да адамдарга мүлк кылып берүү дегени.

Ушр (үшүр) менен хирождун айырмасы мындай, үшүр жерден чыккан пайдадан алынат. Эгер жер жамгыр суусу менен сугарылса, мамлекет алынган түшүмдүн ондон бир бөлүгүн алат. Эгер жер чаркпалек же ушуга окшогон нерселер менен жасалма сугарылса, мамлекет түшүмдүн жыйырмадан бирин алат. Муслим Жобирден рыбаят кылат: Пайгамбар ﷺ айтты:

«فِيمَا سُقَتِ الْأَنْهَارُ وَالْغَيْمُ الْعُشُورُ وَفِيمَا سُقِيَ بِالسَّانِيَةِ نِصْفُ الْعُشْرِ»

**«Дарыялар жана жамгырлар сугара турган жерлерден үшүр алынат, төө менен сугарыла турган жерлерден үшүрдүн жарымы алынат».** Үшүр зекет эсептелип, байтулмалга коюлат жана аятта зикр кылынган сегиз тайпанын бирине гана сарпталат.

﴿إِنَّمَا الصَّدَقَاتُ لِلْفُقَرَاءِ وَالْمَسَاكِينِ وَالْعَامِلِينَ عَلَيْهَا وَالْمُؤَلَّفَةِ قُلُوبُهُمْ وَفِي الرِّقَابِ وَالْغَارِمِينَ وَفِي سَبِيلِ اللَّهِ وَابْنِ السَّبِيلِ فَرِيضَةً مِنْ اللَّهِ وَاللَّهُ عَلِيمٌ حَكِيمٌ﴾

*- «Албетте, садагалар (т.а. зекеттер) Алла тарабынан парз кылынган абалда жалаң жакыр-кембагалдарга, мискин-бечалараларга, садага жыюучуларга, көңүлдөрү (Исламга) дос кылынуучу кишилерге, моюндарды (кулдарды) азат кылууга, карыздар кишилерге жана Алла жолунда (т.а. казатка же ажыга кетип жаткандарга) о.э. жолоочу-мусапырларга берилет. Алла билим жана хикмат ээси».* [9:60]

Расулулла ﷺ Абу Муса жана Муазды адамдарга диний иштерди үйрөтүү үчүн Яманга жиберип жаткан убагында айткан ушул хадисти Хаким, Байхакий жана Табароний рыбаят кылат:

«لاَ تَأْخُذوا الصَّدَقَةَ إِلاَّ مِنْ هَذِهِ الْأَرْبَعَةِ: الشَّعِيرِ، وَالْحِنْطَةِ، وَالزَّبِيبِ، وَالتَّمْرِ»

«Ушул төрт нерсе: арпа, буудай, мейиз жана курмадан гана садака алгыла».

Жерге салына турган хирож болсо – бул мамлекеттин жер ээсинен белгилүү өлчөмдү алышы. Бул өлчөмдү мамлекет алынган түшүмгө карап эмес, адатта алынышы мүмкүн болгон болжолдуу түшүмгө карап белгилейт. Жер ээсине да, байтулмалга да зулум болбошу үчүн жердин мүмкүнчүлүгүнө карап хирож белгилеп коюлат. Хирож жер ээсинен ар жылы, ал жерге эгин эксе да, экпесе да, жер түшүм берсе да, бербесе да алынат. **Умар ибн Хаттаб** ؓ **Усман ибн Ханифти Ирактын чеке кыштактарына жөнөтүп, ошол жерлерди өлчөп чыгууга буюрду жана иштөө берилген же берилбеген ар бир жариб (1260-1592м$^2$) жерге бир дирхам жана бир кафиз хирож белгиледи.** Бул рыбаятты Абу Юсуф хирож бабында Амр ибн Маймун жана Хориса ибн Мазрибден рыбаят кылган. Хажжож ибн Артаа да ибн Авфтан

төмөндөгүнү рыбаят кылат: **Умар ибн Хаттаб Ирактын Халван тоосунан башка жерлерин өлчөп, абад кылынган же кылынбаган, челек же башка нерселер менен сугарылган, эгиле турган же эгилбей турган ар бир жариб жер үчүн хирожду бир дирхам жана бир кафиз деп белгиледи.** Хирож байтулмалдагы зекет бабынан башка бапка коюлат жана мамлекет аны да башка байлыктарды сарптагандай, өзү макул көргөн жактарга сарптайт.

Күч менен фатх кылынган жана хирож белгиленген жерлер үчүн хирож түбөлүктүү эсептелет. Калкынын Исламга кириши же аны мусулманга сатышы менен хирож сакыт болбойт, себеби, анын күч менен фатх кылынгандык сыпаты кыяматка чейин түбөлүк калат. Калк үшүр менен бирге хирож төлөшү важып. Себеби, аят жана хадистерге караганда, хирож жерге важып кылынган акы, үшүр болсо мусулман жеринен алынган түшүмгө важып кылынган акы. Бул эки акы бири-бирине тескери эмес, себеби, алар эки түрдүү себептерге карай важып болду. Ал эми, ханафийлер үшүр жана хирожду жам кылбоого далил кылып, Пайгамдар ﷺдан рыбаят кылынган хадис деп эсептей турган төмөндөгү сөздөр хадис эмес:

«لاَ يُجْتَمَعُ عُشْرٌ وَ خِرَاجٌ فِي أَرْضِ مُسْلِمٍ»

**«Мусулман жеринен үшүр да, хирож да алынбайт».** Хофиздер муну Расулулла ﷺдын сөздөрүнөн деп эсептешпеген.

Мурун хирож жыйылат. Кийин калган эгиндер жана мөмөлөр нисапка жетсе, алардан зекет алынат, эгер нисапка жетпесе, алардан зекет алынбайт.

**Өлүк жерлерди өздөштүрүү**

Өлүк жер кимдир бирөөнүн мүлкү болбогон, ороп алынбаган, эгин эгилбеген, абад кылынбаган жер. Аны өздөштүрүү дегени эгин эгүүгө жарактуу абалга келтирүү дегени. Адам өздөштүргөн бардык жерлер анын мүлкүнө айланат. Шарият жерди өздөштүрүүчүгө ээлик кылуу укугун берет. Имам Бухарий Айша энебизден рыбаят кылат: Пайгамбар ﷺ айтты:

«مَنْ أَعْمَرَ أَرْضًا لَيْسَتْ لِأَحَدٍ فَهُوَ أَحَقُّ»

**«Кимде-ким эч кимдики болбогон жерди абад кылса, ал ага акылуу».** Абу Давуд Пайгамбар ﷺдан рыбаят кылат:

«مَنْ أَحَاطَ حَائِطًا عَلَى أَرْضٍ فَهِيَ لَهُ»

**«Кимде-ким жерди дубал менен ороп алса, ал (жер) аныкы».** Бухарий Умардан, ал болсо Пайгамбар ﷺдан рыбаят кылат:

«مَنْ أَحْيَا أَرْضًا مَيِّتَةً فَهِيَ لَهُ»

**«Кимде-ким өлүк жерди тирилтсе, ал аныкы».** Бул иште хадистин мутлак келгенине карай, мусулман жана зиммий барабар.

Өздөштүрүү – бөлүп берүү эмес. Булардын ортосундагы айырма, өздөштүрүү бирөөнүн мүлкү болбогон, ороп алынбаган, эгин эгилбеген, абад кылынбаган жерге тиешелүү. Бөлүп берүү болсо мамлекет колундагы жерлерди бөлүп берүү болуп, алар мамлекет жерлери деп аталат.

Мамлекет кол астындагы жерлер бөлүп берилет. Мамлекет жерлери деп наам алган бул жерлер төмөндөгүлөр:

1. Эгин жана дарак эгүүгө жарактуу жерлер. Пайгамбар ﷺдын Хайбар жана Бану Назирдеги Зубайрга бөлүп берген жери сыяктуу. Ал жерлерде курма жана башка дарактар бар эле. Фатх кылынган өлкөлөрдөн ээлери качып кеткен абад жерлер да ушуларжын катарынан.

2. Мурун эгилип, кийин кароосуз калган жерлер. Ирактагы Куфа менен Басранын ортосунда жайгашкан шор жерлер жана өрөөндөр сыяктуу. Мухаммад ибн Убайд Сакофий рыбаят кылат: «Басралык Нофиъ Абу Абдулла аттуу киши Умар ибн Хаттабдан Басрадагы хирожий болбогон, бирер мусулмандын андан аты үчүн беде, (дагы бир рыбаятта пая) алышы зыян кылбай турган жерлерден бөлүп берүүнү сурады. Ошондо Умар Абу Муса Ашъарийге кат жазып: ушул адам айтып жаткандай болсо, ага бөлүп бер, - деди». Усман ибн Аффон да Усман ибн Абул-Ос Сакофийге Басрадагы камышзар, бош жерди ажыратып берди. Ал ошол жерди тирилтип, андан түшүм алды.

3. Эч качан эгин эгилип, абад кылынбаганы менен, бирок, шаар жана кыштакка маанилүү эсептелгени үчүн мамлекет өз колуна алган өлүк жерлер. Деңиз жана дарыя жээктери сыяктуу.

4. Ээлери үч жыл бекер таштап коюшканы себептүү мамлекет тартып алган жерлер. Мисалы, Пайгамбар ﷺ Билал Музанийге жер бөлүп берген эле. Бекер таштап койгону үчүн үч жылдан кийин Умар аны кайтарып алып башка мусулманга берди. Абу Убайд «Амвал»да Билал ибн Хорис Музанийден рыбаят кылат: «Пайгамбар ﷺ мага Акиктеги жердин баарын бөлүп берген эле. Умар заманы келип, ал мага: Пайгамбар ﷺ сага бул жерди ороп алышың үчүн эмес, иштетишиң үчүн берген, канчасын абад кыла алсаң, ошончосун алып кал, калганын кайтар, - деди». Чындыгында, сахабалар жерди үч жыл бекер таштап койгон адамдан тартып алып, башкага бирөөгө берүүгө ижма кылышкан.

Жерди ороп алуу аны өздөштүрүү менен барабар. Себеби, Расулулла ﷺ айткан:

«مَنْ أَحَاطَ حَائِطًا عَلَى أَرْضٍ فَهِيَ لَهُ»

**«Кимде-ким, жерди дубал менен ороп алса, ал аныкы».** Дагы айткан:

«مَنْ أَحَاطَ حَائِطًا عَلَى شَيْءٍ فَهُوَ لَهُ»

**«Кимде-ким бирер нерсени дубал менен ороп алса, ал аныкы».** Жана дагы айткан:

«مَنْ سَبَقَ إِلَى مَا لَمْ يَسْبِقْ إِلَيْهِ مُسْلِمٌ فَهُوَ أَحَقُّ بِهِ»

**«Кимде-ким бирер мусулмандан мурун барып ээлик кылса, ал ага акылуураак».** Хадистин мазмунуна караганда, ороп алуучу киши ороп алуу менен аны тасарруф кылуу укугуна ээ болот. Ороп алуучу киши оролгон жайды өздөштүрмөкчү болгон кишини бул иштен кайтаруу укугуна ээ. Эгер бирөө зордук менен ал ороп алган жерди үч жыл өтпөстөн туруп өздөштүрсө да ага ээлик кыла албайт, балким, ороп алган кишиге кайтарып берилет. Себеби, жерди ороп алуу тасарруф кылууда өздөштүрүү жана аны кол астына алуу сыяктуу. Эгер ороп алган киши бул жерди сатса, анын акчасына да ээ болот, себеби, ал мал мукабылындагы акы болуп, аны алмаштыруу жайыз. Ороп алган киши өлсө, жердин ээлиги башка мүлктөр сыяктуу анын мураскорлоруна өтөт, алар аны тасарруф кылышат жана башка малдар сыяктуу жер да Шариятка карай, аларга бөлүштүрүп берилет. Бул жердеги ороп алуу деген сөздөн көздөлгөн маани ал жерге таш коюу эмес, балким, аны колго киргизилгендигин т.а. мүлк кылып алынгандыгын көрсөтө турган нерселерди коюу. Ороп алуу – анын чекелерине таштар коюу менен болот, кээде ташсыз, куру шак менен жердин айланасына короолош, же жерди сугаруу же тикендерди өрттөө, же чөп-чар же тикендерди жулуу, бирөө кире албай турган нерселерди коюу, арык казуу сыяктуу нерселер менен ишке ашырылат.

Хадистин көрсөтүшүнчө, ороп алуу өздөштүрүү сыяктуу өлүк жерлерде ишке ашырылат, башка жерлерде эмес. Азирети Умар: **Үч жылдан кийин ороп алуучунун акысы калбайт** т.а. өлүк жерде ороп алуучунун акысы калбайт дейт. Башка жерлерге болсо ороп алуу, өздөштүрүү менен эмес, балким, имамдын (халифанын) бөлүп бериши менен ээлик кылынат. Себеби, ороп алуу жана өздөштүрүү өлүк жерлер жөнүндө варид болгон. **«Кимде-ким өлүк жерди өздөштүрсө...».** Бул жерде жерди өлүк деп сыпаттоодо өзүнүн амал кылына турган мафхуму болуп, «усули фикх»тен маалым болушунча, бул абал кайд (чектөө) эсептелет. Амр ибн Шуайбдан Байхакийдин рыбаят кылышынча, **азирети Умар ороп алууну үч жыл деп белгиледи. Кимде-ким үч жыл өткөнчө таштап койсо, башкасы келип аны өздөштүрсө, ал ага акылуу эсептелет.** Мунун мааниси ушул,

өлүк болбогон жерлерге ороп алуу же өздөштүрүү менен ээлик кылынбайт.

Өлүк жана өлүк болбогон жердин арасындагы айырма ушуну көрсөтөт, Пайгамбар ﷺ адамдардын өлүк жерге ороп алуу же өздөштүрүү менен ээ болууларын мубах кылды. Ушуну менен ал мубахтардын катарына кирди. Ошондуктан, ал имамдын ороп алуу же өздөштүрүү жөнүндөгү уруксатына муктаж эмес. Ал эми, өлүк болбогон жерлерге жалаң гана имам ажыратып бергенден кийин гана ээлик кылынат, себеби, алар мубахаттар катарына кирбейт, балким, имамдын кол астындагы нерселер болуп, мамлекеттин жерлери эсептелет. **Билал Музаний Пайгамбар ﷺдан жер бөлүп берүүлөрүн сурады. Бөлүп бермейинче, ага ээлик кылбады.** Эгер ороп алуу же өздөштүрүү менен ээлик кылына турган болгондо, жерди өз мүлкү экендигин билдире турган нерсе менен ороп алып, бөлүп берүүлөрүн сурабастан да ага ээлик кыла берер эле.

Кайсыдыр мусулман же капыр, ушрий өлүк жерди өздөштүрсө, анын аслине да, пайдасына да ээ. Мусулман үчүн зекети берилиши шарт болгон эгиндер жана мөмөлөр нисапка жетсе, зекет катары үшүр бериши важып болот. Капырдан болсо ушр эмес, хирож алынат. Себеби, капыр зекет калкынан эмес. Жерден болсо ушр же хирождун бири алынышы шарт.

Мусулман хирож дайындалбаган жайдагы өлүк жерди өздөштүрсө, анын аслине да, пайдасына да ээ саналат, эгер капыр болсо, пайдага гана ээ болот. Мусулман үчүн ушр важып, хирож важып эмес. Капыр үчүн хирож важып, кудум капыр калкынан фатх убагында өз жайында калуулары эсебине хирож алынгандай.

Кимде-ким хирожий жердеги өлүк жерди өздөштүрсө, мурун бул жерге хирож белгиленген болсо, мусулман да, капыр да жердин аслине эмес, пайдасына гана ээлик кылат. Ал ошол жер үчүн хирож төлөйт, себеби, ал фатх кылынган жер болуп, ага хирож белгиленген, ошондуктан, ал жерге мусулман ээлик кылса да, капыр ээлик кылса да хирож төлөшү түбөлүктүү шарт.

Жогорудагылар дыйканчылык үчүн өздөштүрүлгөн жерлерге тиешелүү. Эгер өздөштүрүү үй куруу, заводдор, магазиндер, фермалар тикелөө үчүн болсо, ушр да, хирож да алынбайт. Мында ушрий жер менен хирожий жердин ортосунда айырма жок. Иракты, Египетти фатх кылган сахабалар Куфа, Басра, эски Каирди курушту жана ал жерлерде Умар ибн Хаттаб заманында жашай башташты, алардан башкалар да жашашты, бирок, алардан хирож алынбады жана жер үчүн зекет да беришпеди, себеби, зекет турак жай жана имараттар үчүн важып эмес.

**Жерди тасарруф кылуу**

Жерге ээ болгон ар бир адам аны иштетүүгө мажбур кылынат. Муктаж адамга жерди иштетүү мүмкүнчүлүгүн бере турган нерселер байтулмалдан берилет. Үч жыл жерден пайдаланбай таштап койгон адамдан жер тартып алынат жана башкага берилет. Азирети Умар мындай деди: **Үч жылдан кийин ороп алуучунун акысы калбайт.** Яхя ибн Адам Амр ибн Шуайбдан рыбаят кылат:

«أَقْطَعَ رَسُولُ اللهِ ﷺ أُنَاسًا مِنْ مُزِينَةٍ أَوْ جُهَيْنَةٍ أَرْضًا فَعَطَّلُوهَا، فَجَاءَ قَوْمٌ فَأَحْيُوهَا، فَقَالَ عُمَرُ: لَوْ كَانَتْ قَطِيعَةٌ مِنِّى، أَوْ مِنْ أَبِى بَكْرٍ، لَرَدَدْتُهَا,وَلَكِنْ مِنْ رَسُوْلِ اللهِ ﷺ قَالَ: وَ قَالَ عُمَرُ: مَنْ عَطَّلَ أَرْضاً ثَلاثَ سِنِيْنَ لَمْ يعمرْهَا, فَجَاءَ غَيْرُهُ فَعمرَهَا فَهِىَ لَهُ»

**«Расулулла ﷺ музайналык же жухайналык адамдарга жер ажыратып берди, алар жерди таштап коюшту, башка адамдар келип, ал жерлерди өздөштүрүштү. Ошондо Умар айтты: Эгер мен ажыратып бергенимде же Абу Бакр ажыратып бергенде аны кайтарып алган болор элем, бирок, Расулулла ﷺ ажыратып берген да. Кимде-ким, жерди үч жыл абад кылбай таштап койсо, башка киши келип аны абад кылса, ал ага».** Мындагы маани үч жылдан көбүрөөк мөөнөт өтүп кеткени т.а. эгер Абу Бакр ажыратып бергенде эле, үч жыл өтпөгөн болор эле, бирок, Расулулла ﷺ ажыратып бергени үчүн үч жылдан артык мөөнөт өтүп кетти, ошондуктан, аны кайтарып алуу мүмкүн эмес дегени. Абу Убайда «Амвал»да Билал ибн Хорис Музаний жөнүндө мындай деди.

«أَنَّ رَسُولَ اللهِ ﷺ أَقْطَعَهُ الْعَقِيقَ أَجْمَعَ، قَالَ: فَلَمَّا كَانَ زَمَانُ عُمَرَ قَالَ لِبِلاَلٍ: إِنَّ رَسُولَ اللهِ ﷺ لَمْ يَقْطَعْكَ لِتُحَجِّرَهُ عَلَى النَّاسِ، إِنَّمَا أَقْطَعَكَ لِتَعْمَلَ، فَخُذْ مِنْهَا مَا قَدَرْتَ عَلَى عِمَارَتِهِ, وَرَدِّ الْبَاقِى»

**«Расулулла ﷺ ага Акиктин баарын ажыратып берди. Азирети Умар халифалык доорунда ага айтты: Эй Билал, Расулулла ﷺ аны сага ороп коюшуң үчүн эмес, балким, иштетишиң үчүн ажыратып берди. Абад кыла ала турганыңды алып кал да, калганын кайтарып бер».** Сахабалардын ижмаларына караганда да жерди үч жыл таштап койгон адамдан тартып алынат жана башкасына берилет.

Ушуга карай, жер ээси өз жерине эмгек куралдары, уруктары, айбаны жана жумушчулары менен эгин эгүү укугуна ээ. Дыйканчылык кылуу үчүн жалданма жумушчулардан пайдаланышы мүмкүн. Эгер буга кудуреттүү болбосо, мамлекет ага жардам берет. Эгер жер ээси эч нерсе экпесе, жерди дыйканчылык үчүн башка

бирөөгө эвазсыз белек катары берип турат. Эгер бул ишти кылбай үч жыл жерди таштап койсо, мамлекет аны тартып алып, башкага берет. Юнус Мухаммад ибн Исхактан, ал Абдулла ибн Абу Бакрдан рыбаят кылат:

«جَاءَ بِلاَلُ بْنُ الْحَارِثِ الْمُزَنِيُّ إِلَى رَسُولِ اللهِ ﷺ فَاسْتَقْطَعَهُ أَرْضًا، فَأَقْطَعَهَا لَهُ طَوِيلَةً عَرِيضَةً، فَلَمَّا وُلِّيَ عُمَرُ قَالَ لَهُ: يَا بِلاَلُ: إِنَّكَ اسْتَقْطَعْتَ رَسُولَ اللهِ ﷺ أَرْضًا طَوِيلَةً عَرِيضَةً فَقَطَّعَهَا لَكَ، وَإِنَّ رَسُولَ اللهِ ﷺ لَمْ يَكُنْ يَمْنَعُ شَيْئًا يُسْأَلُهُ، وَأَنْتَ لاَ تُطِيقُ مَا فِي يَدَيْكِ. فَقَالَ: أَجَلْ. فَقَالَ: فَانْظُرْ مَا قَوَّيْتَ عَلَيْهَا مِنْهَا فَأَمْسِكْهُ، وَمَا لَمْ تُطِقْ، وَمَا لَمْ تَقْوَ عَلَيْهِ، فَادْفَعْهُ إِلَيْنَا نَقْسِمُهُ بَيْنَ الْمُسْلِمِينَ. فَقَالَ: لاَ أَفْعَلُ، وَاللهِ شَيْئًا أَقْطَعَنِيهِ رَسُولُ اللهِ ﷺ. فَقَالَ عُمَرُ وَاللهِ لَتَفْعَلَنَّ. فَأَخَذَ مِنْهُ مَا عَجَزَ عَنْ عِمَارَتِهِ، فَقَسَمَهُ بَيْنَ الْمُسْلِمِينَ»

**«Билал ибн Хорис Музаний Расулулла ﷺ алдына келип, өзүнө жер бөлүп беришин сурады, Пайгамбар ﷺ ага кең, узун жерди бөлүп берди. Азирети Умар халифа болгондон кийин ага айтты: «Эй Билал, сен Пайгамбар ﷺдан кең, узун жер сураган элең, аны сага берди, себеби, Пайгамбар ﷺ суралган нерсени кайтарбас эле. Ал жерге бир өзүңдүн күчүң жетпейт го». Билал: «Ооба, туура», - деди. Азирети Умар: «Чамалап туруп, күчүң жете турган жерди алып кал. Күчүң жетпей турганын бизге кайтар, биз аны мусулмандарга бөлүштүрүп берейли». Билал айтты: «Аллага касам, эч нерсе кылбаймын, аны мага Расулулла бөлүп берген». Азирети Умар айтты: «Аллага касам, албетте кыласың».** Андан абад кыла албаган жерлерди алып, мусулмандарга бөлүштүрүп берди. Бул рыбаятты Яхё ибн Адам «Хирож» китебинде келтирген. Бул нерсе ушуну көрсөтөт, жер ээсинин ага эгин эгүүгө күчү жетпесе, үч жыл таштап койсо, мамлекет аны алат жана башкага берет, кудум азирети Умар Билал Музанийге карата иш туткандай.

Демек, ороп алуу, халифанын бөлүп бериши, өздөштүрүү, мурас жана сатып алуу аркылуу жерге ээ болунат. Жерди үч жыл таштап койгон адамдан аны тартып алуу жөнүндөгү нусустарда жерди ороп алуучу киши жана халифа тарабынан бөлүп берилген киши зикр кылынган. Бул экөөсүнөн башка жер ээлери – мураскор, өздөштүрүүчү, сатып алуучу кишилер – зикр кылынбаган. Кош, үч жыл таштап коюлган жерди Халифа тарабынан тартып алынышы бардык жерлерге тиешелүүбү же ороп алынган жана халифа

тарабынан ажыратып берилген жерлерге ганабы? Буга жооп: Ороп алуучуга назар салган киши жерди ороп алуу аны тасарруф кылуу жана колго киргизүү жаатында кудум сатып алуу, мурас алуу же ээлик кылуу сыяктуу себептердин бири экендигин көрөт. Жерди ороп алуучу киши ошол жерди сатса, анын соодасына да ээлик кылат, себеби, ал мал мукабылындагы акы болуп, аны алмаштыруу жайыз. Эгер жерди ороп алуучу киши өлсө, жердин ээлиги башка байлыктар сыяктуу мураскорлоруна өтөт жана алар тасарруф кылышат. Жер шариятка ылайык, бөлүштүрүп берилет. О.э. халифа тарабынан жер бөлүп берилген кишиге карата да ушундай мамиледе бөлүнөт. Үч жыл таштап коюлган жердин кайтарып алынышы ороп алган жана мамлекет тарабынан ажыратып берилген адамга гана хас эмес. Анткени, аларда башка мүлкдарлардан ажыралып тура турган өзгөчө сыпат жок. Ошол эле учурда, алар туурасындагы хадистер чектөө маанисин билдирбейт. Хадистердин ушул экөөсү туурасында келиши чектөөнү билдирбейт. Умумий маанинин бир бөлүгүн гана түшүндүрөт. Умумий маани болсо үч жыл бекер таштап коюлган жердин кайтарып алынышы. Мындан тышкары, маалым бир окуя туурасындагы насста иллет көрсөтүлсө, бул насс ушул иллетке алакадар бардык иштерге тиешелүү – умумий болот. Бул жердеги насста да иллет – үч жыл таштап коюлушу экендиги. Демек, жер ороп алган же мамлекет тарабынан ажыратып берилген адамдыкы болгону үчүн эмес, бекер таштап койгону үчүн алып коюлуп жатат. Ошондон тыянак кылып айтсак, ороп алуубу, мамлекет тарабынан ажыратып берилүүбү, мурас аркылуубу, кайсы жол менен болушуна карабастан, ээлик кылуучу жерди үч жыл бекер таштап койсо, андан жер алып коюлат. Ким болушуна карабастан, жерди иштетип турса, ал алып коюлбайт. Умар ﵁нун: **Ороп алуучунун** деп сүйлөшү мүлкдарлыктын бир көрүнүшүн айтуудан башка нерсе эмес. Анткени, адатта мүлкдар өз жерин башкалардан ажыратып туруу үчүн чегараны таш коюп, эгин же дарак эгип, аңгек казып, кыскасы, бирер бир жол менен ороп алат. Ошондуктан, Пайгамбар ﷺ башка бир хадисте:

**«مَنْ أَحَاطَ حَائِطًا عَلَى أَرْضٍ»**

**«Кимде-ким, жерди дубал менен ороп алса...»,** деди. Муну абу Давуд рыбаят кылган. Жерди ороп алуу ага ээлик кылууга киная экендигин көрсөтүүчү нерселердин бири «ихтажара» сөзүнүн лугавий (сөздүктүк) мааниси. Сөздүктө «ихтажара» деп таш менен ороп коюу айтылат. Ушуга караганда, хадистин мааниси – жерге ээлик кылган кишинин үч жылдан кийин акысы калбайт дегени. Бул жерде чекесине таш коюу же дубал менен ороо, же мүлкү

экендигине далалат кылуучу бирер бир иш кылышынын айырмасы жок.

Булар хадиске карата айтылган сөздөр. Эми азирети Умар кылган жана сахабалар ага унчукпаган нерсеге карата алып көрөйлү. Азирети Умар Пайгамбар ﷺ музайналыкка бөлүп берген жана башкалар тарабынан өздөштүрүлгөн жерди абад кылуучуга алып берди жана музайналыктын жерди алышына тыюу салды жана айтты: **Кимде-ким, жерди абад кылбай үч жыл таштап койсо, башкасы келип, аны абад кылса, ал аныкы.** Умардын: **кимде-ким жерди таштап койсо** деген сөзү бардыгы үчүн умумий. Ал дагы Билал ибн Хорис Музанийге мындай деди: **«Пайгамбар ﷺ аны ороп коюшуң үчүн эмес, балким, иштетишиң үчүн ажыратып берди. Абад кылууга күчүң жете турганын алып кал да, калганын кайтарып бер».** Муну Абу Убайд «Амвал»да рыбаят кылды жана айтты, азирети Умар абад кылууга ажыз болгон жерлерди кайтарып алды. Бул ишти ажыратып берилген жерге хастап коюу жайыз эмес, ошондуктан, ал бардыгы үчүн умумий болуп калат. Бул окуянын жер бөлүп берилген киши менен жүз бериши – окуяны ага гана чектөө эмес.

Ушуга караганда, ар бир жер ээси эгер жерди үч жыл таштап койсо, жерге кандай себепке ылайык ээлик кылышына карабастан, жер алынат жана башкага берилет, себеби, мында жерге ээлик кылуу эмес, балким, жерди таштап коюу этибарга алынат. Бул нерсе адамдардын малын бекерден-бекер алуу саналбайт. Себеби, шарият жерге ээлик кылуунун маанисин кыймылдуу мүлк жана кыймылсыз мүлккө ээликтен башкача деп эсептеди жана жерге дыйканчылык кылуу үчүн ээ болунат деп белгиледи. Эгер Шарият көрсөткөн мөөнөткө чейин таштап коюлса, жер ээсинен ээ болуу мааниси жоголот. Шарият абад кылуу, ажыратып берүү, мурас сатып алуу жана башка себептер аркылуу дыйканчылык кылуу үчүн жерге ээлик кылуу укугун берди. Этибарсыздыгы себептүү жер ээсин жерден махрум кылды. Булардын баары жерге эгин эгүү жана андан пайдалануу үзгүлтүксүз болушу үчүн ишке ашырылды.

**Жерди ижарага берүүгө тыюу салынышы**

Жер ээси жерин ижарага берүүгө таптакыр акысы жок. Жердин пайдасына гана ээлик кылабы же пайдасына жана аслине да ээлик кылабы, башкача айтканда, жер ушрий же хирожий болобу, ижарага берүү акча же башка нерсе эсебине болобу, айырмасы жок. О.э. ал өз жерин азык-түлүк жана жерден чыга турган башка нерселердин эсебине эгин эгүү үчүн ижарага бериши да таптакыр жайыз эмес. Сахихул Бухарийде Пайгамбар ﷺ мындай дегени рыбаят кылынган:

«مَنْ كَانَتْ لَهُ أَرْضٌ فَلْيَزْرَعْهَا، أَوْ لِيَمْنَحْهَا أَخَاهُ فَإِنْ أَبَى فَلْيُمْسِكْ أَرْضَهُ»

**«Кимдин жери болсо, эгин эксин же боордошуна берсин, эгер берүүнү каалабаса, жерин кармап турсун».** Сахихи Муслимде төмөндөгүчө рыбаят кылынган:

«نَهَى رَسُولُ اللهِ ﷺ أَنْ يُؤْخَذَ لِلْأَرْضِ أَجْرٌ أَوْ حَظٌّ»

**«Пайгамбар ﷺ жер үчүн акы же үлүш алуудан кайтарды».** Насаийдин «Сунан»ында рыбаят кылынган:

«نَهَى رَسُولُ اللهِ عَنْ كِرَاءِ الْأَرْضِ. قُلْنَا: يَا رَسُولَ اللهِ، إِذَنْ نُكْرِيهَا بِشَيْءٍ مِنَ الْحَبِّ، قَالَ: لاَ. وَكُنَّا نُكْرِيهَا بِالتِّبْنِ، فَقَالَ: لاَ. وَكُنَّا نُكْرِيهَا بِمَا عَلَى الرَّبِيعِ السَّاقِي، قَالَ: لاَ، اِزْرَعْهَا أَوْ اِمْنَحْهَا أَخَاكَ»

**«Расулулла ﷺ жерди ижарага берүүдөн кайтарды. Биз айттык: Я Расулулла, дан эсебине ижарага берсекчи? Айтты: Жок. Айттык: Саман эсебине ижарага берсекчи? Айтты: Жок. Рабиъус-сокийдеги нерсе эсебине ижарага берсекчи? Айтты: Жок, жерге эгин эк же боордошуңа бер».** Рабиъ – өзөн – өрөөн т.а. мындай дешти: Биз Рабиъдеги т.а. өзөн боюндагы жерлерге эгин эгип берүү эсебине дыйканчылык үчүн ижарага берер элек. Расулулла ﷺдан сабыт болгон:

«أَنَّهُ نَهَى عَنْ أَنْ يُؤْخَذَ لِلْأَرْضِ أَجْرٌ أَوْ حَظٌّ، وَعَنْ أَنْ تُكْرَى بِثُلُثٍ أَوْ رُبُعٍ»

**«Ал киши жер үчүн акы же үлүш алуудан о.э. үчтөн бири же төрттөн бири эсебине ижарага берүүдөн кайтарды»**. Абу Давуд Рофиъ ибн Хадижден, ал болсо Расулулла ﷺдан рыбаят кылат:

«مَنْ كَانَتْ لَهُ أَرْضٌ فَلْيَزْرِعْهَا، أَوْ فَلْيُزَرِّعْهَا أَخَاهُ، وَلاَ يُكَارِيهَا بِثُلُثٍ، وَلاَ بِرُبْعٍ، وَلاَ بِطَعَامٍ مُسَمًّى»

**«Кимдин жери болсо, ага эгин эксин же эгин эгүү үчүн боордошуна берсин, бирок, үчтөн бири, төрттөн бири, белгилүү бир азык эсебине ижарага бербесин».** Бухарийдин Нофиъден рыбаят кылышынча, Абдулла ибн Умарга Рофиъ ибн Хадиждин төмөнкү сөздөрү айтылды:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ نَهَى عَنْ كِرَاءِ الْمَزَارِعِ»

**«Пайгамбар ﷺ эгин эгиле турган жерлерди ижарага берүүдөн кайтарды».** Ибн Умар жана мен Рофиъдин алдына ушул жөнүндө суроо үчүн бардык. Ошондо ал айтты:

«نَهَى النَّبِيُّ ﷺ عَنْ كِرَاءِ الْمَزَارِعِ»

**«Пайгамбар ﷺ эгин эгиле турган жерлерди ижарага берүүдөн кайтарды».** Бухарийдин Салимден рыбаят кылышынча, **Абдулла ибн Умар жерди ижарага берүүнү таштаган экен.**

Бул хадистер Пайгамбар ﷺдын жерди ижарага берүүдөн кайтаргандыктарын ачык-айкын көрсөтүп турат. Кайтаруу – таштоону талап кылып жаткан болсо да, бирок, бул жерде карыйнанын көрсөтүшүнчө, талап катъий. Себеби, Пайгамбар ﷺга: жерди дан эсебине ижарага берсекчи дешкенде, жок деди. Кийин саман эсебине берсекчи дешкенде да, жок деди. Кийин: Робиънин боюндагы жерлерге эгин эгип берүүлөрү эсебине жерди ижарага берер элек дешкенде да, жок деди жана муну **«Эгин эк же боордошуңа бер»** деген сөздөрү менен таъкиддеди (баса белгиледи). Бул жердеги кайтарууда катуу туруп алуу таъкид үчүн. Мындан тышкары, араб тилиндеги таъкиддөө лафз-сөздөрдүн кайталанышы менен лафзий, же маани аркылуу берилет. Бул жердеги кайтаруу лафздарынын кайталанышы таъкидге далалат кылууда. Ал эми, Расулулла ﷺдын Хайбар жерлерин түшүмдүн жарымы эсебине ижарага бериши жогоруда айтылган нерселер катарына кирбейт, себеби, Хайбар жерлери дарактардан турган болуп, тегиз жер эмес эле. Буга ибн Исхактын «Сийрат»ында Абдулла ибн Абу Бакрдан рыбаят кылган хадис далил:

**«أَنَّ رَسُولَ اللهِ ﷺ كَانَ يَبْعَثُ إِلَى أَهْلِ خَيْبَرَ عَبْدَ اللهِ بْنَ رَوَاحَةَ بِمُؤْتَةٍ يَرْحَمُهُ اللهُ فَكَانَ جَبَّارُ بْنُ صَخْرٍ اِبْنِ أُمَيَّةَ بْنِ خَنْسَاءَ، أَخُو بَنِى سَلَمَةَ، هُوَ الَّذِى يَخْرُصُ عَلَيْهِمْ بَعْدَ عَبْدِ اللهِ بْنِ رَوَاحَةَ»**

**«Пайгамбар ﷺ Хайбарга Абдулла ибн Равоханы мусулмандар жана жөөттөр ортосунда мөмөлөрдү өлчөп берүүчү (хорис) кылып жөнөтөр эле. Абдулла ибн Равоха Муъта согушунда өлдү. Абдулла ибн Равохадан кийин Абу Саламанын агасы Жаббор ибн Сахр ибн Умайя ибн Хансо мөмөлөрдү өлчөөчү болду».** Хорис дегени мөмөлөрдү даракта турган абалында үзүп алуудан мурун өлчөп берүүчү киши. Бул рыбаят Хайбар жерлери даракзар экендигин, тегиз жер эместигин анык көрсөтүп турат. Ал жердеги эгиндер болсо даракзарлардын өтө кичине бөлүгүн түзүп, даракзарга караштуу эле. Ушуга караганда, Хайбар жерлери, жерди ижарага берүү бабына кирбейт, балким, мусакотко (даракзарларды шерик болуп сугарууга) кирет. Мусакот болсо шаръан жайыз. Мындан тышкары, **Пайгамбар ﷺдын кайтаруусунан кийин сахабалар жерди ижарага берүүдөн баш тартышты. Алардын бири Абдулла ибн Умар.** Бул болсо, алардын жерди ижарага берүүнү арам деп

түшүнгөндүктөрүн билдирет. Бирок, жерди ижарага берүүнүн арамдыгы бир гана дыйканчылыкка тиешелүү. Аны дыйканчылыктан башка нерсе үчүн – дем ала турган жер, товарлар үчүн кампа сыяктуу –иштер эвазына ижарага берүү мүмкүн. Себеби, жерди ижарага берүүдөн кайтаруу дыйканчылыкка гана хас болуп, сахих хадистерден да ушул маани түшүнүлөт. Жер жана ага тиешелүү нерселер туурасындагы өкүмдөр дыйканчылык аркылуу өз байлыгын өстүрүү үчүн аракет кылып жаткан мусулманга шарият белгилеп берген абал-кайфиятты баян кылат.

## БАЙ ЖАНА БУЮРТМА БЕРҮҮ

### Бай

Алла Субханаху ва Таала малды дүйнөдө пенделердин пайдалары жүзөгө чыгышына себеп кылып, аларды колго киргизүү үчүн тижарат (соода) жолун шариятта көрсөтүп берди. Себеби, ар бир кишинин муктаж болгон нерсеси бардык жайда бар эмес, аны зордукчулук менен алуу болсо бузгунчулук. Демек, ар бир адам өзү муктаж болгон нерсесин зордукчулук менен эмес, туура жол менен алышына мүмкүнчүлүк жаратып бере турган түзүм болушу керек. Ушуга карай, тижарат жана бай өкүмдөрү түшүрүлдү. Алла Таала айтат:

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لاَ تَأْكُلُوا أَمْوَالَكُمْ بَيْنَكُمْ بِالْبَاطِلِ إِلَّآ أَنْ تَكُونَ تِجَارَةً عَنْ تَرَاضٍ مِنْكُمْ﴾

*- «Эй момундар, малыңарды ортоңордо бузук (т.а. уурулук, каракчылык, сүткордук, паракордук, кумар сыяктуу) жолдор менен жебегиле! Балким, өз ара ыраазылык менен болгон бай аркылуу мал-дүйнө (байлык) кесип кылгыла».* [4:29]

Тижарат эки түрдүү болот: шариятта «бай» деп атала турган адал жана «риба» (сүткордук) деп атала турган арам. Булардын экөөсү тең тижарат. Алла Таала капырлар жөнүндө бай менен сүткордуктун ортосундагы айырманы авлдан келип чыгып инкар кылышканынын кабарын берип мындай дейт:

﴿ذَلِكَ بِأَنَّهُمْ قَالُوا إِنَّمَا الْبَيْعُ مِثْلُ الرِّبَا﴾

*- «Буга себеп алардын: «Бай дагы рибанын өзү-го?» дегендиктери».* [2:275]

Кийин Алла Таала ушул сөзү менен бай менен рибанын ортосундагы адал арамды ажыратып берди:

﴿وَأَحَلَّ اللَّهُ الْبَيْعَ وَحَرَّمَ الرِّبَا﴾

*- «Алла байды адал жана рибаны арам кылган».* [2:275]

Демек, ал экөөсү тең тижарат болуп, шаръан адалы бай экен. Бай саттым-алдым деген сөздөр, же алардын маанисиндеги сөз жана аракет аркылуу ишке ашат. Мал (товар) ээси байга өзү баш болушу, өкүл коюшу, элчи жибериши о.э. акы белгилениши шарты менен кызматчы жалдашы жайыз. Кызматчыны пайданын бир бөлүгүн алууга жалдаса, ал шерик болуп, ага жалдануучунун өкүмү эмес, музорибдин өкүмү ылайык келет. О.э. бир киши малды өзү, өкүлү же элчиси аркылуу сатып алышы же алып бере турган кимсени жалдашы мүмкүн.

Демек, соода мүлк көбөйтүүнүн бир түрү катары жайыз иш болуп, бай жана ширкат (шериктик) өкүмдөрүндө өз ифадасын табат. Куран жана Хадисте тижарат варид болгон. Алла мындай дейт:

﴿إِلاَّ أَنْ تَكُونَ تِجَارَةً حَاضِرَةً تُدِيرُونَهَا بَيْنَكُمْ فَلَيْسَ عَلَيْكُمْ جُنَاحٌ أَلاَّ تَكْتُبُوهَا﴾

*- «Бирок, эгер (ортодогу мамилеңер) араларыңарда жүргүзүп турган нак тижарат болсо, аны жазбасаңар да, силер үчүн күнөө жок».* [2:282]

Рифоъа рыбаят кылат:

«أَنَّهُ خَرَجَ مَعَ النَّبِيِّ ﷺ إِلَى الْمُصَلَّى، فَرَأَى النَّاسَ يَتَبَايَعُونَ فَقَالَ: يَا مَعْشَرَ التُّجَّارِ، فَرَفَعُوا أَعْنَاقَهُمْ وَأَبْصَارَهُمْ إِلَيْهِ إِجَابَةً لَهُ فَقَالَ: إِنَّ التُّجَّارَ يُبْعَثُونَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ فُجَّارًا إِلاَّ مَنْ اِتَّقَى اللهَ وَبَرَّ وَصَدَقَ»

**«Ал киши Расулулла ﷺ менен мусаллого (айт майрамы өтчү жайга) чыгыптыр. Ошондо Расулулла ﷺ адамдардын алды-сатты кылып жатышканын көрүп: «Эй соодагерлер жамааты» деди. Адамдар «Лаббей» деп ал кишиге жүздөнүштү. Расулулла ﷺ: «Кыямат күнүндө соодагерлер фажыр абалда кайра тирилишет, бир гана Алладан коркуп, изгилик кылып, чын сүйлөгөн кимсе мындан тышкары», -** деди. Абу Саид Расулулла ﷺдан рыбаят кылат, Расулулла ﷺ мындай деди:

«اَلتُّجَّارُ الصَّدُوقُ الْأَمِينُ مَعَ النَّبِيِّينَ وَالصِّدِّيقِينَ وَالشُّهَدَاءِ»

**«Ишеничтүү чын сүйлөөчү соодагер пайгамбарлар, сыддыктар жана шейиттер менен бирге».** Бул эки хадисти Термизий келтирген.

Соода эки түрдүү болот: ички соода жана тышкы соода. Ички соода дыйканчылык же өнөр жайга тиешелүү болобу, улуттук же чет эл продукциясы болобу, мамлекет ичкерисиндеги өз ара алды-саттыдан турат. Ички соодада байга тиешелүү болгон өкүмдөрдөн башка эч кандай чектөө жок. Ал эми, малдар жана малдардын

түрлөрү о.э. аларды мамлекет ичкерисинде бир жерден экинчи жерге алып баруу ар бир адамдын өзүнө калат т.а. ар бир адам шаръий өкүмдөр негизинде мындай соода кылышы мүмкүн, мамлекет ички сооданы көзөмөл кылып гана турат. Тышкы соода болсо дыйканчылык же өнөр жайга тиешелүү болушуна карабастан, улуттук товарды чет элге сатуу, же чет эл товарын алып келип өлкөбүздө сатуудан турат. Тышкы соода мамлекеттин түздөн-түз көзөмөлүнө байланыштуу. Ошондуктан, мамлекет малдарды алып кирүү жана алып чыгууда ахли харб жана ахли ахд соодагерлери үстүнөн көзөмөлдөп турат.

**Буюртма берүү**

Бир кишинин башка бир кишиге идиш, машина же кол өнөрчүлүккө тиешелүү нерсени жасаттырышы буюртма берүү деп аталат. Буюртма берүү (истисна) шаръан жайыз. Ал сүннөт менен сабыт болгон. Расулулла ﷺ шакек жасаттырган. Анастан рыбаят кылынат, айтат: **Расулулла ﷺ шакек жасаттырган.** Абдулла ибн Умардан рыбаят кылынат: **Набий ﷺ алтын шакек жасаттырган.** Бул эки хадисти Бухарий рыбаят кылган, Расулулла ﷺ минбар да жасаттырган. Сахлдан рыбаят кылынат, айтат: **Расулулла ﷺ бир аялга: Уста кызматчыңа буюр, мага отурушум үчүн минбар жасап берсин, - деп адам жиберген.** Бухарий рыбаят кылган. **Расулулла ﷺ тирүү кезинде адамдар буюртма беришер эле т.а. бири-бирине нерселер жасаттырышар эле, Расулулла ﷺ аларга унчукпас эле.** Расулулла ﷺдын сүкүттөрү жана феълдери (иштери) кудум сөздөрүндөй, шаръий далил болуп саналат. Жасаттырылган нерселер: шакек, минбар, сандык, машина сыяктуулар келишим объектиси эсептелет. Мына ушул жосундагы истисна т.а. сырьё устанын өзүнөн болгон абалда нерсе жасаттыруу бай түркүмүнөн болуп, ижара түркүмүнөн эмес. Эгер бир киши жасоочуга сырьёну алып келип, андан белгилүү бир нерсе жасап берүүнү талап кылса, бул иш ижара түркүмүнө кирет.

Өнөр жай ар бир үммөттүн, калк жана коомдун экономикалык турмушунун маанилүү негиздеринин бири. Өтмүштө өнөр жай жалаң кол эмгегине таянар эле. Адам аспаптарды жүргүзүүдө парлардан пайдаланууга жол тапкандан кийин, кол күчү менен иштей турган ишкана аста-секин механизмдүү завод-фабрикага айланды. Жаңы ойлоп табуулар болгондон кийин өнөр жайда чоң бурулуш жүз берип, продукциялар арта барды. Ушуну менен бирге, механизмдүү завод-фабрика экономикалык турмуш негиздеринин бирине айланды.

Механизмдүү же колдо иштеле турган заводдорго тиешелүү өкүмдөр ширкат же ижара, бай жана тышкы соода өкүмдөрүнүн биpертесинен куру эмес. Завод-фабрика ачуу кээде бир шахстын

малы менен болот. Мындай абал кемде-кем учурайт, көбүнчө бул иш шерик болгон бир канча адамдардын малдары менен ишке ашырылат. Мындай ишке исламий ширкаттар өкүмү жүргүзүлөт. Заводдогу кеңсе, эмгек, бирер нерсе жасоо сыяктуу иштерге болсо жумушчу жалдоо өкүмдөрү колдонулат. Заводдун продукциясын сарптоого бай жана тышкы соода өкүмдөрү колдонулат. Алдоого, сатып алуу жана сатууда адаттан тышкары баа коюуга, эхтикорго (монополияга) тыюу салынат. Завод чыгара турган чоң жана кичине продукцияга аны жасап чыгаруудан мурун буюртма берүү (жасатуу) өкүмдөрү негиз кылып алынат. О.э. кыйматты көтөрүү буюртмачыны буюртманы алууга мажбур кылуу же кылбоо шарият өкүмүнө карай болот.

## ШИРКАТ ӨКҮМДӨРҮ

### Исламдагы ширкат

Ширкаттын сөздүктүк мааниси эки же андан ашык үлүштүн бири-биринен ажыралбай турган даражада аралашуусу. Шаръий мааниси болсо эки же андан ашык адамдын пайда көрүү максатында бирер-бир финансылык ишти кылууга келишип түзгөн келишимдери. Башка келишимдер сыяктуу, ширкат келишими да сунуш жана кабыл алууну талап кылат. Т.а. бир тарап «балан иште сиз менен шерик болдум» десе, экинчи тарап «кабыл алдым, ыраазымын» дейт. Дал ушул сөз айтылышы шарт эмес. Кеп мааниде. Т.а. сунуш жана кабыл бир тараптын тиги тарапка оозеки же жазма түрдө маалым бир нерседе шерик болушун сунуш кылышы, экинчи тараптын болсо ушул сунушту кабыл алышы менен ишке ашат. Болгону шерик болууга келишүүнүн же шерикчилик үчүн мал берүүгө келишүүнүн өзү али келишим эсептелбейт. Келишим бир нерседе шерик болуунун маанисин өз ичине алышы шарт. Ширкат келишиминин туура болушу үчүн келишим түзүлүп жаткан нерсе тасарруф болушу жана бул тасарруф ваколатты кабыл ала турган болушу шарт, муну менен тасарруфтан алынган пайда алардын ортосунда муштарак-ортоктош болсун.

Ширкат жайыз амал. Себеби, Пайгамбар ﷺ пайгамбар болуп жиберилген убагында адамдар ушул иш менен алектенер эле. Ал киши каршылык билдирбеди. Каршылык билдирбегени т.а. тастыктагандыгы ширкаттын жайыздыгына шаръий далил.

Бухарий Сулайман ибн Абу Муслимден рывайат кылат: «Абу Минхолдон колмо-кол (нак) акча алмаштыруу туурасында сураган элем, ал мындай деди: **Мен бир шеригим менен бир нерсени колмо-кол жана насыяга сатып алдым. Ушул убакта Барро ибн Озиб келип калды. Андан бул жөнүндө сураган элек,**

**ал: «Мен да шеригим Зайд ибн Аркам менен ушундай иш кылып, Пайгамбар ﷺдан ал жөнүндө сураганыбызда,**

«مَا كَانَ يَدًا بِيَدٍ فَخُذُوهُ وَمَا كَانَ نَسِيئَةً فَرُدُّوهُ»

**«Колмо-колун алгыла, насыяны кайтаргыла», - деген эле деди».** Бул хадис мусулмандардын ширкат менен алектенгендиктерин, Пайгамбар ﷺдын болсо буга каршылык билдирбегендигин, тастыктагандыгын көрсөтүп турат. Абу Давуд Абу Хурайрадан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деди:

«إِنَّ اللهَ يَقُولُ أَنَا ثَالِثُ الشَّرِيكَيْنِ مَا لَمْ يَخُنْ أَحَدُهُمَا صَاحِبَهُ، فَإِذَا خَانَهُ خَرَجْتُ مِنْ بَيْنِهِمَا»

**«Алла: эгер эки шериктин бири экинчисине кыянат кылбаса, Мен алардын үчүнчүсүмүн, эгер кыянат кылса, алардын арасынан чыгамын дейт», -** деди.

Мусулман мусулман менен да, зиммий зиммий менен да, мусулман зиммий т.а. христиан, мажусий жана башкалар менен да ширкат түзүшү мүмкүн. Муслим Абдулла ибн Умардан рибаят кылат:

«عَامَلَ رَسُولُ اللهِ ﷺ أَهْلَ خَيْبَرَ - وَهُمْ يَهُودٌ - بِشَطْرٍ مَا يَخْرُجُ مِنْهَا مِنْ ثَمَرٍ أَوْ زَرْعٍ»

**«Пайгамбар ﷺ Хайбар калкы менен (алар жөөттөр эле) ал жерлерден чыга турган мөмө же эгиндин жарымына келишишти».**

«اِشْتَرَى رَسُولُ اللهِ ﷺ مِنْ يَهُودِيٍّ طَعَامًا وَرَهَنَهُ دِرْعَهُ»

**«Пайгамбар ﷺ бир жөөттөн калканын күрөөгө коюп, тамак сатып алган».** Бул хадисти Бухарий Айша ﵂дан рыбаят кылган. Термизий ибн Аббастан рыбаят кылат:

«تُوُفِّيَ النَّبِيُّ ﷺ وَدِرْعُهُ مَرْهُونَةٌ بِعِشْرِينَ صَاعًا مِنْ طَعَامٍ أَخَذَهُ لِأَهْلِهِ»

**«Пайгамбар ﷺ өлгөндө калканы үй-бүлөсүнө алган жыйырма соълук тамак үчүн күрөөдө болгон».** Термизий Айша ﵂дан рыбаят кылат:

«أَنَّ رَسُولَ اللهِ ﷺ أَرْسَلَ إِلَى يَهُودِيٍّ يَطْلُبُ مِنْهُ ثَوْبَيْنِ إِلَى الْمَيْسَرَةَ»

**«Пайгамбар ﷺ бир жөөткө адам жиберип, төлөөгө кудурети жеткенде берүү шарты менен андан эки көйнөк сураткан».** Ушуга караганда, жөөт, христиан сыяктуу зиммийлер менен ширкат-шериктик түзүү жайыз. Себеби, алар менен соода кылууга уруксат берилген. Болгону зиммийлер мусулман менен шериктик кылышканда арак, чочко сыяктуу арам нерселерди

сатуулары жайыз эмес. Шериктик кылууларынан мурунку арак, чочко соодасынан алган кирешелери ширкат үчүн адал боло берет. Тасарруфу жайыз болгон нерселерде гана ширкат түзүү мүмкүн. Себеби, ал малдын тасарруфу үчүн түзүлөт. Тыюу салынган нерселерде да, тасарруф кылышы мүмкүн болбогон кимсе менен да шериктик түзүп болбойт.

Ширкат эки түрдүү болот: Мүлк ширкаты. Келишим ширкаты. Мүлк ширкаты – нерсенин өзүнө шерикчилик кылуу. Мисалы, бир нерсе эки кишиге мурас коюлат, сатылат же белек кылынат. Алар ушул нерседе шерик. Келишим ширкаты мүлктү көбөйтүү жаатындагы талкуу темасы эсептелет. Исламдагы келишим ширкаттарын терең үйрөнүп, аларга алакадар шаръий өкүмдөр жана алар туурасында келген шаръий далилдер жакшылап күзөтүлгөндө, алардын беш түрдүү экендиги айкын болот. Алар төмөнкүлөр: 1. Инан ширкаты. 2. Абдан ширкаты. 3. Музороба ширкаты. 4. Вужух ширкаты. 5. Муфаваза (тапшыруу) ширкаты. Эми алардын өкүмдөрүн кыскача баян кылабыз:

**Инан ширкаты**

Инан (тизгин) ширкатында эки адам малдарын ортого коюп, пайда көрүү үчүн экөөсү тең биргеликте аракет кылат. Атчан кетип бара жатканда аттардын тизгини теппе-тең болгондой, тасарруфта алардын экөөсү тең бап-барабар болот. Ошондуктан да ал инан ширкаты деп аталган. Бул шериктик сүннөт жана сахабалар ижмасы менен жайыз. Адамдар Пайгамбар ﷺдын жана сахабалардын заманынан бери аны менен алектенип келишет.

Ширкаттын бул түрүндө дасмия акчага айлантылат. Себеби, мал жана товарлардын кыйматы акча менен өлчөнөт. Нерселерде болсо баасы белгиленип, акчага чагылгандан кийин гана ширкат түзүү мүмкүн болот. Дасмиянын ошол замат тасарруф кылынышы мүмкүн болгон анык өлчөмдө болушу шарт кылынат. Анык эмес дасмияга да, жок малга да, карызга да шериктик түзүп болбойт. Себеби, ажырым убагында дасмия керек болот. Карызды ошол замат тасарруф кылып болбойт. Негизи, шериктиктен максат тасарруф. Ар эки малдын өлчөмү да, түрү да бирдей болушу шарт эмес. Болгону экөөсү тең бирдей өлчөм менен өлчөнүшү керек. Муну менен алар бир малга айлансын. Египет акчалары менен да, Сирия акчалары менен да ширкат түзүү мүмкүн. Болгону экөөсү тең бирдей акчага чагылып, ортодогу айырма жоголушу жана экөөсү тең бир нерсеге айланышы лазым. Себеби, ширкат дасмиясы бир шериктин малы экинчисинен айырмаланбай турган даражада баарына теппе-тең бир мал болушу шарт. Мал ар эки шериктин тең колунда болушу шарт. Инан ширкаты ваколат жана аманат үстүнө курулат. Себеби, алардын биринин шеригине мал бериши ага аманат коюусу жана

тасарруф кылууга ваколат берүүсү болуп саналат. Ширкат түзүлгөндөн кийин, мал бир нерсеге айланып, шериктердин түздөн-түз өздөрү иштөөлөрү важып болот. Анткени, шериктик алардын денелерине түшүп жатат. Ушуга караганда, алардын бири өзүнүн ордуна ширкаттагы тасарруф үчүн башка бирөөнү вакил (өкүл) кылышы дурус эмес. Бүтүн баштуу, бир бүтүн ширкат болсо каалаган адамын ижарага алууга да, каалаган денени ижарачы кылып иштетүүгө да акылуу. Жалданган ижарачы шериктердин бири үчүн эмес, ширкат үчүн иштейт.

Шериктердин ар бири ширкат үчүн пайдалуу деп билген алды-саттысын кылуу, акча жана сатылган товарды кармап туруу, карызды талап кылуу жана ага даабагер болуу, акча жөнөтүү жана жөнөтүлгөн акчаны кабыл алуу, айыптуу товарды кайтаруу, ширкат дасмиясынан ижарага алуу жана ижарага берүү укуктарына ээ. Себеби, пайдалар нерселер макамында болуп, алды-саттыга окшош ишке айланат. Мисалы, машинаны (товарды) сатууга да, сатылат деген товар катары ижарага берүүгө да акысы бар. Көрүп тургандай, ширкатта анын пайдасы анын өзүнүн макамында турат. Ар эки шериктин малы бирдей болушу шарт эмес. Тасарруф барабар болушу шарт. Мал болсо тең болушу да, аз, көп болушу да мүмкүн. Пайда болсо келишилген шартка карай болот. Пайданы тең бөлүүгө да, аз-көп бөлүүгө да шартташуу жайыз. Али ﵁ бул туурада **«Пайда келишилген шартка карай болот»** дер эле. Бул сөздү Абдурраззак «Жомеъ»де рыбаят кылган. Инан шериктигинде зыян малдын өлчөмүнө гана карай болот. Эгер малдар тең болсо, зыян да тең болот. Үч киши үчтөн бири кылып мал койгон болсо, зыян да үчтөн бир болот. Эгер мындан башкачасына шартташышкан болсо, ал инабатка алынбайт. Зыян жөнүндөгү өкүм гана аткарылат. Ал зыяндын малга карай бөлүштүрүлүшү. Себеби, дене малын жоготпойт, кылган мээнетин гана жоготот. Зыян болсо малдын жонунда калып, шериктердин койгон үлүштөрүнө карай бөлүштүрүлөт. Анткени, ширкат – бул ваколат. Ваколаттын өкүмү ушул, вакил кепилдикти мойнуна албайт. Зыян вакил кылуучунун малына түшөт. Абдурраззак «Жомеъ»де рыбаят кылышынча, Али ﵁: **«Зыян малга, пайда болсо келишилген шартка карай болот»,** - деген.

**Абдан ширкаты**

Абдан (дене) шериктиги эки же андан ашык кишинин эч кандай мал койбостон, денелери менен аклий же жисманий болушуна карабастан, белгилүү бир ишти кылып, андан табылган пайдага тиричилик кылуулары. Мисалы, инженер, табып, аңчы, жүк ташуучу, уста, айдоочу сыяктуу кесип ээлери иштеринен келе турган дараметти ортодо бөлүшүп алышат. Кесиптерине келишип

алуу, бардык мүчөлөрүнүн кесиби болушу шарт кылынбайт. Бир нече түрдүү кесип ээлеринин ширкат түзүшү да жайыз. Себеби, мубах дараметте шерикчилик кылуу мүмкүн иш, өз ара кесиптерде келишип алуу да дурус. Эгер маалым бир иште ширкат түзүп, бирөөсү мүдүрлүк, башкасы кассирлик, үчүнчүсү кол мээнетин кылса да жайыз. Ушуга карай, бир ишкана жумушчуларынын шерикчилик кылуулары дурус. Мында ошол өнөрдү баары билеби, бири билип, бири билбейби, айырмасы жок. Ишканадагы өнөрчүлөр, жумушчулар, катчылар жана кароолдордун баары шерикчилик кылууга акылуу. Болгону пайда көрүү максатында шерикчилик кылынып жаткан иш мубах амал болушу шарт. Арам амал кылса, шериктик жайыз болбойт.

Абдан шериктигинде пайда келишүүгө карай тең да, аз, көп да болушу мүмкүн. Себеби, пайда келтирүүчү иш шериктерге ар түрдүү бөлүштүрүлүшү мүмкүн. Бөлгөнүнөн кийин түшкөн пайданы алуу да ар түрдүү болушу жайыз. Алардын ар бири ижарачыдан ижара акысын, кардардан өздөрү иштеп чыгарган товардын акчасын талап кылууга акылуу. Ижарачы же кардар акчаны же ижара акысын алардын кайсы бирине берсе да боло берет. Шериктердин бири жалгыз өзү иш кылса, көрүлгөн пайда ортодо болот. Себеби, буюртма алардын баарына берилген. Бардыгы бир болгондон кийин кудум зыян сыяктуу пайда да ортодо болушу табигый. Шериктердин бири башка бирөөнү өзүнөн вакил кылышы, ижарага алышы мүмкүн эмес. Себеби, келишим анын өзүнө түзүлгөн. Демек, ишти түздөн-түз өзү аткарышы керек. Анткени, ширкаттагы шерик анын денесинин өзү. Шериктердин бири бир нече адамдарды жалдаса, бул жалдануу ширкат тарабынан эсептелип, жалдангандар ширкат үчүн иштешет. Бул ишти шериктердин бирөөсү кылган болсо да, ага орунбасар, өкүл же жалданган делбейт. Кыскасы, ар бир шериктин тасарруфу ширкат тарабынан садыр кылынган тасарруф эсептелип, башкалардын да милдетине айланат.

Мындай ширкат шаръан жайыз. Себеби, Абу Давуд жана Асрам Абу Убайдадан, ал болсо атасы Абдулла ибн Масъуддан мындай рыбаят кылат: **«Мен, Аммар ибн Ясир жана Саъд ибн Абу Ваккас Бадр согушунан алына турган үлүштө шерик болдук. Саъд ибн Абу Ваккас эки туткунду алып келди. Мени менен Аммар эч нерсе алып келбедик».** Пайгамбар ﷺ бул ишке каршылык билдирбеди. Ахмад ибн Ханбал: **«Аларды бири-бирине Пайгамбар ﷺ шерик кылып койгон эле», -** дейт. Бул хадис бир нече сахабалардын бир иште – душман менен күрөшүүдө шерикчилик кылып, согуштан пайда көрүшсө, алган олжолорун өз ара бөлүп алышканын ачык көрсөтүп турат. Олжолор тууралуусындагы өкүм бул шериктикке туура келбейт деген сөз бул хадиске тескери

эмес. Себеби, олжолор өкүмү Бадр согушунан кийин түшкөн. Бул дене шериктиги түзүлгөн убакта олжолор өкүмү мавжуд болбогон. Кийинчерээк түшүрүлгөн бул өкүм болуп өткөн бул шериктикти насх кылбайт. Бул болгону олжо алуучулардын үлүшүн белгилеп берет. Абдан ширкатынын өкүмү болсо ушул хадис менен өз далилин тапкан болуп кала берет.

**Музороба ширкаты**

Музороба ширкаты «кироз» т.а. соода үчүн кимгедир акча берип туруу да делет. Ал дене жана малдын шерикчилик кылышы. Кеңирирээк айта турган болсок, бир киши башка бир кишиге соода үчүн акча берет, чыккан пайда шартташууга карай бөлүштүрүлөт. Музоробада зыян шериктердин келишүүсүнө эмес, шариятта келген хужжатка карай болот. Шариятта ал малдын өзүнө гана түшөт. Музоробачы болсо малиявий зыян көрбөйт. Мейли, мал ээси менен музоробачы – пайда да, зыян да ортодо деп келишишкен болушса да – баары бир, пайда ортодо болуп, зыян малдын өзүнө түшөт. Себеби, ширкат – бул ваколат. Вакилдин өкүмү болсо анын кепил болбоосу. Зыян вакил кылуучунун өзүнө гана түшөт. Абдурраззак «Жомеъ»де рывайат кылышынча Алий ﵁: **«Зыян малга, пайда болсо келишүүгө карай болот»,** - деген. Анткени, дене малды жоготпойт, ал кылган мээнетин гана жоготот. Ушуга карай, зыян малдын мойнунда кала берет.

Тээ мал музоробачыга тапшырылып, аны өз ордуна коймоюнча музороба туура болбойт. Себеби, музороба малды музоробачыга тапшырууну талап кылат. Анда музоробачылык үлүшүн белгилөө жана музороба малынын көлөмү анык болушу важып. Мал ээсинин музоробачы менен бирге иштеши дурус эмес. Шартташылган тагдырда да бул иш мүмкүн болбойт. Себеби, ал ширкатка айланган малды тасарруф кылуу укугуна ээ эмес. Мал ээсинин ширкатты башкарууга да акысы жок. Тасарруф кыла турган да, иштей турган да, малды кармап тура турган да музоробачы. Анткени, шериктик келишими музоробачынын дени, мал ээсинин малы үстүнө курулган. Мал ээсинин дени буга аралаша албайт. Себеби, келишим анын үстүнө курулбаган. Ал кудум ширкаттан четтеги адамдай турат. Эч кандай тасарруфка ээ болбойт. Өз кезегинде музоробачы мал ээсинин уруксаты менен гана тасарруф кылат. Ага каршы чыгышы мүмкүн эмес. Мисалы, мал ээсинин жалаң жүн менен соода кылууга уруксат берүүгө же товарды деңиз аркылуу алып өтүүнү чектөөгө акысы бар. Бирок, мунун мааниси ширкатты ал башкарат дегени эмес. Музоробачы мал ээсинин эркинен чыкпашы керек дегени гана. Ширкаттагы тасарруф бир гана музоробачыныкы, мал ээсине бул жаатта эч кандай ваколат берилбейт.

Музоробада бир тарап мал менен, экинчи тарап болсо мал менен да, дене менен да катышышы мүмкүн. Мисалы, эки кишинин үч миң акчасы бар. Бир миңи бирөөсүнүкү, эки миңи экинчисиники. Эки миңдин ээси бир миңдин ээсине ушул үч миңди тасарруф кылууга уруксат берсе, пайда ортодо тең болууга келишилсе, шериктик туура болот. Бир миңдин ээси эки миңдин ээсине музоробачы жана шерик болот. О.э. музоробада эки кишинин малы үчүнчү кишинин дени менен шерикчилик кылышы мүмкүн.

Музороба шаръан жайыз. Анткени, мындай рыбаят кылынган: **«Аббас ибн Адулмутталиб музоробага акча берип, музоробачыга белгилүү бир шарттарды коёр эле. Бул кабар Пайгамбар ﷺга жеткенде, аны макулдады».** Музоробанын жайыздыгына сахабалар да ижма кылышкан. Ибн Абу Шайба Абдулла ибн Хамидден, ал атасынан, ал болсо чоң атасынан рыбаят кылат: **«Умар ибн Хаттаб ﵁ ага бир жетимдин малын музоробага бериптир. Ал малды айлантып, пайда көрүптүр, кирешени бөлүштүрүп алыптыр».** Ибн Кудама «Мугний»де Малик ибн Аъло ибн Абдуррахмандан, ал атасынан, ал болсо чоң атасынан рыбаят кылышынча, **Усман ага музоробага акча берчү экен.** Айтылышынча, ибн Масъуд менен Хаким ибн Хизам да **бири-бири менен музороба кылышчу экен.** Булар сахабалардын көз алдында болуп өткөн иштер. Бирөөсүнүн да инкар кылганы, каршы чыкканы туурасында рыбаят жок. Ушуга караганда, бул иш алардын музоробанын жайыздыгы туурасындагы ижмалары.

**Вужух ширкаты**

Вужух ширкатында (дасмиялары болбосо да өз абройлору жана өздөрүнө башкалардын ишениши себептүү башкалардан каражат алып шерик болууда) эки дене башка үчүнчү адамдын малы менен шерикчилик кылат. Башкача айтканда, бир киши эки же андан ашык адамга музоробага акча берет. Музоробачыдан үчүнчүнүн малы менен пайдада шерик болушат. Пайда үчкө бөлүнүп, эки шерикке жана мал ээсине үчтөн бирден тийиши да, төрткө бөлүнүп, мал ээсине төрттөн бир, музорабачы шериктердин бирине да төрттөн бир, дагы бирине болсо экиден бир үлүшү тийиши да мүмкүн. Мындан башкача бөлүштүрүүлөргө шартташышы да жайыз. Мына ушундай табылышы мүмкүн болгон шарттар менен музоробачы шериктер ортосунда пайда алууда айырма жүзөгө келиши мүмкүн. Үлүштөрдүн аз же көп болушу – мал жаатында алар ээлик кылып жаткан шаръий тасарруф бирөө болсо да – иштөө жөндөмдөрү, чеберчилик менен тасарруф кылуулары сыяктуу жактарга карай болот. Ошондуктан да, бул шериктик, негизи, музоробанын бир түрү болсо да, андан бөлүнүп башка бир түрдөгү шериктикке айланган.

Вужух ширкатында ушундай болушу да мүмкүн: эки же андан ашык адам дасмиялары болбосо-да, соодагерлердин аларга болгон ишеничи жана ушул ишеничтеринен келип чыккан кадыр-баркы менен мал алышат. Алган мүлктөрүн өз ара экиден бир, үчтөн бир, төрттөн бир сыяктуу бөлүктөргө бөлүп алууга шартташышат. Кийин аны сатышат. Көрүлгөн пайда алган товарларына карап эмес, өз ара келишүүлөрүнө карап, экиден бир, үчтөн, төрттөн бир сыяктуу бөлүштүрүлөт. Зыян болсо келишүүлөрүнө да, пайдага да карап эмес, алган товарларынын көлөмүнө карап болот. Себеби, бул товарлар алардын мүлкү макамында турат. Бул иште пайда алган товарларына карап болобу, башкача болобу, айырма жок.

Вужух ширкатынын айтып өтүлгөн эки бөлүгү тең жайыз. Себеби, алар эки киши үчүнчүнүн малы менен шерикчилик кылганда сүннөт жана ижма менен сабыт болгон музороба шериктиги түркүмүнөн. Кадыр-баркы, соодагерлердин аларга болгон ишеничтери аркылуу мал алуулары болсо сүннөт менен сабыт болгон дене ширкатынан. Демек, вужух ширкаты сүннөт жана ижма менен сабыт.

Ушуну да айта кетүү керек, бул жердеги ишеничтүүлүк аброй же мартаба эмес, малиявий ишенич т.а. кишинин тууралыгына, адалдыгына болгон ишеним. Себеби, ишенич сөзү тижарат жана ширкат (соода жана шериктик) тармагында иштетилет. Анын малиявий тарабы т.а. кишинин тууралыгы жана адалдыгы назарда тутулат. Ушуга караганда, кимде-ким мансаптуу, абройлуу болгону менен, туура, адал болбосо, соода жана шериктикте ал ишеничтүү делбейт. Мисалы, кимдир бирөө министр, чоң соодагер болгону менен, туура, адал болбосо, аны малиявий тараптан ишеничтүү деп болбойт. Себеби, ал базардан акчасын бербестен эч нерсе ала албайт. Кээде өтө кембагал кишиге да тууралыгы жана адалдыгы себептүү соодагерлер ишенип, акчасы болбосо да товар беришет. Ушуга негизделип, вужух шериктигиндеги ишеничтүүлүк аброй-этибар эмес, тууралык жана адалдык. Ушуга караганда, айрым ширкаттарда жүз берип жаткан бирер-бир министрди эч кандай акча же аракет сарптабаса да коомдогу мартабасынан пайдаланып, ширкаттын проблемаларын жеңилдетүү үчүн шерик кылып алуу жана ага пайдадан үлүш ажыратуу вужух шериктигине кирбейт. Исламдагы шериктик мындай кылууну өзүнө сыйдырбайт. Мындай шерикчилик мүмкүн да эмес, мындай шахс шерик да эсептелбейт. Анын ширкаттан бирер нерсени алышы да адал болбойт.

Саудия жана Кувейт сыяктуу мамлекеттерде эгер адам саудиялык же кувейттик болбосо, ага соодага же башка ишке уруксат берилбейт. Натыйжада, бирер саудиялык же кувейттикти эч кандай акча же аракет сарпташпаса да шерик кылып алышат жана

ага пайдадан үлүш ажыратышат. Максат, анын наамы аркылуу уруксат алуу гана. Ошол үчүн гана ал пайдадан үлүш алат. Бул иш вужух шериктигине кирбейт. Мындай иш шаръан жайыз эмес. Бул саудиялык же кувейттик шерик да эсептелбейт. Шериктиктен бирер нерсе алуу ага адал да болбойт. Шаръан шерик эсептелиши үчүн анда шарият белгилеп койгон шарттар т.а. мал же дене, же тижарий ишенич тууралык, адалдык менен катышышы табылышы керек эле. Анда болсо ушул шарттар табылбай жатат.

**Муфаваза ширкаты**

Муфаваза ширкатында шериктер өткөн бардык ширкаттарда т.а. инан, абдан, музороба жана вужух ширкаттарында шериктик кылышат. Мисалы, бир адам эки инженерге соода-сатык максатында имараттар куруулары үчүн музоробага акча берди. Алар өздөрүндө бар акчадан көбүрөөк акчаны айландырмакчы болуп, соодагерлердин аларга билдирген ишеничинен пайдаланып, акча бербестен товар ала башташты. Эки инженердин денелери менен шерикчилик кылуулары – дене шериктиги. Кесиптери жана мал коюулары, биргеликте иштөөлөрү этибары менен – инан шериктиги. Башка бирөөдөн музоробага акча алуулары – музороба шериктиги. Соодагерлердин аларга берген ишеничтеринен пайдаланып, акысыз товар алуулары – вужух шериктиги. Бул шериктикте бардык түрдөгү исламий шериктиктер топтолуп жатат. Бул иш жайыз. Себеби, ушул ширкаттардын ар бири жайыз болгондон кийин, баары биргеликте болушу да жайыз. Пайда келишүүгө карап болот. Ал коюлган малдар көлөмүнө карап да; малдар аз-көп болсо да, ал тең болушу да; малдар тең болсо да, ал аз-көп болушу да мүмкүн.

Муфаваза шериктигинин ушул түрү жайыз. Ага хужжат келген. Айрым факихтер айткан «эки киши малда да, тасарруфта да, иш жаатында да тең шерик болуп, алардын ар бири экинчисине биротоло тапшырышы да муфаваза шериктигинин бир түрү» деген сөзгө келсек, мындай кылуу таптакыр жайыз эмес. Себеби, ага шаръий далил келбеген. Алар далил кылып жаткан

«إِذَا تَفَاوَضْتُمْ فَأَحْسِنُوا الْمُفَاوَضَةَ»

**«Эгер бири-бириңерге тапшырсаңар чырайлуу түстө тапшыргыла»,** хадиси же

«فَاوِضُوْا فَإِنَّهُ أَعْظَمُ لِلْبَرَكَةِ»

**«Бири-бириңерге тапшыргыла, себеби, бул иштин берекеси улуу»** деген хадистин далалаты сахих деп болжолдонгон тагдырда да, маанилери аны түшүндүрбөйт. Анткени, мындай шериктик анык эмес мал жана белгисиз ишке карата

түзүлгөн шериктик. Алардын жайыз эместигине ушунун өзү жетиштүү. Мындан тышкары, мурас коюучунун өлүмүнөн кийин аларга өтө турган мурас деген сөз да бар. Алардын бири зиммий болсо, кантип ага мурастан үлүш ажыратылат? Дагы бир себеп: шериктик ваколат маанисин өз ичине алат. Белгисиз нерсеге ваколат берүү болсо жайыз эмес. Мына ушулар муфаваза шериктигинин бул түрү жайыз эместигине далил.

**Ширкатты бекер кылуу**

Ширкат – бул шаръан жайыз келишим. Ал шериктердин биринин өлүмү, акылдан азышы, ишке жараксыз болуп калышы менен бекер болот. Эгер шериктик эки кишиден куралган болсо, алардан биринин бекер кылышы менен да бекер болот. Себеби, ал жайыз келишим. Кудум ваколат сыяктуу ушуну менен да бекер кылына берет. Шериктердин бири өлүп, анын балагатка жеткен мураскору болсо, шериктикке кошулушу мүмкүн. Тиги тасарруфтагы шерик ага уруксат берет. Анын бөлүштүрүүнү талап кылууга да акысы бар. Эгер шериктердин бири келишимди бекер кылмакчы болсо, тиги тарап ыраазы болушу шарт. Бир нече шериктер болуп, бир киши шериктиктен чыкмакчы болсо, түзүлгөн ширкат бекер кылынып, калгандар кайрадан жаңы ширкат түзүшөт. Келишимди бекер кылууда музороба ширкатында айырма бар. Музороба ширкатында музоробачы сатууну, мал ээси болсо бөлүштүрүүнү талап кылса, музоробачынын талабы кандырылат. Себеби, ал музоробачынын пайдадагы акысы. Пайда болсо бир гана сатууда көрүнөт. Башка ширкаттарда бирөө бөлүштүрүүнү, экинчиси сатууну талап кылса, бөлүштүрүү талабы кандырылат.

## КАПИТАЛИСТТИК КОМПАНИЯЛАР

Капиталисттик түзүмдө ширкат (компания) бир келишим болуп, бул келишим боюнча эки же андан көбүрөөк шахс мал же иштен салым кошуу аркылуу бирер финансылык долбоордо катышуу милдеттенмесин алышат. Бул келишим мына ушул долбоор келтире турган пайда же зыянды өз ара бөлүшүү үчүн түзүлөт. Компания эки түрдүү болушу мүмкүн: Шахстардын өзү катышышына негизделген компаниялар жана малдан гана салым кошула турган компаниялар.

Шахстардын өзү катышышына негизделген компаниялар шахстардан түзүлөт. Компанияда да, үлүштөрдү белгилөөдө да жеке адамдын таасири болот. Буга «толук шериктик» компаниясын жана проксиге (ишеничнаамага т.а. айрым шериктери иште активдүү катышпай турган механизмге) негизделген майда компанияларды мисал кылуу мүмкүн. Малдан гана салым кошула турган компания болсо мунун тескериси. Себеби, анда шахстын

этибары да, таасири да, вужуду да болбойт. Бүтүндөй алып ташталып, компаниянын түзүлүшүндө да, иш жүргүзүшүндө да жалгыз малдын өзү калат. Буга акционердик компанияларын, акционердик ишеничнаама компанияларын мисал кылуу мүмкүн.

**«Толук шериктик» компаниясы**

«Толук шериктик» компаниясы – бул эки же андан ашык шахстын атайын наам менен биргеликте соодагерлик кылууга келишип түзгөн келишими. Компаниянын карыздарын төлөө милдеттенмеси эч бир чектөөсүз өз ара кепилдик аркылуу бардык мүчөлөрдүн малдарына түшөт. Ошондуктан, бир да шерик өзүнүн компаниядагы укугун башка бирөөгө калган шериктердин уруксатысыз өткөзө албайт. Шериктердин биринин өлүмү, ишке жараксыз болуп калышы же банкрот болушу менен компания таркап кетет. Таркалбашы үчүн бул иштин алдын алуучу келишим түзүлгөн болушу керек. Компания мүчөлөрү башкалар менен түзүлгөн келишимдерди аткарууда өз ара бири-бирине кепил. Бул туурасында алардын жоопкерчилиги чектелбейт. Себеби, ар бир шерик компаниянын бардык карыздарын компания малдарынан эле эмес, өзүнүн малдарынан да төлөөгө милдеттүү. Демек, компания карыздарын төлөөгө жетишпей калган каражатты өз малдары менен толтуруп туруу шарт болот. Бул компания долбоорду кеңейтүүгө уруксат бербейт. Ал бирин бири жакшы тааный турган, бири-бирине ишене турган аз сандуу адамдардан түзүлөт. Андагы негизги этибар шериктин шахсиятына каратылат. Мында анын бир дене болушуна эле эмес, балким, коомдогу туткан орду жана таасирине да этибар каратылат.

Бул компания бузук ширкат эсептелет. Анын шарттары Исламдагы ширкаттар шартына туура келбейт. Себеби, шаръий өкүмдө шерик жаатында анын тасарруф жүргүзө алышы гана шарт кылынат. Ширкат өзүнүн иштерин кеңейтиши мүмкүн. Эгер шериктер дасмияны ашырыппы, шериктерди көбөйтүппү, айтор, ширкатты кеңейтүүгө келишишсе, беймарал каалагандай тасарруф кылуулары мүмкүн. Себеби, шерик бир шахс катары ширкатка кошкон үлүшүнө карай жоопкер болот. Ал шериктердин ыраазылыгысыз да каалаган убагында ширкатты таштоо укугуна ээ. Шериктердин биринин өлүмү же акылдан азышы менен ширкат таркап кетпейт. Мындай убакытта ширкат экиден көп адамдан түзүлгөн болсо, ошол бир адамдын шериктиги бекер кылынып, калгандардын шериктиги өз ордунда кала берет. Шаръий шарттар мына ушулар. «Толук шериктик» компаниясынын шарттары болсо аларга туура келбейт. Тескерисинче, аларга карама-каршы. Ушуга ылайык, ал бузук ширкат эсептелип, шаръан жайыз эмес.

**Акционердик компаниялар**

Акционердик компания – көпчүлүк таанызбай турган шериктерден түзүлгөн ширкат. Анын негиздөөчүлөрү компаниянын баштапкы келишимине кол койгон адамдар. Себеби, ушул баштапкы келишим ага кол койгондорго ортоктош максатты ишке ашыруу үчүн аракет кылуу милдеттенмесин жүктөйт. Ортоктош максат болсо компания. Компанияга мүчө болуу шахстын компания долбоорундагы бир же андан ашык акцияларды номиналдык кыйматы барабарында сатып алуу милдеттенмесин өз мойнуна алуу менен болот. Бул иш бир жактама каалоо менен тасарруф жүргүзүүнүн бир түрү. Т.а. каалаган адам башка шериктердин ыраазы болушу же болбошуна карабастан, шерик болуу үчүн акцияларды сатып алышы мүмкүн. Ага мүчө болуу эки жол менен болот. Биринчиси – негиздөөчүлөр компания акцияларын көпчүлүккө көрсөтүп отурбастан өз ара бөлүшүп алышат. Бул иш компания иш жүргүзүүдө таяна турган шарттарды өз ичине алуучу компаниянын түзүм мыйзамын редакциялоо, кийин ага негиздөөчүлөр тарабынан кол коюлушу менен ишке ашат. Мыйзамга кол койгон ар бир адам негиздөөчү жана шерик эсептелет. Баарынын кол коюшу менен компания түзүлөт. Мүчө болуунун экинчи жолу болсо дүйнөдө кең таркалган. Анда бир нече шахстар компанияга негиз салып, түзүмүн иштеп чыгышат да, акцияларды түздөн-түз көпчүлүккө сунуш кылышат. Ушуну менен жалпы мүчө болуу башталат. Мүчө болуу мөөнөтүү бүткөн соң, компанияны түзүү жыйыны чакырылат. Ал компания түзүмүн тастыктап, ага башкаруу кеңешин дайындайт. Ар бир акционер акциясынын өлчөмү канча болушуна карабастан, бир акциясы болсо да, компанияны түзүү жыйынында катышуу укугуна ээ. Мүчө болуунун жабылуу мөөнөтү келиши менен компания өз ишин баштайт.

Бул эки жолдун формасы бирдей т.а. мал берүү. Биринчи жол боюнча негиздөөчүлөрдүн кол коюулары аягына жетиши менен, экинчи жол боюнча мүчө болуу үчүн белгиленген мөөнөт бүтүшү менен компания түзүлгөн эсептелет. Демек, компания шахстар эмес, малдар ортосунда түзүлүп жатат. Шахстын эч кандай этибары болбой жатат. Ошондуктан да, акциясы канчалык болбосун, шерикке ширкат иштерин башкаруу укугу берилбей жатат. Анын шерик катары бирер ишти жүргүзүүгө акысы жок. Компания иштерин башкаруу кеңеши тарабынан ваколат берилген директор башкарат жана көзөмөлдөйт. Башкаруу кеңешинин өзү жалпы жыйын тарабынан шайланат. Анда ар бир шахс өзүнүн шахсиятына эмес, канча малга ээлигине карай добушка ээ болот. Себеби, шерик шахс эмес, мал. Канча добушка ээ болушу ушул малга карай

белгиленет. Демек, ар бир шахс үчүн эмес, ар бир акция үчүн бир добуш белгиленет. Ошондуктан, акционердик компаниясында акционер адамдын эч кандай этибары жок. Бар этибар сармаяга каратылат. Акционердик компаниясы дайымый, ал шахстардын өмүрү менен чектелбейт. Бир шериктин өлүмү менен компания таркап кетпейт. Акылдан азса да компанияда кала берүү абалдары да учурап турат. Компания сармаясы тең кыйматтуу салымдардын санына карай бөлүштүрүлүп, алар «акциялар» деп аталат. Акционердин шахсы терең үйрөнүлбөйт. Анын жоопкерчилиги дасмиядагы салымына карап чектелген болот. Ошондуктан, шериктер алган акцияларына карай зыян көрүшөт. Акцияны колмо кол кылуу т.а. сатуу же башка бирөө менен бөлүшүп алуу мүмкүн. Бул үчүн башка шериктерден уруксат алуу шарт эмес. Шахс ээлик кыла турган акциялар сармаяны түзүүчү финансылык кагаздар болуп саналат. Алар бирөөнүн наамына жазылган болушу да, ким көтөрүп жүргөн болсо, ошонуку болушу да мүмкүн. Ал бир шахстын мүлкүнөн экинчи бир шахстын мүлкүнө айлана берет. Акцияларга жазылып жаткан сармаядар адам алардын номиналдык кыйматын гана төлөйт. Акцияны майдалап болбойт. Себеби, ал кирешенин эмес, компания вужудунун бир бөлүгү. Акция кагаздары ага мүчө болуу хужжаты макамында турат. Кыйматы ар дайым бирдей тура бербейт. Компаниянын пайда-зыянына карап өзгөрүп турат. Пайда-зыян да ар жылы бирдей боло бербейт. Демек, акциялар компания негизделген убакытта берилген сармаяны эмес, балким, соода убагындагы т.а. белгилүү бир убакыттагы сармаяны чагылдырат. Акциялар базарындагы баалар кудум кагаз акчага окшоп кээде көтөрүлүп, кээде түшүп турат. Компания зыян көрсө, акциялар баасы түшүп кетет, пайда көрсө көтөрүлүп кетет. Акция компания иш баштаганынан кийин сармаялыктан чыгып, өзүнүн белгилүү бир кыйматына ээ болгон, базарга, компаниянын пайда-зыянына, же адамдардын кызыгыш-кызыкпашына карай көтөрүлүп-төмөндөп тура турган финансылык кагазга айланат. Демек, ал сунуш жана талапка моюн сунуучу товар. Акциялар адамдар арасында кудум финансылык кагаздар сыяктуу бир колдон экинчисине көчүп жүрөт. Мында акция аны көтөрүп жүргөндүкү болсо, компания дептерине катталып отурулбайт. Эгер акцияга акционердин аты жазылган болсо, компания дептерине каттап коюлат.

Жылдык эсеп-китеп убагында компания активдеринин кыйматы пассивдеринин (карыз же милдеттенмелеринин) кыйматынан ашып кетсе, компания пайда көргөн эсептелет. Пайдалар финансылык жыл аягында ар жылы бөлүштүрүлүп турулат. Компания өзү пайда көрбөгөн болсо да, бирок, күтүүсүз шарттар себептүү анын активдеринин кыйматы артып кетсе, арткан бөлүгүн бөлүшүп

алууга эч кандай тоскоолдук кылбайт. Эми, эгер мунун тескериси жүз берсе т.а. компания активдеринин кыйматы төмөндөп кетсе, бирок, компания пайда көрсө, бирок, бул пайданы активдер кыйматына кошкондо да пассивдер кыйматынан артпаса, пайдаларды бөлүштүрүүгө эч орун калбайт. Пайда бөлүштүрүлүп жатканда бир бөлүк пайда атайын запас үчүн ажыратылып, калгандары акционерлерге бөлүп берилет. Компания юридикалык шахс (тарап) эсептелип, соттордо өз наамы менен доогер болуу жана жоопкерликке тартуу укугуна ээ. О.э. анын атайын турак жайы жана атайын жарандыгы болот. Бир да акционер, бир да мүчө шерик же шахс катары анын ордун баса албайт. Бул ишке компания атынан сүйлөөчү өкүл гана акылуу. Демек, тасарруф жүргүзүүчү шахс эмес, балким, компаниянын өзү т.а. юридикалык тарап.

Акционердик компаниясынын вокыйлыгы ушундай болуп, ал шаръан батыл ширкат эсептелет. Акционердик компаниясын түзүү шаръан арам. Мусулмандын бул ишти кылышы жайыз эмес. Анын арамдыгы төмөнкүлөр менен түшүндүрүлөт:

1. Исламдагы ширкат аныктамасы эки же андан ашык кишинин пайда көрүү максатында бирер бир финансылык иш кылууга келишип түзгөн келишими. Ушундан көрүнүп тургандай, ал эки же андан ашык адамдын ортосундагы келишим. Ошондой болгон соң, бир тараптуу ыраазылык берүүнүн өзү жетиштүү болбойт. Ыраазылык, келишүү ар эки тараптан же көпчүлүк тарабынан болушу шарт. Келишим пайда көрүү максатында малиявий иш кылууга каратылышы лазым. Мал берип коюунун өзүнө каратылышы дурус эмес. Максаттын катышуунун өзү гана болушу жетиштүү болбойт. Себеби, малиявий иш кылуу ширкат бүтүмүнүн негизи. Малиявий иш же бүтүм түзүүчүлөрдүн экөөсү тарабынан тең аткарылат, же алардын бири аткарат, экинчиси болсо мал берет. Алардын ортосундагы келишим үчүнчү бир кишинин малиявий иш кылышы менен пайда болбойт. Себеби, мындай учурда ал бүтүм эсептелбейт жана эч кимдин үстүнө аны аткаруу милдеттенмеси жүктөлбөйт. Анткени, бүтүмдү аткаруу милдеттенмеси аны түзгөн кишинин үстүнө жүктөлөт. Ушуга карай, малиявий ишти бүтүм түзүүчүлөрдүн өздөрү гана кылуулары шарт. Бул ишти же экөөсү тең кылат, же бири кылып, экинчиси мал берет. Ширкат түзүлүшү үчүн малиявий ишти бүтүм түзүүчүлөрдөн биринин кылышы шарттыгы ширкатта бүтүмдү аткаруу милдеттенмеси жүктөлө турган дене албетте болушу шарттыгын көрсөтөт. Демек, Исламдагы ширкатта дене болушу шарт. Себеби, ал ширкат түзүлүшүнүн негизги элементи. Дене болсо ширкат түзүлөт, болбосо түзүлбөйт жана таптакыр болбойт.

Капиталисттер акционердик компаниясына «эки же андан артык шахс малдан кошуу аркылуу бирер финансылык долбоордо – андан келип чыга турган пайда же зыянды бөлүшүп алуулары үчүн – шерик болуу милдеттенмесин алыша турган бүтүм» деп аныктама беришет. Бул аныктама жана компаниянын жогоруда айтып өтүлгөн эки жол менен негизделиши вокыйсынан келип чыгыла турган болсо, анын Исламий шарият өкүмдөрү негизинде эки же андан артык шахс ортосунда түзүлгөн келишим эместиги маалым болот. Себеби, келишим – бул шаръан эки же андан артык шахс-тарап ортосундагы сунуш жана кабыл. Толугураак айта турган болсок, келишимде эки тарап болуп, алардын бири келишимди сунуш кылышы, экинчиси болсо кабыл кылышы керек болот. Мисалы, биринчи тарап сага үйлөндүм, сага саттым, сага ижарага бердим, сени менен шерик болдум, сага белек кылдым сыяктуу сунуштарды айтса, экинчи тарап кабыл кылдым же ыраазы болдум сыяктуу жоопту айтышы лазым. Эгер келишимде эки тарап, же сунуш жана кабыл мавжуд болбосо, ал шаръан келишим эсептелбейт. Акционердик компаниясында болсо, негиздөөчүлөр шерикчилик шарттарына келишишет, бирок, келишүү убагында шерикчиликти иш жүзүндө жолго коюшпайт. Балким, шарттарды келишип алуу туурасында гана өз ара сүйлөшүү алып барышат. Кийин болсо компания түзүмү деп эсептеле турган акт түзүшөт. Андан кийин шерикчилик кылмакчы болгон ар бир адам актка кол коёт. Ушул кол коюунун өзү анын кабыл кылынгандыгы эсебинде. Ошол замат эле ал негиздөөчү жана шерик деп этибар кылынат т.а. кол койгон же мүчө болуу мөөнөтү бүткөн убактан баштап, шерикке айланат. Көрүнүп тургандай, бул иште келишимди биргеликте түзүп жаткан эки тарап да, сунуш жана кабыл да болбой жатат. Болгону, бир тарап шарттарга ыраазы болуп, шерикке айланып жатат. Демек, акционердик компаниясы эки киши ортосундагы бүтүм эмес, бир шахстын шарттарга ыраазы болушу гана. Ошондуктан да, капиталисттик экономика аалымдары жана Батыш мыйзам таануучулары бул жөнүндө сөз жүргүзүп «акционердик компаниясындагы милдеттенме – бир тараптуу каалоо менен тасарруф кылуунун бир түрү» деген. Бир тараптуу каалоо дегени бир адамдын өзүнчө бир ишти башка бир шахс же көпчүлүк үчүн – алардын ыраазы болушу же болбошуна карабастан – милдеттенме кылып алышы. Мисалы, сыйлык убада кылат. Алардагы акционердик компаниясы негизинен акционер, негиздөөчү же актка кол койгон адамга – башкалар ыраазы болобу, жокпу – андагы шарттарга амал кылуу милдеттенмесин жүктөйт. Аны бир тараптуу каалоо менен тасарруф жүргүзүүнүн бир түрү деп эсептешет. Ушуга караганда, бир тараптуу каалоо менен түзүлө турган акционердик

компаниясынын бүтүмү шаръан батыл бүтүм. Анткени, шаръий келишим бүтүм түзүүчүлөрдүн бири тарабынан боло турган сунуштун экинчиси тарабынан боло турган кабылга таасири көрүнө турган түстө байланышы. Акционердик компаниясында болсо мындай болбойт. Себеби, анда эки же андан артык шахс ортосунда келишүү болбой, болгону, битим боюнча бир шахс бирер финансылык долбоордо шерик болуу милдеттенмесин гана мойнуна алат. Милдеттенмени мойнуна алгандар жана шериктер канчалык көп болбосун, бир шахс деп этибар кылынат. Эми «Акыры шериктер компания шарттарына өз ара келишип жатышат го! Ошонун өзү сунуш жана кабыл эмеспи, акт түзүү келишимдин бир формасы, ушундай болгондон кийин эмнеге эми бул иш келишим деп аталбас экен?» деген суроо туулушу мүмкүн.

Буга жооп, шериктер өз ара компания шарттарына келишишет, бирок, ушул келишүү боюнча өздөрүн иш жүзүндөгү шериктер эсептешпейт жана бул келишүүгө амал да кылышпайт. Алардын ар бири келишүүдөн ал тургай акт түзүлгөндөн кийин да баш тартышы мүмкүн. Себеби, алардын келишүүлөрү боюнча шерик актка кол койгондон кийин гана ага милдеттенме жүктөлөт. Ага чейин милдеттенме жүктөлбөйт о.э. эч нерсеге байланбайт. Демек, али актка кол коюлбай туруп, алардын шарттарга келишүүлөрү алардын назарында келишим эсептелбейт. Бул иш шаръан алганда да келишим эмес. Себеби, шерикчилик шарттарына жана шерикчиликке келишүүнүн өзү менен ширкат түзүлдү деп эсептелбейт. Мындан тышкары, алардын келишүүлөрү боюнча али кол коюлбай туруп, милдеттенме жүктөлбөйт. Келишим болсо – бул тараптарга милдеттенменин жүктөлүшү. Ушуга караганда, компания шарттары жана шерикчиликке келишүүлөрү сунуш жана кабыл эсептелбейт. Демек, бул иш алардын назарында да, шариятта да келишим-бүтүм деп этибар кылынбайт.

Эми «биринчи шериктин бүтүмгө кол коюп, кабыл кылышы башкаларына сунуш эсептелип, кийинкилердин кол коюулары кабыл эсептеле берет-да, ушундай болгондон кийин, эмнеге эми, документти көлдөлөң коюу сунуш, ага кол коюу болсо кабыл эсептелбес экен?» деген суроо туулушу мүмкүн. Мунун жообу, бардык шериктин кол коюшу кабылдан башка нерсе эмес. Анык бир шахс тарабынан сунуш болуп жатканы жок т.а. көлдөлөң кылуучу да, негиздөөчүлөр да, биринчи кол койгон адам да сунуш кылбай жатат. Баары кабыл кылып жатат.

Мисалы, кол коюучу шарттарды кабыл кылып жатат жана аларды өзүнөн-өзү милдеттенме кылып алып жатат. Негизи, эч ким ага тасарруфту сунуш кылып жатканы, сени менен шерик болдум деп жатканы жок. Кол коюушу үчүн ага актты берүү болсо тасарруф

жүргүзүүнү сунуш кылуу эсептелбейт. Ушулардан көрүнүп тургандай, акционердик компаниясында ар бир шерик жалаң кабыл кылат. Кабыл менен кабыл болсо шаръан бүтүм деп этибар кылынбайт. Анткени, бүтүм үчүн кабылга эмес, сунушка далалат кылуучу сөз менен айтылган сунуш болушу шарт. Ушундан кийин кабылга далалат кылуучу сөз менен айтылган кабылга кезек келет. Ушуга караганда, компания актысына кол койгон эч бир адам сунуш кылуучу эсептелбейт. Баары кабыл кылуучу эсептелет. Демек, бул компанияда сунушсуз кабыл садыр болуп жатат. Мунун мааниси ширкат түзүлбөдү дегени.

Капиталисттер компания актысын т.а. түзүмүн бүтүм деп аташат жана бүтүмгө кол коюлду дешет. Шариятта болсо бул акт бүтүм эсептелбейт. Себеби, бүтүм эки тарап ортосундагы сунуш жана кабыл. Ушуга негизделип, акционерлер компаниясы шаръан бүтүм деп этибар кылынбайт.

Кала берсе, бул бүтүмдө пайда алуу максатында финансылык иш кылууга эмес, негиздөөчү же мүчө болуп жаткан адам бирер финансылык долбоор үчүн акча берүүгө гана ыраазы болуп жатат. Демек, анда иш кылууга келишүү элементи жок. Болгону, адамдын мал берүү милдеттенмесин өз мойнуна алышы бар. Мындай ишке эч кандай этибар жок. Негизи, ширкаттан максат шерикчиликтин өзү эле эмес, малиявий иш кылуу. Ушундай болгон соң, малиявий иш кылууга келишүүдөн куру болгон бүтүм батыл бүтүм. Ушул себептүү – финансылык иш кылууга келишпестен – мал берүүгө ыраазы болуунун өзү менен эле ширкат түзүлбөйт. Ушуга негизделип, бул компания (ширкат) батыл.

«Компания актысы кээде кум шекер цехи, соода сыяктуу кылына турган иштин түрүн өз ичине алат, ошонун өзү малиявий иш кылууга келишүү эмеспи?» деген суроо да туулушу мүмкүн. Жооп ушул, компаниянын келеркиде кыла турган ишин айтуу шериктер тарабынан аны кылууга келишүү дегени эмес. Мында болгону шерикчиликке жана компания шарттарына гана келишүү болуп жатат, иш кылуу болсо негизделгенден кийин юридикалык шахска айлана турган компанияга коюп берилип жатат. Демек, мында шериктер ортосунда малиявий иш кылууга келишүү болуп жатканы жок.

Ушуну да айтып өтүү лазым, Исламдагы ширкатта дененин т.а. тасарруф кылуучу шахстын болушу шарт. Себеби, ширкат, соода, ижара жана башка бүтүмдөрдө дене деген сөздүн мааниси жысым (тулку бой) же эмгек эмес, тасарруф кылуучу шахс. Демек, ширкат бүтүмүнүн түзүлүшүндө дененин болушу негизги элемент. Ошондуктан, дене болсо ширкат түзүлөт, болбосо түзүлбөйт, таптакыр болбойт. Акционердик компаниясында болсо таптакыр

дене жок. Бул да жетишпегендей, анда шахс элементине этибарсыздык, аны четке сүрүү атайлап кылынат. Себеби, анын бүтүмү шахстар эмес, малдар ортосундагы бүтүм. Анда шахс элементи жок. Адамдар эмес, малдар шерикчилик кылат. дененин болбошу ширкаттын түзүлбөгөнүн, батылдыгын көрсөтөт. Анткени, малды тасарруф кылуучу – дене. Ансыз малды тасарруф кылып болбойт. Дене жок болсо тасарруф да жок.

Мал ээлери болгон шахстардын акционер болууга түзтөн-түз ыраазы болуулары жана компания ишин башкара турган башкаруу кеңешин да өздөрү шайлоолору компанияда дене бар экендигине далил болбойт. Себеби, алар өздөрү шерик болууга эмес, малды шерик кылууга келишишет. Демек, адам эмес, мал шерик. Башкаруу межлисин шайлоолоруна келсек, мунун мааниси алардын ушундай кылууга ваколаттары бар дегени эмес. Себеби, ваколат да малдыкы. Ушул далил менен, акционер канча малга ээ болсо ошончо добушка да ээ болот. Мисалы, бир акциясы бар адам бир добушка т.а. бир ваколатка, миң акциясы бар адам болсо миң добушка т.а. миң ваколатка ээ. Демек, ваколат шахстыкы эмес, малдыкы. Бул нерсе дене элементинин жоктугун, анын болгону мал элементинен тургандыгын көрсөтөт.

Ушунтип, акционердик компаниясынын аныктамасы анда Исламдагы ширкат түзүлүшү үчүн лазым болгон шарттар жетиштүү эместигин көрсөтүп турат. Биринчиден, анда эки же андан артык шахс ортосунда келишүү эмес, жалгыз шахстын каалоосу менен бир тараптама моюнга милдеттенме алуу болуп жатат. Экинчиден, иш кылууга келишилбей жатат, мал берүү милдеттенмеси гана алынып жатат. Үчүнчүдөн, компанияда шахс сыпатында түздөн-түз тасарруф кылуучу дене жок, малдын өзү гана бар. Ушул этибарлар менен акционердик компания бүтүмү шаръан батыл. Компаниянын өзү да батыл, себеби, аны түзүлгөн деп болбойт, ал Исламдагы ширкат аныктамасына туура келбейт.

2. Ширкат – бул малды тасарруф кылуу боюнча түзүлгөн бүтүм. Ушул жол менен малды көбөйтүү мүлктү көбөйтүү болуп саналат. Мүлктү көбөйтүү болсо шаръий тасарруфтардын бири. Шаръий тасарруфтардын баары лафзий (сөз менен боло турган) тасарруфтар болуп, мал тарабынан эмес, шахс тарабынан садыр болот. Демек, мүлктү өстүрүү мал тарабынан эмес, балким, тасарруф ээси т.а. шахс тарабынан болушу шарт. Акционердик компаниясында болсо тасарруф укугуна ээ болгон шахстан айры абалда мал өзүнөн-өзү көбөйөт. Анткени, ал топтолуп, тасарруф күчүнө ээ болуп алган малдар топтому. Ошондуктан, компания юридикалык тарап эсептелип, соода-сатык, иштеп чыгаруу, даттануу сыяктуу бардык мыйзамдуу тасарруфтар укугуна ээ.

Шериктер болсо эч кандай тасарруфка ээ эмес. Исламдагы ширкатта болсо тасарруф шериктер тарабынан садыр болот. Алардын бири экинчисинин уруксаты менен тасарруф кылат. Топтолгон малдардан эч кандай тасарруф садыр болбойт. Тасарруф жалаң шахстар менен чектелет. Ушуга караганда, юридикалык тарап катары компаниядан садыр болгон тасарруфтар шаръан батыл. Себеби, тасарруфтар анык шахстан садыр болушу, ал шахстын өзү болсо тасарруфка жөндөмдүү адам болушу лазым. Акционердик компанияда болсо мындай болбойт. Компанияда иш кыла тургандар жумушчулар болуп, алар мал ээлери болгон акционерлер тарабынан жалданган кызматкерлер. Башкаруу жана тасарруфтарды болсо түздөн-түз директор жана башкаруу межлиси т.а. акционерлердин өкүлдөрү алып барат деп болбойт. Себеби, ширкатта шериктин дал өзү болушу керек. Ширкат бүтүмү анын өзүнө түзүлгөн. Ал ширкат иштерин кылууга башка адамды өзүнөн өкүл кылышы мүмкүн эмес. Бул иш үчүн адам жалдоого акысы жок. Ширкат иштерин шериктин өзү кылышы керек. Шериктердин адам жалдоого да, башкаруу межлисин өздөрүнөн өкүл (вакил) кылууга да акылары жок. Мындан тышкары, башкаруу межлиси акционерлердин өздөрүнөн эмес, акчаларынан өкүл. Себеби, алар шайлоодогу добушка шахсына карап эмес, акчасына карап ээ болушат. Мунун үстүнө директор жана башкаруу межлиси – төмөндөгү үч себепке ылайык – ширкатта тасарруфту колго ала алышпайт:

Биринчиден, алар акционерлерден т.а. шериктерден алган ваколаттары менен тасарруф кылышат. Себеби, аларды шайлаган ошолор. Негизи, шерик өзүнөн бирөөнү вакил кылышы мүмкүн эмес. Себеби, ширкат анын өзүнө түзүлгөн. Бул кудум үйлөнүп жаткан адамдын өзүнөн бирөөнү вакил кылышы мүмкүн эместигине окшойт. Ал үйлөнүү бүтүмүн түзүү үчүн гана өзүнөн бирөөнү өкүл кылышы мүмкүн. О.э. шерикчилик кылмакчы болгон адам да ширкатомпания бүтүмүн түзүүгө гана өзүнөн бирөөнү өкүл кылышы мүмкүн, бирок, өзү тарабынан шерик боло турган кишини өкүл кылышы мүмкүн эмес.

Экинчиден, акционерлер т.а. шериктер өздөрүнөн эмес, малдарынан өкүл кылышат. Себеби, алардын шайлоодогу добуштары шахстарына эмес, малдарына карай болгонунан кийин, өкүл кылуулары да өздөрүнөн эмес, малдарынан болот.

Үчүнчүдөн, акционерлер дене шериктер эмес, мал шериктер. Мал шерик болсо ширкатта таптакыр тасарруфка ээ эмес. Ушуга караганда, анын өз ордуна ширкатта тасарруф кыла турган адамды өзүнөн өкүл кылышы дурус болбойт.

Ушуга ылайык, компания директорунун жана башкаруу межлисинин тасарруфу шаръан батыл тасарруф.

3. Акционердик компаниясынын дайымый болушу шариятка туура келбейт. Себеби, ширкат шаръан жайыз бүтүмдөрдөн болуп, эгер ал эки шериктен түзүлгөн болсо, шериктерден биринин өлүмү, жинди болушу жана акылдан азышы менен, же бүтүмдү бекер кылышы менен бекер болот. Эгер бир нече шериктерден түзүлгөн болсо, өлгөн, жинди болгон же акылдан азган кишинин шерикчилиги бекер болот. Өлгөн шериктин балагатка жеткен мураскору болсо, щиркатка кошулушу мүмкүн. Мураскору балагатка жетпеген болсо, шериктикти уланта албайт. Балагатка жеткен мураскордун тасарруфта шерик болушуна да, таксиматты (бөлүштүрүүнү) талап кылууга да акысы бар. Шерик акылдан азганда да ширкат бекер кылынат, себеби, шериктин тасарруф кыла ала турган адам болушу шарт. Акционердик компаниясынын дайымый болушу шериктердин биринин өлүмү же жинди болушуна карабай улана бериши анын батыл ширкат экендигин көрсөтүп турат. Себеби, ал ширкат вужуду жана бүтүм табиятына алакадар туура эмес шартты өз ичине алып жатат. Кыскасы, акционердик компаниясы табиятынан ширкат эсептелбейт. Себеби, ал жердеги адамдар дене шериктер эмес, мал шериктери. Негизи, ширкатта дене шериктин болушу негизги шарт. Ал болсо ширкат да болот, болбосо – болбойт. Акционердик компанияларында шерикчилик кылуучулар мал шериктери гана. Дене шериксиз да компаниянын өзү түздөн-түз иштерин кыла берет. Дененин таптакыр этибары жок. Ошондуктан да, ал шаръан дурус болбогон батыл ширкат. Мындан тышкары, компанияда түздөн-түз тасарруф жүргүзүүчүлөр башкаруу межлиси т.а. акционерлерден, туурараагы, мал шериктерден өкүлдөр. Шариятта болсо ширкаттагы тасарруф үчүн шерик өзүнөн бирөөнү өкүл кылышы жайыз эмес. Мында ал мал шерик болобу, дене шерик болобу айырмасы жок. Себеби, ширкат бүтүмү анын өзүнө түзүлгөн. Ошондой болгон соң, анын өзү тасарруф кылышы важып. Тасарруф жана ширкаттагы иш үчүн адам жалдашы, өзүнөн бирөөнү өкүл кылышы дурус эмес. Малдын өзүн гана кошкон шерик шаръан ширкатта тасарруф жүргүзүү укугуна, шерик катары иштөө укугуна таптакыр ээ эмес. Себеби, ширкатта тасарруф жүргүзүү жана иштөө дене шериктигине чектелген. Мунун үстүнө, акционердик компаниясы юридикалык шахска айланып, тасарруф укугун өз ичине алат. Шариятта болсо тасарруфтар ушул ишке жөндөмдүү шахстар тарабынан гана болушу мүмкүн. Жөндөм балагатка жетүү, ак-караны ажырата алуу менен болот. Ушул түстө садыр кылынбаган ар кандай тасарруф шаръан батыл. Тасарруфту юридикалык шахска тапшыруу жайыз

эмес. Аны ушул ишке жөндөмдүү болгон адамга тапшыруу керек. Ошондуктан, акционердик компаниялары да, алардын тасарруфтары да, ушул жол менен тапкан акчалары да – баары батыл. Аларга ээлик кылуу адал болбойт.

**Акционердик компаниясынын акциялары**

Компания акциялары финансылык кагаздар болуп, компаниянын пайда болушу убагындагы сармаясын эмес, компания наркын көрсөтөт. О.э. акция компания сармаясынын эмес, компания вужудунун ажыралгыс бөлүгү. Ал компания активдеринин баасын көрсөтүүчү кымбат баалуу кагаз макамында. Акциялардын баасы дайыма бирдей болбойт. Компаниянын пайда же зыян көрүшүнө карай өзгөрүп турат. Жылдан-жылга ар түрдүү болуп, өзгөрүп барат. Ушуга караганда, акция компания негизделген убакта акционерлер берген сармаяны эмес, сооданы т.а. белгилүү бир убакыттагы сармаяны көрсөтөт. Анын баасы кагаз акчаныкы сыяктуу базарга карай көтөрүлүп, төмөндөп турат. Демек, акция компания иш башталганынан кийин сармаялыктан чыгып, белгилүү бир кыйматка ээ болгон финансылык кагазга айланат.

Финансылык кагаздар туурасындагы шаръий өкүм ушул, эгер алар алтын же күмүштөн мукабылы болгон акча сыяктуу адал малдан турган каражаттарды өз ичине алуучу кымбат баалуу кагаздардан болсо, алардын алды-саттысы адал болот. Себеби, алар өз ичине алган мал адал. Эгер арам малдан турган каражаттарды өз ичине алуучу сүткордук менен көбөйүп бара турган карыз векселдери жана башка акциялар сыяктуу кымбат баалуу кагаздар болсо, алардын соода-сатыгы арам болот. Себеби, алар өз ичине алган малдар арам. Акционердик компаниялардын акциялары адал дасмия менен батыл бүтүм жана батыл мамиле аркылуу табылган арам пайданын аралашмасынан турган каражаттарды өз ичине ала турган кымбат баалуу кагаздар. Андагы ар бир кымбат баалуу кагаз батыл компания активдеринин бир бөлүгү. Бул активдер шарият кайтарган батыл мамиле аркылуу табылган. Ушуга караганда, алар арам мал эсептелет. Демек, акционердик компаниясынынын акциялары арам малдан турган каражаттарды өз ичине алганы себептүү арам малга айланып, алардын соода-сатыгы да, мамилеге коюлушу да арам болот.

Эми бир маселе калды. Айрым мусулмандар акционердик компаниялардын акцияларын сатып алган болушса, аны негиздөөдө катышкан болушса, акционерлерге айланып, колдорунда акциялар болсо, бирок, бул иштин шаръий өкүмүн билбестен же мындай компаниялардын эмнелигин билбей турган шейхтердин фатвасына ылайык кылган болушса, алардын бул иштери арам болобу, жокпу? Колдорундагы акциялары – шаръан батыл мамиле аркылуу

табылган болсо да – аларга мүлк жана адал мал болобу же арам болобу? Бул акцияларды адамдарга сатуулары мүмкүнбү же жокпу?

Жооп ушул, шаръий өкүмдү билбөө үзүр эмес, себеби, ар бир мусулманга турмушунда керек боло турган өкүмдөрдү билип алуу парзы айн. Муну менен ал шаръий өкүмгө карап иш тутсун. Бирок, эгер мындай өкүмдөн ушул ишти кылып койгон адам бейкабар болсо кылмышы үчүн жазаланбайт. Шаръий өкүм аны батыл десе да, бул иш аны кылган адам үчүн туура боло берет. Анткени,

«لِأَنَّ الرَّسُولَ ﷺ سَمِعَ مُعَاوِيَةَ بْنَ الْحَكَمِ يُشَمِّتُ عَاطِسًا، وَهُوَ فِي الصَّلاَةِ، فَبَعْدَ أَنْ فَرَغُوا مِنَ الصَّلاَةِ عَلَّمَهُ الرَّسُولُ أَنَّ الْكَلاَمَ يَبْطُلُ الصَّلاَةَ، وَتَشْمِيتُ الْعَاطِسِ يَبْطُلُ الصَّلاَةَ، وَلَمْ يَأْمُرْهُ بِإِعَادَةِ الصَّلاَةِ»

**Пайгамбар ﷺ Муавия ибн Хакамдын намазда туруп чүчкүргөн адамга «Ярхамукулла» дегенин угуп, намаздан бошогондон кийин ага сүйлөө да, чүчкүргөн адамга саламаттык тилөө да намазды бузушун үйрөттү. Бирок, намазды кайра окууга буюрбады.** Кудум ушул маанини Муслим жана Насаий Ато ибн Ясор жолунан рыбаят кылышкан. Бул өкүм т.а. сүйлөө намазды бузушу ошол адам тайпасындагы адамдар үчүн адатта, белгисиз иш. Ушуга караганда, Пайгамбар ﷺ бул иште аны үзүрлүү деп тапты жана намазын туура деп эсептеди. Акционердик компаниялардын шаръан арамдыгы да көпчүлүк мусулмандар билбей турган өкүмдөр катарына кирет. Ошондуктан да, бул иште билбөө үзүргө өтөт. Ушуга караганда, компаниялар батыл болсо да, аларга мүчө болгондордун иши туура боло берет. Муавия ибн Хакам намазды бузуп коё турган ишти кылган болсо да, анын намазы туура боло бергени сыяктуу, компаниялар батыл болсо да, ага мүчө болгондордун иштери туура боло берет. Себеби, Муавия сүйлөө намазды бузушун билбегендей, алар да бул иштин арамдыгын билишпеген. Шейхтердин фатва бериши да фатва суроочулар үчүн билбөө өкүмүнө өтө берет. Фатва берүүчү болсо үзүрдүү эсептелбейт, себеби, ал өкүм чыгаруудан мурун акционердик компаниялардын вокыйсын билүүгө аракет кылганы жок. Мына ушул акционерлердин акцияларга ээлик кылышы да туура боло берет. Ырас, бул иштин батылдыгын билбегендери үчүн үзүрлүү эсептелип, шаръан иштери туура деп табылар экен, бул акчалар аларга адал. Ал эми, акцияларды мусулмандарга сатуу мүмкүн эмес. Себеби, алар шаръан батыл финансылык кагаздар. Аларга ээлик кылуунун адалдыгы капилет бир себеп т.а. билбегендик үзүр ордуна өтүшү себептүү болуп жатат. Шаръий өкүм тааныштырылгандан кийин же бул иштин өкүмү баарына маалым

болгондон кийин алар арам малга айланып, сатуу да, сатып алуу да, бирөөгө берип саттыруу да мүмкүн болбойт.

Шаръий өкүмдү билбегендиги себептүү алып коюлган бул акциялардан кутулуунун жолу компанияны таркатуу же аны Исламий ширкатка айлантуу же акционердик компаниялардын акцияларын адал деп биле турган кайрыдинди таап, ал аркылуу саттырып, акчасын алуу менен болот. Сувайд ибн Гафаладан рыбаят кылынышынча, **Билал Умар ибн Хаттаб ﷺга «кызматкерлериңиз арак, доңуздарды да хирожга алып жатышат» дегенинде, «аларды албагыла, бирок, сатуу ваколатын бергиле да, акчасынан алгыла» деген.** Муну Абу Убайд «Амвал»да рыбаят кылган. Эч ким Умардын бул ишин инкар кылбаган. Эгер ал шариятка туура келбегенде, инкар кылышкан болор эле. Ушуга караганда, ал ижма. Арак жана доңуздар ахли зимманын малдары. Алар мусулмандарга мал болбойт. Ахли зиммалар мусулмандарга жизянын бадалына ошолорду бермекчи болушканда Умар р.а. аларды кабыл кылбоону, саттырып акчасын алууну буюрду. Акциялар да батыштык капиталисттердин малы эсептелип, мусулмандарга мал болбойт. Мусулмандардын колуна түшүп калган болсо, алардын алуулары жайыз эмес, саттырып жиберүүлөрү лазым. Жизя жана хирождо Умар арак жана доңуздарды зиммийлерге саттырууга уруксат бергендей, бул акцияларды да мусулмандар зиммийлерге саттыруулары мүмкүн.

**Кооперативдик коомдор**

Кооператив – капиталисттик компаниялардын бир түрү. Ал кооперативдик коом деп аталса-да, негизи компания эсептелет. Себеби, анда бир тайпа адамдар өздөрү алектене турган ишмердүүлүк боюнча шерик болуп иш кылууга келишип алышат.

Кооператив адатта соода түрүндө пайда болуп, мүчөлөрүнө жардам берүү же алардын белгилүү бир экономикалык кызыкчылыктарын кепилдөөнү максат кылып алат. Ал да компания сыяктуу юридикалык шахска (тарапка) айланат. Ушуну менен ал башка коомдордан айрымаланат. Себеби, башка коомдор экономикалык кызыкчылыктардан бүтүндөй сырткары. Кооператив башкалардын кызыкчылыгы үчүн эмес, өз мүчөлөрүнүн пайдасын көбөйтүү үчүн иштейт. Бул болсо, анын экономикалык ишмердүүлүгү менен мүчөлөрдүн экономикасынын ортосунда бекем алака орнотулушун талап кылат.

Кооперативдик коом бир нече мүчөлөрдөн түзүлөт. Кээде жети, кээде андан аз, кээде андан көп болушу мүмкүн. Бирок, ал эки адамдан гана түзүлбөйт. Ал эки кыл болот: биринчиси – негиздөөчү үлүштөргө ээ болгон компания болуп, ушул үлүштөргө ээ болгон ар бир адам шериктик сыпатын алышы мүмкүн. Экинчиси – негиздөөчү

үлүштөрсүз түзүлгөн компания болуп, жылдык шериктик бадалын төлөө менен ага мүчө болунат. Бадалды жалпы коом жылдык жыйында белгилеп берет.

Кооперативде төмөндөгү беш шарт толук табылышы лазым:

Биринчиден, кооперативге шерик болуу эркиндиги болушу керек. Каалаган адам мурда кирген мүчөлөргө кандай шарттар коюлган болсо, ошондой шарттар менен о.э. кооперативдин түзүмдөрү, чектөөлөрү, этияттык катарындагы шарттары ага колдонулушу менен ага мүчө болушу мүмкүн. Бул чектөөлөр кыштак калкына колдонула турган жергиликтүү түстөгү чектөө болобу, чачтарачтар сыяктуу өнөргө тийиштүү болобу, айырмасы жок.

Экинчиден, кооперативчилер укук жаатында тең болуулары лазым. Алардын эң этибарлуусу добуш берүү укугу. Ар бир шерикке бир добуш укугу берилет.

Үчүнчүдөн, үлүштөргө белгилүү бир пайданы белгилөө. Айрым кооперативдик компаниялар дайымый акционерлерге пайдалардан берүү мүмкүнчүлүгү болгондо белгилүү бир пайданы берет.

Төртүнчүдөн, пайдалардын артыкчасын кайтаруу. Таза пайдалар мүчөлөргө кайтарылат. Мында таза пайда кооператив кызматтары жана жабдууларынан адамдардын пайдаланышы же сатып алышынан турган кооператив менен биргеликте өткөзгөн операциялары өлчөмүнө карай мүчөлөргө кайтарылат.

Бешинчиден, запас каражат өткөзүү менен кооператив байлыгын түзүүнүн лазымдыгы.

Компанияны башкаруу, анын иштери менен түздөн-түз алектенүү аркылуу башкарууну акционерлерден турган жалпы коом тарабынан шайланып жаткан башкаруу межлиси өз колуна алат. Шайлоодо ар бир акционер акциялары канча болушуна карабастан, бир добушка ээ болот. Жүз акциялуу менен бир акциялуунун айырмасы болбойт.

Кооперативдик коомдор бир нече кыл болот: Кол өнөрчүлүк кооперативи, айыл чарба кооперативи, керек-жарак кооперативи, өндүрүш кооперативи ж.б.у.с. Жалпысынан алганда, алар же керек-жарак кооперативи же өндүрүш кооперативи болуп, керек-жарак кооперативинде пайда соодага карай, өндүрүш кооперативинде болсо, өндүрүшкө карай бөлүштүрүлөт.

Мындай кооперативдик коомдор Ислам өкүмдөрүнө тескери болгон батыл коомдор. Мунун түшүндүрмөсү төмөндөгүчө:

1. Кооперативдик коом ширкат болуп, анда шарият белгилеген шарттар толук табылышы керек. Исламда ширкат – эки же андан ашык адамдар ортосунда пайда көрүү максатында финансылык иш кылууга келишип түзүлгөн бүтүм. Ушуга караганда, ширкатта шериктер тарабынан иш аткара турган т.а. өз үлүшүнө ээ болгон

дене болушу шарт. Ошондо гана ширкат шаръий эсептелет. Ошондуктан, эгер ширкатта укукка ээ, тасарруф кылуучу, ширкаттын максатын жүзөгө чыгара турган иштерди аткаруучу адам болбосо, ширкат пайда болбойт. Ушуну кооперативдик коомго колдоно турган болсок, анын шаръий ширкат эместиги маалым болот. Себеби, ал малдарга гана негизделген ширкат. Анда дене шериктин өзү жок. Малдардын өздөрү гана шерикчилик кылышат. Кооперативдик коомдо иш кылууга эмес, иш кыла турган адамды издеп таба турган башкарууну вужудка келтирүү үчүн белгилүү бир каражатты коюуга келишилет. Ширкатта салымдарлардын каражаттары гана катышат. Анда дене болбойт. Дене шерик болбогондон кийин алар шаръий ширкат эсептелбейт жана таптакыр түзүлбөгөн деп этибар кылынат. Себеби, ширкат малды башкарууга түзүлгөн бүтүм, башкаруу болсо, дене тарабынан аткарылат. Дене болбогон ширкат батыл ширкат болуп, шаръан ширкат эсептелбейт.

2. Пайданы сармая же ишке карай эмес, соодага же өндүрүшкө карай бөлүштүрүү жайыз эмес. Себеби, ширкат малга карап түзүлсө, пайда да малга карап болот, ишке карап түзүлсө, пайда да ишке карап болот. Демек, пайда малга же ишке, же экөөсүнө карап болот. Аны соода же өндүрүшкө карап бөлүштүрүүнүн шарт кылынышы шаръий бүтүмгө туура келбейт. Бүтүм талабына тескери болгон, же бүтүм кызыкчылыгын көздөбөй турган, талабына жооп бербей турган ар кандай шарт фасид-бузук шарт. Пайданы соода жана өндүрүшкө карап бөлүштүрүү бүтүм талабына туура келбейт. Себеби, бүтүм шаръан мал же ишке карап болот. Демек, пайда да мал же ишке карап болот. Эгер пайда соода жана өндүрүшкө карап болушуна шартташылса, бул шарт фасид болот.

**Сугурта**

Өмүр, товар, мүлк же башка бир нерсени сугурта кылдыруу (камсыздандыруу) – бул бүтүмдүн бир түрү. Ал сугурта ширкаты (камсыздандыруу компаниясы) менен сугурта кылдыруучу адамдын ортосундагы бүтүм. Сугурта кылдыруучу ширкаттан товар же мүлкүнө зыян жеткенде, анын өзүн же акчасын, өмүрү үчүн болсо, белгилүү бир каражатты берүүгө ахд талап кылат. Бул иш белгилүү бир каражат мукабылына белгилүү бир мөөнөттү белгилеген убактыларында болот. Ширкат бул талапты кабыл алат. Мына ушул сунуш жана кабылга ылайык, сугурта ширкаты сугурта кылдыруучуга – эки тарап келишкен белгилүү шарттар боюнча – зыянга учураган нерсенин же өзүн, же акчасын, же келишилген белгилүү бир каражатты төлөөгө ахд берет. Мисалы, ошол белгилүү мөөнөт ичинде товары зыянга учураса, машинасы авария болсо, үйү күйүп кетсе, мүлкү уурдалса, өзү өлсө ж.б.у.с. ушундан көрүнүп

тургандай, сугурта бүтүмү сугурта ширкаты менен сугурта кылдыруучу ортосунда сугуртанын түрү жана шарттарына негизделип келишилген бүтүм. Ушул бүтүмгө карай ширкат келишилген шарттар боюнча төлөө же белгилүү бир каражатты берүү милдеттенмесин алат. Эгер сугурта кылдыруучу бүтүм беренелерине туура келе турган бирер окуяга учураса, ширкат зыян көргөн нерсенин дал өзүн же акчасын базар баасына карап төлөшү шарт болот. Ширкат сугурта кылдыруучуга же башка нерсенин өзүн же акчасын берүүдө ыктыярдуу. Бүтүмдө көрсөтүлгөн окуя жүз бериши менен эле, эваз төлөө сугурта кылдыруучунун ширкат мойнундагы акыларынын бири болуп калат. Качан ширкат ошол окуянын жүз бергенине ишенич пайда кылса, же сот төлөп берүү туурасында өкүм чыгарса, ширкат ошол эвазды төлөйт.

Ушул ишке сугурта наамын колдонушкан. Сугурта төлөөчү сугурта кылдыруучунун пайдасына да, балдары, аялы, башка мураскорлору жана ал дайындаган башка бир адам же жамааттын пайдасына болушу да мүмкүн. Өмүрдү, товарды, мүлктү же башка нерселерди сугурта кылдыруу деп атоо адамдарга бул ишти чырайлуу кылып көрсөтүүдөн башка нерсе эмес. Негизи болсо, өмүр сугурта кылдырылбайт, балким, ал өлгөндөн кийин балдары, аялы, башка мураскорлору, же өзү дайындаган адам, же жамааттын белгилүү бир каражатка ээ болуп калышы гана кепилденет. Ал товарды да, машинаны да, мүлктү да, башканы да эмес, балким, аларга зыян жете турган нерсенин өзүн же акчасын төлөтүүнү сугурта кылдырат. Демек, ал негизи, турмуш же мүлктүн кепилдиги эмес, балким нерсе жоголгон же ага зыян жеткен убакта төлөтүү ордуна белгилүү бир каражатты өзү же башка адам колго киргизишинин кепилдиги. Сугуртанын вокыйы – мына ушул. Эгер ал жакшылап текшерилсе, эки жактан батылдыгы белгилүү болот:

Биринчиден, ал бүтүм. Себеби, ал эки тарап ортосундагы келишүү. Сунуш жана кабылды да өз ичине алат. Сунуш сугурта кылдыруучу тарабынан, кабыл болсо, компания тарабынан болот. Бул бүтүм шаръан дурус болушу үчүн бүтүмдүн шаръий шарттарын өз ичине алышы лазым. Алса дурус болот, албаса - жок. Шаръан бүтүм нерсенин өзү же кызыкчылык негизине түзүлүшү лазым. Ушундай түзүлбөсө, ал батыл болот. Себеби, ал аны шаръий бүтүмгө айлантуучу нерсеге негизделип түзүлбөй жатат. Мындан тышкары, шаръан бүтүм же соода, салаф, ширкат сыяктуу эваздуу нерсеге, же белек кылуу сыяктуу эвазсыз нерсеге, же ижара сыяктуу эваздуу пайдага, же арият сыяктуу эвазсыз пайдага негизделип түзүлөт. Кыскасы, шаръан бүтүм нерсеге карата түзүлөт. Сугурта бүтүмү болсо, нерсенин да, пайданын да негизинде түзүлбөгөн. Ал милдеттенме т.а. кепилдөө негизинде түзүлгөн

бүтүм. Милдеттенме же кепилдик болсо, нерсе да, кызыкчылык да эсептелбейт. Себеби, ал иштетилбейт, пайдаланылбайт, ижарага да, ариятка да берилбейт. Ушул милдеттенмеге негизделип малды колго киргизүү кызыкчылык эсептелбейт. Ал бар болгону мамиленин калтырган изи гана. Сугурта бүтүмү нерсенин да, пайданын да негизинде түзүлбөгөнү үчүн батыл бүтүм. Себеби, анда шаръий бүтүмдүн шарттары толук табылбайт.

Экинчиден, компаниянын атайын шарттар астында сугурта кылдыруучуга ахд бериши кепилдик түрүнөн. Анын шаръий кепилдик болушу үчүн кепилдик тууралуу шаръий шарттар андан табылышы керек. Табылса дурус болот, табылбаса – жок. Шарияттагы кепилдикке назар ташталса, төмөндөгүлөр белгилүү болот:

Милдеттенмени аткарууда кепилдикке алуучу жоопкерчилигинин кепилдикке алынуучунун жоопкерчилигине кошулушу кепилдик болуп саналат. Демек, бул иш үчүн жоопкерчилик жоопкерчиликке кошулушу о.э. кепилдикке алуучу, кепилдикке алынуучу жана кепилдик берилүүчүнүн болушу шарт. Кепилдик – моюндагы милдеттенмени эвазсыз аткаруу. Кепилдик туура болушу үчүн милдеттенме важып болгон, же важып боло турган малиявий (финансылык) укуктардын бири болушу шарт. Эгер милдеттенме важып болгон, же важып боло турган малиявий акы болбосо, кепилдик туура болбойт. Анткени, кепилдик – милдеттенмени аткаруудагы жоопкерчиликти жоопкерчиликке кошуу. Эгер кепилдикке алынып жаткан кишинин мойнунда жоопкерчилиги болбосо, ага башка бир жоопкерчиликти кошуп болбойт. Важып болгон акы тууралуу бул нерсе ачык-айкын көрүнүп турат. Эми важып боло турган акы тууралуу токтолобуз. Мисалы, бир киши бир аялга «баланчага тие бер, махрыңа мен кепилмин» дейт. Бул жерде кепилдикке алуучу кепилдикке алынуучунун жоопкерчилигин өз мойнуна алып жатат т.а. кепилдикке алынуучунун милдеттенмеси кепилдикке алуучунун да милдеттенмесине айланып жатат. Эгер важып болгон же боло турган акы болбосо, жоопкерчилик жоопкерчиликке кошулбаганы себептүү кепилдиктин мааниси калбайт. Себеби, мында бирөөнүн жоопкерчилигин бирөө мойнуна албай жатат. Демек, мында кепилдикке алуу дурус болбойт. Ушуга караганда, кепилдик берилүүчүнүн кепилдикке алынып жаткан адамдын мойнунда важып болгон же боло турган акысы болбосо, кепилге алуу дурус болбойт. Анткени, кепилдикке алынуучунун эгер буюм зыянга учураса же набыт болсо, ошол буюмду же карызды төлөшү шарт кылынат. Мында эгер акы мойнундагы важып болгон акы болсо, өз ыктыяры менен төлөөнүн, же мойнунда важыпка айлана турган акы болсо, күч менен

төлөтүүнүн айырмасы жок. Эгер кепилдикке алынуучунун мойнунда ыктыярдуу түрдө да, күч менен да төлөй турган милдеттенме болбосо, кепилдик дурус болбойт. Себеби, кепилдикке алынуучунун мойнуна важып болбогон нерсе кепилдикке алуучунун да мойнуна важып болбойт. Мисалы, бир киши адамдардан кийимдерди кабыл кылып алат. Экинчи киши үчүнчү кишиге «кийимдериңи ага бер, мен кепилмин» деди. Кийимдер зыянга учурады. Кош, кийимдерди кабыл кылуучунун кепилдигин алган киши алардын акчасын төлөйбү? Буга жооп ушул, эгер кабыл кылуучу өз ишин тыкан аткарып, кайдыгерлик кылбаган болсо да кийимдер зыянга учураса, кепилдикке алуучуга эч нерсе важып болбойт. Кепилдикке алынуучунун өзүнө важып болбогон соң, кепилдикке алуучуга важып болбостугу өз-өзүнөн маалым. Ушуга караганда, кепилге алуу дурус болушу үчүн кепилдик берилүүчүнүн башкалар мойнунда важып болгон, же важып боло турган акысы болушу шарт. Демек, моюнда ошол замат же кийинчерээк өтөлүшү керек болгон акынын болушу – кепилдикке алуунун дурус болушунун шарты. Ушуну да айта кетүү керек, кепилдикке алынуучунун да, кепилдик берилүүчүнүн да белгилүү болушу шарт эмес. Ал белгилүү болбосо да, кепилдикке алуу дурус боло берет. Бир киши башка бир кишиге «кийимдериңди кир жуугучка тапшыр» десе, анысы «зыян жеткизишинен корком» деп жооп берсе, биринчи адам «бере бер, эгер зыян жетсе, мен кепилмин» десе жана анык бир кир жуугучту дайындабаса да дурус боло берет. Эгер ал кир жуугучка берсе, кийин ошол кийимге зыян жетсе – кепилдикке алынуучунун кимдиги белгисиз болсо да – кепилдикке алган адам төлөп берет. О.э. бирөө «баланча тажрыйбалуу кир жуугуч, ким ага кийим берсе, кийимине мен кепилмин» десе, кепилдик берилүүчү белгисиз адам болсо да дурус боло берет.

Кепилдикке алуу жоопкерчиликти жоопкерчиликке кошуу экенине да, мойнунда анык бар болгон акыны т.а. милдеттенменин гана кепилдикке алынышына да, бул иште кепилдикке алуучу, кепилдикке алынуучу жана кепилдик берилүүчү болушу шарт экендигине да, бул иштин эвазсыз кылынышына да, кепилдикке алынуучу жана кепилдик берилүүчүнүн белгисиз болушу мүмкүндүгүнө да ачык далил бар. Ал Абу Давуддун Жобирден кылган мына бул рыбаяты:

«كَانَ رَسُولُ اللهِ ﷺ لاَ يُصَلِّى عَلَى رَجُلٍ مَاتَ وَعَلَيْهِ دَيْنٌ، فَأُتِىَ بِمَيِّةٍ فَقَالَ: أَعَلَيْهِ دَيْنٌ؟ قَالُوا: نَعَمْ دِينَارَانِ. قَالَ: صَلُّوا عَلَى صَاحِبِكُمْ. فَقَالَ أَبُو قَتَادَةَ الْأَنْصَارِىُّ: هُمَا عَلَىَّ يَا رَسُولَ اللهِ، قَالَ: فَصَلَّى عَلَيْهِ رَسُولُ اللهِ ﷺ، فَلَمَّا فَتَحَ اللهُ عَلَى رَسُولِ اللهِ ﷺ

قَالَ: أَنَا أَوْلَى بِكُلِّ مُؤْمِنٍ مِنْ نَفْسِهِ. فَمَنْ تَرَكَ دَيْنًا فَعَلَيَّ قَضَاؤُهُ، وَمَنْ تَرَكَ مَالاً فَلِوَرَثَتِهِ»

**«Пайгамбар ﷺ мойнунда карызы бар майитке жаназа окубас эле. Бир майит алып келинди. Пайгамбар ﷺ: «Анын мойнунда карызы барбы?» - деди. «Ооба, эки динар» дешти. Ал киши: «Досуңарга өзүңөр жаназа окугула», - деди. Ошондо Абу Катода Ансорий: «Я Расулулла, ошол эки динар менин мойнума», - деди. Ошондон кийин Пайгамбар ﷺ жаназаны окуду. Алла ал кишиге фатх-жеңиш берген соң: «Ар бир момунга өзүнөн көрө мен акылууракмын. Ким карыз калтырып кеткен болсо, аны үзүп коюу менин мойнума, ким мал калтырып кеткен болсо, ал мураскоруна», - деди».** Бул хадисте Абу Катода карыз берген кишиге төлөнүшү керек болгон малиявий акыны өтөөдөгү (милдеттенмени аткаруудагы) майиттин жоопкерчилигине өз жоопкерчилигин кошуп жатат. Анда кепилдикке алуучу, кепилдик берилүүчү, кепилдикке алынуучунун бардыгы ачык көрүнүп турат. Ал кепилдикке алуу моюндагы милдеттенмени эвазсыз аткаруу экенин да көрсөтүп жатат. Кепилдикке алынып жатканда кепилдикке алынуучу т.а. майит да, кепилдик берилүүчү т.а. карыз берген киши да белгисиз экендиги көрүнүп турат. Демек, хадис кепилдикке алуу дурус болушунун жана түзүлүшүнүн шарттарын өз ичине алып жатат.

Шаръий кепилдикке алуу мына ушул. Сугурта милдеттенмесин ага салыштыра турган болсок, кепилдикке алуунун дурус болушу жана түзүлүшү үчүн шариятта нусус-хужжаты келген шарттардан сугуртанын куру экендигин көрөбүз. Себеби, биринчиден, анда жоопкерчилик жоопкерчиликке кошулбайт. Сугурта компаниясы сугурта кылдыруучунун малын төлөөдө өз жоопкерчилигин башка бирөөнүн жоопкерчилигине кошпойт. Демек, ал батыл, кепилдикке алуу эсептелбейт. Экинчиден, анда сугурта кылдыруучунун бирер адамга төлөшү керек болгон финансылык милдеттенмеси жок, сугурта компаниясы аны аткарып койгудай. Анткени, сугурта кылдыруучунун бирөөгө төлөшү керек болгон финансылык милдеттенмеси жок. Компания келип аны кепилдикке алып жатканда эч кандай финансылык милдеттенме болбогонунан кийин, компания аткара турган финансылык милдеттенме да болбойт. Ушуга караганда, ал шаръан дурус эмес кепилдикке алуу болот. Үчүнчүдөн, компания төлөөнү өз мойнуна алган нерсенин өзү же баасы, же белгилүү бир өлчөмдөгү мал сугурта бүтүмү убагында кепилдик берилүүчүнүн ошол убакта да, кийинчерээк да

башкаларга төлөшү керек болгон милдеттенмеси эмес. Ушул жактан да бул дурус эмес кепилдик. Демек, сугурта компаниясы ошол убакта да, кийинчерээк да төлөнүшү важып болбогон нерсени кепилдикке алып жатат. Бул нерсе да анын батылдыгын көрсөтүп турат. Төртүнчүдөн, сугуртада кепилдикке алынуучу жок. Демек, анда шаръий кепилдин бир негизги элементи т.а. кепилдикке алынуучунун болушу шарты жетишпейт. Анткени, кепилдикке алууда кепилдикке алуучу да, кепилдикке алынуучу да, кепилдик берилүүчү да болушу шарт. Сугурта бүтүмүндө кепилдикке алынуучу болбогондон кийин, ал шаръан батыл. Бешинчиден, сугурта компаниясы зыянга учураган нерсенин өзүн же акчасын төлөө, же белгилүү бир өлчөмдө мал берүү милдеттенмесин алганда, бул иште белгилүү бир өлчөмдөгү каражат эвазына кылат. Кепилдикке алуу дурус болушунун бир шарты болсо, анын эвазсыз болушу. Ушул жактан сугурта батыл кепилдик болот.

Ушулардан көрүнүп тургандай, сугурта келишиминде кепилдиктин түзүлүшү жана дурус болушуна тийиштүү шарият нусустарында келген шарттар табылбаганы себептүү, компания берген келишим хужжаттары да, андагы нерсенин өзүн, баасын же белгилүү бир өлчөмдө акча төлөөлөрү да, сугуртанын өзү да шаръан бүтүндөй батыл.

Ушуга негизделип, өмүрдү болобу, товарды болобу, мүлктү болобу, башканы болобу, сугурта кылдыруунун бардык түрү шаръан арам. Анткени, анын бүтүмү шаръан батыл. Сугурта компаниясынын бүтүм талабы менен бере турган ахды да шаръан батыл. Ушуга караганда, ушул бүтүм жана ушул ахд аркылуу алынган мал нашаръий жол менен табылган киреше эсептелип, аны жеш арам.

## МҮЛК КӨБӨЙТҮҮНҮН ТЫЮУ САЛЫНГАН ЖОЛДОРУ

Исламий шарият мүлк көбөйтүүгө чегаралар белгилеп койгон. Алардан өтүү жайыз эмес. Ал адамга мүлк көбөйтүүнүн белгилүү бир жолдоруна тыюу салган. Алардын айрымдарын айтып өтөбүз:

**Кумар**

Шарият кумарга катъий тыюу салган, ал аркылуу табылган малды мүлк эсептебеген. Алла Таала айтат:

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِنَّمَا الْخَمْرُ وَالْمَيْسِرُ وَالأَنصَابُ وَالأَزْلاَمُ رِجْسٌ مِنْ عَمَلِ الشَّيْطَانِ فَاجْتَنِبُوهُ لَعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ ۝ إِنَّمَا يُرِيدُ الشَّيْطَانُ أَنْ يُوقِعَ بَيْنَكُمُ الْعَدَاوَةَ وَالْبَغْضَاءَ فِي الْخَمْرِ وَالْمَيْسِرِ وَيَصُدَّكُمْ عَنْ ذِكْرِ اللَّهِ وَعَنِ الصَّلاَةِ فَهَلْ أَنْتُمْ مُنتَهُونَ﴾

*- «Эй момундар, арак, кумар, буттар жана таякчалар (менен бал ачуу) – шайтандын амалынан болгон арам иш. Демек, нажат табышыңар үчүн алардын ар биринен ыраак болгула! Ичкилик,*

*кумар себептүү шайтан араңарга жек көрүү, душмандык салууну о.э. силерди Алланы зикир кылуудан жана намаз окуудан тосууну гана каалайт! Эми токторсуңар!»* [5:90-91]

Бул аятта арак жана кумардын арамдыгы бир нече жолдор менен баса белгиленип жатат. Биринчиси, сүйлөмдүн ﴿إِنَّمَا﴾ сөзү менен башталышы. Экинчиси, бул иштердин бут-санамдарга ибадат кылуу менен жанма-жан коюлушу. Үчүнчүсү, алардын нажас деп аталышы. Алла Таала айтат:

﴿فَاجْتَنِبُوا الرِّجْسَ مِنَ الأَوْثَانِ﴾

- *«Буттардан турган нажасат-ыпыластыктан ыраак болгула».* [22:30]

Төртүнчүсү, аларды шайтан амалынан эсептөө. Шайтан жамандыктан башка иш кылбайт. Бешинчиси, алардан тыйылууга болгон буйрук. Алтынчысы, алардан токтоп, тыйылуу – нажаттын бир көрүнүшү экени. Тыйылыш нажат-кутулуу болгонунан кийин тыйылбоо кыйроо жана шерменделик болот. Жетинчиси, алардан келип чыга турган кырсык т.а. араккорлор жана кумарпоздор ортосундагы өз ара душмандык жана жек көрүүлөрдү о.э. бул иштердин Алланын зикринен жана намаздарды убагында өтөөдөн тосуп коюу сыяктуу жаман акыбеттерге алып барышын эстетип жатканы. Алла Таала:

﴿فَهَلْ أَنْتُمْ مُنتَهُونَ﴾

- *«Эми токторсуңар!»,* [5:91]

- деген сөзү кайтаруунун эң жеткиликтүү көрүнүшү. Кудум аларга «силерге чектөө жана тыюу салуунун ошончо көрүнүштөрү тилават кылынды, эми тыйыларсыңар» делип жаткандай. Лоторея билеттери да, түрү жана кайсы максатта чыгарылышына карабастан, кумардын бир түрү. Ат жарышындагы күрөө байлоолор да кумарга кирет. Кумардын акчасы арам. Ага мүлкдар болуу мүмкүн эмес.

**Сүткордук**

Шарият өлчөмү аз же көп болушуна карабастан, сүткордукка катъий тыюу салат. Анын акчасы анык арам. Эч кимдин аны мүлк кылып алууга акысы жок. Ээси табылса, ага кайтарылат. Алла Таала айтат:

﴿الَّذِينَ يَأْكُلُونَ الرِّبَا لا يَقُومُونَ إِلا كَمَا يَقُومُ الَّذِي يَتَخَبَّطُهُ الشَّيْطَانُ مِنَ الْمَسِّ ذَلِكَ بِأَنَّهُمْ قَالُوا إِنَّمَا الْبَيْعُ مِثْلُ الرِّبَا وَأَحَلَّ اللَّهُ الْبَيْعَ وَحَرَّمَ الرِّبَا فَمَنْ جَاءَهُ مَوْعِظَةٌ

مِنْ رَبِّهِ فَانتَهَى فَلَهُ مَا سَلَفَ وَأَمْرُهُ إِلَى اللَّهِ وَمَنْ عَادَ فَأُوْلَئِكَ أَصْحَابُ النَّارِ هُمْ فِيهَا خَالِدُونَ﴾

*- «Сүткор болгон адамдар (кыямат күнү мүрзөлөрүнөн) турушпайт, магар, жин тийген, мажнун сымал турушат. Буга себеп алардын: «Бай дагы сүткордуктун өзү-го?» - дегендиктери. Акыйкатта болсо, Алла байды адал, сүткордукту арам кылган. Демек, кимге Роббисинен насаат жеткен соң (сүткордуктан) токтосо, анда мурун өткөнү өзүнө жана анын иши Аллага (тапшырылат) (т.а. Алла кааласа кечирилет) жана ким (сүткордукка) кайтса, ошолор тозок ээлери жана анда түбөлүк калышат».* [2:275]

Дагы Алла Таала айтат:

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اتَّقُوا اللَّهَ وَذَرُوا مَا بَقِيَ مِنْ الرِّبَا إِنْ كُنتُمْ مُؤْمِنِينَ۞ فَإِنْ لَمْ تَفْعَلُوا فَأْذَنُوا بِحَرْبٍ مِنَ اللَّهِ وَرَسُولِهِ وَإِنْ تُبْتُمْ فَلَكُمْ رُءُوسُ أَمْوَالِكُمْ لا تَظْلِمُونَ وَلا تُظْلَمُونَ﴾

*- «Эй момундар, Алладан корккула жана эгер чыныгы момун болсоңор, сүткордук саркындыларын таштагыла. (Т.а. адамдарга берген карызыңардан чыга турган пайданы албагыла). Эми, эгер (буйругубузду) кылбасаңар, анда Алла жана Пайгамбары тарабынан болгон согушту билип койгула! Эгер тооба кылсаңар, малыңар өзүңөргө – залим да, мазлум да болбойсуңар».* [2:278-279]

Рибанын (сүткордуктун) вокыйлыгы – сүткордун адамдар эмгегинен эксплуатация кылып пайда алышынан турат. Ал эмгексиз киреше. Себеби, үстүнө пайыз коюлуп жаткан малдын эч кандай зыянына туш болбогон абалда пайдасы кепилденген. Бул иш **«Зыян көрүү пайда алуу менен бирге»** деген коидага туура келбейт. Ошондуктан, малды шерикчилик, музораба сыяктуу жолдор менен иштетүү булардын шарттары толук табылганда жайыз. Себеби, ушундай кылганда андан бүткүл бир жамаат пайдаланат. Бирөөлөрдүн эмгектери эксплуатация кылынбайт. Тескерисинче, алар өз мээнеттери менен малдан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Ал пайдага кандай туш болсо, зыянга да ушундай туш болот. Сүткордук мунун тескериси. Анын арам кылынышы насс менен. Насста иллети көрсөтүлбөгөн. Сүннөттө сүткордук акчалары баян кылынган. Бирок, «мал ээси малын сакташы керек го. Ал муктаждын кажетин карыз берүү аркылуу чыгаруу үчүн марттык көрсөтпөшү да мүмкүн-го, натыйжада, муктаж аргасыздыкка учурайт го, бирер жол менен бул ишти мурда алдын алуу керек го, акыры. Бүгүнкү күндө ар түрдүү муктаждыктар

пайда болуп, соода, дыйканчылык жана өнөр жайды сүткордук камтып турат го, ошондуктан, сүткордук менен иштей турган банктар ачылган, мындан башка чара жок да» деген ойлор мээге урулушу мүмкүн.

Жооп мындай, биз азыркы абалдагы коом туурасында эмес, Ислам толук бойдон, ошол катары, экономикалык жагы да колдонула турган коом туурасында айтып жатабыз. Азыркы абалдагы коом капиталисттик түзүм негизинде жашоодо. Ошондуктан, банктардын болушу турмуш зарылчылыктарынын бири болуп көрүнүп жатат. Өз мүлкүндө өзүн эркин деп эсептей турган, алдоо, монополия кылуу, кумар, сүткордук жана башкаларга да акым бар деп биле турган мамлекет бул ишимди көзөмөл кыла албайт же мыйзам менен чектей албайт деп ойлой турган сармаядар үчүн сүткордук жана банктар турмуш зарылчылыгынын бири.

Ошондуктан, азыркы экономикалык түзүмдү түп-тамыры менен омкоруп, анын ордуна Исламий экономикалык түзүмдү орнотуу лазым. Бул түзүм жок кылынып, Исламий түзүм колдонулса, Ислам колдонула турган коомдо сүткордуктун зарылчылыгы жоктугу адамдарга белгилүү болот. Себеби, адам же жашоо, же дыйканчылык үчүн карызга муктаж болот. Биринчи муктаждыкты Ислам ар бир жаранга тиричилик өткөзүшүн кепилдөөнүн өзү менен кандырат. Экинчи муктаждыкты болсо, муктажга сүткордуксуз карыз берүү менен кандырат. Ибн Хиббан жана ибн Можа ибн Масъуддан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«مَا مِنْ مُسْلِمٍ يُقْرِضُ مُسْلِمًا قَرْضًا مَرَّتَيْنِ إِلاَّ كَانَ كَصَدَقَتِهَا مَرَّةً»

**«Кайсы бир мусулман дагы бир мусулманга эки жолу карыз берсе, бир жолу садака бергендей болот»,** - деген. Муктажга карыз берүү мандуб. Карыз суроо макрух эмес. Ал да мандуб. Анткени, Пайгамбар ﷺ да карыз сураган. Ырас, карыз берүүчү үчүн да, алуучу үчүн да мандуб экен, сүткордуктун экономикалык турмушка канчалык зыяндыгы, аны коомдон кууп жиберүү зарылдыгы өз-өзүнөн белгилүү болот. Бул иш Исламий түзүм негизиндеги мыйзам жана жолдонмо менен ишке ашат.

Риба жок кылынса, бүгүнкү мавжуд банктардын кажети калбайт. Байтулмалдын өзү карыз суроочунун малдан пайдалануу мүмкүнчүлүгү бар экендигин текшерип билгенинен кийин пайыз койбостон карыз бере берет. Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه Ирактагы дыйкандарга өз жерлеринен пайдалануулары үчүн байтулмалдан акча берген. Шаръий өкүм ушул, дыйкандарга жерлерин иштетип пайда (галла) чыгарып алууларына мүмкүнчүлүк бере турган даражада байтулмалдан каражат берилет. Имам Абу Юсуфтан

рыбаят кылынат: **«Тиричилик өткөзө албай жаткан адамга жерден иштеп пайдаланышы үчүн байтулмалдан карыз берилет».** Байтулмал дыйкандарга дыйканчылык үчүн карыз бергени сыяктуу тирикчиликке муктаж болгон жеке абалда иштей тургандарга да карыз берет. Умар ﷺ дыйкандарга тиричиликтерин өткөзүүгө муктаж болгондору үчүн акча берген. Ушуга караганда, продукцияны көбөйтүү үчүн бай дыйкандарга байтулмалдан эч нерсе берилбейт. Тиричилигин өткөзүүгө муктаж болгон башка адамдар ушул дыйкандарга кыяс кылынат. Анткени,

«أَعْطَى الرَّسُولُ رَجُلاً حَبْلاً وَفَأْسًا لِيَحْتَطِبَ مِنْ أَجْلٍ أَنْ يَأْكُلَ»

**«Пайгамбар ﷺ бир кишиге тиричилик кылуу үчүн «отун кылып сат» деп, аркан жана балта берген».**

Ушуну да айтуу лазым, рибаны таштоо Исламий коомдун же Исламий мамлекеттин же карыз бере турган адамдын бардыгына карап калган иш эмес. Риба арам. Исламий мамлекет же Исламий коом же карыз бере турган адам болобу, жокпу, аны таштоо важып.

**Гобн**

«Гобн» сөзү «алдоо» маанисинде. Соодадагы гобн – бааны (наркты) кемитип же көбөйтүп жиберүү. Демек, ал нерсени өз баасынан кымбатыраак же арзаныраак сатуу. Ашык даражадагы гобн шаръан арам. Себеби, сахих хадисте аны таштоо катъий талап кылынган. Бухарий Абдулла ибн Умардан рыбаят кылышынча, бир кишинин соодада алдашы Пайгамбар ﷺга айтылганда,

«إِذَا بَايَعْتَ فَقُلْ لاَ خِلاَبَةَ»

**«Соода кылып жатканыңда алдабастан сүйлө»,** - деди. Ахмад Анас ﷺнун заманында **бир киши акылында заифтик болсо да соода кылар эле. Анын аялы Пайгамбар ﷺдын алдына келип: «Я Алланын Пайгамбары, баланчаны тыйып коюңуз, себеби, ал акылында заифтик боло туруп соода кылып жатат», - деди. Пайгамбар ﷺ аны чакырып, соодадан кайтарды. Ал: «Я Алланын Пайгамбары, мен соода кылбастан тура албайм», - деди. Ошондо Пайгамбар ﷺ:**

«إِنْ كُنْتَ غَيْرَ تَارِكٍ لِلْبَيْعِ فَقُلْ هَا وَهَا وَلاَ خِلاَبَةَ»

**«Эгер сооданы таштай албай турган болсоң: Келиңиздер, бирок, алдоо жок, - дегин», - деди.** Баззор Анастан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ **саабай, желининде сүт топтоп төөлөрдү сатуудан кайтарган.** Бул хадисте алдабоо талап кылынып жатат. Демек, алдоо – арам. Соодадагы алдоо ашык даражада болгондо арам. Себеби, ал баа маселеси. Бааны бир аз ашырып же түшүрүп жиберүү алдоого кирбейт. Себеби, бул иш

кишинин соодалашуу жөндөмүнө карап болот. Соодада алдоо далилденсе, алданган адам кааласа, сооданы бекер кылат, кааласа, ыраазы болуп кете берет. Башкача айтканда, соодадагы алдоо көрүнүп калса, алданган адам сатуучу болсо, акчаны берип нерсени кайтарып алуу, кардар болсо товарды берип акчаны кайтарып алышы мүмкүн. Таван төлөтүү т.а. сатылган баа менен товардын чыныгы баасы ортосундагы айырманы алуу мүмкүн эмес. Себеби, Пайгамбар ﷺ ага сооданы бузуу же бузбоо ыктыярын белгилеген. Андан башкасын белгилебеген. Дорукутний Мухаммад ибн Яхя, ибн Хиббандан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«إِذَا بِعْتَ فَقُلْ لاَ خِلاَبَةَ، ثُمَّ أَنْتَ فِي كُلِّ سِلْعَةٍ تَبْتَاعُهَا بِالْخِيَارِ ثَلاَثَ لَيَالٍ، فَإِنْ رَضِيتَ فَأَمْسِكْ، وَإِنْ سَخَطْتَ فَارْدُدْهَا عَلَى صَاحِبِهَا»

**«Эгер сатсаң, алдоо жок дегин. Кийин сен ар бир сатып алган матаңда үч түнгө чейин ыктыярдуусуң. Ыраазы болсоң, алып кал, ыраазы болбосоң, ээсине кайтар».** Мына ушундан көрүнүп тургандай, алданган адам ыктыярдуу. Бирок, анын ыктыярдуу болушу эки шарт менен болот: Биринчиси, бүтүм (соода) убагында аны билбеген болушу. Экинчи, баанын бийиктиги же төмөндүгү адамдар кылбай турган даражада көп болушу. Ашык даражанын өлчөмү соодагерлердин келишип алгандарына карап болот. Ал үчтөн бир, төрттөн бир кылып белгиленбейт. Шаардагы соодагерлердин келишүүлөрүнө карай болот. Себеби, бул иш товарлар жана базарларга карап ар кыл болуп турат.

**Соодадагы көз боёмочулук**

Негизинен, соода бүтүмүнө риоя кылуу лазым (келишимди баш ийип аткаруу керек). Сатуучу жана кардар ортосунда сунуш жана кабыл аркылуу бүтүм түзүлүп, межлис таркагандан кийин ар эки тарап тең аны аткарышы лазым. Бирок, мамиле бүтүмү адамдар ортосунда чыр-чатак чыкпай турган түстө түзүлүшү керек. Ушуга караганда, шарият адамдарга соодадагы көз боёмочулукту арам кылып, сатуучу же кардар тарабынан кылынышына карабастан, аны күнөө деп белгиледи. Себеби, көз боёмочулук кээде сатуучу тарабынан, кээде кардар тарабынан кылынышы мүмкүн. Сатуучунун көз боёмочулугу билип туруп кардардан товардын айыбын жашыруу, же айыпты кардар сезбей турган кылып жаап коюшу же товардын бардык жагын чырайлуу кылып көрсөтө турган нерсе менен ороп коюшу. Кардардын көз боёмочулугу болсо, акчанын жасалмалуулугун сатуучудан жашырышы. Көз боёмочулук себептүү товарга карай баа да өзгөрөт. Кээде кардар көз боёмочулук себептүү товарга кызыгып жаткан болушу да мүмкүн. Көз

боёмочулуктун бардык түрү тең арам. Бухарий Абу Хурайрадан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«لاَ تُصَرُّوا الْإِبِلَ وَالْغَنَمَ، فَمَنْ اِبْتَاعَهَا بَعْدُ، فَإِنَّهُ بِخَيْرِ النَّظَرَيْنِ، بَعْدَ أَنْ يَحْتَلِبَهَا، إِنْ شَاءَ أَمْسَكَ، وَإِنْ شَاءَ رَدَّهَا وَصَاعَ تَمْرٍ»

**«Төө жана койлорду желини сүткө толсун деп бир нече күн саабай турбагыла. Ким ушул иштен кийин аларды сатып алса, аларды саткандан кийин эки иште ыктыярдуу болот: Кааласа, алып калат, кааласа, бир соъ курма кошуп кайтарып берет».** Ибн Можа Абу Хурайрадан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«مَنْ اِبْتَاعَ مُصَرَّاةً فَهُوَ بِالْخِيَارِ ثَلاَثَةَ أَيَّامٍ، فَإِنْ رَدَّهَا، رَدَّ مَعَهَا صَاعًا مِنْ تَمْرٍ، لاَ سَمْرَاءَ»

**«Кимде-ким желини сүткө толушу үчүн саалбай турган төөнү сатып алса, үч күнгө чейин ыктыярдуу. Кайтара турган болсо, карайып кетпеген курмадан бир соъ кошуп берет».** Бир соъ курмадан көздөлгөн маани – сүттүн акчасы. Баззор Анас ؓдан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ

«أَنَّهُ نَهَى عَنْ بَيْعِ الْمُحَفَّلاَتِ»

**Саабай, желининде сүт топтоп төөлөрдү сатуудан кайтарган.** Мына бул хадистер төө жана койлорду желини сүткө толушу үчүн саабай туруудан да, ушундай кылынган айбандарды сатуудан да ачык кайтарып жатат. Айбандардын желинин чоң, сүттүү кылып көрсөтүү үчүн бул ишти кылуу алдоо, арам. Товардын айыбын жашыруу да ушуга окшош иш. Ал товарда болобу, акчада болобу, айырмасы жок. Мусулман кишинин кымбатыраакка сатуу үчүн товардагы айыпты жашырууга да, сатуучуга өткөзүп жиберүү үчүн акчанын жасалмалуулугун билдирбөөгө да акысы жок. Туурасын айтышы шарт. Себеби, Пайгамбар ﷺ бул иштен катъий кайтарган. Ибн Можа Укба ибн Омирден рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«اَلْمُسْلِمُ أَخُو الْمُسْلِمِ، وَلاَ يَحِلُّ لِمُسْلِمٍ بَاعَ مِنْ أَخِيهِ بَيْعًا فِيهِ عَيْبٌ إِلاَّ بَيَّنَهُ لَهُ»

**«Мусулман – мусулмандын боордошу. Боордошуна айыптуу нерсени сатып жатканда аны билдирбестен сатышы адал болбойт»,** - деген. Бухарий Хаким ибн Хизамдан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«اَلْبَيِّعَانِ بِالْخِيَارِ مَا لَمْ يَتفَرَّقَا، فَإِنْ صَدَقَا وَبَيَّنَا بُورِكَ لَهُمَا فِى بَيْعِهِمَا، وَإِنْ كَتَمَا وَكَذَبَا مُحِقَتْ بَرَكَةُ بَيْعِهِمَا»

**«Сатуучу жана кардар, ырас ажыралбаган болсо, ыктыярдуу. Эгер чынын айтып, ачык айтышса, соодалары берекелүү болот. Жалган сүйлөп, жашырышса, соодаларындагы береке учат».** Дагы Пайгамбар ﷺ:

«لَيْسَ مِنَّا مَنْ غَشَّ»

**«Алдаган адам бизден эмес»,** - деген. Бул хадисти ибн Можа жана Абу Давуд Абу Хурайра жолунан рыбаят кылышкан. Кимде-ким көз боёмочулук жана алдоо жолу менен бир нерсени колуна киргизсе, ага ээлик кыла албайт. Себеби, ал ээлик кылына турган эмес, кайтарылган васиталардан. Бир сөз менен айтканда, арам. Нашаръий жол менен табылган мал. Пайгамбар ﷺ:

«لاَ يَدْخُلُ الْجَنَّةَ لَحْمٌ نَبَتَ مِنْ سُحْتٍ، النَّارُ أَولَى بِهِ»

**«Нашаръий жол аркылуу өскөн эт бейишке кирбейт, ага тозок ылайыктуураак»,** - деген. Бул хадисти Ахмад Жобир ибн Абдулла жолунан рыбаят кылган. Товардабы, акчадабы, көз боёмочулук кылынса, алданган адам ыктыярдуу. Кааласа, бүтүмдү бузат, кааласа, ыраазы болуп кете берет. Мындан башкасына акысы жок. Кардардын сатылган товарды алып калып, таван да т.а. айыпсыз товар менен айыптуу товар ортосундагы айырманы да алууга акысы жок. Себеби, Пайгамбар ﷺ ага таван алуу укугун белгилебеген. Анда эки иште ыктыяр берген:

«إِنْ شَاء أَمْسَكَ, وَ إِنْ شَاء رَدَّهَا»

**«Кааласа алып калат, кааласа кайтарат».** Бул хадисти Бухарий Абу Хурайрадан рыбаят кылат.

Ыктыяр берилишинде сатуучунун көз боёмочулукту же айыбын билген болушу шарт эмес. Алданган адамга көз боёмочулук кылышынын өзү менен сатуучу мындан кабардарбы, жокпу, ыктыяр бериле берет. Себеби, хадистер умумий мааниде келген. Кала берсе, бул түстө соода кылуудан кайтарылган. Гобнда мындай эмес. Анда гобн болуп жатканын билүү шарт. Анткени, эгер билбеген болсо, вокеъ анын алдаганын көрсөтпөйт. Алданган адамга эч кандай укук да берилбейт. Мисалы, базардын баасы түшүп кетсе да сатуучу мындан бейкабар калып, товарын кымбатыраакка саткан болсо, аны алдоочу деп болбойт. Кардарга ыктыяр да берилбейт. Себеби, баанын түшүп кеткенинен бейкабар сатуучунун алдагандыгы тастыкталбайт.

**Эхтикар**

Эхтикар кылууга бүтүндөй тыюу салынат. Ал шаръан арам. Хадисте андан катъий кайтарылган. Муслим Саид ибн Мусаййабдан, ал Муаммар ибн Абдулла Адавийден рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«لاَ يَحْتَكِرُ إِلاَّ خَاطِئٌ»

**«Эхтикар кылган кимсе ката кылуучу-күнөөкөр»,** - деген. Асрам Абу Умомадан рыбаят кылышынча:

«نَهَى رَسُولُ اللهِ ﷺ أَنْ يُحْتَكَرَ الطَّعَامُ»

**«Пайгамбар ﷺ азыкты эхтикар кылуудан кайтарган».** Муслим Саид ибн Мусаййабдан, ал Муаммардан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«مَنْ احْتَكَرَ فَهُوَ خَاطِئٌ»

**«Эхтикар кылган адам ката кылуучу-күнөөкөр»,** - деген. Хадистердеги эхтикардан кайтаруу менен бирге аны кылган адамдын күнөөкөр деб мазамматталып (жемеленип) келиши тыюу салуунун катъийлигин көрсөтөт. Демек, хадистер эхтикардын арамдыгына далалат кылып жатат. Эхтикар – товарды кымбатыраакка сатуу максатында шаар калкын таң абалга коё турган даражада кымбатташын күтүп, топтоп коюу. Анткени, «эхтикар» сөзүнүн мааниси «жалгыз өзү ээлик кылуу», «өзүм болоюн» дегени. Товарды да кымбатыраакка сатуу үчүн өзүндө кармап калуу ошондон алынган. Демек, нерсени эхтикар кылуу – анын кымбатташын күтүп, топтоп, кийин кымбатка сатуу. Шаар калкынын эхтикар кылынган товарды сатып алууда таң абалга чейин барып жетишинин шарт кылынышына себеп ушул, абал ушул даражага жеткенде гана эхтикар жүзөгө келет. Себеби, адамдарда товарды сатып алуу таңдыгы жүзөгө келбесе, кымбатыраакка сатуу үчүн топтоо, жыюу деген нерсе да болбойт. Ушуга караганда, эхтикар болушу үчүн товарды сатып алып, жыйышы шарт эмес. Кымбатыраакка сатуу үчүн кымбатташын күтүп топтоонун өзү эхтикар эсептеле берет. Сатып алып топтойбу, кең жерлеринин түшүмүнөн топтойбу, айырмасы жок. Дан өсүмдүктөрүнүн белгилүү бир түрүнө жеке ээлик кылуу, же дыйканчылыктын таңсыктыгы үчүн аны топтоо, же өндүрүштүн белгилүү бир түрүнө жеке ээлик кылуу, же ушул өндүрүштү таңсыктыкка айлантуу үчүн бардык ишканалардан ушул түрдөгү өнөр жай малдарын сатып алып топтоо – булардын баары эхтикар эсептелет. Капиталисттик монополияларда мына ушундай иш кылынат. Алар өздөрүнүн өнөр жайларынан башка ишканаларды сындырып, эхтикар кылышат да,

базарды ээлеп алышат. Бул иштердин баары эхтикар. Себеби, алар эхтикар сөзүнүн мазмунуна туура келет. Анткени, эхтикар – товар же товарларды кымбатка сатуу үчүн кымбатташын күтүп, анан кымбатка сатуу.

Адамзаттын азыгы болобу, айбандын азыгы болобу, азыктан башка нерсе болобу, адамдардын биринчи даражалуу муктаждык малдары болобу, экинчи даражалуу муктаждык малдары болобу – баарын эхтикар кылуу арам. Себеби, эхтикардын сөздүктүк мааниси, жалпы эле нерсе топтоо. Аны тамак, азык, биринчи даражалуу муктаждык малдарына хас кылуучу хужжат келген эмес. Хадистердин зохири ушуга далалат кылат. Алар кайд кылынбастан мутлак, хас кылынбастан умумий болуп келген жана мутлактыгынча, умумийлигинче калат.

«نَهَى رَسُولُ اللهِ ﷺ أَنْ يُحْتَكَرَ الطَّعَامُ»

**«Пайгамбар ﷺ азыкты эхтикар кылуудан кайтарганы»** сыяктуу эхтикарды тамакка байлоочу хадистер да варид болгон. Бирок, бул дегени эхтикарды тамакка хастоо дегени эмес. Эхтикар туурасындагы рыбаяттардын айрымдары мутлак, айрымдары болсо, мукайяд (чектелип) келген, ушундай болгон соң, мутлактары мукайяддарынын маанисинде деп болбойт. Себеби, рыбаяттардагы тамак сөзү мутлак рыбаяттарды кайд кылууга жарабайт. Ал болгону мутлак келген маанинин бир бөлүгү. Тамактан башкасынан бул өкүмдү жок кылуу сыпаттын эмес, лакаптын мафхуму болуп жатат. Лакаптын мафхумуна болсо, амал кылынбайт. Ал кайддоого да, хастоого да жарабайт. Бул сөздүн тафсилатына кирише турган болсок, эхтикар жөнүндөгү айрым рыбаяттарда тамактын айтылышы эхтикардын бир түрүнө мисал катары хужжат келтирүү болуп саналат. Ал эхтикардын кайды да, амал кылына турган мафхумуна ээ болгон васфы да эмес. Ал болгону анык бир нерсенин наамы т.а. лакабы. Сыпат болбогондон кийин анын мафхумуна амал кылынбайт. Кайд же хастоочу болуу үчүн амал кылына турган мафхумуна ээ болгон нерсе болушу керек. Бул жерде болсо, андай нерсе жок. Ушуга караганда, эхтикардан кайтаруучу рыбаяттар, ал тургай, тамак сөзү айтылгандары да мутлак жана умумий маанидеги хадистер болуп, бүткүл бардык нерсени эхтикар кылуудан кайтарууну өз ичине алат. Эхтикар кылуучунун вокыйсы ушул, ал товарды топтоп алып, адамдарды өзү каалаган баага мажбур кылат, базарды ээлеп алат. Адамдар башка жерден таба албаган соң, кымбат болсо да сатып алууга мажбур болушат. Бул иштин маңызына назар таштай турган болсок, эхтикар кылуучунун мусулмандарга бааны кымбатташтырмакчы болуп жатканын

көрөбүз. Бул иш арам. Маъкал ибн Ясордан рыбаят кылынышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«مَنْ دَخَلَ فِي شَيْءٍ مِنْ أَسْعَارِ الْمُسْلِمِينَ، لِيُغْلِيَهُ عَلَيْهِمْ، كَانَ حَقًّا عَلَى اللهِ أَنْ يُقْعِدَهُ بِعُظْمٍ مِنْ النَّارِ يَوْمَ الْقِيَامَةِ»

**«Кимде-ким, кымбатташтыруу максатында мусулмандардын бааларына бирер нерсени киргизсе, кыямат күнүндө аны үлкөн отко отургузуу Алланын акысы болуп калат».**

**Баа белгилөө**

Алла Таала ар бир адамга товарын өзү каалаган баада (наркта) сатышын белгилеп койгон. Ибн Можа Абу Саидден рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«إِنَّمَا الْبَيْعُ عَنْ تَرَاضٍ»

**«Соода өз ара ыраазылыктан (пайда болот)»,** - - деген. Адамдарга баа белгилөөчү көбүрөөк мамлекет болгону себептүү Алла Таала ага товарга белгилүү бир баа белгилеп, адамдарды ушул баада алды-сатты кылууга мажбурлоону арам кылган. Баа белгилөөдөн кайтаруучу хужжат варид болгон.

Баа белгилөө дегени – халифа, анын орунбасары же бирер амалдардын базарчыларга баалар көтөрүлүп же төмөндөп кетишинин алдын алуу максатында, товарды «балан баада сатасың, ашырып жибербейсиң» деп буюрушу. Мунун мааниси «коомчулук кызыкчылыгы» деген этибар менен мамлекеттин бааларга аралашып, бардык товарларга же айрымдарына белгилүү бир баалар белгилеп, адамдарга андан кымбаты же арзанына сатууга тыюу салышы дегени. Ислам баа белгилөөнү бүтүндөй арам кылган. Ахмад Анастан рыбаят кылат:

«غَلَا السِّعْرُ عَلَى عَهْدِ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ فَقَالُوا: يَا رَسُولَ اللَّهِ لَوْ سَعَّرْتَ. فَقَالَ: إِنَّ اللَّهَ هُوَ الْخَالِقُ، الْقَابِضُ، الْبَاسِطُ، الرَّازِقُ، الْمُسَعِّرُ، وَإِنِّي لَأَرْجُو أَنْ أَلْقَى اللَّهَ، وَلَا يَطْلُبُنِي أَحَدٌ بِمَظْلَمَةٍ ظَلَمْتُهَا إِيَّاهُ فِي دَمٍ، وَلَا مَالٍ»

**«Пайгамбар ﷺдын заманында баа кымбатташты. Адамдар «Я Расулулла, баа белгилеп койгонуңузда эле», - дешти. Ошондо ал киши: «Жаратуучу да, мол кылып берүүчү да, бербей туруучу да, ырыскы берүүчү да, баа белгилөөчү да Алланын Өзү. Мен Аллага бирер адам мал туурасында да, жан туурасында да, ушуну мага зулм кылган деп үстүмдөн арыз кылбаган абалда жолугууну үмүт кыламын»,** - деди. Абу Давуд Абу Хурайрадан рыбаят кылат:

«إِنَّ رَجُلاً جَاءَ فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللهِ، سَعِّرْ. فَقَالَ: بَلْ اُدْعُوا. ثُمَّ جَاءَهُ رَجُلٌ فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللهِ، سَعِّرْ. فَقَالَ: بَلْ اللهُ يَخْفِضُ وَيَرْفَعُ»

**«Бир киши келип «Я Расулулла, баа белгилеп коюңуз» деди. Ал киши: «Жакшысы дуба кылгыла», - деди. Кийин дагы бир киши келип «Я Расулулла, баа белгилеп коюңуз» деди. Ал киши: «Бааны ашыра турган да, түшүрө турган да Алла», - деди».** Бул хадистер баа белгилөөнүн арамдыгын, акимге арызданыла турган зулум экенин, бул ишти акимдин өзү кылса, арам ишти кылганы себептүү Алланын алдында күнөөкөр болушун көрсөтүп турат. Ар бир жаран баа белгилеген кишинин үстүнөн, ал аким же халифа болушуна карабастан, даттануулар мекемесине арыз кылуу укугуна ээ. Мекеме даттанууну карап чыгып, анын талабын кандырууга милдеттүү.

Баа белгилөөнүн арамдыгы бардык товарларга тиешелүү. Азык-түлүк же башка нерсе болушунун айырмасы жок. Себеби, баа белгилөөдан кайтаруучу хадистер мутлак жана умумий мааниде келген. Аларды азык-түлүк же башкасына хастоочу омил жок. Ушуга караганда, баа белгилөөнүн арамдыгы умумий болуп, бардык товарды өз ичине алат.

Баа белгилөө согуш абалында болобу, тынчтык абалында болобу, бардык шарттарда үммөт үчүн өтө зыяндуу иш. Себеби, ал жашыруун базарды ачып берет. Адамдар мамлекеттен жашырып, анын көзөмөлүнөн качып, соода кыла башташат. Азыркы заманда аны «кара базар» дешет. Натыйжада, баалар көтөрүлүп, бардык товарларды байлар ээлеп алып, кембагалдар четте калышат. Анткени, бааны белгилөө керектөөгө да, андан өтүп өндүрүшкө да таасир этет. Экономикалык таңдыкты жүзөгө келтириши да мүмкүн. Мунун үстүнө, адамдар – өз малдарынын өкүмдарлары. Мүлккө ээ болуу – ага өкүмдарлык кылуу. Баа белгилөө болсо, мындан кайтаруу болот. Шаръий хужжатсыз бул ишти кылуу мүмкүн эмес. Хужжат болсо варид болбогон. Ушуга караганда, адамдардын товарларына белгилүү бир баа белгилеп, аны ашыруу же түшүрүүнү чектөө жайыз эмес. Согуш учуру же саясий таң абалдар учурундагы баалардын көтөрүлүп кетиши, базарда товарлардын жетишпестиги себептүү болот. Мунун тамыры эхтикар же кемейип кеткендикке барып такалат. Эгер жетишпестик эхтикардан келип чыгып жаткан болсо, бул ишти Алла арам кылган. Кемейип кеткендиктен келип чыгып жаткан болсо, адамдардын кызыкчылыктарын коргоп жетишпей жаткан товарларды өзүнүн жайларынан алдырып келип, базарга коюу халифанын милдети. Ушуну менен баалардын көтөрүлүшүнүн алды алынат. **«Рамада жылы деп аталган**

**ачарчылык жылында азыктын таңсыктыгынан Хижазда гана ачарчылык болгон эле, баалар көтөрүлгөн эле. Ошондо Умар ибн Хаттаб ﵁ азык-түлүккө белгилүү бир баа белгилебеди, балким, адам жиберип Мисир жана Шам диярларынан Хижазга азык-түлүк алдырып келди. Ушуну менен баалар түштү. Баа белгилөөгө муктаждык калбады».**

## ТУУГАНЧЫЛЫК ЖАНА НАФАКА ТҮРҮНДӨ САРПТОО ТАСАРРУФ УКУГУ

Нафака кылуу да тасарруф укугунан. Ал эвазсыз сарптоо. Эваздуу сарптоо нафака делбейт. Алла Таала айтат:

﴿وَأَنفِقُوا فِي سَبِيلِ اللَّهِ﴾

*- «Алла жолунда сарптагыла!»,* [2:195]

дагы айтат:

﴿وَمِمَّا رَزَقْنَاهُمْ يُنفِقُونَ﴾

*- «... Биз ырыскы кылып берген нерселерден нафака-эхсан кыла турган такыбалуу кишилер...»,* [2:3]

дагы айтат:

﴿لِيُنفِقْ ذُو سَعَةٍ مِنْ سَعَتِهِ﴾

*- «Байлык ээси байлыгынан сарптасын».* [65:7]

Ислам бул жолго да жүрүп, нафака кылына турган жайларды белгилеп, ага тартип-эрежелер чыгарып койгон. Мал ээсине тасаррунфту мутлак тапшырып, каалаганча сарпташына коюп бербейт. Балким, ага тирүүлүгүндө да, өлгөндөн кийин да кандай тасарруф кылышын белгилеп берет. Адамдын өз мүлкүн башкага эвазсыз өткөзүшү же аны адамдарга берип жибериши менен, же өзүнө жана карамагындагыларга сарпташы менен болот. Бул сарптоо тирүүлүгүндө белек, нафака сыяктууларды кылышы менен, өлүмүнөн кийин болсо, осуят сыяктуулар менен болот. Ислам бул тасарруфка аралашып, адамды согуш учурунда мусулманга каршы күчтөндүрө турган нерсени душманга берүү же белек кылуудан кайтарган. О.э. өзү жана карамагындагылардын кажетине жарашасын алып калгандан кийин гана калганын берүү, белек же садака кылууга буюрат. Өзү же карамагындагылар муктаж болсо да берсе, бергендеринин баарысы – бекер. Пайгамбар ﷺ:

«خَيْرُ الصَّدَقَةِ مَا كَانَ عَنْ ظَهْرِ غِنًى، وَابْدَأْ بِمَنْ تَعُولُ»

**«Эң жакшы садака бекажеттик артынан кылынганы жана аны карамагыңдагылардан баштагын»,** - деди. Бул хадисти Бухарий Абу Хурайрадан рыбаят кылган. Дорамий Жобир ибн Абу Абдулладан рыбаят кылат:

«**بَيْنَمَا نَحْنُ عِنْدَ رَسُولِ اللهِ ﷺ، إِذْ جَاءَهُ رَجُلٌ بِمِثْلِ الْبَيْضَةِ مِنْ ذَهَبٍ، أَصَابَهَا فِي بَعْضِ الْمَغَازِي** (قال أحمد: في بعض المعادن وهو الصواب) **فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، خُذْهَا مِنِّي صَدَقَةً، فَوَاللَّهِ مَالِي مَالٌ غَيْرُهَا، فَأَعْرَضَ عَنْهُ، ثُمَّ جَاءَهُ عَنْ رُكْنِهِ الْأَيْسَرِ فَقَالَ مِثْلَ ذَلِكَ، ثُمَّ جَاءَهُ مِنْ بَيْنِ يَدَيْهِ فَقَالَ مِثْلَ ذَلِكَ، ثُمَّ قَالَ: هَاتِهَا، مُغْضَبًا، فَحَذَفَهُ بِهَا حَذْفَةً لَوْ أَصَابَهُ لَأَوْجَعَهُ، أَوْ عَقَرَهُ، ثُمَّ قَالَ: يَعْمِدُ أَحَدُكُمْ إِلَى مَالِهِ، لَا يَمْلِكُ غَيْرَهُ، فَيَتَصَدَّقُ بِهِ، ثُمَّ يَقْعُدُ يَتَكَفَّفُ النَّاسَ. إِنَّمَا الصَّدَقَةُ عَنْ ظَهْرِ غِنًى. خُذِ الَّذِي لَكَ، لَا حَاجَةَ لَنَا بِهِ، فَأَخَذَ الرَّجُلُ مَالَهُ**»

**«Пайгамбар ﷺдын алдында элек. Бир киши жумурткадай келе турган алтынды көтөрүп кирип келди. Ага бир казатта жетишкен экен.** (Ахмад «бир кенден алган экен» дейт. Ушунусу – туура) **ал: «Я Расулулла, ушуну менден садака катары алыңыз, Аллага ант болсун, менин ушундан башка малым жок», - деди. Пайгамбар ﷺ андан жүз үйүрдү. Сол жагынан келип, дагы ушундай деди. Кийин алды тарабынан келип дагы ошол сөздү айтты. Ошондо Пайгамбар ﷺ кыжырланып, «бер» деди да, аны ушундай ыргытып жиберди, эгер ага тийгенде ооруткан же жарадар кылган болор эле. Кийин: «бириңер башка мүлкү болбосо да бар нерсесин садака кылып жиберет да, кийин адамдардан тиленип отурат, бейкажеттик артынан кылынган садака садака ордуна өтөт, ал мунуңду, биз ага муктаж эмеспиз», - деди. Жанагы киши малын алды».** Адамдын өзү жана карамагындагылары үчүн алып калган байлыгы зарурий жана камалий муктаждыктарына жете турган мал. Жеш, кийиш, жай – зарурий муктаждык эсептелсе; адамдар арасында адат түсүнө кирген жөнөкөй жашоо таризи – камалий муктаждыктарга кирет. Бул нерсе өзү жана карамагындагылардын айланасындагы адамдар сыяктуу жашоо таризи даражасын сактап калган абалда адаттагы муктаждыгына карап белгиленет. Эми Алла Тааланын:

﴿وَيُؤْثِرُونَ عَلَى أَنْفُسِهِمْ وَلَوْ كَانَ بِهِمْ خَصَاصَةٌ﴾

- *«Өздөрүндө муктаждык болсо да, өздөрүн коюп (өзгөлөрдү) ыктыяр кылышат»* [59:9]

- деген аятына келсек, анын мааниси айрымдар ойлогондой, муктаж болуп туруп дегени эмес, негизги муктаждыктарынан тышкары башка муктаждыктары да болуп туруп дегени. Буга далил ушул, Пайгамбар ﷺ өздөрү муктаж болгондордун нерсесин

кайтарып берди, өздөрү муктаж болбогондорду гана садака кылуудан кайтарбады. Аяттагы «хососот» сөзү муктаждык маанисинде. Негизинен, ал үйдүн жаракасын, тешиктерин түшүндүрөт. Аяттын толугу мындай:

﴿وَلا يَجِدُونَ فِي صُدُورِهِمْ حَاجَةً مِمَّا أُوتُوا وَيُؤْثِرُونَ عَلَى أَنْفُسِهِمْ وَلَوْ كَانَ بِهِمْ خَصَاصَةٌ﴾

*- «Аларга (мухажирлерге) берилген нерсе-олжолор себептүү кандайдыр бир көрө албастыкты туюшпайт о.э. өздөрүндө муктаждык болсо да, өздөрүн коюп (өзгөлөрдү) ыктыяр кылышат»,* [59:9]

т.а. ансар сахабалар өз муктаждыктарын кандыруу үчүн эмес, балким, иштерине сарптоо үчүн малга муктаждык сезишсе да, мухажир сахабаларга берген нерселерине эч ачынышпады. Пайгамбар ﷺдын:

«إِنَّمَا الصَّدَقَةُ عَنْ ظَهْرِ غِنًى»

**«Садака бейкажеттик артынан кылынат».**

«يَعْمِدُ أَحَدُكُمْ إِلَى مَالِهِ، لاَ يَمْلِكُ غَيْرَهُ، فَيَتَصَدَّقُ بِهِ، ثُمَّ يَقْعُدُ يَتَكَفَّفُ النَّاسَ»

**«Бирөөңөр малга муктаж болуп туруп, андан башка мүлкү болбосо да садака кылат да, кийин адамдардан тиленип отурат»** деген хадисиндеги садакадан кайтаруу негизги муктаждыктарын кандыра албай жаткан кембагалдын өз муктаждыгын кандырууга керек болуп турган малын садака кылышы жайыз эместигин көрсөтүп жатат. Себеби, садака бейкажеттик артынан т.а. негизги муктаждыктарын кандырууда адамдарга муктаж болбоо артынан кылынат. Эми кимдин негизги муктаждыгынан ашыкча малы болуп, негизги муктаждыктарын кандырганынан кийин камалий муктаждыктарын кандырмакчы болсо, ага камалий муктаждыктарын кандыруу үчүн өз малына муктаждыгы болсо да, өзүнөн көрө кембагалдарды абзел көрүшү мандуб.

О.э. Ислам адамга өлүм төшөгүндө жаткандан кийин берүү, белек кылуу, осуят кылууга тыюу салды. Ушул убакта берген, белек же осуят кылган адамдын чечими малынын үчтөн бирине карата гана аткарылат. Дорукутнийдин Абу Дардодан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«إِنَّ اللهَ تَصَدَّقَ عَلَيْكُمْ بِثُلُثِ أَمْوَالِكُمْ عِنْدَ وَفَاتِكُمْ، زِيَادَةً فِى حَسَنَاتِكُمْ، لِيَجْعَلَهَا لَكُمْ زِيَادَةً فِى أَعْمَالِكُمْ»

**«Алла амалдарыңар жана жакшылыктарыңарды көбөйтүү үчүн өлүп жаткан убагыңарда малдарыңардын үчтөн бирин өздөрүңөргө инъам кылды».** Имрон ибн Хусайн рыбаят кылат:

«أَنَّ رَجُلاً مِنَ الْأَنْصَارِ أَعْتَقَ سِتَّةَ أَعْبُدٍ لَهُ فِي مَرَضِهِ، لاَ مَالَ لَهُ غَيْرُهُمْ، فَاسْتَدْعَا رَسُولُ اللهِ ﷺ، فَجَزَّأَهُمْ ثَلاَثَةَ أَجْزَاءٍ، وَأَقْرَعَ بَيْنَهُمْ، فَأَعْتَقَ اِثْنَيْنِ وَأَرَقَّ أَرْبَعَةً»

**«Бир ансарий бейтаптыгында (т.а. өлүп бара жатканда) алты кулун азат кылды. Анын ушундан башка малы жок эле. Пайгамбар ﷺ аларды чакыртып, аларды үч бөлүккө бөлдү жана куръа таштады. Экөөсүн азат кылып, төртөөсүн кулдугунча калтырды».** Ырас, адамдын кул азат кылышы шарият ушул ишке үндөгөндүгүнө карабастан аткарылбаган соң, башка тасарруфтардын аткарылбашы өз-өзүнөн маалым.

Жогоруда айтып өткөндөрүбүз адамдын адамдарга бериши туурасында. Эми анын өзү жана карамагындагыларга сарпташына токтоло турган болсок, Ислам бул ишке да аралашып, анын туура жолун сызып берип, адамды төмөндөгү иштерден кайтарды:

а) Адамды ысыраптан кайтарды. Ысырапкерчиликти делбелик деп эсептеп, ысырапкерди өзүнчө мал иштетүүдөн тыйып, башканы ага васий кылган. Муну менен, васий анын пайдасы үчүн малдарын башкарып берсин. Алла Таала айтат:

﴿وَلا تُؤْتُوا السُّفَهَاءَ أَمْوَالَكُمُ الَّتِي جَعَلَ اللَّهُ لَكُمْ قِيَامًا وَارْزُقُوهُمْ فِيهَا وَاكْسُوهُمْ﴾

– *«Акылсыз кишилерге Алла силер үчүн турмуш керектөөсү кылып койгон малыңарды берип койбогула, тескерисинче, аларды ошол малдардан жедирип-кийиндиргиле».* [4:5]

Демек, Алла ысырапкерлерге мал берүүдөн кайтарган. Аларды бир гана жеш жана кийиш менен камсыздоону буюрган. Алла Таала айтат:

﴿فَإِنْ كَانَ الَّذِي عَلَيْهِ الْحَقُّ سَفِيهًا أَوْ ضَعِيفًا أَوْ لا يَسْتَطِيعُ أَنْ يُمِلَّ هُوَ فَلْيُمْلِلْ وَلِيُّهُ بِالْعَدْلِ﴾

- *«Эгер мойнунда карызы болгон киши акылсыз же алсыз болсо, же жаздырууга кудурети жетпесе, анын коргоочу өкүлү адилеттик менен жаздырсын!».* [2:282]

Бул аятта ысырапкерге валий болууну важып кылган. Мугыйра ибн Шуъбанын рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ

«نَهَى عَنْ إِضَاعَةَ الْمَالِ»

**Малды текке кетирүүдөн кайтарган.** Дорамий жана эки шейх рыбаят кылган хадисте мындай делген.

Ысырап кылуу жана сапыруу сөздөрүнүн сөздүктүк да жана шаръий маанилери да бар. Адамдар көбүрөөк сөздүктүк маанисине этибар берип, шаръий маанисин четте калтырышат да, аларды шарият каалаганынан башкача тафсир кылышат. Алардын сөздүктүк мааниси экономиканын тескериси болуп, «чектен, орточолуктан ашуу» дегени. «Баланча малды сапырды» дегени сөздүктө «чачып жиберди» дегени. Алардын шаръий маанилери болсо, малды Алла кайтарган ишке сарптоо. Алла буюрган же уруксат берген иш үчүн кылынган сарп аз же көп болушуна карабастан, ысырап жана сапыруу эсептелбейт. Рыбаят кылынышынча, Зухрий Алла Тааланын:

﴿وَلا تَجْعَلْ يَدَكَ مَغْلُولَةً إِلَى عُنُقِكَ وَلا تَبْسُطْهَا كُلَّ الْبَسْطِ﴾

*- «Колуңду мойнуңа байлап да алба. Ысырапкерчилик кылуу менен аны бүтүндөй жазып да жибербе»,* [17:29]

- деген аятын «орундуу жайынан кызганба, батылга сарптаба» деп тафсир кылган. Курани Каримдин бир нече аяттарында ысырап сөзү варид болгон:

﴿وَالَّذِينَ إِذَا أَنفَقُوا لَمْ يُسْرِفُوا وَلَمْ يَقْتُرُوا وَكَانَ بَيْنَ ذَلِكَ قَوَامًا﴾

*– «Алар кайыр-садага кылган чактарында ысырап да, сараңдык да кылышпайт. Дал ошол (сараңдык менен ысыраптын ортосунда) орточо – тең салмакта болот»,* [25:67]

Бул аятта ысырап – күнөө иштерге кылынган сарп. Сооп иштерге кылынган сарп – ысырап эмес. Аяттын мааниси: малыңарды күнөө иштерге сарптабагыла жана мубах иштерден кызганбагыла, болгону, мубахтан көрө жакшыраак иштерге т.а. тааттарга сарптагыла дегени. Демек, мубахтан башкасына сарптоо айып. Мубахтан кызгануу да айып. Мубах жана тааттарга сарптоо болсо – фазилат. Алла Таала айтат:

﴿وَلا تُسْرِفُوا إِنَّهُ لا يُحِبُّ الْمُسْرِفِينَ﴾

*- «Ысырап кылбагыла! Албетте, Ал ысырап кылуучуларды сүйбөйт»,* [6:141]

Бул аятта Алла Таала ысырапты т.а. күнөөлөргө сарптоону мазаммат кылып жатат. Ысырапкерлер сөзү «Алланын зикринен баш тартуучу» маанисинде да келген. Алла Таала айтат:

﴿فَلَمَّا كَشَفْنَا عَنْهُ ضُرَّهُ مَرَّ كَأَنْ لَمْ يَدْعُنَا إِلَى ضُرٍّ مَسَّهُ كَذَلِكَ زُيِّنَ لِلْمُسْرِفِينَ مَا كَانُوا يَعْمَلُونَ﴾

*- «Анан качан Биз андан мусибат-кайгыны кетирсек, куду (эч качан) өзүнө жеткен балээ-мусибатта Бизге дуба кылбагандай (жүз*

*үйрүп) кетет. Ысырапкер адамдарга өз кылмыштары мына ушундай чырайлуу кылып коюлду»,* [10:12]

т.а. шайтан васваса кылып, ысырапкерлердин зикрден жүз үйүрүүлөрү жана шахваттарга эргешүүлөрүн чырайлуу кылып көрсөттү. Бул жерде Алланын зикринен жүз үйрүүчүлөрдү «ысырапкерлер» деп атап жатат. «Ысырапкерлер» сөзү «жамандыктары жакшылыктарынан ашып түшкөн» деген мааниде да келген. Алла Таала айтат:

﴿لا جَرَمَ أَنَّمَا تَدْعُونَنِي إِلَيْهِ لَيْسَ لَهُ دَعْوَةٌ فِي الدُّنْيَا وَلا فِي الآخِرَةِ وَأَنَّ مَرَدَّنَا إِلَى اللَّهِ وَأَنَّ الْمُسْرِفِينَ هُمْ أَصْحَابُ النَّارِ﴾

*- «Шек-күмөн жок, албетте, силер мени (сыйынууга) чакыра турган буттарыңар – дүйнөдө болсун же акыретте болсун – даъват кыла албайт. Албетте, Аллага кайтышыбыз бар. Чындыгында, ысырапкер кимселер гана тозок ээлери».* [40:43]

Катода: «**бул жердеги ысырапкерлерден максат – мушриктер,** - дейт. Мужахид болсо: «**ысырапкерлер – нахак (акылуу эмес түрдө) кан төгүүчүлөр,** - дейт. Дагы бир айтымда: «**жамандыктары жакшылыктарынан ашып кеткендер – ысырапкерлер»** делген. Ысырапкерлер сөзү бузгунчулук маанисинде да варид болгон. Алла Таала айтат:

﴿فَاتَّقُوا اللَّهَ وَأَطِيعُونِي ۝ وَلا تُطِيعُوا أَمْرَ الْمُسْرِفِينَ ۝ الَّذِينَ يُفْسِدُونَ فِي الأَرْضِ وَلاَ يُصْلِحُونَ﴾

*– «Демек, Алладан корккула жана мага моюн сунгула! Дагы жер жүзүндө бузукулук кыла турган жана (эч нерсе) оңдой албай турган ысырапкер кимселердин буйругуна моюн сунбагыла!»,* [26:150-152]

Бул аяттардын бирөөндө да ысыраптын сөздүктүк мааниси таптакыр колдонулган эмес. Баарында шаръий маанилер гана көздөлгөн. Бул сөз «сарптоо» сөзү менен жанаша келсе, «күнөө ишке акча иштетүү» маанисинде болот. Аны сөздүктүк мааниде тафсир кылуу жайыз эмес. Себеби, Алла муну менен белгилүү бир шаръий маанини ирада кылган. Сапыруунун да шаръий мааниси – малды арам иштерге сарптоо. Алла Таала айтат:

﴿وَلا تُبَذِّرْ تَبْذِيرًا ۝ إِنَّ الْمُبَذِّرِينَ كَانُوا إِخْوَانَ الشَّيَاطِينِ﴾

*- «Ысырапкерчиликке жол бербегин! Анткени, ысырап кылуучулар, шайтандардын достору болгон кимселер».* [17:26,27]

т.а. жамандыкта аларга окшогондор. Мазамматтын чокусу мына ушул. Себеби, шайтандан да жаманыраак махлук жок. Бул жердеги сапыруу – малды ылайыксыз жайга чачуу. Абдулла ибн Масъуд: «**сапыруу – малды нахак жайга сарптоо,** - деген. Мужахид:

«**батыл ишке бир мудд сарпталса да, сапыруу болот»,** - деген. Ибн Аббас **сапыруучуну «нахак ишке сарптоочу»** деген. Катода **сапырууну «Аллага күнөө кылууга, нахак ишке жана бузгунчулукка сарптоо»** деген. Бул сөздөрдү Табарий өзүнүн тафсиринде келтирген. Ушулардан көрүнүп тургандай, ысырап жана сапыруудан максат – Алла арам кылган ишке сарптоо. Демек, шарият арам кылган ишке сарптоо нахак сарптоо эсептелип, бул иштен адам кайтарылат. Кайтарылгандан кийин да тыйылбаган адамдын садакасы да, белеги да, соодасы да, никеси да өтпөйт. Бирөөдөн карыз алган болсо, карызы өтөлбөйт. Кайтарылбастан мурун кылган иши тээ казы кайтарганына чейин өтөт. Алла Тааланын:

﴿وَلا تَجْعَلْ يَدَكَ مَغْلُولَةً إِلَى عُنُقِكَ وَلا تَبْسُطْهَا كُلَّ الْبَسْطِ فَتَقْعُدَ مَلُومًا مَحْسُورًا﴾

– *«Колуңду мойнуңа байлап да алба. Ысырапкерчилик кылуу менен аны бүтүндөй жазып да жибербе. Антпесе, жеме жана өкүнүчтө каласың»,* [17:29]

- деген аяты ачык колдуктан эмес, таптакыр бүтүндөй ачык колдук кылып жиберүүдөн кайтарып жатат. Алла ачык колдуктан т.а. адал ишке көп мал сарптоодон кайтарбаган. Таптакыр ачык колдук кылып жиберүүдөн т.а. арамга сарптоодон кайтарган. Белгилүү болгондой, ачык колдук көп мал сарптоо. Бул иштен кайтарылбай жатканы анын адалга сарптоо экенине, бүтүндөй ачык колдуктан кайтарылып жаткандыгы болсо, анын арамга сарптоо экенине далил.

Жогоруда айткандарыбыз далил жагынан айтылган сөздөр. Эми бул маселеге сарптоо вокыйсы жагынан жандашабыз. Адамды аз же көп сарптагандыгын аныктоо диярындагы жашоо даражасына карап белгиленет. Ушундай диярлар бар, аларда адам негизги муктаждыктарын да толук кандыра албайт. Ушундай болгондон кийин, анын камалий муктаждыктарын кандыруу үчүн акча сарпташы көп (ашыкча) сарптоо эсептелет. Көптөгөн Исламий диярларда абал ушундай. Дагы ушундай диярлар бар, аларда адам негизги муктаждыктарын да, камалий муктаждыктарын да толук кандырат. Ал жерлерде маданият өнүгүп, муздаткыч, кир жуугуш машина, автомобиль сыяктуу камалий муктаждыктар да зарурий муктаждыктарга айланып кеткен. Ушундай болгондон кийин, алар үчүн акча сарптоо көп (ашыкча) сарптоо эсептелбейт. Эгер ысырап жана сапыруунун сөздүктүк мааниси алына турган болсо, «негизги муктаждыктардан ашыкчасына кылынган сарп – арам» деген шаръий өкүм келип чыгат. Мунун мааниси «муздаткыч, кир жуугуч машина жана автомобиль сатып алуу арам» дегени. Себеби, алар негизги муктаждыктардан ашыкча нерселер. Бул сөздүн сөздүктүк

маанисине карай маани берилгенде, бул муктаждыктар үчүн акча сарптоо айрым диярлардагы айрым адамдар үчүн арам, башка диярдагы башка адамдар үчүн адал деген шаръий өкүм да түшүнүп калынат. Мунун мааниси, бир нерсе туурасындагы шаръий өкүмдүн иллетсиз ар түрдүү болушу мүмкүн дегени. Бул жайыз эмес иш. Себеби, бир маселедеги шаръий өкүм өзгөрбөйт, ошол бойдон калат. Кала берсе, Алла нерселерди иштетүүгө, пайдаланууга мутлак уруксат берген. Аны аз же көп сарптоо менен кайд кылбаган. Ушундай экен, кантип, көп сарптоо арам болсун. Эгер Алла нерселерди адал кылып, алар үчүн көп акча сарптоону арам кылса, нерсени бир убакыттын өзүндө адал да, арам да кылган болуп калат. Мисалы, менчик самолётко ээ болууну адал кылып, бирок, аны сатып алуу көп акча сарптоо эсептеле турган болсо, арам кылган болот. Мындай карама-каршылык болушу мүмкүн эмес. Ушуга негизделип, ысырап жана сапырууну сөздүктүк мааниси боюнча тафсир кылуу жайыз болбойт. Аларды аят матндарында келген о.э. айрым сахабалар жана ишеничтүү аалымдар айтып өткөн шаръий маанилери боюнча тафсир кылуу важып.

б) Ислам адамды көпкөлөңдүктөн кайтарган, аны күнөө деп эсептеген жана көпкөндөргө азап убада кылган. Алла Таала айтат:

﴿وَأَصْحَابُ الشِّمَالِ مَا أَصْحَابُ الشِّمَالِ ۞ فِي سَمُومٍ وَحَمِيمٍ ۞ وَظِلٍّ مِنْ يَحْمُومٍ ۞ لا بَارِدٍ وَلا كَرِيمٍ ۞ إِنَّهُمْ كَانُوا قَبْلَ ذَلِكَ مُتْرَفِينَ﴾

*– «Сол тарап ээлери... Сол тарап ээлери (болуу) кандай (бактысыздык)! (Алар тозоктон тынымсыз согуп турган, денелерди илме-тешик кылып жиберүүчү) Самум (шамалы) жана кайнак суу ичинде жана бир да салкын, бир да пайдалуу болбогон кара түтүндөн турган «көлөкө» (астын)да. Чынында, алар мындан илгери (т.а. дүйнө тирүүлүгүндө көңүл кушуна эт-бетинен кеткен көпкөлөң) байлар эле* [56:41-45]

т.а. каалаганын кыла турган көпкөндөр эле, Алла Таала айтат:

﴿حَتَّى إِذَا أَخَذْنَا مُتْرَفِيهِمْ بِالْعَذَابِ إِذَا هُمْ يَجْأَرُونَ﴾

*- «Тээ качан Биз алардын (залим) байларын азапка кириптер кылганыбызда, капыстан алар (жалбарып) кыйкырышат»,* [23:64]

Бул жерде да көпкөн залимдер назарда тутулуп жатат. Алла Таала айтат:

﴿وَإِذَا أَرَدْنَا أَنْ نُهْلِكَ قَرْيَةً أَمَرْنَا مُتْرَفِيهَا فَفَسَقُوا فِيهَا﴾

*– «Биз качан бирер шаарды жок кылууну кааласак, анын байларына буюрабыз, алар фасыктык кылышат»,* [17:16]

т.а. момундардан өздөрүн үстөм коюучулар малдары жана балдарынын көптүгүнө кибрленип-кекирейип сүйлөшөт. Алла Таала айтат:

﴿وَاتَّبَعَ الَّذِينَ ظَلَمُوا مَا أُتْرِفُوا فِيهِ﴾

– *«Залим кимселер болсо, өз жыргалчылыктарына берилип кетишти»,* [11:116]

Бул жерде жыргалчылыкка берилүүдөн мурат (б.а. жыргалчылыкка берилүү деген сөздөн көздөлгөн маани) – шахваттарга эт-бетинен кетүү. Алла Таала айтат:

﴿وَإِذَا أَرَدْنَا أَنْ نُهْلِكَ قَرْيَةً أَمَرْنَا مُتْرَفِيهَا فَفَسَقُوا فِيهَا﴾

– *«Биз качан бирер шарды жок кылууну каалаcак, анын байларына буюрабыз, алар фасыктык кылышат»,* [17:16]

Аяттагы «байлар» деген сөздөн көздөлгөн маани – дүңгүрөгөн турмуш кечирүүчү залимдер. Алла Таала айтат:

﴿وَأَتْرَفْنَاهُمْ فِي الْحَيَاةِ الدُّنْيَا﴾

– *«Биз аларды дүйнө турмушунда бай кылдык»,* [23:33]

т.а. аларды зулумунан кайтпай турган, көпкөндөр кылып койдук.

«Көпкөлөңдүк» сөзүнүн сөздүктүк мааниси нематтарга кекирейүүнү жана көпкөндүктү түшүндүрөт. Байлык аны кекирейтип жиберет деп коюшат. Кишинин көпкөн болушу – анын адепсиздикти улантышы. Ушуга караганда, Куран мазамматы жана Алла арам кылган, өзү күнөө эсептелген «көпкөлөң бай болуу» бай болуунун өзү эле эмес, неъматтанууга кекирейүү, көпкөндүк да. Ошондуктан, аны малдан үзүр көрүү жана Алла берген ырыскы менен неъматтануу деп тафсир кылуу ката. Анткени, Алла берген ырыскыдан үзүр көрүү жана пайдаланууну шарият мазаммат кылбаган. Алла Таала айтат:

﴿قُلْ مَنْ حَرَّمَ زِينَةَ اللَّهِ الَّتِي أَخْرَجَ لِعِبَادِهِ وَالطَّيِّبَاتِ مِنَ الرِّزْقِ﴾

- *«Айткын (эй Мухаммад): Алла пенделери үчүн чыгарган коoздук (кийимдерди) жана адал-таза ырыскыларды ким арам кылды?!»*

[7:32]

Термизий Абдулла ибн Амрдан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«إِنَّ اللهَ يُحِبُّ أَنْ يَرَى أَثَرَ نِعْمَتِهِ عَلَى عَبْدِهِ»

**«Алла Өз неъматынын белгиси пендесинин үстүндө көрүнүп турушун каалайт»,** - деген. Т.а. пендесинин Алла берген неъмат менен үзүрлөнүшүн, Аалам Роббиси берген адал ырыскыдан пайдаланышын каалайт. Бирок, Алла неъматтарга

кекирейүүнү, көпкөндүктү, ахлаксыздыкты жаман көрөт. Башкача айтканда, өзүнөн көпкөндүк, кекирейүү, зулум жана зордукчулукту келтирип чыгаруучу үзүрлөнүүнү жаман көрөт. Кайсы бир адамдын жыргал турмуш кечириши кекирейүү, зордукчулук, көпкөндүктү жүзөгө келтирсе, Ислам ал үчүн көпкөлөңдүккө тыюу салат, арам кылат. Т.а. мал жана перзенттердин көптүгү көпкөндүк, кекирейүү жана зордукчулукту келтирип чыгарса, мындай бузуктукка Ислам тыюу салат жана катъий арам кылат. «Көпкөлөңдүк – арам» дегени «жыргал турмуш кечирүү – арам» дегени эмес, байлыктан келип чыга турган көпкөндүк арам дегени. Көпкөлөңдүк сөзүнүн сөздүктүк мааниси да, Куран аяттарынан түшүнүлө турган мааниси да ушул.

в) Ислам адамды өзүнө карата сараңдык кылуудан, шаръан жайыз болгон үзүрлөнүүдөн өзүн махрум кылуудан кайтарат. Адал ырыскылардан үзүрлөнүүнү, өзүнө ылайык зыйнаттанууну адал кылат. Алла Таала айтат:

﴿وَلا تَجْعَلْ يَدَكَ مَغْلُولَةً إِلَى عُنُقِكَ وَلا تَبْسُطْهَا كُلَّ الْبَسْطِ فَتَقْعُدَ مَلُومًا مَحْسُورًا﴾

*- «Колуңду мойнуңа байлап да алба. Ысырапкерчилик кылуу менен аны бүтүндөй жазып да жибербе. Антпесе, жеме жана өкүнүчтө каласың»,* [17:29]

дагы айтат:

﴿وَالَّذِينَ إِذَا أَنفَقُوا لَمْ يُسْرِفُوا وَلَمْ يَقْتُرُوا وَكَانَ بَيْنَ ذَلِكَ قَوَامًا﴾

*- «Алар кайыр-садага кылган чактарында ысырап да, сараңдык да кылышпайт. Дал ошол (сараңдык менен ысыраптын ортосунда) орточо – тең салмакта болот»,* [25:67]

дагы айтат:

﴿قُلْ مَنْ حَرَّمَ زِينَةَ اللَّهِ الَّتِي أَخْرَجَ لِعِبَادِهِ وَالطَّيِّبَاتِ مِنَ الرِّزْقِ﴾

*- «Айткын (эй Мухаммад): «Алла пенделери үчүн чыгарган кооздук (кийимдерди) жана адал-таза ырыскыларды ким арам кылды?!».* [7:32]

Пайгамбар ﷺ:

«إِنَّ اللّٰهَ يُحِبُّ أَنْ يَرَى أَثَرَ نِعْمَتِهِ عَلَى عَبْدِهِ»

**«Алла өз неъматынын белгиси пендесинин үстүндө көрүнүп турушун каалайт»,** - деген. Термизий рыбаяты. Хаким Валид Абул-Ахвасдан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«إِذَا آتَاكَ اللَّهُ مَالًا، فَلْيُرَ أَثَرُ نِعْمَةِ اللَّهِ وَكَرَامَتِهِ»

**«Эгер Алла сага мал берген болсо, Алла неъматынын жана берешендигинин белгиси үстүңдөн көрүнүп турсун»,** - деген. Кишинин малы боло туруп, өзүнө сарптоого сараңдык кылса, ал Алланын алдында күнөөкөр болот. Карамагындагыларга

сараңдык кылса, Алланын алдында күнөөкөр болуудан тышкары, орточо турмуш менен камсыздай турган даражада сарпташына мамлекет тарабынан да мажбур кылынат. Алла Таала айтат:

﴿لِيُنفِقْ ذُو سَعَةٍ مِنْ سَعَتِهِ﴾

*– «Байлык ээси байлыгынан сарптасын»,* [65:7]

дагы айтат:

﴿أَسْكِنُوهُنَّ مِنْ حَيْثُ سَكَنتُمْ مِنْ وُجْدِكُمْ وَلاَ تُضَارُّوهُنَّ لِتُضَيِّقُوا عَلَيْهِنَّ وَإِنْ كُنَّ أُولاَتِ حَمْلٍ فَأَنْفِقُوا عَلَيْهِنَّ﴾

*– «Аларга (т.а. талак кылынып, идда сактап жаткан аялдарыңарга) өзүңөрдүн турак-жайыңардан – кудуретиңер жеткен жайдан турак бергиле жана аларды (турган жайларынан) кысып чыгаруу үчүн аларга зыян жеткирбегиле».* [65:6]

Кимде-ким карамагындагыларга сараңдык, бакылдык кылса, алар анын малынан өздөрүнө жетиштүү өлчөмүн жакшылык менен алышы мүмкүн. Бухарий жана Ахмад Айша ﵂дан рыбаят кылат, Утбанын кызы Хинд:

«يَا رَسُولَ اللهِ إِنَّ أَبَا سُفْيَانَ رَجُلٌ شَحِيحٌ، وَلَيْسَ يُعْطِينِى مَا يَكْفِينِى وَوَلَدِى إِلاَّ مَا أَخَذْتُ مِنْهُ وَهُوَ لاَ يَعْلَمُ، فَقَالَ: خُذِى مَا يَكْفِيكَ وَوَلَدَكَ بِالْمَعْرُوفِ»

**«Я Расулулла, Абу Суфён сараң адам, ага билдирбестен малынан албасам, өзүнүн бергени мага жана балама жетпейт», - деди. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Өзүңө жана балаңа жетерлик өлчөмдө ала бер», - деди».** Бул хадисте Пайгамбар ﷺ Хиндге эри бербей турган болсо, ага билдирбестен алууга да укук берип жатат. Себеби, бул иш эринин үстүндөгү парз. Мындай абалдарда казы да ушундай иш тутушу лазым. Нафака мойнуна жүктөлгөн адамга канчалык важып болсо, нафаканы кабыл кылып алган адамга да аны өз жайына иштетүү ушунчалык важып. Мисалы, балдарга сарпталышы үчүн аларды тарбиялап жаткан энеге, чоң энеге же башкага нафака тапшырылса, алардын нафаканы өз жайына т.а. балдарга сарптоолору лазым. Ушундай кылышпаса, казы тарабынан мажбурланышат.

**Жакырлык**

Жакырлык (факир) сөзүнүн сөздүктүк мааниси – муктаждык. Ал байлык сөзүнүн тескериси. Адамдын жетиштүү нерсеси болбошу, муктаждыгы – жакырлык. Шариятта жакыр – тиленбей турган, абалы начар муктаж адам. Мужахид **«жакыр – тиленбей турган адам»** дейт. Жобир ибн Зайд да кудум ушундай т.а. **«жакыр – тиленбей турган адам»** дейт. Икрима **«жакыр – бул ажыз»** дейт. Алла Таала айтат:

﴿رَبِّ إِنِّي لِمَا أَنزَلْتَ إِلَيَّ مِنْ خَيْرٍ فَقِيرٌ﴾

*– «Роббим, мен Өзүң мен үчүн эмне жакшылык (ырыскы) түшүрсөң, ошого факир-муктажмын»,* [28:24]

т.а. жакшылыктардан мага эмнени түшүргөн болсоң, аз болобу, көп болобу, ага муктажмын. Алла Таала айтат:

﴿وَأَطْعِمُوا الْبَائِسَ الْفَقِيرَ﴾

*– «Бечара, жакырларга да жедиргиле»,* [22:28]

т.а. балекетке учураган бактысызга жана жокчулуктан айласы куруган жакырга тамак бергиле. Аят жана асарлардын баары жакырлык муктаждык экендигине далалат кылып жатат. Анын тафсилаты муктаждык сөзүнүн маанисинен келип чыгат.

Капиталисттик экономикалык түзүмдө «жакырлык өзгөрбөс, анык бир нерсенин атамасы эмес, салыштырмалуу нерсе» деп этибар кылышат. Ага «товар жана кызматтарга болгон муктаждыктарды кандыра албоо» деп аныктама беришет. Муктаждыктар болсо, маданият өнүккөн сайын өсүп, өнүгүп бара берет. Натыйжада, муктаждыктарды кандыруу адамдар жана үммөттөргө карай ар түрдүү болуп калат. Калак үммөттөр керектүү товар жана кызматтарга болгон муктаждыктарын кандыруу менен чектелишсе, маддий жактан өркүндөгөн, өнүккөн, маданийлешкен үммөттөрдүн муктаждыктары көп болот. Аларды кандыруу үчүн көп товар жана кызматтар керек болот. Ушуга караганда, алардагы жакырдык калак диярдагылардан башкача эсептелет. Мисалы, камалий муктаждыктарды кандырбоо Европа жана Америкада жакырдык эсептелсе, Египет жана Иракта жакырдык эсептелбейт. Капиталистик экономикалык түзүмдөгү бул көз караш ката. Себеби, ал нерсенин маанисин акыйкаттуулуктан салыштырмалуулукка айлантып жиберет. Мындай кылуу ката. Анткени, нерсе өз вокыйсына ээ болот жана вокыйы менен аныктама берилет. Ал өз вокыйсына ээ болбогон салыштырмалуу нерсе эмес. Кала берсе, ырас, шарият шахс катарындагы эмес, адам катарындагы адамга келген соң, анын түзүмү адамдарга карай ар түрдүү болбойт. Испания жана Ямандагы мамлекеттин жакырлыкка карата көз карашы бири-биринен айырмалуу болушу мүмкүн эмес. Себеби, алардын баары тең адам болуп, алардын проблемалары үчүн чечим иштеп чыгылган.

Ислам кайсы дияр, кайсы муунда болушуна карабастан, жакырлыкка бир этибар менен карайт т.а. аны «негизги муктаждыктарын толук кандыра албоо» деп эсептейт. Шарият негизги муктаждыктарды үч нерсе менен т.а. азык, кийим жана жай менен белгилейт. Алла Таала айтат:

﴿وَعَلَى الْمَوْلُودِ لَهُ رِزْقُهُنَّ وَكِسْوَتُهُنَّ بِالْمَعْرُوفِ لا تُكَلَّفُ نَفْسٌ إِلاَّ وُسْعَهَا لا تُضَارَّ وَالِدَةٌ بِوَلَدِهَا وَلا مَوْلُودٌ لَهُ بِوَلَدِهِ وَعَلَى الْوَارِثِ مِثْلُ ذَلِكَ﴾

*- «Аларды (энелерди) жакшылык менен кийиндирип-ичиндирүү атанын милдети. Эч кимге чамасы жеткенден тышкары нерсе жүктөлбөйт. Балдары себептүү ата да, эне да зыян тартпасын. Мураскордун үстүндө да дал ушундай (милдет) бар»,* [2:233]

дагы айтат:

﴿أَسْكِنُوهُنَّ مِنْ حَيْثُ سَكَنتُمْ مِنْ وُجْدِكُمْ﴾

*- «Аларга (т.а. талак кылынып, идда сактап жаткан аялдарыңарга) өзүңөрдүн турак-жайыңардан – кудуретиңер жеткен жайдан турак бергиле»,* [65:6]

Ибн Можа Абул-Ахвасдан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«أَلاَ وَحَقُّهُنَّ عَلَيْكُمْ أَنْ تُحْسِنُوا إِلَيْهِنَّ فِي كِسْوَتِهِنَّ وَطَعَامِهِنَّ»

**«Билип койгула, жакшылап кийиндирип, жедиришиңер – алардын үстүңөрдөгү акысы»,** - деген. Ушулардан көрүнүп тургандай, кандырылбоо жакырлык эсептеле турган негизги муктаждыктар: азык, кийим жана жай. Калгандары камалий муктаждыктар эсептелет. Камалий муктаждыктарын кандыра албаган адам жакыр делбейт. Себеби, жакырлыктын Исламий мааниси: үммөттүн артта калуусуна жана кыйроосуна себеп боло турган иштерден эсептелүүчү негизги муктаждыктардын кандырылбоосу. Ислам аны шайтандын убадасы деп белгиледи. Алла Таала айтат:

﴿الشَّيْطَانُ يَعِدُكُمُ الْفَقْرَ﴾

*– «Шайтан силерди (эгер кайыр-садага кылсаңар) жакыр болуп калууңар менен коркутат».* [2:268]

Ислам жакырлыкты заифтик деп этибар кылып, жакырларга ырайымдуулук кылууга буюрду. Алла Таала айтат:

﴿إِنْ تُبْدُوا الصَّدَقَاتِ فَنِعِمَّا هِيَ وَإِنْ تُخْفُوهَا وَتُؤْتُوهَا الْفُقَرَاءَ فَهُوَ خَيْرٌ لَكُمْ﴾

*– «Эгер кайыр-садагаларды ашкере түрдө берсеңер, абдан жакшы. Эгер жашыруун кылып жакырларга берсеңер – ал өзүңөр үчүн дагы да жакшыраак»,* [2:271]

дагы айтат:

﴿وَأَطْعِمُوا الْبَائِسَ الْفَقِيرَ﴾

*- «Бечара, жакырларга да жедиргиле».* [22:28]

Ислам ажыздардын негизги муктаждыктары кандырылышын парз кылып белгиледи. Эгер адам өзү тапса – жакшы. Малы же

мүмкүнчүлүгү жоктугу себептүү таба албаса, шарият боюнча башкалардын ага жардам бериши лазым болот. Муну менен, ал да негизги муктаждыктарын толук кандыра алсын. Шарият бул нерселерде адамга кандай жардам берүүнү тафсилаты менен айтып өткөн. Аларды мураскор туугандарына важып кылган. Алла Таала айтат:

﴿وَعَلَى الْمَوْلُودِ لَهُ رِزْقُهُنَّ وَكِسْوَتُهُنَّ بِالْمَعْرُوفِ لا تُكَلَّفُ نَفْسٌ إِلاَّ وُسْعَهَا لا تُضَارَّ وَالِدَةٌ بِوَلَدِهَا وَلا مَوْلُودٌ لَهُ بِوَلَدِهِ وَعَلَى الْوَارِثِ مِثْلُ ذَلِكَ﴾

*- «Аларды (энелерди) жакшылык менен кийиндирип-ичиндирүү атанын милдети. Эч кимге чамасы жеткенден тышкары нерсе жүктөлбөйт. Балдары себептүү ата да, эне да зыян тартпасын. Мураскордун үстүндө да дал ушундай (милдет) бар»,* [2:233]

т.а. мураскор да жедирип кийиндирүүдө ата сыяктуу. Бул жердеги мураскордон мурат амалда мураскор болуп жаткан адам эмес, балким, мураска акылуу болгон адамдар. Эгер мындай туугандары болбосо, анын нафакасы байтулмалдын мойнуна түшөт т.а. байтулмал ага зекеттерден ажыратып берет. Абу Хурайра рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«مَنْ تَرَكَ مَالاً فَلِوَرَثَتِهِ، وَمَنْ تَرَكَ كَلاًّ فَإِلَيْنَا»

**«Ким мал калтырып кеткен болсо – мураскорлоруна, ким кароосуз муктаждарды калтырса – биздин мойнубузга»,** - деди. Муслим рыбаяты. Кароосуздан мурат – баласы да атасы да болбогон ажыз адам. Алла Таала айтат:

﴿إِنَّمَا الصَّدَقَاتُ لِلْفُقَرَاءِ وَالْمَسَاكِينِ﴾

*- «Албетте, садагалар факир жана мискиндерге (жакыр жана бечара-кедейлерге)...».* [9:60]

Байтулмалдын зекет бөлүгү жакыр жана мискиндердин муктаждыктарын кандырууга жетиштүү болбосо, башка бөлүктөрүнөн да алуу важып болот. Эгер байтулмалда жакыр жана мискиндерге бериле турган мал болбосо, мамлекеттин байларга салык салышы лазым. Себеби, нафака эң оболу туугандарга, алар болбосо, зекет малдарына, алар да табылбаса, байтулмалга, андан да табылбаса, бардык мусулмандарга парз. Ахмад рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«أَيُّمَا أَهْلُ عُرْصَةٍ, أَصْبَحَ فِيهِمْ أُمْرُؤٌ جَائِعٌ، فَقَدْ بَرِئَتْ مِنْهُمْ ذِمَّةُ اللهِ تَبَارَكَ وَتَعَالَى»

**«Кайсы бир мааледе курсагы ач адам таң аттырса, Алла Табарока ва Тааланын коргоосу алардан көтөрүлөт».** Пайгамбар ﷺ Роббисинен рыбаят кылат:

«مَا آمَنَ مَنْ بَاتَ شَبْعَانَ، وَجَارُهُ جَائِعٌ إِلَى جَنْبِهِ وَهُوَ يَعْلَمُ بِهِ»

**«Коңшусунун ачтыгын биле туруп, ток абалында таң аттырган адам Мага ыйман келтирбептир».** Бул хадисти Баззор Анастан рыбаят кылган. Алла Таала айтат:

﴿وَفِي أَمْوَالِهِمْ حَقٌّ لِلسَّائِلِ وَالْمَحْرُومِ﴾

*- «Алардын мал-мүлктөрүндө суранууучу жана (мал-дөөлөттөн) ажыраган-муктаж кишилер үчүн (ажыратылган) акы-үлүш болор эле».* [51:19]

Пайгамбар ﷺдын ансарларга жакыр мухажирлерди багууну буюрушу да бул иштин бардык мусулмандарга парз экендигин көрсөтөт. Бардык мусулмандарга парз дегени – халифанын мойнундагы парз дегени, себеби, үммөттү ал башкарат. Бул парзды өтөө үчүн мусулмандардан мал жыюу лазым. Мына ошондо ал мусулмандардын мойнунан байтулмалдын мойнуна өтөт да, факир жана мискиндерге тамак берүү менен байтулмал аны өтөйт.

Кыскасы, кайсы бир мискин жана факир нафакасын өзү табууга мажбур кылынгандан кийин, таба алса таба алды, таба албаса, бул ишке мураскор туугандары мажбур кылынат. Туугандары да таба албаса же алар болбосо, бул милдет байтулмалдын зекет бөлүмүнө, ал да таба албаса, байтулмалдын өзүнө жүктөлөт, анда да табылбаса, бардык мусулмандардын мойнундагы парзга айланат.

Эми жакыр жана мискиндин нафакасы кандай туугандарга важып болушуна токтолобуз. Ал бай туугандарга важып. Кимден садака (зекет) талап кылынса, ал бай эсептелет. Кимде-ким садака (зекет) берүүдөн кайтарылса, демек, ал бай эмес. Бухарий Саид ибн Мусайябдан, ал Абу Хурайрадан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«خَيْرُ الصَّدَقَةِ مَا كَانَ عَنْ ظَهْرِ غِنًى»

**«Садаканын жакшысы бейкажеттик артынан кылынганы»,** - деген. Бейкажеттик дегени – адамдын өз муктаждыктарын кандырышы үчүн жетиштүү малы болушу. Факихтер айтышат: **«Бейкажеттик кишинин өз үй-бүлөсү менен тоюп бир кыл тамак жеши, бир кыл кийиниши, бир кыл жерде турушу, бир кыл улоо жана бир кыл көрүнүшкө ээ болушу».** Бейкажеттиктин сөздүктүк мааниси да ушуга туура келет. Сөздүктө кишинин бай болушу жетиштүү камсыздалышын билдирет. Ушуга ылайык, нафака мискин-факирдин эмес, байдын мойнуна важып. Алла Таала айтат:

﴿لِيُنفِقْ ذُو سَعَةٍ مِنْ سَعَتِهِ وَمَنْ قُدِرَ عَلَيْهِ رِزْقُهُ فَلْيُنفِقْ مِمَّا آتَاهُ اللَّهُ﴾

*- «Бай-дөөлөттүү киши өз байлыгынан нафака берсин. Кимдин ырыскысы кысылган (жакыр) болсо, ал убакта (бай адам) Алла өзүнө берген нерседен (т.а. абалына жараша) нафака берсин».*

Муслим Жобирден рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«ابْدَأْ بِنَفْسِكَ فَتَصَدَّقْ عَلَيْهَا، فَإِنْ فَضَلَ شَيْءٌ فَلِأَهْلِكَ، فَإِنْ فَضَلَ عَنْ أَهْلِكَ شَيْءٌ فَلِذِي قَرَابَتِكَ، فَإِنْ فَضَلَ عَنْ ذِي قَرَابَتِكَ شَيْءٌ فَهَكَذَا وَهَكَذَا، يَقُولُ فَبَيْنَ يَدَيْكَ، وَعَنْ يَمِينِكَ، وَعَنْ شِمَالِكَ»

**«Садака кылууну өзүңдөн башта, артып калса, үй-бүлөңө, үй-бүлөңдөн да артса туугандарыңа, туугандарыңдан да ашса ушул катары кол астыңдагыларга, оң тарабыңдагыларга, сол тарабыңдагыларга бергин».** Адамдын өзүнө сарпташы – керектүү муктаждыктарын кандырышы. Алар болсо, негизги муктаждыктарынан гана турган эмес. Себеби, шарият ага аялын да абалына карап, үрпкө карап камсыздоону важып кылган. Алла Таала айтат:

﴿رِزْقُهُنَّ وَكِسْوَتُهُنَّ بِالْمَعْرُوفِ﴾

*– «Энелерди жакшылык менен кийдирип-ичиндирүү»,*

өзүнө сарпташы да жетиштүү өлчөмдө эмес, үрпкө карап болот. Пайгамбар ﷺ Абу Суфяндын аялы Хиндге:

«خُذِى مَا يَكْفِيكَ وَوَلَدَكَ بِالْمَعْرُوفِ»

**«Өзүңө жана балаңа жете турганын жакшылык менен (үрпкө карап) ал»,** - деди. Бухарий жана Ахмад рыбаяты. Ал киши **«Өзүңө жете турганын»** деп коё калбады, балким **«жакшылык менен (үрпкө карап)»,** деген сөздү да кошуп койду. Мындай кылышы «жете турган» сөзүнөн Хинд менен баласынын абалдары жана алар сыяктууларга карата үрптө белгиленген өлчөмдү назарда тутуп жатканын көрсөтөт. Демек, мойнуна нафака важып болуп жаткан адамдын бейкажеттиги негизги муктаждыктарына гана эмес, адамдар ортосундагы үрптө болуп жаткан муктаждыктарына да жетиштүү малынын болушу менен белгиленет. Бул иш белгилүү бир өлчөм менен белгиленбейт. Ал адамга жана адамдын жашоо даражасына карай коюлат. Айрым факихтер артканы бейкажеттик эсептеле турган муктаждыктарды беш нерсе деп белгилешкен. Алар: азык, кийим, жай, үйлөнүү жана улоо. Бирок, буга анык хужжат варид болбогон. Үрпкө карап алына берет. Ушуга караганда, бейкажеттик үрптөгү муктаждыктарын

кандыруудан ашыкчасы менен белгиленет. Кимдин малы ушул муктаждыктардан артса, жакыр жана мискиндин нафакасы ага важып. Артпаса, важып эмес. Тыянак ушул, нафакасы важыпка айлана турган жакыр – негизги муктаждыктарын кандыра албаган адам. Т.а. азыкка, кийимге жана жайга муктаж болгон кишилер. Нафака берүүнүн важыптыгы мойнуна түшө турган, бардык мусулман катары малиявий милдеттенме мойнуна жүктөлө турган бай болсо, негизги мутаждыктары эмес, үрптөгү муктаждыктарын кандыруудан ашыкча мүлккө ээ болгон киши. Үрптөгү муктаждык өзүнүн жана өзү сыяктуу адамдардын абалына карап белгиленет.

## УМУМИЙ МҮЛК

Умумий мүлк Шореъ жамаатка биргеликте пайдаланууга уруксат берген мүлк. Умумий мүлк деп белгиленген нерселер Шореъ «жамааттыкы» деп дайындаган, адамдын жалгыз өзү ээлик кылышына тыюу салган нерселер. Алар үч түрдүү:

1. Жамаат зарылчылыктарынан эсептелген нерселер. Алар ушундай нерселер болуп, эгер бирер шаар же жамаатка жетишпей калса, адамдар аларды издеп, ар тарапка таркап кетишет.

2. Түгөнбөй турган кендер.

3. Жалгыз адамдын өзүнүкү кылып алышы табият жагынан мүмкүн болбогон нерселер.

Адамдардын зарылчылыгы эсептелген ар бир нерсе жамаат зарылчылыгы болуп саналат. Пайгамбар ﷺ аларды саны эмес, сыпаты жагынан баян кылган. Ибн Аббас рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«اَلْمُسْلِمُونَ شُرَكَاءُ فِى ثَلاَثٍ فِى الْمَاءِ وَالْكَلَإِ وَالنَّارِ»

**«Мусулмандар үч нерседе: суу, чөп жана отто шерик болушат»,** - деген. Бул хадисти Анас да ибн Аббастан рыбаят кылып, **«анын акчасы арам»** деген сөздү да кошкон. Ибн Можа Абу Хурайрадан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«ثَلاَثٌ لاَ يُمْنَعْنَ: اَلْمَاءُ وَالْكَلَأُ وَالنَّارُ»

**«Үч нерседен: суу, чөп жана оттон (пайдалануудан) тыйылбайт»,** - деген. Бул хадистер адамдардын суу, чөп жана отто шерик экендерине, адамдын жалгыз өзү аларга ээлик кылышы мүмкүн эместигине далил. Ушуну да айтып өтүү лазым, эгер карап көрсөк, хадисте айтылган «үч нерсе» исми жомид болуп, алар хадиске иллет болуп келбеген. Бул хадистен ушул үчөөсүнүн муктаж болуна турган керектүү нерсе деген сыпаты эмес, балким, үчөөсүнүн өзү жалпы мүлк болот деген ойго барылат. Бирок, маселеге тереңирээк жандашылса, **«Пайгамбар ﷺ Таиф жана Хайбарда адамдарга сууга ээлик кылууга уруксат берди**

**жана алар өз эгиндери жана бактарын сугаруу үчүн чындыгында ссуга мүлкдар болушту».** Эгер суудагы муштарак (ортоктош) ээликтик ага муктаж болуу жагынан эмес, суу экендиги үчүн гана болгонунда Пайгамбар ﷺ адамдарга ссуга ээлик кылууга уруксат бербеген болор эле. Пайгамбар ﷺдын:

«اَلْمُسْلِمُونَ شُرَكَاءُ فِى ثَلاَثٍ فِى الْمَاءِ»

**«Мусулмандар үч нерседе: ссуда... шерик»,** дешинен жана ошол эле учурда, ссуга ээлик кылууга уруксат беришинен суу, чөп жана оттогу шериктиктин иллетин т.а. алардын бардык муктаж боло турган жамаат зарылчылыктары экени истинбат кылынат. Ушуга караганда, хадис бул үч нерсени зикир кылып жатат, бирок, бул үчөөсү – жамаат зарылчылыктарынан болгондугу үчүн – иллеттенип келип жатат. Ушуга караганда, бул иллет бар-жоктукта иллеттенген нерсе менен бирге жүрөт т.а. кайсы бир нерсенин жамаат зарылчылыктарынан экендиги аныкталса, ал суу, чөп, от болушу же болбошунан, хадисте айтылгандыгы же айтылбаганына карабастан, умумий мүлк эсептеле берет. Тескерисинче, жамаат зарылчылыктарынан экендиги касиетин жоготсо, суу сыяктуу хадисте айтылган нерсе болсо да, умумий мүлк эсептелбейт. Жеке мүлк болушуна да уруксат кылына турган нерсеге айланат. Нерсенин жамаат зарылчылыктарынан эсептелиши – жетишпей калганында кыштак, шаар же мамлекетте болууларына карабастан, адамдардын аны издеп ар тарапка таркалып кетүүлөрү менен белгиленет. Суу булактары, бадалзарлар жана жайлоолор ушулар катарынан.

Кендер эки бөлүктөн турат: биринчи бөлүгүнө адамга карата чоң өлчөм эсептелбей турган көлөм менен чектелген кендер кирсе, экинчисине өлчөмү чектелбеген кендер кирет. Өлчөмү чектелген кендер шахсий мүлктөр болот, аларга жалгыз адам ээлик кылышы мүмкүн. Риказга (алтын жана күмүш рудасына) мамиле кандай болсо, аларга да ошондой болот т.а. бештен бири алынат. Амр ибн Шуъайб атасынан, ал чоң атасынан рывайат кылышынча, Пайгамбар ﷺдан жоголгон нерсе туурасында сурашканда:

«مَا كَانَ مِنْهَا فِى طَرِيقِ الْمِيثَاءِ (أىّ الطّريق المسلوكة) أَوْ الْقَرْيَةِ الْجَامِعَةِ، فَعَرِّفْهَا سَنَةً، فَإِنْ جَاءَ طَالِبُهَا، فَادْفَعْهَا إِلَيْهِ وَإِنْ لَمْ يَأْتِ فَهِىَ لَكَ، وَمَا كَانَ فِى الْخَرَابِ، يَعْنِى فَفِيهَا وَفِى الرِّكَازِ الْخُمُسُ»

**«Жолоочулар жүрө турган жолдон, же адамдар күү-жам кыштактан алган болсоң, бир жыл жарыя кыл. Талапкери келсе, тапшыр, келбесе, ошол нерсе сеники. Кароосуз жерден алган болсоң, андан кудум кен сыяктуу бештен**

**бирин бересиң»,** деп жооп берди. Бул хадисти Абу Давуд рыбаят кылган.

Өлчөмү чектелбеген, бүтпөй турган кен умумий мүлк эсептелип, шахсий мүлк болушу мүмкүн эмес. Термизий Абяз ибн Хаммалдан рыбаят кылат:

«أَنَّهُ وَفَدَ إِلَى رَسُولِ اللهِ ﷺ، فَاسْتَقْطَعَهُ الْمِلْحَ فَقَطَعَ لَهُ، فَلَمَّا أَنْ وَلَّى، قَالَ رَجُلٌ مِنَ الْمَجْلِسِ: أَتَدْرِى مَا قَطَعْتَ لَهُ؟ إِنَّمَا قَطَعْتَ لَهُ الْمَاءَ الْعِدَّ، قَالَ: فَانْتَزَعَهُ مِنْهُ»

**«Ал Пайгамбар ﷺдын алдына өкүл болуп келгенде, ал кишиден туз (кенин) бөлүп беришин сурады. Пайгамбар ﷺ бөлүп берди. Ал кайтып кеткенден кийин, отургандардын бири: «Эмнени бөлүп бергениңизди билесизби, сиз агын сууну бөлүп бердиңиз го», - деди. Ошондо Пайгамбар ﷺ андан кайтарып алды».** Туз түгөнбөгөндүгү себептүү агын сууга окшотулуп жатат. Пайгамбар ﷺдын Абяз ибн Хаммалга туз тоосун бөлүп бергени аны бөлүп берүү жайыздыгын көрсөтөт. Анын түгөнбөс кендигин билгенден кийин кайтарып алышы болсо, түгөнбөй турган кендин жамаат мүлкү экенин, жеке менчик мүлк болушу мүмкүн эместигин түшүндүрөт. Бул жерде «туз» сөзүнөн туздун өзү эмес, жалпы эле кен (маъдан) түшүнүлөт. Себеби, анын түгөнбөшүн билгенден кийин (туздугун мурунтан эле билген) кайтарып алды. Демек, тыюуга анын түгөнбөс кендиги себеп болуп жатат. Абу Убайда айтат: «**Пайгамбар ﷺдын Абяз ибн Хаммал Маърабийге Маърабдагы тузду бөлүп бериши, кийин болсо кайтарып алышынын себеби мындай: Абязга өлүк жерлерди тирилтип, абад кылуу үчүн бөлүп берген эле. Пайгамбар ﷺга ал жердин агын суулугу т.а. кудум кудук жана булак суусундай, бүтпөс-түгөнбөс кендиги белгилүү болгондон кийин, андан кайтарып алды. Анткени, Пайгамбар ﷺдын сүннөтү – чөп, от жана суу жаатында адамдардын тең шериктиги эле. Ошондуктан, аны жалгыз бир кишинин мүлкүнө айлантууну жактырбады».** Туз кендердин бири болгону үчүн, демек Расул ﷺдын аны Абязга бөлүп берип, кийин кайра кайтарып алышы анын шахсий мүлк болбошуна иллет эсептелет. Пайгамбарыбыз түгөнбөс туз болгондугу үчүн эмес, түгөнбөс кен болгондугу үчүн кайтарып алды. Ушул хадистен көрүнүп тургандай, туз кенин бөлүп берүү мүмкүн эместигинин иллети анын түгөнбөөсү. Амр ибн Кайстын рыбаяты т.а. **«туз кени»** деп сүйлөшү туздун кен экендигин түшүндүрүп жатат. Факихтердин сөздөрүнө назар ташталса да, алардын тузду кен деп эсептөөлөрү маалым болот. Демек, хадис туздун өзүнө эмес, бүтүндөй кенге алакадар.

Абу Давуд рыбаятындагы Пайгамбар ﷺдын Билал ибн Харис Музанийге уруусуна караштуу кендерди бөлүп бериши о.э. Абу Убайданын малдары туурасында Абу Икримадан кылган рыбаятындагы:

«أَقْطَعَ رَسُولُ اللهِ ﷺ بِلاَلاً أَرْضً كَذَا، مِنْ مَكَانٍ كَذَا إِلَى كَذَا، وَمَا كَانَ فِيهَا مِنْ جَبَلٍ أَوْ مَعْدِنٍ»

**«Пайгамбар ﷺ Билалга балан жерди балан жерине чейин тоосу-кенине кошуп бөлүп берди»,** деген сөз Абяздын хадисине тескери эмес, балким, Пайгамбар ﷺдын Билалга бөлүп берген кендери чектелген болуп, мындан аларды кудум Пайгамбарыбыз Абязга туз кенин бөлүп бергени сыяктуу бөлүп берүүнүн жайыздыгы келип чыгат, бирок, кендерди бүтүндөй бөлүп берсе боло берет деген маани чыкпайт. Себеби, анда бул маани Пайгамбар ﷺдын туз кенинин түгөнбөшүн билгенинен кийин кайтарып алганына тескери болуп калат. Ушуга караганда, Пайгамбар ﷺ бөлүп берген кендер түгөнө турган, чектелген экендиги белгилүү болот.

Бул өкүм т.а. түгөнбөй турган кендин умумий мүлктүгү бардык кендерди өз ичине алат. Алар туз, сурма, жакут сыяктуу машакатсыз жетишиле турган зохирий кендер болобу, алтын, күмүш, темир, жез, коргошун сыяктуу машакат менен жетишиле турган ботиний кендер болобу, виллур сыяктуу коюу болобу, нефть сыяктуу суюк болобу – баары тең хадисте назарда тутулган кендер.

Табиятынан адамдын жеке менчик мүлкү болушу мүмкүн болбогон нерселер жалпы кызыкчыктарды өз ичине алган мүлктөр болуп саналат. Алар жамаат заарылчылыктарынан эсептелгендиктери себептүү биринчи бөлүккө киришсе да, табияты жагынан жеке менчик мүлк болушу мүмкүн эместиги жагынан андан айырмаланат. Биринчи бөлүктөгү нерселер болсо, мисалы, суу жеке менчик мүлк болушу мүмкүн. Бирок, жамаат зарылчылыгы болгондугу үчүн гана жеке менчик болушуна тыюу салынып жатат. Жол болсо, андай эмес. Анын жеке менчик болушу таптакыр мүмкүн эмес. Ушуга караганда, бул бөлүктүн далили шаръий иллетке туура келиши т.а. жамаат зарылчылыктарынан экендиги болсо да, анын асл вокыйы умумий мүлк экендигине далалат кылат. Жол, дарыя, деңиз, көл, канал, булуң, кысык сыяктуулар ушул бөлүккө кирет. Мечиттер, мамлекет мектептери, дарыканалар, оюн майдандар жана башпааналар да аларга кошулат.

## МАМЛЕКЕТТИК МҮЛК

Ушундай малдар бар, аларга адамдын ээлик кылышы мүмкүн болгону себептүү умумий мүлккө эмес, жеке менчик мүлккө кирет,

ошол эле учурда, аларда мусулмандар оммасынын акысы да болот. Ушул этибар менен алар умумий мүлк да, жеке менчик мүлк да эмес, мамлекеттик мүлк эсептелет. Жер жана кыймылдуу нерсе сыяктуу. Мамлекет мүлкүндө мусулмандар оммасынын акысы болот. Аны тадбир менен иштетүү болсо, халифанын укугу. Бул мүлктүн белгилүү бир бөлүгүн каалаган адамына бериши мүмкүн. Тадбир менен иштетишинин мааниси ушул, халифа бул мүлк үстүнөн тасарруф жүргүзүү укугуна ээ болот, ушул мүлкчүлүк делет. Себеби, мүлкчүлүктүн мааниси – адамдын өзү ээлик кыла турган нерселер үстүнөн өкүмдарлык кылуусу. Демек, халифанын пикири жана ижтихадына карап тасарруф кылына турган ар бир мүлк мамлекеттик мүлк эсептелет. Шореъ белгилүү бир малдарды мамлекетке мүлк кылып берген. Аларды халифа өз пикири жана ижтихады менен тасарруф кылат. Олжо, хирож, жизя сыяктуулар ушулар катарынан. Себеби, шарият алардын сарптала турган жайын белгилебеген. Эгер белгилегенде жана халифанын райы жана ижтихадына калтырылбаганда, алар мамлекеттин эмес, шарият белгилеген жактын мүлкү болуп калар эле. Ушуга караганда, зекет мамлекеттик мүлк эсептелбейт. Себеби, шарият алар сарптала турган сегиз орунду белгилеп койгон. Байтулмал болсо, аларды өз жактарына сарташы үчүн запас кылып турула турган жайдан башка нерсе эмес.

Туура, умумий мүлктү да, мамлекеттик мүлктү да мамлекет идара кылып турат. Бирок, бул эки мүлктүн ортосунда айрыма бар. Умумий мүлктө жорий кылынган тадбир (көрүлгөн иш-чара) негизинде бардык адамдар бирдей пайдаланышса да, бирок, анын асл ээлигин мамлекет эч кимге бериши мүмкүн эмес. Мамлекет мүлкүн болсо, баарын белгилүү бир адамдарга берип, башкаларга бербөөсү жайыз. Калк кызыкчылыгы бербөөнү талап кылат деп билсе, мамлекет аны кээ бир адамдарга бербеши да мүмкүн. Мисалы, суу, туз, жайлоо жана көчөлөрдөн бардыгы бирдей пайдаланат. Аларды адамдарга берүү таптакыр жайыз эмес. Хирожду болсо, эгин эгүүлөрү үчүн дыйкандарга гана бериши, же эч кимге бербестен ага курал сатып алышы да мүмкүн. Жаран кызыкчылыгы үчүн кайсы иш макул көрүлсө, ошол иш кылынат.

## НАЦИОНАЛИЗАЦИЯ КЫЛЫНГАН (ЖАЛПЫ ЭЛДИК МҮЛККӨ АЙЛАНТЫЛГАН) МҮЛК УМУМИЙ МҮЛК ДА, МАМЛЕКЕТТИК МҮЛК ДА ЭМЕС

Национализациялаштыруу – капиталисттик түзүмдүн «жамачы салуулары»нын бир көрүнүшү. Ал кызыкчылык талабы менен жеке менчик мүлктү мамлекеттик мүлккө айлантуу болуп саналат. Бул ишти кылууга мамлекет мажбур эмес, ыктыярдуу. Кааласа

национализациялаштырат, каалабаса жок. Умумий мүлк жана мамлекеттик мүлктө болсо андай эмес. Алар туурасында мамлекеттин пикирине карабастан, малдын табияты жана сыпаты туурасындагы Исламий өкүмдөргө карап иш жүргүзүлөт. Малдын вокыйына назар ташталат. Эгер анда мусулмандар оммасынын акысы болсо, мамлекеттик мүлк эсептелип, мамлекеттин өзү ага ээлик кылышы важып болот. Эгер анда мусулмандар оммасынын акысы болбосо, жеке менчик мүлк эсептелип, мамлекеттин ага ээлик кылышы мүмкүн болбойт. Эгер ал жамаат зарылчылыгы, кен же табиятынан жеке менчик мүлк болушу мүмкүн болбогон мал болсо, умумий мүлк эсептелип, мамлекет аны жеке менчик мүлккө айландыра албайт. Эгер мал умумий мүлктүн бирер түрүнө кирбесе, жеке менчик мүлк эсептелип, ээсин мажбурлап аны национализациялаштыра албайт, ээлик да кыла албайт. Бирок, ээсинин өзү ыраазы болуп, башка бирер адамга сатканы сыяктуу мамлекетке сатышы мүмкүн. Ушуга караганда, мамлекет жалпы кызыкчылыкты хужжат кылып адамдын мүлкүн, ал тургай, акчасын берип да тартып ала албайт. Себеби, жеке менчик мүлк урматталат жана корукталат. Ага кол салууга эч кимдин, ал тургай, мамлекеттин да акысы жок. Ага кол салуу кылмыш эсептелип, эгер бул ишти халифа кылган болсо, ээсинин даттануулар мекемесине халифанын үстүнөн арызданууга акысы бар. Себеби, бирөөнүн колунан бирер нерсени акыйкатсыз тартып алууга халифанын акысы жок. О.э. мамлекет кызыкчылыкты шылтоо кылып умумий мүлктү же мамлекеттик мүлктү бир кишинин колуна тапшырып коюшу да мүмкүн эмес. Себеби, шарият умумий мүлктүн, жеке менчик мүлктүн, мамлекеттик мүлктүн эмнелигин баян кылар экен, бул малдардагы пайданы да белгилеп койгон.

Ушулардан көрүнүп тургандай, национализация кылынган мүлк умумий мүлк да, мамлекеттик мүлк да, шаръий өкүм да эмес. Ал капиталисттик түзүм «жамачы салуулары»нын бир көрүнүшү.

## КОРУК ЖАЛПЫ КЫЗЫКЧЫКТАН

Адамдар жалпы кызыкчылыктардан алар эмне максатта курулган болсо, алардан ошол максаттарда пайдалануулары мүмкүн. Мисалы, жолдон эс алуу же соода кылуу максатында пайдалануу мүмкүн эмес. Себеби, ал мындай максаттарда курулбаган. Жолоочуларга жолтоо бербей турган даражада пайдаланылса, эчтеке эмес. Дагы бир мисал, сугаруу үчүн пайдаланыла турган дарыядан кеме каттамы үчүн пайдалануу мүмкүн эмес. Экөөсү үчүн тең иштетиле турган Нил, Дажла, Ефрат сыяктуу дарыялардан эки максатта тең пайдаланыш мүмкүн.

О.э. жайлоо, мечит, деңиз сыяктуу жалпы кызыкчылыктарынын бир бөлүгүн коркуккана кылып алууга эч кимдин акысы жок. Пайгамбар ﷺ:

«لاَ حِمَى إِلاَّ لِلَّهِ وَلِرَسُولِهِ»

**«Корук кылууга Алла жана Расулунан башка эч кимдин акысы жок»,** - деген. Бул хадисти Абу Давуд Саъб ибн Жусомадан рыбаят кылган. Арабтарда корук түпкүлүгүндө мындай болгон: алардын бир башчысы түшүмдүү жерге түшөт да, бир итти бийик жерде үргүзөт. Анын үнү жетип барган жерди бардык тараптан оройт т.а. корук кылат. Кийин ал жерде башкалардын мал багышына жол койбойт. Өзү болсо, башкалардын жайларында да мал-келин бага берет. Корук «коруктала турган жай» дегени. Уруксат кылынганынын тескериси. Ислам келип умумий мүлктөрдүн белгилүү бир бөлүгүн корук кылып алууга тыюу салды. Хадистин мааниси: мусулмандардын умумий мүлкүнө алакадар нерсени корук кылып алууга Алла жана Расулунан башканын акысы жок дегени. Анткени, Алла жана Расулунун каалаган жайын корук кылып алууга акысы бар. Пайгамбар ﷺ айрым жайларды корук кылган. Ибн Умар рыбаят кылат:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ حَمَى النَّقِيعَ لِخَيْلِ الْمُسْلِمِينَ»

**«Пайгамбар ﷺ Накиъни мусулмандардын аттары үчүн коркуккана кылган»,** бул хадисти Абу Убайд «Амвал»да рыбаят кылган. Т.а. Пайгамбар ﷺ Накиъ аттуу жерди корук кылган. Ал жер суу топтоло турган, түшүмдүү жер болуп, Мадинадан жыйырма фарсах алыстыкта жайгашкан. Адамдардын ал жердеги өлүк жерлерди тирилтүүлөрүнө, жайлоолорду кеңейтип, мал-кел багууларына тыюу салынган. Себеби, ал жер Алланын жолунда казат кыла турган аттар үчүн корукка айлантылган. Пайгамбар ﷺдан кийин халифалар да айрым жерлерди корук кылышкан. Умар жана Усман умумий мүлктүн бир бөлүгүн корук кылган. Бул иш сахабалар арасында машхур болушуна карабастан, эч ким аны инкар кылбаган. Ушуга караганда, ал ижма. Омир ибн Убайдулла ибн Зубайр атасынан рыбаят кылат: **«Бир аъробий Умардын алдына келип: «Эй, амирул-муъминин, жахилиятта биз ушул дияр үчүн согуштук жана ушул заминде Исламга кирдик. Эмнеге негизделип аларды корук кыласыз?» - деди. Умар башын төмөн салып, мурутун бурап күрсүнө баштады.** (Ал качан бир нерсеге капа болгондо, мурутун бурап күрсүнөр эле) **Аъробий бул абалды көрүп туруп да сөзүн дагы кайталады. Ошондо Умар: «Мал – Алланын малы, пенделер да – Алланын пенделери. Аллага ант болсун, үстүмдө**

**Алланын жолунда кылына турган иштердин жоопкерчилиги болбогондо, бир карыш жерди да корук кылбас элем».** Муну Абу Убайд «Амвал»да рыбаят кылган.

Хадисте корук кылынышы тыйылган нерселер эки түрдүү: Биринчиси, ар бир адам иштетип түшүм алышы мүмкүн болгон өлүк жерлер. Экинчиси, Пайгамбар ﷺ адамдар ортосунда ортоктош мүлккө айлантылган суу, жайлоо, от сыяктуу нерселер. Мисалы, бир арыкты өзүнүкү кылып алып, өзүнүн эгинин сугарып, башкалардын эгиндерин сугарууга жол койбоого тыюу салынат. Ахмад Ияс ибн Абддан рыбаят кылат:

«لاَ تَبِيعُوا فَضْلَ الْمَاءِ، فَإِنَّ النَّبِيَّ ﷺ نَهَى عَنْ بَيْعِ الْمَاءِ»

**«Суунун артыкчасын сатпагыла. Себеби, Пайгамбар ﷺ сууну сатуудан кайтарган».** Хишам Хасандан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«مَنْ مَنَعَ فَضْلَ الْمَاءِ لِيَمْنَعَ بِهِ فَضْلَ الْكَلَإِ مَنَعَهُ اللَّهُ فَضْلَهُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ»

**«Кимде-ким бирөөнү артыкча чөптөн куру калтыруу максатында артыкча суудан махрум кылса, кыямат күнүндө Алла аны Өз фазлинен махрум кылат».** Бул хадисти Абу Убайд «Амвал»да рыбаят кылган. Ушулардан көрүнүп тургандай, мусулмандарга пайдасы бар деп билсе, өлүк жерди жана умумий мүлккө алакадар нерселерди эч кимге зыян кылбоосу шарты менен корукка айлантууга мамлекеттин акысы бар.

## ИШКАНАЛАР

Ишкана ишканалыгы жагынан жеке менчик мүлк. Пайгамбар ﷺдын заманында да адамдар бут кийим, кийим-кече, кылыч сыяктуу продукцияларды иштеп чыгаруучу ишканаларга ээ болушкан. Пайгамбар ﷺ аларга каршылык билдирбеген. Минбар жасап берүүлөрү үчүн ошолорго буюртма берген. Бул нерсе ишканалардын жеке менчик мүлк болушу мүмкүндүгүн көрсөтөт. Ишканалар үстүнөн иштеп чыгарылып жаткан продукцияларга карап өкүм чыгарылат. Мисалы, арак иштеп чыгаруучу ишканага ээ болуу мусулманга арам. Анткени, Алла Тааланын сыгып арак чыгаруучуну да, чыгартуучуну да наалаттаганы туурасында хадис варид болгон. Анда сыгуудан эмес, сыгып арак чыгаруудан кайтарылган. Сыгуунун өзү арам эмес. Сыгып арак чыгаруу арам. Арак ишканасынын арамдыгы, иштеп чыгарып жаткан продукциясына т.а. аракка карай болуп жатат. Демек, ишкана өзү иштеп чыгара турган продукциянын өкүмүн алат. Ушуга негизделип, кайсы бир ишкананын иштеп чыгарып жаткан продукциясы умумий мүлккө тиешелүү заттардан болбосо, ошол ишкана жеке менчик мүлк эсептелет. Кондитердик, токумачылык,

устачылык сыяктуу ишканалар ушулар катарынан. Эми эгер ишканалар умумий мүлккө тиешелүү продукцияларды иштеп чыгара турган болсо, алар умумий мүлк болуп калат. Түгөнбөй турган кендерди казып алуучу ишканалар ушулар катарынан. Кудум арак ишканасы арамдыкта арактын өкүмүн алганы сыяктуу, алтын, күмүш, темир, жез, нефть сыяктуу кендерди казып алуучу ишканалар да казып алып жаткан ошол кендер сыяктуу умумий мүлк өкүмүн алат. Мусулмандардан өкүл катары жана мусулмандар пайдасы үчүн кендерди казып алуу милдети мамлекеттин мойнуна жүктөлгөндүгү этибары менен алар мамлекеттик мүлк болушу мүмкүн. Темирди кесүү, балкалоо, машина иштеп чыгаруу сыяктуу жеке менчик мүлккө алакадар продукциялларды иштеп чыгара турган ишканалар жеке менчик мүлк болушу мүмкүн. Себеби, алар иштеп чыгарып жаткан продукция умумий мүлккө тиешелүү эмес. Кыскасы, умумий мүлккө тиешелүү материалдан продукция иштеп чыгара турган ишкана умумий мүлк болушу да, мамлекеттик мүлк болушу да мүмкүн. О.э. ошондой ишканалар мамлекет шахстардан ижарага ала турган жеке менчик мүлк болушу да мүмкүн. Кайсы бир ишкананын иштеп чыгарып жаткан продукциясы жеке менчик мүлккө тиешелүү болсо, ага шахстар да ээлик кылуулары жайыз. Анткени, ал жеке менчик мүлктүн түрүнөн.

## БАЙТУЛМАЛ

Байтулмал – мусулмандардын акысы болгон малдардын кирим-чыгымы менен алектенүүчү идара. Ушуга караганда, мусулмандар акысы болгон ар бир мал – бирер жак анын ээси кылып дайындалган тагдырда да, мусулмандардан ким ага ээ болушу дайын болбосо – байтулмалдын акысы болуп кала берет. Ошондуктан, эгер мал байтулмалда кармап турулса, ушул кармап турулушу себептүү мал байтулмал акысына кошулат. Мында малдын байтулмалга кириш же кирбешинде айырма жок. Себеби, байтулмал жай эмес, идара. Эми эгер өз ордуна сарпталса, байтулмалдын чыгымы эсептелет. Мында мал байтулмалдын өзүнөн чыктыбы же чыкпадыбы, мунун айырмасы жок. Себеби, мусулмандар валийлери жана амилдеринин ыктыярына өткөн же колдорунан чыккан мал – байтулмал кирими жана чыгымы өкүмүндө болот.

### Байтулмалдын кирімдери

Байтулмалдын ар дайымкы киримдери: олжо, ганимат, хирож, жизя, умумий мүлктүн бардык түрдөгү киримдери жана мамлекет мүлкүнөн түшкөн пайдалар, үшүрлөр, кендер, риказдын бештен бири жана зекет малдары. Болгону, зекеттер байтулмалдын өзгөчө казынасына коюлуп, Куранда зикир кылынган сегиз жайга гана сарпталат. Мамлекет иштери болобу, үммөттүн иштери болобу,

алардын ушул сегиз орундан башкасына сарпталышы мүмкүн эмес. Имам (халифа) өз райы жана ижтихады менен ушул сегиз жайдан каалаганына бериши мүмкүн. Алардан бирөөсүнө гана бериши да, баарына бериши да жайыз. Умумий мүлктөрдүн киримдери байтулмалдын өзгөчө казынасына жыйылып, башкаларынан ажыратып коюлат. Себеби, алар бардык мусулмандардын мүлкү. Халифа аларды өз райы жана ижтихады менен, шарият өкүмдөрүнө амал кылган абалда мусулмандардын пайдасына иштетет.

Байтулмалдын акыларынан эсептелүүчү башка малдар бири-бири менен аралаш коюлуп, мамлекет жана үммөт иштерине да, ушул сегиз орунга да, мамлекет лазым тапкан башка жайга да сарпталышы мүмкүн. Бул малдар жарандын муктаждыктарына жетсе жетти, жетпесе мамлекет өз мойнундагы милдетти өтөө үчүн мусулмандарга салык салат. Салык салуу шарият белгилеп берген түстө болот. Мусулмандардын мойнундагы парзды өтөө үчүн мамлекетке акча керек болсо, анын мусулмандарга салык салууга акысы болот. Майиттин карызын үзүп коюу сыяктуу мусулмандарга важып болбогон иштерде болсо мамлекеттин салык салууга акысы жок. Байтулмалда акча болсо, үзүп коёт, болбосо бул мажбурият мамлекет мойнунан сакыт болот. Төмөндөгү абалдарда мамлекеттин салык салууга акысы болот:

1. Байтулмалдын мойнундагы жакырлар, мискиндер жана мусапырлардын акысын берүү жана жихад парзын өтөө үчүн;

2. Амалдарларга маяна берүү, аскерлерди камсыздоо сыяктуу байтулмалдын мойнундагы важып каражаттарды бадал түсүндө каптоо үчүн;

3. Жолдор куруу, суулар чыгаруу, мечит-медреселер, ооруканалар салуу сыяктуу үммөт үчүн зарыл болгон, жок болсо үммөткө зыян жете турган иштер сыяктуу байтулмалдын мойнундагы чыгымдарды бадал түсүндө эмес, пайда жана мээримдүүлүк түсүндө каптоо үчүн;

4. Мусулмандардын үстүнө кокустан келип кала турган ачарчылык, топон, зилзала, душман чабуулу сыяктуу апааттарды жоюу сыяктуу байтулмалдын мойнуна зарылчылык түсүндө жүктөлгөн каражаттарды каптоо үчүн;

5. Жогорудагы төрт абалдын бири себептүү болобу, же алардан келип чыга турган бирер иш себептүү болобу, же жалпы эле шарият мусулмандарга важып кылган бирер абал себептүү болобу, айтор, бардык мусулмандарга важып болгон милдетти өтөө максатында алынган карыздарды төлөө үчүн да салык салынат.

Үшүр жыюучунун ахли харб жана ахли аҳддан жыйып алгандары, умумий мүлк, мамлекеттик мүлктөн келген о.э. мураскору жок кишилерден мурас болуп калган каражаттар да

байтулмалдын киримдери эсептелип, жарандардын пайдасы үчүн сарпталат. Байтулмалдагы каражаттар сарпталышы лазым болгон орундардан артып калса, каралат: Эгер ал олжодон келген болсо, адамдарга белек катары бөлүп берилет. Эгер ал жизя жана хиро承жон келген болсо, келеркиде жүз бериши мүмкүн болгон окуя үчүн алып коюлат. Бирок, мойнунда жизя жана хирож мажбурияты болгон адамдардан сакыт кылынбайт. Анткени, шаръий өкүмгө ылайык, жизя колдон алынат, хирож болсо көтөрүшүнө карап жерге салынат. Эгер ал зекеттен жыйылган болсо, тээ сарпташы керек болгон сегиз орундун бири табылганга чейин байтулмалда сакталып турат. Эгер артып калган каражат мусулмандардын мойнуна жүктөлүшү керек болгон төлөм мажбуриятынан болсо, алар бул мажбурияттан азат кылынышат.

## Байтулмалдын сарп-каражаттары

Байтулмалдын сарп-каражаттары төмөндөгү абалда алты негизде белгиленет:

1. Байтулмалда сакталып жаткан зекет акчаларынын акылууларга тийиши анын бар экендиги менен этибарлуу. Т.а. байтулмалда зекет акчасы болсо, аны Куранда айтылган сегиз орунга сарптоо лазым. Байтулмалда зекет акчасы болбосо, бул мажбурият андан сакыт кылынат. Башка акчалар зекет үчүн сарптала турган жайларга сарпталбайт, ал үчүн карыз да алынбайт.

2. Байтулмалдын жихад парзы өтөлүшү үчүн боло турган чыгымдары о.э. жакыр жана мискиндерге кылына турган сарп-каражаттары сыяктуу иштерде малдын бар-жоктугу этибарга алынбайт. Анткени, бул иштер байтулмалда каржы бар-жоктугуна карабастан, сарпталышы лазым болгон акылардан. Эгер мал бар болсо, дароо сарпталат. Жок болсо жана сарптын кечиктирилишинен зыян коркунучу болсо, мусулмандардан акча жыйылганга чейин мамлекет дароо карыз алат. Зыяндын коркунучу болбосо

﴿فَنَظِرَةٌ إِلَى مَيْسَرَةٍ﴾

**«Байыганча күтүү»** эрежеси колдонулуп, сарп мал жыйылганга чейин кечиктирилип турат. Жыйылгандан кийин акылууларга берилет.

3. Байтулмалдын бадал түсүндө төлөй турган каражаттары т.а. кошуунду камсыздоо, кызматчылар, казылар, мугалимдер сыяктууларга маяна берүү сыяктуу кызмат эвазына акча берүүдө каржы бар-жоктугунун этибары жок, алар мал бар болсо да, жок болсо да аткарылышы шарт болгон мажбуриятгар. Эгер мал бар болсо, дароо сарпталышы важып, жок болсо табуу мамлекеттин милдети. Сарптоонун кечиктирилишинен зыян коркунучу болсо,

мусулмандардан акча жыйылганга чейин мамлекет дароо карыз алат. Эгер зыян коркунучу болбосо, **«байыганга чейин күтүү»** эрежеси колдонулуп, сарптоо акчасы жыйылганга чейин кечиктирилет. Кийин акылууларга берилет.

4. Байтулмалдын бадалсыз пайда жана ыңгайлуулук жаратуу түсүндөгү сарп-каражаттары т.а. жол, суу, мечит-медресе, оорукана сыяктуу зарыл болгон, болбосо үммөт кыйналып кала турган, мукабылына каражат жыйып алынбай турган иштер үчүн кыла турган чыгымдарында малдын бар-жоктугу этибарга алынбайт. Алар мал болсо да, болбосо да аткарылышы шарт болгон мажбурияттар. Байтулмалда мал бар болсо, бул иштерге сарпталышы важып. Жок болсо, анын важыптыгы үммөттүн мойнуна түшөт. Т.а. алардын чыгымын каптоого жетиштүү мал үммөттөн жыйып алынат. Себеби, бул иште малдын бар-жоктугу этибарга алынбайт. Бар болсо сарпталышы важып, жок болсо анын парздыгы мусулмандардын мойнуна түшүп, алардан ушул ишке жетиштүү мал жыйып алынат. Жыйып алынгандан кийин анын важыптыгы дагы байтулмалдын мойнуна өтөт.

5. Байтулмалдын бадалсыз жана ыңгайлуулук жаратуу түсүндөгү сарп-каражаттары. Болгону, бул иштер кылынбай калса, үммөткө зыян жетпейт. Т.а. бир оорукана боло туруп, экинчи ооруkананы ачуу, бир жол адамдарга узактык кылгандыгы үчүн жаңы бир жол куруу сыяктуу болбошу үммөткө зыян кылбай турган иштерге кылына турган сарп-каражаттарда малдын бар экендиги этибарлуу. Байтулмалда мал болсо, бул иштерге сарптоо важып, болбосо анын важыптыгы байтулмалдан сакыт кылынат. Ал үчүн мусулмандардан акча жыйылбайт. Себеби, бул иш, негизинен, мусулмандардын мойнундагы милдет эмес.

6. Байтулмалдын капыстан мусулмандар үстүнө түшкөн ачарчылык, топон, зилзала сыяктуу окуяларга кыла турган сарп-каражаттарында малдын бар-жоктугу этибарга алынбайт. Алар мал бар болсо да, жок болсо да аткарылышы шарт болгон мажбурият. Эгер мал болсо, дароо сартоо важып. Болбосо анын парздыгы мусулмандардын мойнуна түшөт да, дароо мусулмандардан каражат жыйып алынып, сарптоо үчүн байтулмалга коюлушу лазым. Жыйып алганга чейин сарптоонун кечиктирилишинен зыян коркунучу туулса, мамлекет дароо карыз алып керектүү жайга ишетиши важып. Карыз кийинчерээк мусулмандардан жыйылган акча менен төлөнөт.

**Мамлекет бюджети**

Демократиялык мамлекеттер ар жылы мамлекеттин жалпы бюджетин белгилеп алышат. Демократиялык мамлекеттин бюджетинин вокыйы мындай, бюджет «балан жыл бюджети» деген

наам менен чыгарылат. Парламент аны тастыктайт, талкуудан кийин мыйзам кабыл алынат. Талкууда бюджеттин бөлүмдөрү жана ар бир бөлүм өз ичине алган каражаттар ар бири өзүнчө көрүп чыгылат. Ар бир бөлүм ажыралгыс бир бүтүндүк деп этибар кылынат. Анын ар бир бөлүгүнө эмес, бир бүтүндүк катары добуш берилет. Ал бүтүн бойдон кабыл алынат, же кабыл алынбайт. Талкууда бөлүмдөр жана алардагы каражаттар ар бири өзүнчө карап чыгылса да, бюджет мыйзамы бир нече беренелерден турат: Мамлекеттин финансылык жыл учурундагы сарп-каражаттары үчүн жыйылган каржыны көрсөтүүчү берене; финансылык жыл учурундагы мамлекет киримдеринин болжолдуу каражатын көрсөтүүчү берене; Айрым мекемелердин сарп-каражаттарын жана болжолдуу киримдерин көрсөтүүчү беренелер; финансы министрине бериле турган айрым ваколаттарды көрсөтүүчү беренелер ж.б. Бюджет баптары жадыбалында ар бир берене жана анын киримдери же чыгымдарынын көрсөткүчү турат. Ар бир жадыбалда бап өз ичине алган бөлүмдөр көрсөтүлөт. Ар бир бөлүмдөгү айрым тараптардын жалпы сарп-каражаттары да белгиленет. Ушул негизде жылдык бюджет айрым жылдарда түрдүү окуяларга карай жузъий өзгөрүүлөр менен, же мамлекеттер ортосундагы айрым жузъий келишпөөчүлүктөргө карай иштелип чыгат.

Исламий мамлекетте болсо жылдык бюджет белгиленбейт. Ушуга карай, анда ар жылы жаңы мыйзам чыгаруу, аны үммөт межлиси талкуусуна коюу, алардын пикирин билүү зарылдыгы жок. Анткени, демократиялык түзүмдөгү бюджет өзүнүн баптары, бөлүмдөрү жана алардагы каражаттары менен бир жыл үчүн чыгарылган мыйзам. Аны парламент чыгарат. Ошондуктан, ал парламент межлиси талкуусуна коюлат. Исламий мамлекетте болсо мындай иштерге кажет жок. Себеби, байтулмалдын киримдери да, чыгымдары да шаръий нусустардагы шаръий өкүмдөргө карай болот. Бардык шаръий өкүмдөр дайымый, ошондуктан, киримдер бабын да, чыгымдар бабын да талкуу кылууга орун жок. Алар дайымый шаръий өкүмдөр белгилеп койгон дайымый баптар. Бюджет баптары жагынан алынганда ушундай болот. Ал эми, бюджеттин бөлүмдөрү, ар бир бөлүмдөгү каражаттар жана ушул каражаттар сарптала турган иштер жагынан ала турган болсок, алардын баары халифанын райы жана ижтихадына калат. Себеби, алар башкаруу иштерине тиешелүү болуп, шарият аларды халифага калтырган. Халифа алар жөнүндө өз райына карап токтом чыгарат. Халифанын амири болсо важып.

Ушуга караганда, демократиялык түзүмгө окшоп Исламда мамлекеттин жылдык бюджетин, баптарын, бөлүмдөрүн,

бөлүктөрүн, аларга керек боло турган каражаттарды түзүүгө орун жок. Демек, исламий мамлекеттин жылдык бюджети түзүлбөйт. Анын бюджети дайымый болуп, баптарын – киримдерин жана чыгымдарын шарияттын өзү түзүп койгон. Бөлүмдөрү, бөлүктөрү жана аларга кете турган каражаттарды болсо, кызыкчылык талап кылган учурда белгилүү бир мөөнөткө карап отурбастан Халифанын өзү белгилей берет.

**Зекет**

Зекет малы байтулмалга коюла турган малдар түрүнө кирет. Ал башка түрдөгү малдардан жыйылышы, алына турган өлчөмү жана сарпталышы жагынан айырмаланат. Ал жалаң гана мусулмандардын малдарынан алынат. Башкалардыкынан жыйылбайт. Ал жалпы салык эмес, белгилүү бир ибадат болуп, исламдын бир рүкүн-түркүгү эсептелет. Ал мал болушу менен бирге, аны өтөө намаз, орозо, ажы сыяктуу рухий кыйматты да вужудка келтирет. Аны өтөө мусулмандын мойнундагы парзы айн. Ал үммөттөн жыйыла турган башка малдар сыяктуу мамлекеттин муктаждыктары, жамааттын пайдасына карап жыйылбайт. Мужтаждык болушу же болбошуна карабастан байтулмалга берилиши шарт. Мусулмандын малына зекет важып болгондо, андан сакыт болбойт. Карыздары жана муктаждыктарынан тышкаркы малы нисабына жеткен мусулманга зекет важып. Ал мусулмандардан башкага важып болбойт. Жаш балага да, жиндиге да парз. Термизий Абдулла ибн Амрдан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«أَلَا مَنْ وَلِيَ يَتِيمًا لَهُ مَالٌ، فَلْيَتَّجِرْ فِيهِ، وَلَا يَتْرُكْهُ حَتَّى تَأْكُلَهُ الصَّدَقَةُ»

**«Сак болгула, кимде-ким малы бар жетимге васий болсо, малын айлантып турсун. Аны зекет жеп жиберишине коюп бербесин»,** - деген. Т.а. зекетке төлөнө берип, малы жок болуп кетпесин дегени. Анткени, зекет малдын үстүнө важып. Ал жасадий эмес, малиявий ибадат.

Алына турган зекеттин өлчөмү анык болуп, кемибейт да, көбөйбөйт. Алтын, күмүш, соода малдарындагы өлчөмү – кырктан бири. Зекет нисабы жеткен малдан алынат. Нисаб эки жүз дирхам күмүш же жыйырма мискал алтын менен белгиленет. Алтындын мискалы – шаръий динарга тең. Анын салмагы жыйырма кийрот (карат) т.а. 4,25 грамм. Ушуга караганда, нисаб алтын менен өлчөнгөндө 85 грамм алтынга туура келет. Күмүш дирхам болсо 2,975 грамм. Демек, нисаб күмүш менен өлчөнгөндө 595 грамм күмүшкө туура келет. Мал нисапка жетпесе, андан эч нерсе алынбайт. Буудай сыяктуу дандар, төө, уй, кой сыяктуу

чарбалардын нисабын, өлчөмүн жана алардан канча алынышы керектигин факихтер толугу менен баян кылышкан.

Зекет сарптала турган жайлар да анык белгиленген. Ал Алла Куранда зикир кылган сегиз бөлүктөн башкасына сарпталбайт. Алла Таала айтат:

﴿إِنَّمَا الصَّدَقَاتُ لِلْفُقَرَاءِ وَالْمَسَاكِينِ وَالْعَامِلِينَ عَلَيْهَا وَالْمُؤَلَّفَةِ قُلُوبُهُمْ وَفِي الرِّقَابِ وَالْغَارِمِينَ وَفِي سَبِيلِ اللَّهِ وَابْنِ السَّبِيلِ﴾

*- «Албетте, садагалар (т.а. зекеттер) жалаң жакыр-кембагалдарга, мискин-бечараларга, садага жыюучуларга, көңүлдөрү (Исламга) дос кылынуучу кишилерге жана моюндарды (кулдарды) азат кылууга, карыздар кишилерге жана Алла жолунда (т.а. жихадга) о.э. жолоочу-мусапырларга берилет».* [9:60]

Акчасы бар болгон, бирок сарп каражаты көп кишилер жакырлар (факир) эсептелет. Таптакыр акчасы жок, кирими да жоктор болсо мискиндер эсептелет. Алла Таала айтат:

﴿أَوْ مِسْكِينًا ذَا مَتْرَبَةٍ﴾

*- «Же муктаж мискин-бечарага».* [90:16]

Зекет жыюучулар – аны жыюу жана таркатуу менен алектене турган кишилер. Дилдери динге дос кылынуучу кишилер – мамлекет «зекет берилсе, мусулмандыгы дагы да бекемделет» деп ойлогон кимселер. Кулдарды азат кылуу үчүн да зекет берилет. Зекет алуучулардын бул бөлүгү азыркы учурда жок. Карыздарлар – карызын үзө албай жаткан карыздарлар. Алланын жолунда дегени – жихад үчүн дегени. Куранда : ﴿فِي سَبِيلِ اللَّهِ﴾ деген сөз сарптоого алакадар болсо, жихад маанисин билдирет. Мусапыр – үзүлгөн (т.а. мал-мүлкү, өлкөсүнөн ыраактагы) жолоочу. Ушул сегиз сыныптан башкасына зекет акчасынан берилбейт. Ал мамлекеттин экономикалык иштерине сарпталбайт. Ушул сегиз сыныптан бирертеси табылбай калса, зекет сарпталбастан байтулмалда сакталып тура берет. Кажет түшкөндө т.а. сегиз сыныптан бири табылганда берилет. Зекет халифа же анын өкүлүнө тапшырылат. Себеби, Алла Таала:

﴿خُذْ مِنْ أَمْوَالِهِمْ صَدَقَةً تُطَهِّرُهُمْ وَتُزَكِّيهِمْ بِهَا﴾

*- «(Эй Мухаммад), сен алардын малдарынын бир бөлүгүн өздөрүн аруулап-тазалай турган садага катары алгын»,* [9:103]

- деди. Абу Бакр да адамдардан кембагалдарга бересиңерби деп отурбастан, зекет берүүлөрүн талап кылган. Сахабалар ага каршылык билдирбеген. Зекет берүүдөн баш тартышкандан кийин, аларга каршы согушкан. Зекетти акылууларга имам гана берет. Ал

тургай, валийлер залим болсо да аларга тапшырылат. Сухайл ибн Абу Солих рыбаят кылат: **«Саъд ибн Абу Ваккастын алдына келип: «менин малым бар, зекетти чыгармакчымын, тигилерди өзүң көрүп турасың, мага эмне кеңеш бересиң», - дедим. Ал «ошолорго бере бер» деди. Ибн Умардын алдына барган элем, ал да ушул сөздү айтты. Абу Хурайранын алдына барган элем, ал да ушул сөздү айтты. Абу Саиддин алдына барган элем, ал да ушул сөздү айтты».** Бул рыбаятты «Мугний»дин муаллифи айткан. Зекет зиммий болуш-болбошуна карабастан, капырга эч качан берилбейт. Себеби, Пайгамбар ﷺ Муаз ибн Жабалды Яманга жиберип жатканда:

«فَأَعْلِمْهُمْ أَنَّ اللهَ افْتَرَضَ عَلَيْهِمْ صَدَقَةً فِي أَمْوَالِهِمْ، تُؤْخَذُ مِنْ أَغْنِيَائِهِمْ، وَتُرَدُّ عَلَى فُقَرَائِهِمْ»

**«Алардын малдарына байларынан алынып жакырларга бериле турган садаганы (зекетти) Алла парз кылганын аларга бидирип кой»,** - деди. Бул хадисти Бухарий ибн Аббастан рыбаят кылган. Анда Пайгамбар ﷺ зекеттин важыптыгын мусулмандардын байларына хас кылгандай, сарпталышын мусулмандардын жакырларына хастап жатат. Бирок, көңүлдөн чыгарып бериле турган садаганы капырга берүү да жайыз. Алла Таала айтат:

﴿وَيُطْعِمُونَ الطَّعَامَ عَلَى حُبِّهِ مِسْكِينًا وَيَتِيمًا وَأَسِيرًا﴾

*- «Жана тамакты каалап турушса да, (өздөрү жебестен) бечара, жетим жана туткундарды даамдандырышат»,* [76:8]

Ал учурда капырдан башка туткун болбогон.

**Жизя**

Жизя – Алла Субханаху Ислам өкүмүнө моюн сунган капырлардан мусулмандарга алып берген акы. Ал умумий мал эсептелип, жарандын бардык кызыкчылыктары жолунда сарптала берет. Жыл кириши менен аны төлөө лазым болот. Ал Курани Карим хужжаты менен сабыт. Алла Таала айтат:

﴿حَتَّى يُعْطُوا الْجِزْيَةَ عَنْ يَدٍ وَهُمْ صَاغِرُونَ﴾

*- «Тээ алар кордолгон (жеңилген) абалдарында өз колдору менен (моюндарындагы) жизяны төлөшмөйүнчө согушкула!».* [9:29]

Абу Убайд «Амвал»да Хасан ибн Мухаммаддан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ Хажар мажусийлерине Исламга даъват кылып жазган каттында мындай деген:

«فَمَنْ أَسْلَمَ قُبِلَ مِنْهُ، وَمَنْ لاَ ضُرِبَتْ عَلَيْهِ الْجِزْيَةُ. فِى أَنْ لاَ تُؤْكَلَ لَهُ ذَبِيْحَةٌ، وَلاَ تُنْكَحَ لَهُ اِمْرَأَةٌ»

**«Ким мусулман болсо, мусулмандыгы кабыл кылынат. Ким мусулман болбосо, сойгон айбаны желбегени жана бирер аял ага никеленбегендиги үчүн анын мойнуна жизя салынат».** Жизя капырлардан алынат. Мусулман болушса, алардан сакыт кылынат. Жизя малга эмес адамга салынат. Ар бир капырдын малынан эмес, өзүнөн алынат. Жизя «жаза» сөзүнөн алынган. Демек, ал адамдан капырлыгына жаза түрүндө алынат. Ушуга караганда, мусулман болмоюнча, ал тургай, согушка катышса да сакыт болбойт. Себеби, жизя мусулмандарды коргогондугу үчүн андан сакыт боло турган нерсе эмес. Жизя – берүүгө кудуреттүү адамдан гана алынат. Себеби, Алла Тааланын: ﴿عَنْ يَدٍ﴾ *«өз колдору менен»* дегени – кудуреттүү болгон адамдар дегени. Кудурети жетпей тургандан алынбайт. Ал жалаң эркектерден алынат. Аялга, жаш балага, жиндиге жизя салынбайт. Ал тургай, бир аял Ислам диярына жашаш үчүн келип, жизя төлөмөкчү болсо жашоого уруксат берилет, бирок, андан жизя алынбайт. Жизяга атайын өлчөм белгиленбейт. Бул иш халифанын райы жана ижтихадына жашоочунун такаатынан ашырып жибербөө шарты менен коюлат. Ибн Абу Нажих рыбаят кылат: **«Мен Мужахидге: «эмнеге шамдыктарга төрт динар, ямандыктарга болсо бир динар (жизя салынган)» деген элем, ал: «байлыкка карап ушундай кылынган», - деп жооп берди».** Бухарий рыбаяты. Кудуреттүү адамга жизя салынгандан кийин жакырданып кетсе, аны төлөө мойнуна карыз болуп калат. Ага карата кембагал карыздар адамга кылына турган мамиле кылынып, бай болушу күтүлөт.

**Хирож**

Хирож – Алла капырлардан мусулмандарга алып берген акы. Ал капырлардан согуш же сулх (эгер сулхта жер биздики делип, хирож төлөө эвазына капырлардын анда жашоолору айтылган болсо) аркылуу алынган жерге салынат. Хирож сөзү арабтарда пайда алуу, ижарага берүү мааанилерин түшүндүрөт. Капырлардан согуш жарыя кылынгандан кийин күч менен алынган ар бир жер хирожий (хирож алына турган) жер эсептелет. Фатхтан кийин мусулман болушса да, жерлери хирожийлигинче калат. Абу Убайд «Амвал»да Зухрийден рыбаят кылат: **«Алардан ким мусулман болсо, мусулмандыгы кабыл кылынган, мусулмандыгы анын өзүн жана малын сактаган, бирок, жерди эмес. Себеби, алгач коргоно ала турган убакыттарында мусулман болбогону үчүн жер**

**мусулмандардын олжосу эсептелген».** Коргоно ала турган убакыттары – мусулмандардан коргоно алабыз деп ойлогон убакыттары маанисинде. Хирож жерге анын көтөрүшүнө карай салынат. Умар ﷺ жерге көтөрүшүнө карап, мүлкдарга да дыйканга да зыян кылбай турган өлчөмдө хирож салган. Айрым жайларда ар бир жариб (1260-1592м) үчүн бир кафиз (14,5 укка) жана бир дирхам салган болсо, башка жайларда башкача өлчөмдө хирож салган. Шам тараптарында мындан башкача иш туткан. Көрүнүп тургандай, ал жердин көтөрүшүнө этибар берген. Жердин көтөрүшүнө карап хирож белгилегенинен кийин, ал кайсы түстө салынган болсо, ошол түстө алынат. Эгер жылдык хирож жер майданына карата салынган болсо, камарий санактын акырында алынат. Себеби, шариятта ушул санак этибарлуу. Эгер ал эгин көлөмүнө карата салынган болсо, шамсий санактын акырында алынат. Себеби, жамгырлар жана эгиндин чыгышы ушул санак менен өлчөнөт. Эгер продукцияга карата салынса т.а. продукциянын маалым бир бөлүгүн алууга келишилсе, жыйым-теримдер бүткөндөн кийин алынат. Халифа ушул үч жолдун бирин тандашы т.а. жер майданына же эгин көлөмүнө же продукцияга карата хирож салышы мүмкүн. Кайсынысын өнүмдүүрөөк деп билсе, ошонусун ала берет. Жер жакшыртылып, мисалы, кудук казылып же арык ачылып, натыйжада, түшүмдүн көбөйүү абалдары да учурайт. Мындай убакта эгер жакшыртуу дыйкан тарабынан болсо хирож өлчөмү ашырылбайт, мамлекет тарабынан болсо, ашырылат. Айрым себептер, мисалы, кудукту кароосуз таштап коюу же арыкты бузуп жиберүү себебинен түшүмдүн азаюу абалдары да учурайт. Мындай убакта эгер ошол себептер дыйкан тарабынан садыр кылынса, хирож өлчөмү кемитилбейт, мамлекет тарабынан садыр кылынган болсо кемитилет. Түшүмдүн азаюу абалдары бороондордун дарактарды омкоруп ташташы, селдин арыктарды бузуп кетиши сыяктуу табыгый апаат себептүү болсо, хирож жердин көтөрүшүнө карап салынат, муну менен жер ээлерине зулум болбосун. Хирож дайымый болбойт, белгилүү бир мөөнөткө салынат. Жердин көтөрүү мөөнөтү бүтүшү менен белгиленген өлчөм да бүтөт. Жаңы мөөнөткө жаңы өлчөм белгиленет.

**Салыктар**

Шарият белгилеп койгон байтулмалдын киримдери жаранды башкарууга, анын кызыкчылыктарын коргоого жетиштүү. Түздөн-түз да, кыйыр түрдө да салык салууга эч кандай кажет жок. Ушуга карабастан, шарият этият жүзөсүнөн үммөттүн муктаждыктарын эки бөлүккө ажыратып, биринчи бөлүктөгү муктаждыктарды кандырууну байтулмалдын мойнуна, экинчи бөлүктөгү муктаждыктарды кандырууну болсо бардык мусулмандардын

мойнуна жүктөп, мамлекетке бул муктаждыктарды кандыруу үчүн мусулмандардан акча жыюу укугун берди. Ушуга карай, салыктар Алланын мусулмандар мойнуна жүктөгөн парзы болуп, алардын кызыкчылыктары жолунда иштетилет. Алла акча жыюу жана аны өз ордуна сарптоону халифага жүктөдү. Аны салык деп атоо да, парз кылынган мал деп атоо да мүмкүн. Жизя, хирож сыяктуу шариятта көрсөтүлүп, Алла парз кылган о.э. жолдор, медреселер сыяктуу зарыл болгон муктаждыктарга сарпталышы үчүн Алла мусулмандарга парз кылган салыктардан башка эч кандай салык алынбайт. Мисалы, мекемелер, идара-кеңселер, эч кайсы башкармалыктар үчүн салык алынбайт. Бажыкана салыгы – алына турган салык түрүнө кирбейт. Себеби, ал башка мамлекеттер биз менен кандай мамиле кылса, алар менен ошондой мамиле кылышыбыздан башка нерсе эмес. Ал байтулмалды жетиштүү каражат менен камсыздоо үчүн алына турган салык эмес. Шарият аны «макс» деп атап, мусулмандардан да, зиммийлерден да алууга тыюу салат. Кыскасы, шарият парз кылган салыктан башка салык алынбайт. Себеби, мусулмандын малынан шаръий укуксуз эч нерсени алып болбойт. Айтып өткөндөрүбүздөн тышкары, мусулмандардан алына турган башка салык туурасында эч кандай далил варид болбогон. Ушуну да айтып өтүү лазым, кайры диндерден салык алынбайт. Себеби, шарият муктаждыктарын кандырууну мусулмандарга парз кылган. Ушуга ылайык, ал мусулмандардан гана алынат. Кайры диндерден жизядан башка салык алынбайт. Хирожий жерлер үчүн болсо мусулмандан да, кайрыдинден да хирож алынат. Мусулмандардан алына турган салык да алардын сарп каражаттарынан артканынан т.а. шаръий муктаждык кандырылып, андан артканынан алынат.

Негизги о.э. үрптөгү камалий муктажыктарды кандыруудан артканы муктаждыктан артканы эсептелет. Себеби, шахстын өзүнө сарпташы жашап жаткан чөйрөдөгү үрпкө карап бардык муктаждыктарды кандыруу болуп саналат. Аны бардык адамдар үчүн жалпы, анык бир өлчөм менен белгилеп болбойт. Ал шахстын жашоо даражасына карай белгиленет. Эгер башкаларга окшоп машина жана кызматчыга муктаж болсо, анын ошол нерселерден арткан малынан салык алынат. Эгер аял алууга муктаж болсо, салык өлчөмү үйлөнгөнүнөн артканы менен белгиленет ж.б. Кыскасы, муктаждыктарынан артык мүлккө ээ болсо, салык алынат, ээ болбосо салык алынбайт. Себеби, өзү муктаж болгондон кийин, салык бере албайт.

Салык жыюуда мал көбөйтүүгө, бай болууга тыюу салуу көздө тутулбайт. Себеби, Ислам байлыкка тыюу салбайт. Салыктар жыюунун эч кандай экономикалык мааниси көздө тутулбайт,

балким, салык байтулмалдагы мал керектүү муктаждыктардын баарын каптоого жетиштүү болбогону үчүн гана салынат. Ошондо да мамлекет сарп-каражаттарына т.а. жарандын муктаждыгына жараша алынат о.э. мусулмандардын кудуретине карап алынат. Мусулмандардан канча каражат алынып жатканына карабастан, бирдей ченем колдонулат. Мусулмандар ортосунда адилеттүү ченемди белгилөөгө этибар берилет. Себеби, салык муктаждыктан артканынан алынат. Ал муктаждыктан арткан бардык малдан: сармаядан да, пайдадан да, киримден да алынат. Өнөр жай жана дыйканчылыктагы ишке керектүү иштеп чыгаруу аспап-жабдуулар, жер жана кыймылсыз мүлк да сармая эсептелбейт.

## БАЙЛЫКТЫ АДАМДАР ОРТОСУНДА БӨЛҮШТҮРҮҮ

Ислам жеке менчик мүлкчүлүккө уруксат берип, мүлккө ээ болуу көрүнүшүн да белгилеп койгон. Шахска өз мүлкүн тасарруф кылуу укугун берип, тасарруф көрүнүшүн да белгилеген. Адамдардагы аклий жана жисманий кубаттардын ар түрдүүлүгүн этибарга алып, этият жүзөсүнөн ажыз жана мутаждарды колдоо, камсыздоо максатында байлардын малдарынан аларга акы ажыраткан. Жамаат муктаж боло турган нерсени барык мусулмандардын умумий мүлкүнө айланткан. Бир да адамдын ага ээлик кылууга өзү же башка бирөө үчүн сактап коюуга акысы жок. О.э. Ислам жаранды жетиштүү байлык жана кызматтар менен камсыздоо жоопкерчилигин мамлекетке жүктөп, анын да менчик мүлкү болушуна уруксат берди.

Ушуну менен ар бир жарандын өмүрү, жамааттын биримдиги, адамдардын кызыкчылыктары, иштердин башкарылуусу кепилденип, мамлекеттин экономикалык жоопкерчилигин өтөөдөгү жетиштүү жөндөмү сакталып калат. Бирок, бул үчүн коомдогу ар бир жаран жетиштүү байлык менен камсыздалган болушу о.э. бардык жарандар биргеликте шарияттын бардык өкүмдөрүн аткарып жаткан болуулары шарт. Бүгүнкү күндө Ислам дүйнөсүндө жүз берип жаткандай шахстар ортосунда муктаждыктарды кандыруу тууралсында үлкөн айырма жүзөгө келсе, айырма көлөмүн кыскартуучу жаңы бөлүштүрүү жараянын жорий кылып, адамдар ортосунда тең салмактуулукту жүзөгө келтирүү важып.

Эгер туура эмес түшүнүү, капилет бузулуу же мамлекеттин түзүмүн колдонууда кемчиликке жол койгону себептүү адамдардагы шаръий өкүмдөрдү колдонуу түшүнүгү изден чыкса жана бул нерсе өзүмчүлдүккө, менчик мүлкчүлүктөн кыянат менен пайдаланууга алып барса, натыйжада, байлыктын адамдарга бөлүштүрүлүшү адилетсиз болсо, бул иш адамдардын түзүмдөн безишине, коомдун мээлүүн-орточо абалынан чыгып кетишине алып барат. Ошондо

жарандар ортосундагы тең салмактуулукту сактап калуу же пайда кылуу важыпка айланат.

Коомдо байлык жалаң байлар классы ортосунда колмо-кол болуп калса, же адамдарга мал берилбестен малдын адамдар ортосунда айланып жүрүшүнө тыюу салынса, байлык таркатылышында адилетсиздик жүзөгө келет. Ислам бул эки абалды чечип, байлыктын адамдар ортосунда айланып турушун кепилдөөчү о.э. коомдо тең салмактуулук бузулган убакта байлыкты кайрадан бөлүштүрүүчү шаръий өкүмдөрдү жолго коюп берди. О.э. Ислам алды-берди васитасы эсептеле турган алтын жана күмүштү казына кылып сактоону тыюучу жана аларды коомдо адамдар ортосундагы мамилеге чыгарууга мажбурлоочу өкүмдөрдү да көрсөтүп берди. Ушуну менен изден чыккан, бузулган же бузулуу алдында турган коом тикеленип, байлыкты ар бир жарандын негизги муктаждыктарын толук кандырууга жетиштүү өлчөмдө бөлүштүрөт о.э. негизги болбогон муктаждыктардын да кандырылышына мүмкүн болушунча жол ачат.

**Коомдогу экономикалык тең салмактуулук**

Ислам малдын бардык жаран ортосунда айланып жүрүшүн важып кылып, бир тайпа адамдарда гана чектелип калышына тыюу салат. Алла Таала айтат:

﴿كَيْ لاَ يَكُونَ دُولَةً بَيْنَ الأَغْنِيَاءِ مِنْكُمْ﴾

– *«Тээ силердин араңардагы бай-дөөлөттүү кишилер ортосунда гана айланып жүрө бере турган нерсе болуп калбашы үчүн».* [59:7]

Эгер коомдо жарандар ортосунда муктаждыктарын камсыздоодо үлкөн экономикалык айырма жүзөгө келсе жана мунун себеби Ислам өкүмдөрүнө амал кылбоо, аларды колдонууда жоопкерчиликсиздик кылуу болсо, камсыздоону кайра жолго коюу үчүн муктаждарга жетиштүү мал берип, коомдогу экономикалык тең салмактуулукту жүзөгө келтирүү мамлекеттин мойнуна түшөт. Муктаждыктарды камсыздоодо тең салмактуулукту жүзөгө келтирүү үчүн мамлекет муктаждарга кыймылдуу мүлктү да, кыймылсыз мүлктү да бериши лазым. Себеби, мал берүүдөн максат муктаждыкты убактылуу кандыруу эмес, балким, шахсты муктаждыкты кандыруучу васиталар менен толук камсыздоо. Эгер мамлекеттин малы болбосо же малы тең салмактуулукту жүзөгө келтирүүгө жетпесе, адамдарга салык салышы жайыз болбойт. Себеби, бул иш бардык мусулмандардын мойнундагы парз эмес. Кыскасы, мамлекет коомдогу экономикалык тең салмактуулукта бузулууну көрсө, аны муктаждарга мамлекет малынан берүү менен оңдойт. Анткени, Пайгамбар ﷺ мухажирлер менен ансарлар ортосундагы экономикалык айырманы көрүп, аны тең

салмактуулукка келтирүү үчүн Бану Назирден алынган олжону мухажирлердин өздөрүнө гана берди. Рыбаятта ушундай келет: **«Пайгамбар ﷺ Бану Назирди сулх жолу менен фатх кылып, жөөттөрдү алардан көчүрүп жибергенден кийин, мусулмандар ал кишиден олжону бөлүштүрүп беришин сурашты. Ошондо:**

﴿وَمَا أَفَاءَ اللَّهُ عَلَى رَسُولِهِ مِنْهُمْ فَمَا أَوْجَفْتُمْ عَلَيْهِ﴾

*- «Алла өз пайгамбарына алардан олжо кылып берген нерселердин үстүнө силер ат жана төөлөрдү чаптырып барганыңар жок (т.а. ал олжолорду силер кыйналып, машакат чегип, согуш менен колго киргизгениңер жок)»,* [59:6]

**- аяты түшүп, Алла Бану Назирдин малдарын каалаган жайларына сарптоону Пайгамбар ﷺдын ыктыярына койду. Пайгамбар ﷺ аны мухажирлерге бөлүп берип, кембагалдыкта мухажирлерден калышпай турган Абу Дужона Саммок ибн Харша жана Сахл ибн Ханифадан башка ансарийге эч нерсе бербеди».** Ибн Аббас рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ ансарларга: «кааласаңар короо-жайыңар жана малыңардан мухажирлерге үлүш ажыратып беремин да, силерди да бул олжого шерик кыламын, кааласаңар короо-жайыңар жана малыңар өзүңөрдө кала берет да, олжодон силерге эч нерсе ажыратпаймын», - деди. Ансарлар: «боордошторубузга короо-жайларыбыз жана малдарыбыздан да мал ажыратабыз, олжону да алардын өздөрүнө беребиз», - дешти.** Ошондо Алла Таала:

﴿وَيُؤْثِرُونَ عَلَى أَنْفُسِهِمْ وَلَوْ كَانَ بِهِمْ خَصَاصَةٌ﴾

*- «...ал тургай, өздөрүндө муктаждык болсо да, өздөрүн коюп (өзгөлөрдү) ыктыяр кылышат»,* [59:9]

- аятын түшүрдү». Алла Тааланын:

﴿كَيْ لاَ يَكُونَ دُولَةً بَيْنَ الأَغْنِيَاءِ مِنْكُمْ﴾

*– «Тээ силердин араңардагы бай-дөөлөттүү кишилер ортосунда гана айланып жүрө бере турган нерсе болуп калбашы үчүн»,* [59:7]

- деген аяты байлардын ортосунда гана айланып калбоо дегени. Т.а. жакырларга жетиштүү даражада тиричилик өткөзүлө турган мал катары берилиши керек болгон олжо байлардын колуна түшүп, алардын ортосунда колмо-кол болуп жүрбөсүн.

Бану Назирден алынган олжо мамлекет малы болуп, адамдар ортосундагы экономикалык тең салмактуулукту жүзөгө келтирүү үчүн жалаң гана жакырларга берилди, байларга берилбеди. Эгер бул малдар мусулмандардан жыйып алынган мал болбой, балким,

олжо сыяктуу мал болсо, ушундай кылынат. Эгер мусулмандардан жыйылган болсо, тең салмакташтырууга сарпталбайт. Ар дайым ушундай кылынат. Анткени, себептин хастыгы эмес, лафздын умумийлиги этибарга алынат. Демек, экономикалык тең салмактуулукту жүзөгө келитирүү үчүн байтулмалдагы мамлекет малдарынан жакыр жарандарга гана берүү халифанын мойнундагы милдет. Болгону, бул иш байтулмалдын дайымый каражаттарына кирбейт, балким, ал белгилүү бир малиявий абалды түзөтүү гана.

**Алтын жана күмүштү казына кылууга тыюу салынышы**

Бүгүнкү күндө түрдүү мамлекеттерде жүз берип жаткан байлыкты жарандарга бөлүштүрүүдөгү адилетсиздик күндөлүк турмуштун өзү ачык көрсөтүп турган, далил талап кылбай турган ачык чындык. Муктаждык кандыруудагы үлкөн айырма айынан адамзаттын азап тартып жатканын билүү үчүн бул айырманын кескиндигин жана жамандыгын көрсөтүү шарт эмес. Капитализм аны оңдомокчу болду, бирок, оңдой албады. Капиталист экономисттер киреше-дараметти бөлүштүрүү назариясы үстүндө изилдөө алып барышканда, эч оңдоо жана түшүндүрмөлөрсүз сандардын өзүн гана көрсөтүү менен чектелип, шахсий дарамет бөлүштүрүүсүндөгү адилетсиздикти бүтүндөй назардан четте калтырышты. Социалисттер бөлүштүрүүдөгү адилетсиздикти жоюунун мүлкчүлүктү өлчөм менен чегаралап коюудан башка жолун таба алышпады. Коммунисттер мүлкчүлүккө бүтүндөй тыюу салып коё калышты. Ислам болсо адамдар муктаждыктарын камсыздоодогу айырманы азайтуу үчүн мүлкчүлүк жана тасарруф көрүнүшүн белгилеп о.э. ишке жараксыздарга коомдогу адамдар турмуш даражасына жакын турмуш кечирүүнү камсыздоочу каражат берип, чырайлуу бөлүштүрүүнү кепилдеди. Ушуну менен бөлүштүрүүдөгү адилетсиздик жоюлду. Ушуну да айтып өтүү керек, адамдар арасында муктаждык кандыруу ортосундагы жакындык вужудка келсе да, кээде баары бир айрым адамдарда ири өлчөмдө мал топтолуу абалдары да учурайт. Ислам мүлкчүлүк маселесинде адамдар ортосунда жакындык болушун парз кылган эмес. Ал болгону ар бир адам өзүнүн үрптөгү муктаждыктарын кандырууда башкага муктаж болбошун гана парз кылган.

«خَيْرُ الصَّدَقَةِ مَا كَانَ عَنْ ظَهْرِ غِنًى»

**«Садаганын жакшысы бейкажеттик артынан кылынганы».** Бухарий рыбаяты. Ири байлык өз ээлерине жамгаруу, ири дарамет табуу мүмкүнчүлүгүн берет. Демек, көп акча бар жерде ири өлчөмдөгү дарамет топтолушу табигый абал. Себеби, ал тургай, акча табууда аракеттин өзүнө таандык орду болсо да, акчаны акча табат. Бул иштен экономикага эч кандай

коркунуч туулбайт. Тескерисинче, ал шахстын байлыгын көбөйткөндөй, коомдун да экономикасын өнүктүрөт. Болгону, акчалардын айрым бай адамдарда гана топтолуп калышынан коркунуч туулат. Себеби, мунун натыйжасында, дарамет даражасы төмөндөп, жумушсуздук көбөйөт, адамдар жакырланат. Ушуга караганда, акчалар топтолуп калышынын алдын алуу шарт. Анткени, акчалар – мал менен мал, мал менен аракет, аракет менен аракет ортосундагы айырбаштоо каситасы. Демек, айырбаштоонун өлчөөсү акча. Эгер ал базардан кетсе, адамдардын колуна жетип барбаса, айырбаштоо кыйрап, экономика аракеттен токтоп калат. Себеби, анын аракети ушул каситанын адамдар ортосунда жетиштүү болушуна, иштин алдыга карай жылышына байланыштуу.

Анткени, ар бир шахс же уюм дараметинин булагы башка бир шахс же уюм. Мамлекет жыя турган салыктар мамлекеттин кирими болгону менен адамдардын чыгымы болуп саналат. Кызматчылардын долбоорлордун, кошуундун камсыздоосу сыяктуу иштерге сарптала турган акчалар болсо ошолордун кирими болгону менен мамлекеттин чыгымы болуп саналат. Кызматчы, аскер сыяктуулардын сарптап жаткан акчалары үй ээси, касап, соодагер сыяктуулардын кирими ж.б.у.с. Демек, коомдогу адамдардын киримдери жана жалпы чыгымдары дөңгөлөк сыңары тынымсыз айланып турат. Эгер бир шахс акчаны казына кылып алса, ал базардан акчаны сууруп алган болот. Табигый түрдө, өз сарп каражатын азайтышы анык башкалар ала турган дараметтин жана акча айырбаштоонун азайышына алып келет. Бул азаюу өз кезегинде иштеп чыгаруунун азайышына алып барат. Себеби, товарга болгон талап азайып кетет. Акыбетте, жумушсуздук жана экономикалык кризис жүзөгө келет. Ошондуктан да, акчаны казына кылуу адамдар дараметин азайтып, жумушсуздук жана экономикалык кризисти жүзөгө келтирүүчү фактор эсептелет.

Ушуну да билүү керек, бул зыян акчанын топтолушунан эмес, казына кылып басып коюудан келип чыгат. Экономика кыймылын топтоо эмес, казына кылуу токтотуп коёт. Казына кылуу менен топтоонун ортосундагы айырма ушул: казына кылуу – акчаны бекерден-бекер топтой берип, базардан сууруп алуу; топтоо – үй куруу, үйлөнүү, бирер ишкана сатып алуу, бирер соода ишин жүргүзүү сыяктуу максаттарда малдын жамгарылышы. Акча сарптоонун бул түрү базарга да, экономика кыймылына да таасир этпейт. Себеби, ал малды камап коюу эмес, сарптоо үчүн топтоо. Орду келгенде сарпталат. Ушуга караганда, коркунуч бирер максат үчүн акча жамгаруудан эмес, бекерден-бекер аны казына кылып коюудан туулат.

Ислам бирер бир кажет үчүн алтын, күмүш топтоого уруксат берген. Мисалы, мукотабдын (өзүн азат кылмакчы болгон кулдун) кожосуна төлөшү үчүн, үйлөнмөкчү болгон кишинин махр бериши үчүн, ажы парзын өтөмөкчү болгон кишинин жолго каражат кылышы үчүн алтын, күмүш топтошуна уруксат кылынган. Бул топтолгон алтын, күмүштөрдөн нисапка жеткенде зекеттен башка нерсе алынбайт.

Алтын-күмүштү казына кылууга тыюу салуу туурасындагы аят түшкөндө, айырбаштоо васитасы да, эмгектеги жана малдагы пайданын өлчөөсү да ушул эки кен (маъдан) эле. Мында алардын дирхам жана динар сыяктуу зарб кылынган (белгилүү бир калыпта чегилген) же жамбы сыяктуу зарб кылынбаган болушунун айырмасы жок эле. Демек, бул аяттагы нахий-кайтаруу айырбаштоо васитасы эсептелген алтын жана күмүшкө каратылды. Алтын, күмүштү казына кылунун арамдыгы Куранда ачык айтылган. Алла Таала айтат:

﴿وَالَّذِينَ يَكْنِزُونَ الذَّهَبَ وَالْفِضَّةَ وَلاَ يُنفِقُونَهَا فِي سَبِيلِ اللَّهِ فَبَشِّرْهُمْ بِعَذَابٍ أَلِيمٍ﴾

*- «Алтын-күмүштү басып, аны Алла жолунда нафака-эхсан кылбай турган адамдарга жан чыдагыс азаптын «сүйүнчү кабарын» жеткизгин!».* [9:34]

Алтын, күмүштү казына кылуучуларга жан чыдагыс азап кабарынын берилиши Шореънин казына кылууга катъий тыюу салганына жаркын далил. Ушуга ылайык, алтын күмүштү казына кылуу арам эсептелет.

Аяттын алтын-күмүштү казына кылууга катъиян арам кылганы төмөнкүлөрдөн маалым болот:

Биринчиден: аяттын умумийлиги, анын мантугу да, мафхуму да алтын-күмүштүн казына кылынышына катъий тыюу салынышына далил. Зекетин чыгаргандан кийин казына кылуу да мубах болот деген тыянакка баруу аят катъий далалат кылып жаткан өкүмдү этибарсыз калтыруу болуп саналат. Мындай тыянакка баруу үчүн аяттын өз маанисинен бура турган же аны насх (бекер) кыла турган башка бир далил керек. Мындай далил болсо варид болбогон. Бул аяттын далалаты катъий болгону үчүн бул жерде аны өз маанисинен бура турган бирер далил жок. Эми аны насх кыла турган далилди издей турган болсок, аны насх кыла турган далил да жок.

﴿خُذْ مِنْ أَمْوَالِهِمْ صَدَقَةً تُطَهِّرُهُمْ﴾

*- «(Эй Мухаммад), сен алардын малдарынын бир бөлүгүн өздөрүн аруулап-тазалай турган садага катары алгын»,* [9:103]

- аяты болсо хижраттын экинчи жылында – зекет парз кылынган убакта түшүрүлгөн болсо, казына кылуу туурасындагы аят хижраттын тогузунчу жылында түшкөн. Мурун түшүрүлгөн аят кийин түшүрүлгөн аятты насх кыла албайт. Зекети берилген малдын казына болбошу туурасында варид болгон хадистердин бирөө да сахих эмес. Айрым факихтер хужжат кыла турган Умму Саламанын хадисин Итаб рыбаят кылган. Ал болсо мажхул, белгисиз адам. Умму Саламанын хадиси сахих, ал тургай мутаватир болгон тагдырда да, аяттын өкүмүн насх кылууга жарабайт. Деги эле хадис Куранды насх кыла албайт. Анткени, Куран лафзан субуту катъий болуп, анын лафзы жана мааниси менен биз ибадат кылабыз. Мутаватир хадис болсо, маънан субуту катъий болуп, анын лафзы менен биз ибадат кылбайбыз. Ушуга ылайык, мутаватир болгон тагдырда да, хадис Куранды насх кыла албайт. Мутаватир хадис насх кыла албаган аятты үстүндө ар түрдүү кеп-сөз болуп турган ахад хадистин насх кылышына жол болсун.

Экинчиден: Табарий Абу Умама Бахилийден рыбаят кылат:

«تُوُفِّيَ رَجُلٌ مِنْ أَهْلِ الصُّفَّةِ، فَوُجِدَ فِي مِئْزَرِهِ دِينَارٌ، فَقَالَ رَسُولُ اللهِ: «كَيَّةٌ». ثُمَّ تُوُفِّيَ آخَرُ، فَوُجِدَ فِي مِئْزَرِهِ دِينَارَانِ، فَقَالَ رَسُولُ اللهِ: «كَيَّتَانِ»»

**«Ахли суффалардан бир киши өлдү. Анын ыштанынан бир динар табылды. Пайгамбар ﷺ «Бир күйдүрүү» деди. Кийин дагы бир киши өлүп, анын ыштанынан эки динар табылды. Ошондо Пайгамбар ﷺ «Эки күйдүрүү» деди».** Бул хадисти Ахмад да Али ибн Абу Талиб жана Абдулла ибн Масъуддан рыбаят кылган. Пайгамбар ﷺдын мындай дешине себеп, алардын зекет эсебинен жашап туруп, алтынга ээ болуулары. Негизи, бир же эки динар нисапка жетпейт да, алардан зекет чыгарылгыдай. Ушундай болсо да, алар туурасында Пайгамбар ﷺдын: **«Бир күйдүрүү, эки күйдүрүү»** деши, алар зекет бериши важып болгон мал болбосо да, «казына» деп этибар кылып жатканына далил. Ал киши

﴿يَوْمَ يُحْمَى عَلَيْهَا فِي نَارِ جَهَنَّمَ فَتُكْوَى بِهَا جِبَاهُهُمْ وَجُنُوبُهُمْ وَظُهُورُهُمْ﴾

*– «Ал Күндө (кыяматта) ошол (алтын-күмүш) тозок отунда кызытылып, ошо менен алардын бешене, капталдары жана аркаларына тамга басылат»,* [9:35]

- аятына ишара кылган эле.

Үчүнчүдөн: аятта ваъид эки ишке каратылып жатат. Алардын бири малды казына кылуу болсо, экинчиси Алла жолунда сарптабоо. Т.а. алтын, күмүштү казына кыла тургандар жана Алла жолунда сарптабай тургандарды азаптан эскертип койгун маанисинде. Ошондон тыянак кылып айтсак, ваъид Алла жолунда сарптабастан казына кылгандарды да, Алла жолунда сарптап казына кылгандарды да өз ичине алат. Куртубий: **«Казына кылбаса да, Алла жолунда сарптоого тоскоолдук кылган кимсе, албетте, ушундай болот»,** дейт. Аяттагы ﴿فِي سَبِيلِ اللَّهِ﴾ сөзүнөн көздөлгөн маани – жихад. Себеби, ал сарптоо менен жанаша келип жатат. ﴿فِي سَبِيلِ اللَّهِ﴾ сөзү сарптоо менен жанаша келгенде анын мааниси жихад болот. Куранда бул сөз бир гана ушул мааниде келген. Курандагы ﴿فِي سَبِيلِ اللَّهِ﴾ сөзү каерде сарптоо сөзү менен жанаша келген болсо, анын мааниси бир гана жихад болгон.

Төртүнчүдөн: Бухарий Зайд ибн Вахбдан рыбаят кылат: **«Рабзада Абу Заррдын жанынан өтүп калып: «Бул жерлерге кантип келип калдың», - деп сурадым. Ал мындай деп жооп берди: Шамда элек. Мен**

﴿وَالَّذِينَ يَكْنِزُونَ الذَّهَبَ وَالْفِضَّةَ وَلَا يُنفِقُونَهَا فِي سَبِيلِ اللَّهِ فَبَشِّرْهُمْ بِعَذَابٍ أَلِيمٍ﴾

*– «Алтын-күмүштү басып, аны Алла жолунда нафака-эхсан кылбай турган адамдарга жан чыдагыс азаптын «сүйүнчү кабарын» жеткизгин»,* [9:34]

**- аятын окудум. Муавия «бул аят биз тууралуу эмес, ал ахли китеп тууралуу» деди. Мен «ал биз тууралуу да, алар тууралуу да», - дедим».** Бул окуяны ибн Жарир Убайдулла ибн Косимден, ал Хусайндан, ал Зайд ибн Вахбдан, ал болсо Абу Зррдан ушундай рыбаят кылат: **«Жогорудагыларды айтып, дагы ушуларды кошумча кылды: Бул тууурасында мени менен анын ортосунда кеп көтөрүлдү. Ал менин үстүмдөн арызданып, Усманга кат жазды. Усман болсо өз алдына чакырып мага кат жазды. Мен ага бардым. Мединага келгенимде, адамдар ошол күндөн мурун кудум мени көрбөгөндөй, үстүмө минип алышты. Мен бул жөнүндө Усманга айттым. Ал мага «өзүңдү четирээк алып жүр» деди. Мен: Аллага касам, сүйлөгөн сөзүмдү кайтарып албаймын, - дедим».** Абу Заррдын Муавияга каршы чыгышы аяттын мааниси тууурасында эмес, кимдер жөнүндө түшүрүлгөндүгү тууурасында эле. Эгер зекети берилген малдын казына болбошу тууурасында рыбаят кылынган хадис болгонунда, Муавия аны, албетте, хужжат кылып,

Абу Заррдын тилин тыйып койгон болор эле. Ошондон ушул хадистердин Абу Зарр окуясынан кийин токулгандыгы, сахих эместиги көрүнүп турат.

Бешинчиден, казына кылуунун сөздүктүк мааниси – малды үстү-үстүнө топтоп, сактап коё берүү. Казына кылынган мал – жердин түбүнө болобу, сыртына болобу, үстү-үстүнө топтолгон нерсе. Курандын калима-сөздөрү шаръий мааниси болбосо, сөздүктүк мааниси менен тафсир кылынат. Казына кылуу сөзүнүн шаръий мааниси бар экендиги туурасында сахих хужжат варид болбогон. Ушуга караганда, аны сөздүктүк мааниси менен тафсир кылуу важып. Демек, бекерден-бекер үстү-үстүнө мал топтой берүү караланган казына кылуу эсептелип, аны садыр кылган адамга Алла аламдуу азап ваъидин берген.

## СҮТКОРДУК ЖАНА АКЧА АЛМАШТЫРУУ

Бирдей акчаны ашыгы менен алды-берди кылуу – сүткордук. Алтын-күмүштөн турган бирдей акчаны, же бирдей баадагы ар түрдүү акчаны, же ар түрдүү баадагы ар түрдүү акчаны бири-бирине алмаштыруу акчаны акчага алмаштыруу болот. Акча алмаштыруу бир гана соодада болот, сүткордук болсо соодада, карызда же салафта болот. Мал-малга айырбашталып, сатуучунун мүлкдар кылышы жана кардардын мүлкдар болушу соода делет. Ал шаръан жайыз. Алла Таала айтат:

﴿وَأَحَلَّ اللَّهُ الْبَيْعَ﴾

*– «Алла сооданы адал кылды».* [2:275]

Пайгамбар ﷺ айтат:

«اَلْبَيِّعَانِ بِالْخِيَارِ مَا لَمْ يَتفَرَّقَا»

**«Сатуучу жана кардар, ырас, ажыралбаган экен, ыктыярдуу болушат».** Бул хадисти Бухарий Хаким ибн Хизам аркылуу рыбаят кылган. Нак товар моюнга маалым бир мөөнөткө чейин жүктөлгөн белгилүү бир сыпаттагы насыя товар эвазына тапшыруу салам жана салаф делет. Ал сооданын бир түрү. Соодада кандай бүтүм түзүлсө, анда да ошондой келишим түзүлөт, болгону, «салам» сөзү иштетилет. Салам шаръан жайыз. Алла Таала айтат:

﴿يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِذَا تَدَايَنتُمْ بِدَيْنٍ إِلَى أَجَلٍ مُسَمًّى فَاكْتُبُوهُ﴾

*– «Эй, момундар, бири-бириңер менен карыз мамилесин кылсаңар, жазып койгула!»* [2:282]

Ибн Аббас: **«Күбөлүк беремин, маалым мөөнөткө кепилденген салафты Алла Азза ва Жалла адал кылган жана ага уруксат берген деп,**

﴿إِذَا تَدَايَنتُمْ بِدَيْنٍ إِلَى أَجَلٍ مُسَمًّى﴾

- *«… бири-бириңер менен карыз мамилесин кылсаңар»,*

[2:282]

**- аятын тилават кылды».** Эки шейх ибн Аббастан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ Мединага келгенде адамдар курманы эки, үч жылга салафка беришер эле. Ошондо Пайгамбар ﷺ:

«مَنْ أَسْلَفَ فِي شَيْءٍ فَفِي كَيْلٍ مَعْلُومٍ وَوَزْنٍ مَعْلُومٍ إِلَى أَجَلٍ مَعْلُومٍ»

**«Кимде-ким бир нерсени салафка берсе, маалым өлчөө, маалым тараза менен маалым мөөнөткө берсин»,** - деген. Карыз салафтын бир түрү. Бирөөгө кийин кайтарып алуу шарты менен акча берүү карыз делет. Ал шаръан жайыз. Муслим Абу Рофиъден рыбаят кылат:

«أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ اسْتَسْلَفَ مِنْ رَجُلٍ بَكْرًا، فَقَدِمَتْ عَلَيْهِ إِبِلٌ مِنْ إِبِلِ الصَّدَقَةِ، فَأَمَرَ أَبَا رَافِعٍ أَنْ يَقْضِيَ الرَّجُلَ بَكْرَهُ، فَرَجَعَ إِلَيْهِ أَبُو رَافِعٍ فَقَالَ: لَمْ أَجِدْ فِيهَا إِلاّ خِيَارًا رُبَاعِيًا، فَقَالَ: أَعْطِهِ إِيَّاهُ إِنَّ خِيَارَ النَّاسِ أَحْسَنُهُمْ قَضَاءً»

**«Пайгамбар ﷺ бир кишиден ботону салафка алды. Ал кишиге садага (зекет) төөлөрүнөн келип калды. Ошондо Абу Рофъиге жанагы кишинин ботосун төлөп коюуну буюрду. Абу Рафиъ кайтып келип «болгону, төрт жашар жакшы төө гана бар экен» деди. Пайгамбар ﷺ: «Ошонусун бере бер, себеби, жакшы адам – карызын жакшылап төлөгөн адам», - деди».** Ибн Хиббан ибн Масъуддан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«مَا مِنْ مُسْلِمٍ يُقْرِضُ مُسْلِمًا قَرْضًا مَرَّتَيْنِ إِلاَّ كَانَ كَصَدَقَةٍ مَرَّةً»

**«Кайсы бир мусулман дагы бир мусулманга эки жолу карыз берсе, бир жолу садага бергендей болот»,** - деген. Пайгамбар ﷺдын өзү да карыз алчу эле.

**Риба (сүткордук)**

Соода жана саламдагы сүткордук алты нерседе гана болот. Алар: курма, буудай, арпа, туз, алтын жана күмүштөр. Карыз бардык нерседе боло берет. Бир нерсени көбүрөөк, азыраак же башка түрүнөн кылып, кайтарып алуу шарты менен карыз берүү адал болбойт. Карыз берилген нерсенин түрү жана өлчөмүндө гана кайтарып алуу мүмкүн. Соода жана салам менен карыздын ортосундагы айырма ушул, соода жана саламда бир нерсени өзүнүн түрүндөгү нерсе менен да, башка түрдөгү нерсе менен да айырбаштоо мүмкүн. Карыз болсо бир гана өзүнүн түрүндөгү нерсе

менен төлөнүшү шарт. Сүткордуктун болгону алты түрдүү нерседе болушуна далил сахабалардын ижмалары о.э. Пайгамбар ﷺдын:

«اَلذَّهَبُ بِالذَّهَبِ وَالْفِضَّةُ بِالْفِضَّةِ وَالْبُرُّ بِالْبُرِّ وَالشَّعِيرُ بِالشَّعِيرِ، وَالتَّمْرُ بِالتَّمْرِ وَالْمِلْحُ بِالْمِلْحِ، مِثْلاً بِمِثْلٍ سَوَائًا بِسَوَاءٍ، يَدًا بِيَدٍ فَإِذَا اخْتَلَفَتْ هَذِهِ الْأَصْنَافُ فَبِيعُوا كَيْفَ شِئْتُمْ إِذَا كَانَ يَدًا بِيَدٍ»

**«Алтынга – алтын, күмүшкө – күмүш, буудайга – буудай, арпага – арпа, курмага – курма, тузга – туз бирдей өлчөөдө, бирдей көлөмдө колдон колго берилет. Эгер бул нерселер ар түрдүү болсо, колдон колго болсо каалаганыңардай саткыла»,** - деген хадиси. Бул хадисти Муслим Убода ибн Сомиттен рыбаят кылган. Демек, ижма жана хадис ушул алты нерседе гана сүткордук болушуна хужжат. Алардан башкасында сүткордуктун арам болушуна далил варид болбогон. Ушул жыныстагы жана ушул сыпаттагы башка нерселер да ушуга кирет. Бул нерселерде сүткордук арам кылынышынын иллетин көрсөтүүчү хужжат варид болбогон. Ушуга караганда, алардын иллети көрсөтүлбөйт. Себеби, иллет аклый эмес, шаръий болот. Хужжаттын маанисинен түшүнүлбөгөн иллеттин этибары жок. Бул жерде иллеттин кыясы да жок. Себеби, кыястын иллетинде иллет деп этибар кылынган нерсе бирер нерсени түшүндүрүүчү сыпат болушу шарт. Ошондо ошол сыпатка кыястоо дурус болот. Эгер бирер нерсени түшүндүрүүчү сыпат болбой, исми жомид болсо, же бирер нерсени түшүндүрбөй турган сыпат болсо, иллет болууга жарабайт, ага башкасы кыяс да кылынбайт. Анткени, Пайгамбар ﷺ ибн Можанын Абу Бакра жолунан кылган рыбаятындагы:

«لاَ يَقْضِي الْقَاضِي بَيْنَ اِثْنَيْنِ وَهُوَ غَضْبَانُ»

**«Эки кишинин ишин ажырым кылып жаткан казы ачууланган абалында өкүм чыгарбасын»,** - дегенинде ачууну өкүм чыгарууга тыюу салынышына иллет кылып көрсөткөн. Себеби, ачуу – тыюуну билдирүүчү сыпат. Ушуга караганда, ал иллет боло алат. Анын иллеттиги тыюу түшүнүлгөн мааниден истинбат кылынат. Бул маани – акыл-ойдун чачылышы. Ушуга ылайык акыл-ойдун чачылышына алып баруучу ар бир нерсе ачуууга кыяс кылынат. Мисалы, катуу ачкалык. Демек, ачуууга ачуудан башка нерселерди кыяс кылуу да мүмкүн. Себеби, ачуу сөзү өкүм чыгарууга тыюу салынышын билдирүүчү сыпат. Алла Тааланын:

﴿حُرِّمَتْ عَلَيْكُمُ الْمَيْتَةُ﴾

- *«Силерге өлүмтүк арам кылынды»,* [5:3]

- деген аятындагы өлүмтүк болсо арам кылынууну түшүндүрүүчү сыпат эмес. Ошондуктан, ага кыяс кылынбайт. Арам кылынуу өлүмтүктүн өзү менен гана чектелет. О.э. буудайда сүткордуктун арам кылынышына катъий хужжат варид болгон. Аны башкасына кыяс кылып болбойт. Себеби, буудай бирер нерсени билдирүүчү сыпат эмес, исми жомид. Себеби, буудай муну билдирүүчү сыпат эмес. Буудай азык болгондугу үчүн анда сүткордук арам кылынды делбейт. Ошондуктан, анын азыктыгы анда сүткордук арам кылынгандыгына иллет эсептелбейт жана ага башкасы кыяс кылынбайт. Муслим Муаммар ибн Абдулладан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«اَلطَّعَامُ بِالطَّعَامِ مِثْلاً بِمِثْلٍ»

**«Азыкка азык бап-барабар»,** - деген. Ахмад Абу Саид Худрийден рыбаят кылат:

«أَنَّ رَسُولَ اللهِ ﷺ قَسَمَ بَيْنَهُمْ طَعَامًا مُخْتَلِفًا، بَعْضَ أَفْضَلِ مِنْ بَعْضٍ قَالَ: فَذَهَبْنَا نَتَزَايَدُ بَيْنَنَا، فَمَنَعَنَا رَسُولُ اللهِ ﷺ أَنْ نَتَبَايَعَهُ، إِلاَّ كَيْلاً بِكَيْلٍ لاَ زِيَادَةَ فِيهِ»

**«Пайгамбар ﷺ ар түрдүү азыктарды бизге бөлүштүрдү. Айрымдары айрымдарынан жакшыраак эле. Өз ара бааларды көтөрө баштадык. Ошондо Пайгамбар ﷺ бизди бири-бирибизге сатуудан кайтарып, болгону ашырбастан, килосуна кило кылып сатышыбызга гана уруксат берди».** Насаий Жобир жолунан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«لَا تُبَاعُ الصُّبْرَةُ مِنْ الطَّعَامِ بِالصُّبْرَةِ مِنْ الطَّعَامِ، وَلَا الصُّبْرَةُ مِنْ الطَّعَامِ بِالْكَيْلِ الْمُسَمَّى مِنْ الطَّعَامِ»

**«Бир үйүм азык бир үйүм азыкка сатылбайт. Бир үйүм азык анык өлчөөлүү азыкка да сатылбайт».** Бул хадистер арам кылынуунун иллети азык экендигине далалат кылбайт. Алар азыкта да риба болушун билдирет. Азыктын бардык жынысын өз ичине алып, умумий маанини билдирет. Убода ибн Сомит рыбаят кылган хадис аларды хастап, рибага тиешелүү азыктарды буудай, арпа, курма жана туз менен чектейт. Ушуга караганда, жогорудагы нусустарда келген «азык» деген умумий сөз хас маани ирада кылына турган умумийлик түркүмүнө кирет. Бул жерде хас мааниден көздөлгөн маани: азыкка ушул төрт азык кирет. Мисалы, Алла Тааланын:

﴿الَّذِينَ قَالَ لَهُمُ النَّاسُ إِنَّ النَّاسَ قَدْ جَمَعُوا لَكُمْ فَاخْشَوْهُمْ﴾

- *«Андай заттарга адамдар: «Курайш адамдары силерге каршы (сан жеткис аскер) топтогон, алардан корккула!»,* [3:173]

- деген аятындагы «адамдар» деген сөз умумий лафз болуп, андан хастык ирада кылынып жатат, себеби, бул сөздү айткандар бардык адамдар эмес, айрым бир адамдар. Ушуга окшоп жогорудагы «азык» сөзү да хастык назарда тутулган умумий лафз. Т.а. андан бардык азыктар эмес, айрым бир азыктар назарда тутулган. Буга далил, көп азыктарда риба арам кылынбаган. Мисалы, баклажан, ашкабак, сабиз, мөмөлөр, калемпир, сарымсак да азык эсептелет. Бирок, аларда риба болбошуна ижма кылынган. Муслим Айша аркылуу рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«لاَ صَلاَةَ بِحَضْرَةِ الطَّعَامِ»

**«Даам келген убакта намаз окулбайт»,** - деген. Бул хадисте жеш үчүн даярдалган ар бир тамак назарда тутулган. Эгер ар бир азыкта риба болгондо, аларга да риба кирген болор эле. Ушуга караганда, өткөн хадистерде варид болгон «азык» сөзү хастык назарда тутулган умумийлик түркүмүнөн. Т.а. рибага тиешелүү азыктар Пайгамбар ﷺ айтып өткөн

«اَلْبُرُّ بِالْبُرِّ وَالشَّعِيرُ بِالشَّعِيرِ، وَالتَّمْرُ بِالتَّمْرِ وَالْمِلْحُ بِالْمِلْحِ»

**«Буудайга – буудай, арпага – арпа, курмага – курма, тузга – туз»**дар. О.э. алтын жана күмүштө рибанын арам кылынгандыгына иллет алардын өлчөнө турган нерселер экендиги, буудай, арпа, курма жана тузда рибанын арам кылынышына иллет болсо алардын тартыла турган нерселер экендиги деп да болбойт. Себеби, хадистеги өлчөө жана тартуу иллет эмес, сыпат болуп келип жатат. Насаий Уббода ибн Сомиттен рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«اَلذَّهَبُ بِالذَّهَبِ تِبْرُهُ وَعَيْنُهُ وَزْنًا بِوَزْنٍ، وَالْفِضَّةُ بِالْفِضَّةِ تِبْرُهُ وَعَيْنُهُ وَزْنًا بِوَزْنٍ، وَالْمِلْحُ بِالْمِلْحِ وَالتَّمْرُ بِالتَّمْرِ وَالْبُرُّ بِالْبُرِّ وَالشَّعِيرُ بِالشَّعِيرِ، سَوَاءً بِسَوَاءٍ، مِثْلاً بِمِثْلٍ، فَمَنْ زَادَ أَوْ ازْدَادَ فَقَدْ أَرْبَى»

**«Алтынга – алтын. Рудасы да, өзү да вазнга вазн берилет. Күмүшкө – күмүш. Рудасы да, өзү да вазнга вазн берилет. Тузга – туз, курмага – курма, буудайга – буудай, арпага – арпа. Бап-барабар килосуна кило берилет. Кимде-ким көбөйтүп алса же берсе, риба кылыптыр».** Хадис арам кылуу абалын баян кылып, анын күмүш же алтынды артыгы менен өлчөө; буудай, курма, арпа, тузду болсо артыгы менен тартуу экенин билдирип жатат. Демек, ал (т.а. вазн-салмак) арам кылуунун иллети эмес, балким, айырбаштоо жараянынын баяны. Ушуга

негизделип, ар бир өлчөнө турган же тартыла турган нерседе риба боло бербейт. Ал ушул алты нерседе гана болот: Вазн жагынан алтын жана күмүштө; өлчөө жагынан башкаларында болот. Кыскасы, соода жана салам рибасы болгону алты нерседе жүз берет. Алар: курма, буудай, арпа, туз, алтын жана күмүш.

Карыз ушул алты нерседе жана башка нерселерде о.э. мүлк боло турган бардык нерселерде жайыз. Карыз пайда келтирсе ага риба кирген болот. Буга далил, Хорис ибн Абу Усома Али ﷺдан рыбаят кылган ушул хадис: **«Пайгамбар ﷺ пайда келтире турган карыздан кайтарган».** Дагы бир рыбаятта: **«Пайда келтирген ар бир карыз – риба»** делген. Ашыгы менен берүү эмес, чырайлуу өтөө мындан сырткары. Абу Давуд Абу Рофиъден рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ бир ботону салафка алды. Ал кишиге садага (зекет) төөлөрүнөн келип калды. Мага алиги кишинин ботосун төлөп коюушумду буюрду. Мен «жалаң гана жакшы төөлөр бар экен» дедим. Ошондо ал киши: «Ошонусун бере бер, себеби, жакшы адам – (салафын) жакшылап төлөгөн адам», - деди».**

**Акча алмаштыруу**

Дүйнө базарларында болуп жаткан финансылык мамилелер болгон соода келишимдерин күзөтө турган болсок, соода-сатык операциялары алты түрдүү экени маалым болот. Биринчиси, бир акчаны ушул түрдөгү акчага сатып алуу. Ирак динарынын жаңы теңгелерин эски теңгелерине алмаштыруу сыяктуу. Экинчиси, бир акчаны башка бир акчага алмаштыруу. Долларды Египет жунайына алмаштыруу сыяктуу. Үчүнчүсү, товарды белгилүү бир акчага сатылышы жана ошол белгилүү бир акчанын өзү башка бир акчага сатылышы. Бир соода бүтүмүндө долларга самолёт сатып алып, кийин динарды долларга алмаштыруу сыяктуу. Төртүнчүсү, товарды фунт-стерлингге сатып, ага доллар алмаштыруу. Бешинчиси, белгилүү бир кымбат балуу кагаздарды белгилүү бир акчага сатуу. Алтынчысы, белгилүү бир компания акцияларын белгилүү бир акчага сатуу. Эми алардын өкүмүнө бирме-бир токтолобуз. Кымбат баалуу кагаздар жана акцияларды сатуу же сатып алуу шаръан таптакыр жайыз эмес. Себеби, кымбат баалуу кагаздарда белгиленген пайда болуп, рибага кирет. Балким, алар риба мамилесинин дал өзү. Акциялар болсо шаръан жайыз болбогон батыл компаниялардын үлүштөрү. Ушуга караганда, акционердик компаниялардагы акциялардын соода-сатыгы жайыз эмес. Соода, өнөр жай компаниялары сыяктуу ишмердүүлүгү адал компаниялар болобу, банктар акциялары сыяктуу ишмердүүлүгү арам компаниялар болобу, айырмасы жок. Акчаны акчага алмаштырып, ага товар сатып алуу жана товарды бирер акчага сатып, аны башка

бир акчага алмаштыруулар эки операциядан турган иштер. Соода-сатык операциясы жана алмаштыруу операциясы. Аларга соода жана алмаштыруу өкүмдөрү жорий кылынып, экөөсүнө айры-айры өкүм жорий кылынат. Бир акчаны ушул акчанын өзүнө сатуу же башка бир акчага сатуу алмаштыруу операциясы эсептелип, шаръан жайыз. Себеби, акча алмаштыруу алтын жана күмүш акчаны өз жынысындагы акчага теңме-теңине, башка жыныстагы акчага болсо теңме-теңине же ашык-кемине алмаштыруу болуп саналат. Алмаштыруу операциясы алтын-күмүштө кандай болсо, акчада да ушундай болот. Себеби, акча акча катары алтын-күмүштүк сыпатка ээ. Алтын-күмүшкө кыясталып эмес, алтын-күмүштүн бир түрү катарында акча акчага алмаштырылат. Себеби, акча акча болушу үчүн алтын-күмүшкө таянат. Бирөө бир жердин күмүшүнө ошол жердин алтынын накма-нак сатып алып, аларды көрсөтүп туруп «ушул алтын динарды ушул күмүш дирхамдарга сатып алдым» десе жана экөөсү тең ошол жерде бар болсо, бул иш жайыз. Дагы бирөө көрсөтпөй бүтүм түзүп, бир жердин алтынын башка жердин күмүшүнө сатып алса, мисалы, «Египеттин бир динарын Хижаздын он дирхамына саттым» десе, бул да жайыз. Себеби, акчалардын кандайлыгы келишимде көрсөтүлүшү менен дайын болот. Натыйжада, дал ушул келишимде көрсөтүлгөн акчага ээ болунат. Демек, алтынды күмүшкө сатуу жайыз. Мында күмүш дирхам болобу, тагынчык болобу, руда болобу, айырмасы жок. О.э. күмүштү алтынга сатуу да жайыз. Алтын тагынчак болобу, жамбы болобу, руда болобу, айырмасы жок. Бирок, бул соода колмо-кол накма-нак болушу шарт болуп, теңме-тең же ашык-кем, салмакка-салмак, көтөрүмүнө, же бирин тартып бирин көтөрүмүнө болушу мүмкүн. Бирдей акча бири-бирине алмаштырылып жатканда болсо теңме-тең болушу лазым. Мисалы, алтын алтынга сатылганда динар, тагынчык, жамбы же руда болушуна карабастан, салмакка-салмак, накма-нак, колмо-кол болушу керек. Ашык-кем болушу таптакыр адал болбойт. О.э. күмүшкө күмүш да дирхам, тагынчак, же жасалга болушуна карабастан, өлчөммө-өлчөм, накма-нак, колмо-кол кылып сатылат. Ашык-кем болушу мында да таптакыр дурус эмес. Демек, бирдей акчаларды бири-бирине алмаштыруу жайыз. Болгону, өлчөммө-өлчөм, колмо-кол, накма-нак болушу шарт кылынат. Эки түрдүү акчаларды бири-бирине алмаштыруу да жайыз. Мында бирдей (өлчөммө-өлчөм), ашык-кем болушу шарт кылынбайт. Колмо-кол жана накма-нак болушу гана шарт кылынат. Акча алмаштыруунун жайыздыгына далил Пайгамбар ﷺдын:

«بِيعُوا الذَّهَبَ بِالْفِضَّةِ، كَيْفَ شِئْتُمْ، يَدًا بِيَدٍ»

**«Алтынды күмүшкө колмо-кол кылып, каалаганыңарча сата бергиле»,** - деген хадиси. Бул хадисти Уббода ибн Сомиттен Термизий рыбаят кылган. Муслим Уббода ибн Сомиттен рыбаят кылат:

«سَمِعْتُ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ يَنْهَى عَنْ بَيْعِ الذَّهَبِ بِالذَّهَبِ، وَالْفِضَّةِ بِالْفِضَّةِ، وَالْبُرِّ بِالْبُرِّ، وَالشَّعِيرِ بِالشَّعِيرِ، وَالتَّمْرِ بِالتَّمْرِ، وَالْمِلْحِ بِالْمِلْحِ، إِلاَّ سَوَاءً بِسَوَاءٍ، عَيْنًا بِعَيْنٍ، فَمَنْ زَادَ أَوْ ازْدَادَ فَقَدْ أَرْبَى»

**«Пайгамбар ﷺдын алтынды алтынга, күмүштү күмүшкө, буудайды буудайга, арпаны арпага, курманы курмага, тузду тузга сатууга теңме-тең, накма-нак болсо гана уруксат бергенин, ким ашыгы менен алса же берсе, риба кылыптыр дегенин уктум».** Муслим Абу Бакрадан рыбаят кылат:

«أَمَرَنَا، أَى رَسُولُ اللهِ ﷺ، أَنْ نَشْتَرِىَ الْفِضَّةَ بِالذَّهَبِ، كَيْفَ شِئْنَا، وَنَشْتَرِىَ الذَّهَبَ بِالْفِضَّةِ، كَيْفَ شِئْنَا، قَالَ: فَسَأَلَهُ رَجُلٌ فَقَالَ: يَدًا بِيَدٍ، فَقَالَ: هَكَذَا سَمِعْتُ»

**«Бизди Пайгамбар ﷺ күмүштү алтынга да, алтынды күмүшкө да каалаганыбыздай сатып алышыбызга буюрган. Ошондо бир киши ровийден «колмо-колбу» деп сураган эле, ал: мен ушундай укканмын, - деп жооп берди».** Малик ибн Авс Хадасон рыбаят кылат: Ким дирхам алмаштырат, - деп барган элем. Умар ибн Хаттабдын алдында отурган Талха ибн Убайдулла: Алтыныңды бизге көрсөт, анан алып келип бер, кызматкерибиз келсе күмүшүңдү беребиз, - деди эле, ошондо Умар: Жок, Аллага касам, же күмүштү азыр бересиң, же алтынын кайтарасың, - деди. Себеби, Пайгамбар ﷺ:

«اَلْوَرِقُ بِالذَّهَبِ رِبًا. إِلاَّ هَاءَ وَهَاءَ، وَالْبُرُّ بِالْبُرِّ رِبًا إِلاَّ هَاءَ وَهَاءَ، وَالشَّعِيرُ بِالشَّعِيرِ رِبًا إِلاَّ هَاءَ وَهَاءَ، وَالتَّمْرُ بِالتَّمْرِ رِبًا إِلاَّ هَاءَ وَهَاءَ»

**«Күмүштү алтынга сатуу мына-мына түрүндө болбосо – риба, буудайды буудайга сатуу мына-мына түрүндө болбосо – риба, арпаны арпага сатуу мына-мына түрүндө болбосо – риба, курманы курмага сатуу мына-мына түрүндө болбосо – риба»,** - деген. Термизий рыбаяты. Демек, алтынды күмүшкө сатуу колмо-кол болгондо гана жайыз. Ал эми, өз ара алмаштырып жаткандар акчаны колго албай туруп бөлүнүп кетишсе, айырбаштоо батыл (бекер) болот. Анткени, Пайгамбар ﷺ:

«اَلذَّهَبُ بِالْوَرِقِ رِبًا إِلاَّ هَاءَ وَهَاءَ»

**«Алтынды күмүшкө сатуу мына-мына түрүндө болбосо – риба»,** - деген. Бул хадисти Бухарий жана Абу Давуд Умардан рыбаят кылган. Бухарий Сулайман ибн Абу Муслимден рыбаят кылат: Абу Минхалдан колмо-кол акча алмаштыруу туурасында сураган элем, ал мындай деди: «Мен бир шеригим менен бир нерсени колмо-кол жана насыяга сатып алып турган элем, Барро ибн Озиб келип калып: Мен да шеригим Зайд ибн Аркам менен кудум ушундай ишти кылып, бул жөнүндө Пайгамбар ﷺдан сураган элек, ал киши:

«مَا كَانَ يَدًا بِيَدٍ فَخُذُوهُ وَمَا كَانَ نَسِيئَةً فَذَرُوهُ»

**«Колмо-кол болгонун алгыла, насыя болгонун таштагыла»,** - деп жооп берди деди. Бул хадис акча алмаштырунун колмо-кол болушу шарт экендигине далил.

Акча алмаштыруучулар ошол жайдын өзүндө акчаны алуулары шарт. Акча албай туруп кайтып кетишсе, соода бузулат. Себеби, акча алмаштыруу акчаларды бири-бирине сатуу болуп, соода туура болушу үчүн ошол жайдын өзүндө акча алуу шарт. Бухарий Малик ибн Австан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«اَلذَّهَبُ بِالْوَرِقِ رِبًا إِلاَّ هَاءَ وَهَاءَ»

**«Алтынды күмүшкө сатуу мына-мына түрүндө болбосо – риба»,** деген. Дагы Пайгамбар ﷺ:

«بِيعُوا الذَّهَبَ بِالْفِضَّةِ كَيْفَ شِئْتُمْ يَدًا بِيَدٍ»

**«Алтынды күмүшкө колмо-кол кылып каалаганыңардай саткыла»,** - деген. Термизий рыбаяты. **Пайгамбар ﷺ алтынды күмүшкө карызга сатуудан да, бул жаатта насыя малдын нак малга сатылышынан да кайтарган.** Ошондуктан, ошол жайдын өзүндө акча алынышы шарт. Акча алынбай туруп ажыралса, шарт табылбагандыгы үчүн соода бекер кылынат. Бир бөлүгүн алып ажыралса, сооданын албаган бөлүгү жана анын мукабылы бекер кылынып, алынган бөлүк жана анын мукабылы өз күчүндө калат. Себеби, бүтүмдү бөлүү жайыз. Мисалы, бир киши башка бир кишиге бир динарды он дирхамга алмаштырса, он дирхам бермейинче ажыралуулары мүмкүн эмес. Анын жанында беш дирхам гана болуп, алмаштыруучу аны алып калса жана ажыралышса, жарым динардагы алмаштыруу соодасы бекер кылынып, калган жарымынын соодасы өз күчүндө калат. Анткени, соода бүтүмдөрүн бөлүктөргө ажыратуу мүмкүн.

**Акча алмаштыруу мамилелери**

Акча алмаштыруу мамилелери ар канча түргө бөлүнүшүнө карабастан, бирдей акчаны бири-бирине алмаштыруу жана эки кыл

акчаны бири-бирине алмаштыруудан нарыга өтпөйт. Алар же накма-нак, же карызма-карыз болот. Накка карыз же карызга нак болушу таптакыр жайыз эмес. Акча алмаштыруу операциясы акырына жеткенден кийин т.а. бүтүм түзүлүп, акча алынгандан кийин, баа артык даражада ашырып жиберилген же акча кемчиликтүү болсо, ошондо гана аны бузуу мүмкүн. Мисалы, тараптардын бири сатып алган нерсесинен айып тапса, мисалы, күмүшкө жез кошулган же ал кара болсо, алып калууга да, алмаштырган убактысынын баасы өзгөрбөгөн болсо, кайтарууга да ыктыярдуу. Өзүндө алып калса, соода өз күчүндө калат, кайтарса бузулат. Бирөө жыйырма төрт пробалуу алтынды жыйырма төрт пробалуу алтынга алмаштырса, кийин алмаштырганы он сегиз пробалуу алтын болуп чыкса, бул иш алдоо эсептелип, ал алтынды кайтарууга да, же ошол күндүн баасында алып калууга да ыктыярдуу. Ал эми, айыбы үчүн кошумча акча алышы мүмкүн эмес. Себеби, бирдей жыныста теңдик болушу керек деген шарт жоголот. Бир кишинин бирөөдөн карызы болсо жана ага «карызыңдын бир бөлүгүнөн кечсең калган бөлүгүн тезирээк беремин десе» жайыз болбойт. Себеби, бул иш накты насыяга ашык-кемине сатуу болот. Ал карызын азыраак өлчөмдөгү накка саткандай болот, ашык-кемдик жүзөгө келип, рибага айланат. О.э. карыз берген адам да «мойнуңдагы жүздү тезирээк берсең, сага он дирхам беремин» деши да жайыз эмес. Мында да ашык-кемдик жүзөгө келип, рибага айланып жатат. Муслим Абу Саид Худрийден рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«اَلذَّهَبُ بِالذَّهَبِ، وَالْفِضَّةُ بِالْفِضَّةِ، وَالْبُرُّ بِالْبُرِّ، وَالشَّعِيرُ بِالشَّعِيرِ، وَالتَّمْرُ بِالتَّمْرِ، وَالْمِلْحُ بِالْمِلْحِ، مِثْلاً بِمِثْلٍ، يَدًا بِيَدٍ، فَمَنْ زَادَ أَوْ اسْتَزَادَ فَقَدْ أَرْبَى، الْآخِذُ وَالْمُعْطِي فِيهِ سَوَاءٌ»

**«Алтынга – алтын, күмүшкө – күмүш, буудайга – буудай, арпага – арпа, курмага – курма, тузга – туз, өлчөммө-өлчөм, колмо-кол. Ким ашырса же ашырууга аракет кылса, ал анык риба кылыптыр. Бул иште алуучу да, берүүчү да бирдей».**

Бир кишинин экинчи кишинин мойнунда алтыны болуп, экинчи кишинин биринчи кишинин мойнунда күмүшү болсо, алар карыздарын алмаштырышы, башкача айтканда, мойнундагы алтын карызды карыз берүүчүнүн мойнундагы өзүнүн күмүш карызы ордуна үзүшү жайыз. Себеби, нак карыз нак нерсе сыяктуу. Бир киши алтынга товар сатып алса, сатуучунун күмүш акча алышы жайыз. Анткени, бир акчаны ошол баадагы башка акча менен төлөө

жайыз. Бул иш товарды карызга алмаштыруу эсептелет. Абу Давуд жана Асрам өздөрүнүн «Сунан»дарында ибн Умардан рыбаят кылышат: Бакиъде төө сатар элем. Динарга сатып, дирхам да ала берер элем, дирхамга сатып динар да ала берер элем. Анысынын ордуна мунусун алар элем, мунусунун ордуна анысын алар элем. Пайгамбар ﷺдын алдына келип, ал киши Хафсанын үйүндө экен: Я Расулулла, шашылбаңыз, сизден бир нерсе сурамакчымын. Мен Бакиъде төө сатамын, динарга сатып дирхам, дирхамга сатып динар да ала беремин, анысынын ордуна мунусун, мунусунун ордуна анысын аламын, - дедим. Ошондо Пайгамбар ﷺ:

«لَا بَأْسَ أَنْ تَأْخُذَهَا بِسِعْرِ يَوْمِهَا مَا لَمْ تَفْتَرِقَا وَبَيْنَكُمَا شَيْءٌ»

**«Ырас, ажыралбаган экенсиңер, ортоңордо мал болгон экен, ошол күндүн баасында алсаң эч нерсе болбойт»,** - деди. Бирөө бирөөдөн таза бир динарды аралашма эки динарга сатып алышы жайыз эмес, таза бир динарды дирхамдарга сатып, кийин ошол дирхамдарга эки аралашма динарды сатып алышы жайыз. Ошол адамдан сатып алабы, башкаданбы, айырмасы жок. Абу Саид рыбаят кылат:

«جَاءَ بِلاَلٌ إِلَى النَّبِيِّ ﷺ بِتَمْرٍ بَرْنِيٍّ، فَقَالَ لَهُ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: مِنْ أَيْنَ هَذَا؟ فَقَالَ بِلاَلٌ: تَمْرٌ كَانَ عِنْدَنَا رَدِيءٌ، فَبِعْتُ مِنْهُ صَاعَيْنِ بِصَاعٍ، لِمَطْعَمِ النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ عِنْدَ ذَلِكَ: أَوَّهْ عَيْنُ الرِّبَا لاَ تَفْعَلْ وَلَكِنْ إِذَا أَرَدْتَ أَنْ تَشْتَرِيَ التَّمْرَ، فَبِعْهُ بِبَيْعٍ آخَرَ، ثُمَّ اشْتَرِ بِهِ»

**Билал ﷺ Пайгамбар ﷺга Раний деген жайдын курмасын алып келди. Пайгамбар ﷺ: «Бул каерден» деп сурады эле, ал: «Биздеги курмалар жаман, сиз жешиңиз үчүн анын бир соъсун өзүбүздүн эки соъбузга сатып алдым», - деди. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Бул кырт риба-го, мындай кылба, бул курмадан алмакчы болсоң, өзүңдүкүн сат, кийин муну сатып ал», - деди.** Муслим рыбаяты. Дагы Абу Саид жана Абу Хурайра рыбаят кылат:

«أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ اسْتَعْمَلَ رَجُلاً عَلَى خَيْبَرَ، فَجَاءَهُ بِتَمْرٍ جَنِيبٍ، فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: أَكُلُّ تَمْرِ خَيْبَرَ هَكَذَا؟ قَالَ لاَ وَاللهِ يَا رَسُولَ اللَّهِ، إِنَّا لَنَأْخُذُ الصَّاعَ مِنْ هَذَا بِالصَّاعَيْنِ. وَالصَّاعَيْنِ بِالثَّلاَثَةِ. فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: لاَ تَفْعَلْ، بِعِ الْجَمْعَ بِالدَّرَاهِمِ، ثُمَّ ابْتَعْ بِالدَّرَاهِمِ جَنِيبًا»

**«Пайгамбар ﷺ бир кишини Хайбарга валий кылып дайындады. Ал башка жердин курмасын алып келди.**

**Пайгамбар ﷺ: «Хайбардын бардык курмасы ушундайбы» деп сурады эле, ал: «Жок, Я Расулулла, Аллага касам, биз мунун бир соъсун эки соъго, эки соъсун үч соъго алабыз», - деп жооп берди. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Мындай кылба, баарын дирхамга сат, кийин ошол дирхамга сатып ал», - деди».** Муттафакун алайх. Пайгамбар ﷺ ага ошол сатып алган адамынан башкасына сатууну буюрбады. Эгер сатып алган адамына сатуу арам болгонунда муну билдирип койгон болор эле. Демек, эч кандай шарт жана тил бириктирүү болбосо, бул иш жайыз. Алтынды күмүшкө сатып, кийин күмүшкө алтын сатып алуу да ушуга окшош иш, эгер тил бириктирүү болсо, бул иш жайыз эмес. Себеби, диндеги бир да иште айла мүмкүн эмес, арам иш. Алла арам кылган ишке жол табуу, же мойнундагы важып иштен кутулуу, же милдеттен качуу үчүн арам иш кылууну каалап туруп өзүн мубах ишти кылып жаткандай кылып көрсөтүү – айла болуп саналат. Себеби, арамга алып баруучу васита да арам. Пайгамбар ﷺ:

«لَيَسْتَحِلَّنَّ طَائِفَةٌ مِنْ أُمَّتِي الْخَمْرَ بِاسْمٍ يُسَمُّونَهَا إِيَّاهُ»

**«Үммөтүмдүн бир тайпасы аракка өзүнчө бир ат ойлоп таап, аны адал кылып алат»,** - деген. Бул хадисти Ахмад Уббода ибн Сомиттен рыбаят кылган. Дагы Ахмаддын Абу Малик Ашжаийден рыбаят кылышынча, ал Пайгамбар ﷺдын:

«لَيَشْرَبَنَّ نَاسٌ مِنْ أُمَّتِي الْخَمْرَ يُسَمُّونَهَا بِغَيْرِ اسْمِهَا»

**«Үммөтүмдөн айрым адамдар аракка өздөрүнчө башкача ат коюп алып, аны ичишет»,** - дегенин уккан экен.

Кыскасы, акча алмаштыруу Исламда уруксат берилген мамилелерден. Болгону, шарият баян кылган атайын өкүмдөр негизинде болушу лазым. Бул иш ички мамилелерге да, тышкы мамилелерге да бирдей жорий кылынат. Мамлекет акчасы болгон алтын күмүшкө, күмүш алтынга кандай алмаштырылса, чет эл акчасы жергиликтүү акча менен ушундай алмаштырыла берет. Мамлекет ичкерисинде болобу, тышкарысында болобу, финансылык мамиле болобу, тижарий мамиле болобу, айырмасы жок. Тышкы мамилелердеги акча алмаштырууларды баян кылуу үчүн акчанын өзү туурасында токтолуп өтүшүбүз лазым.

## АКЧА

Акча – товар жана эмгектеги пайданы өлчөөчү өлчөө. Ошондуктан, ага «бардык товарлар жана эмгектер өлчөнө турган нерсе» деп аныктама берилген. Мисалы, нерсенин баасын же шахстын акысын коом белгилейт. Кымбат баалуу кагаздар, акциялар сыяктуулар акча эсептелбейт.

Нерселердин жана эмгектердин баасын белгилөө бардык диярларда ар түрдүү бирдиктер менен берилет. Ушуну менен алар нерсе жана эмгектин пайдасын өлчөөчү өлчөөгө айланып, айырбаштоо каситасы болуп калат. Бул бирдиктер – акчалар.

Ислам соода жана ижара өкүмдөрүн чыгарган убакта, товарлар, эмгектер жана пайдаларды айырбаштоого белгилүү бир нерсени негиз кылып белгилегени жок. Ырас, эки тарап ортосунда өз ара ыраазылык бар болгон соң, адамга каалаган нерсеси менен айырбаштоону коюп берди. Мисалы, бирөөнүн Куранды үйрөтүү эвазына бир аялга үйлөнүшү, бир товарды ээсине бир күн иштеп берүү эвазына сатып алышы, маалым бир өлчөмдөгү курма үчүн бирөөнүн колунда бир күн иштеп бериши мүмкүн. О.э. адамдарга каалаган нерселери менен айырбаштоолорун коюп бергени менен товарды айырбаштоо белгилүү бирдик т.а. акча менен болот. Ислам алтын жана күмүштү акча бирдиги кылып белгилеген. Демек, Ислам нерселер же эмгектер пайдасын өзгөрбөс же өзгөрүүчөн акча бирдиктери менен өлчөөнү жана ушул акча бирдиктери менен каалаганынча иш жүргүзүүнү коом ыктыярына коюп бербеди. Балким, бул акча бирдиктерин белгилүү бир акча бирдиктери менен анык белгилеп койду, коом нерселер жана эмгектер баасын ушул акча бирдиктери менен ифадалайт. Муну төмөндөгүлөрдөн түшүнүүгө болот:

Биринчиден, Ислам казына кылынышы арам болгон малды алтын жана күмүш менен хастаган. Негизи, бардык нерселер: буудай да, курма да, акча да мал болуп саналат. Казына кылуу болсо товар жана эмгекте эмес, акчада көрүнөт. Аяттагы акчаны казына кылуудан кайтаруудан мурат – анын жалпы айырбаштоо васитасы экендиги. Ошондуктан, акчаны казына кылуудан кайтарылып жатат. Акчадан башкасын топтоо казына эмес, эхтикар деп аталат. Ошондуктан, алтын жана күмүштү казына кылуудан кайтарган аят акчаны казына кылып, сактап коюудан кайтарды. Алла Таала айтат:

﴿وَالَّذِينَ يَكْنِزُونَ الذَّهَبَ وَالْفِضَّةَ وَلاَ يُنفِقُونَهَا فِي سَبِيلِ اللَّهِ فَبَشِّرْهُمْ بِعَذَابٍ أَلِيمٍ﴾

*- «Алтын-күмүштү басып, аны Алла жолунда нафака-эхсан кылбай турган адамдарга жан чыдагыс азаптын «сүйүнчү кабарын» жеткизгин!».* [9:34]

Демек, бул жерде тыюу айырбаштоо васитасы болгон акчага каратылып жатат. Ушуга караганда, алтын күмүштү казына кылуу – зарб кылынган же кылынбаганына карабастан – арам.

Экинчиден, Ислам алтын жана күмүштү өзгөрбөс сабыт өкүмдөр менен байлады. Мисалы, кун акы үчүн белгилүү бир өлчөмдөгү алтынды белгиледи. Кол кесиле турган уурулук өлчөмү да алтын

менен белгиленген. Пайгамбар ﷺ Яман калкына жазган катында мындай дейт:

«وَأَنَّ فِي النَّفْسِ الدِّيَةُ مَائِةً مِنَ الْإِبِلِ ... وَعَلَى أَهْلِ الذَهَبِ أَلْفُ دِينَارٍ»

**«Адамдын кун акысы жүз төө... Алтыны барлар үчүн миң динар».** Бул хадисти Насаий Амр ибн Хазмдан рыбаят кылган. Бухарий Айша ﵂дан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«تُقْطَعُ الْيَدُ فِي رُبْعِ دِينَارٍ فَصَاعِدًا»

**«Чейрек динар жана андан артыгы үчүн кол кесилет»,** - деген. Белгилүү бир өкүмдөрдү динар жана дирхам менен белгилөө, алтындын бир мискалы динар, күмүштүн бир мискалы дирхам болушу – алардын нерсе жана эмгектердин баасын өлчөөчү акча бирдиги экендиги. Демек, бул акча бирдиги акчанын өзү, анын негизи. Шарияттын акчага алакадар өкүмдөрдү алтын жана күмүш менен байлашы акчанын бир гана алтын жана күмүш болушуна далил.

Үчүнчүдөн, Пайгамбар ﷺ алтын жана күмүштү акча кылып белгиледи. Товар жана эмгектердин баасын өлчөөчү өлчөө да ошолор эле. Бардык малиявий мамилелер да алардын негизинде жүз берер эле. Пайгамбарыбыз ﷺ бул акчанын өлчөөсүн укия, дирхам, доник, кийрот, мискал жана динар деп белгиледи. Булардын баары Пайгамбар ﷺдын заманында маалым жана машхур болуп, адамдар ушул өлчөөлөр менен мамиле жүргүзүшөр эле. Пайгамбар ﷺ аларга каршылык билдирбеди. Сахих хадистерде келишинче, бардык соода жана никелерде алтын жана күмүш акча катары иштетилген. Пайгамбар ﷺ алтын жана күмүштүн оордугун меккеликтердин мезаны (өлчөөсү) менен белгилеген. Абу Давуд жана Насоий Ибн Умардан рыбаят кылууларына караганда, Пайгамбар ﷺ:

«اَلْوَزْنُ وَزْنُ أَهْلِ مَكَّةَ»

**«Өлчөө - меккеликтердин өлчөөсү»,** - деген. Исламдагы акча өлчөөлөрүнө назар таштай турган болсок, шариятта укиянын 40 дирхамдыгы, дирхамдын 6 дониктиги, динардын 20 кийраттыгы, 10 дирхамдын 7 мискалдыгы маалым болот. Медина мезандары да ушуга негизделген.

Төртүнчүдөн, Алла Таала акча зекетин алтын-күмүш боюнча важып кылып, нисапты да алар менен белгилеген. Демек, акча зекетинин алтын-күмүш менен белгилениши акчанын алтын күмүш экендигин көрсөтөт.

Бешинчиден, акча алмаштыруу өкүмдөрү да, бардык малиявий мамилелердин өкүмдөрү да бир гана алтын-күмүш негизинде

келген. Акча алмаштыруу – акчаны акчага сатуу. Бирдей же ар түрдүү акчалар бири-бирине сатылат. Башкача айтканда, алмаштыруу – акчаны акчага айырбаштоо. Демек, шарияттын жалаң акчага байланыштуу болгон мамиле – акча алмаштырууну – алтын жана күмүшкө байлашы акчанын алтын жана күмүштөн башка нерсе болбошу важыптыгына далил. Пайгамбар ﷺ:

«بِيعُوا الذَّهَبَ بِالْفِضَّةِ كَيْفَ شِئْتُمْ يَدًا بِيَدٍ»

**«Алтынды күмүшкө колмо-кол кылып каалаганыңарча сата бергиле»,** - деген. Термизий рыбаяты. Дагы Пайгамбар ﷺ:

«اَلذَّهَبُ بِالْوَرِقِ رِبًا إِلاَّ هَاءَ وَهَاءَ»

**«Алтынды күмүшкө сатуу мына-мына түрүндө (т.а. ошол учурдун өзүндө «мына»-«мына» деп накма-нак) болбосо – риба»,** - деген. Бухарий рыбаяты.

Демек, акча пикир жана кеңеш түркүмүндөгү, же экономикалык, финансылык турмуш талабы менен болгон нерселер катарына эмес, шарияттан өзүнүн анык өкүмүн алган нерселер катарына кирет. Ал акча бирдиги экени жана жынысы жагынан шаръий өкүм менен сабыт. Жогорудагы беш ишке назар таштаган адам Исламдагы акчанын шаръий өкүмдөргө алакадарлыгын көрөт. Казына кылынышына тыюу салынышы, зекеттин важып болушу, акча алмаштыруу өкүмдөрүнүн ага алакадарлыгы, Пайгамбар ﷺдын аны менен мамиле кылууга каршылык билдирбегени, кун акы жана кол кесиле турган уурулук чениnин аны менен өлчөнүшү – булардын баары акча туурасында пикир айтуу шарият хужжатына байланыштуулугун көрсөтөт. Шарияттын акчага алакадар өкүмдөр менен анын алтын жана күмүш экендигине хужжат келтириши акчанын алтын жана күмүштөн башка нерсе болбошу, же анын негизи алтын жана күмүш болушу важыптыгына ачык далил. Шаръий өкүмдөр дайын кылып берген акча түрүнө баш ийүү шарт экендигинен келип чыга турган болсок, Исламдагы акчанын алтын жана күмүш болушу важып. Бирок, ушуну да айтып өтүү лазым, алтын жана күмүштүн гана акча кылып белгилениши алардан башкасын айырбаштоо мүмкүн эмес дегенди билдирбейт. Себеби, бул жерде кеп айырбаштоо жөнүндө эмес, акча жана акчаны кабыл кылуу жөнүндө болуп жатат. Адамдардын өз ара бардык нерсени айырбаштоолору жайыз. Болгону, айырбаштоонун акчага тиешелүү өлчөөсү алтын жана күмүш болушу шарт. Анткени, Исламдагы акча: алтын жана күмүш.

Пайгамбар ﷺ алтын жана күмүштүн жынысын акча кылып белгилеген. Белгилүү бир калыпта зарб кылынабы-жокпу, Перстин зарбы болобу, Римдин зарбы болобу, зарб кылынбаган, накш

(белгилүү бир оймо-чийме) түшүрүлбөгөн күмүш бөлүктөрү болобу, Ямандыкы болобу, башканыкы болобу – баары менен мамиле кылына берген. Этибар анын саны же накшына эмес, оордугуна каратылган. Жумурткадай алтын да мамиледе жүрө берген. Зекет сыяктуу Алланын акылары да, карыз сыяктуу пенделердин акылары да, товардын баасы да алтын жана күмүштүн оордугуна карай белгиленген. Пайгамбар ﷺдын заманында да төрт хулафаи рошидиндердин заманында да, Бану Умайя заманынын баштарында да абал ушундай улантылган. Абдулмалик ибн Марван бийлик башына келгенден кийин, мамиледеги бардык накшталган жана накшталбаган алтын-күмүштөрдү топтоп, аларды бирдей Мекке оорлугунда коюп, аларга Ислам зарбын уруп, өлчөп отуруунун кажети болбой турган теңгелерге айлантты. Бул иш хижраттын жетимиш бешинчи жылында жүз берди. Тарыхтын ошол күнүнөн баштап, зарб кылынган исламий динарлар жана исламий дирхамдар жүзөгө келип, исламий мамлекеттин өзгөчө белгиге ээ болгон акчасына айланды. Ушуга караганда, Исламдагы акча түзүмү – негиз жагынан – алтын жана күмүштүн оордугу. Көлөмү, зарбы, көрүнүшү, накшы сыяктуу иштер ыкмага кирет. Ушуга ылайык, шаръий сөздөрдүн каеринде алтын-күмүш сөзү варид болгон болсо, ал эки маанини билдирет: Алардын бири жез, коло же кагаз акча болсо да, алтын жана күмүштүн мукабылы болгон мамиледеги акча болсо; экинчиси, алтын жана күмүш. Алтын жана күмүштөн жасалган акчалар да, алтын жана күмүшкө айлантуу мүмкүн болгон жез же кагаз акчалар да акча эсептеле берет.

**Алтын түзүмү**

Эгер мамлекет өзүнүн ички жана тышкы мамилелеринде алтын акчаны иштетсе, же ичкериде иштетүү же тышкарыга чыгаруу үчүн алтынга айланышы мүмкүн болгон кагаз акчаны иштетсе, бул айлантуу туруктуу баада турса т.а. кагаз акча бирдигинин маалым өлчөмдөгү алтынга айланышы, же тескерисинче, алтындын кагаз акчага айланышы белгилүү баа менен белгилеп коюлган болсо, мындай мамлекет алтын түзүмү негизинде жүрүп жаткан болот. Мындай абалда мамлекеттеги акчанын баасы алтындын баасы менен тыгыз байланыштуу болушу табигый. Товарга карата алтындын баасы көтөрүлсө, акчанын да баасы көтөрүлөт, төмөндөсө төмөндөйт.

Алтынга негизделген акча өзүнө таандык белгилерге ээ болот. Мындай акча бирдиги белгилүү бир айырбаштоо менен алтынга байланат т.а. мыйзамдуу түрдө анын курамында маалым бир өлчөмдө алтын болот. Алтындын экспорту жана импорту эркин жорий кылынып, адамдардын акча же куйма алтын, же алтын

рудаларына ээ болуулары, аларды алып чыгып кетүүлөрү беймарал болот.

Алтын мамлекеттер аралык эркин мамиледе болгондон кийин, ар бир шахс кааласа чет эл валютасын сатып алат, кааласа алтынды жиберет. Өзүнө кем чыгымдуусун тандап ала берет. Эгер алтын баасына аны жиберүү чыгымдары кошулганда базардагы чет эл валютасынын баасы ашып кетсе, валютаны жибергени жакшыраак. Эгер алтынды валютага алмаштыруу баасы кымбатыраакка түшсө, алтынды жибергени абзелирээк.

**Алтын түзүмүнүн абзелдиктери**

Алтын түзүмү күмүш жана башка түзүмдөргө салыштырылганда, бүткүл дүйнө акчасы үчүн алтын түзүмү жорий кылынышы шарт экендиги маалым болот. Анын абзелдиктери башка нерселердин акча үчүн түзүм болушуна жол койбойт. Акча үрпкө киргенден баштап, тээ биринчи дүйнөлүк согушка чейин бүткүл дүйнө алтын жана күмүш түзүмүнө амал кылып келген. Алардан башка түзүм болбогон. Колонизаторлук экономикалык-финансылык ыкмаларын ойлоп тапкан соң, акчаны колония кылуу ыкмасына айландырышып, ал үчүн алтын-күмүштөн башка түзүмдөрдү жорий кылды. Банктагы аманаттарды да, алтын же күмүшкө таянбай турган, мажбурлап тыгыштырылгын кагаз акчаларды да о.э. алтын-күмүштүн өзүн да акча ченеми эсептей турган болушту. Ушуга  караганда, алтын түзүмүнүн абзелдиктерин айтып өтүү лазым болуп калды. Бул абзелдиктердин эң этибарлуулары төмөндөгүлөр:

1. Алтынга негизделүү алтындын айланышындагы, экспорт жана импорт кылынышындагы эркиндикти талап кылат. Бул иш өз кезегинде акча туруктуулугун, финансылык жана экономикалык туруктуулукту талап кылат. Мындай абалда акча алмаштыруу операциялары товарлардын бааларын каптоочу тышкы төлөмдөрдөн жана жумушчулардын маяналарынан нарыга өтпөйт.

2. Алтын түзүмү дегени – эл аралык акча алмаштыруу баасынын туруктуулугу дегени. Муну менен эл аралык соода өнүгөт. Анткени, соодагерлер тышкы соодаларын кеңейтүүдөн коркушпайт. Алмаштыруу баасы туруктуу болгону себептүү сооданын кеңейишине коркунуч жок.

3. Алтын түзүмүндө борбордук банктар да, өкмөттөр да кагаз акчалар иштеп чыгарылышын кеңейте алышпайт. Себеби, алар белгилүү бир баада алтынга  алмашуу жөндөмүнө ээ. Атайын башкармалар иштеп чыгаруу кеңейип кетсе, алтынга талап күчөп кетишинен, кийин бул талапка жооп бере албай калышынан коркушат. Ушуга  караганда, иштеп чыгарылган акча менен запастагы алтын ортосундагы макул нисбатты кармап турушат.

4. Бүткүл дүйнөдө иштетиле турган акчалардын ар бири белгилүү бир алтын өлчөмү менен белгиленет. Мына ошондо товарлар, малдар, шахстардын бир мамлекеттен экинчисине баруулары оңойлошот. Валюта жана акча жетишпестиги проблемасы чечилет.

5. Ар бир мамлекет өзүнүн алтын байлыгын сактап калат. Алтынды бир мамлекеттен экинчисине контрабанда жолдору менен алып кирүүлөр болбойт. Мамлекет өз байлыктарын сактап калуу үчүн эч кандай көзөмөлгө муктаждык сезишпейт. Себеби, анын байлыгы жалаң мыйзамдык жолдор менен гана: же товар баасы катары, же кызмат акысы катары гана өтөт.

Алтын түзүмүнүн айрым абзелдиктери мына ушулар. Бүткүл дүйнө ушул түзүм негизинде жүрүшү зарылдыгын ушулардын өзү көрсөтүп турат. Ошондуктан да, тээ биринчи дүйнөлүк согушка чейин дүйнөнүн ушул жолдон барганы таң калыштуу абал эмес. Биринчи дүйнөлүк согуш башталган убакта дүйнөдөгү жетекчи акча түзүмү алтын пайдубалы үстүнө курулган эле. Ошол убакта мамиледеги акчалар алтын теңгелерден турган эле. Кагаз акчалар да өз баасындагы алтынга айырбашталуу жөндөмүнө ээ болгон. Алтын түзүмү менен бирге күмүш түзүмү да колдонулган. Бул түзүмдүн колдонулушу экономикалык мамилелерде өзүнүн укмуштуу жемиштерин берген. 1914-жылы биринчи дүйнөлүк согуш жарыя кылынгандан кийин, согушуп жаткан мамлекеттер түрдүү кыл токтомдор кабыл алышып, алтын түзүмүн калкытып жиберишти. Кайсы бир мамлекет өз валютасын алтынга алмаштырууну токтотуп койду, кайсы бири алтын экспортун артык даражада чектеп жиберди, дагы бири импортко тосколдук кылды. 1971-жылга келип, Америка алтын түзүмүнө амал кылууну токтоткондугун, алтын менен доллар ортосундагы байланыштуулук бекер кылынгандыгын жарыя кылды. Ошондон баштап алтындын акча менен болгон алакасы үзүлүп, башка товарлар катары жөнөкөй товарга айланды. Американын мындан максаты, долларды дүйнөдөгү негизги акчага айлантып, эл аралык финансылык базар көзөмөлүн колго киргизүү эле. Ушуну менен дүйнө алтын түзүмүнө амал кылбай койду. Натыйжада, акча түзүмү изден чыкты. Алмаштыруу баалары туруксуздашты. Акчалар, товарлар, шахстардын көчүп жүрүүлөрүндө кыйынчылыктар, тосуктар жүзөгө келди.

**Алтын түзүмүнүн проблемалары**

Алтын түзүмү бүткүл дүйнөнү ээлеген убакта анын эч кандай проблемасы жок эле. Ири мамлекеттер олжо мамлекеттерге каршы акча аркылуу сокку берүүгө уруна баштаган, алтын түзүмү менен бирге мажбурий кагаз акча түзүмү да колдонулган, колонизатор

Батыш мамлекеттери эл аралык валюта корун түзгөн, Америка долларды акча түзүмүнүн негизине айланткан күндөн баштап проблемалар туула баштады. Ушуга караганда, акча түзүмүн колдонуучу мамлекет каршысында турган проблемаларды түшүнүү керек болот. Ал муну менен аны чечүү, жеңип өтүү планын түзсүн. Бул проблемалар төмөндөгүлөр:

1. Өндүрүш кубаты жана эл аралык соодада атаандаштык күчү артып кеткен, аалымдар, адистер, өнөрпоздорду көп жетиштирип чыгарган мамлекеттерде алтындын топтолуп калышы. Мындай мамлекеттерге алтын товар баасы катары да, кызмат акы катары да агып бара берет. Натыйжада, дүйнөдөгү мавжуд алтындын ири көлөмү ошол мамлекеттерде жыйылып калат. Кийин мамлекеттер ортосундагы алтындын бөлүнүшү изден чыгып, башка мамлекеттер өзүндөгү алтындардын четке чыгып кетишинен коркуп калышат да, анын чыгышына тыюу салып коюшат. Акыбетте, тышкы соода аракеттен токтоп калат.

2. Айрым мамлекеттерге бул мамлекет эсеп (соода) балансын өз пайдасына багыттандырмакчы болгону себептүү алтын агып келет. Бирок, бул кирип келген алтын ички базарга таасир көрсөтүп, бааларды көтөрүп жибербеши үчүн анын өлчөмүндөгү акчаны мамиледен чыгарып алууга жетиштүү боло турган кымбат баалуу кагаздардан маалым бир өлчөмдү базарга таштайт. Натыйжада, алтын өзүндө калып, аны экспорт кылган мамлекеттерге кайтпайт да, алар алтын түзүмүнөн зыян көрүп калышат.

3. Алтын түзүмүнүн кең жайылышы мамлекеттер ортосундагы ар түрдүү өндүрүш тармактарына каражат ажыратуу о.э. соода жолундагы тосуктарды алып таштоого байланыштуу. Бирок, мамлекеттер өз өнөр жайы жана дыйканчылыгын күчтүү коргоп, бажыканалар түзүшөт. Натыйжада, алардан алтын алып чыгуу үчүн аларга товар киргизүү оорлошот жана алтын түзүмү негизинде жүргөн мамлекет зыян көрөт. Себеби, ал товарын адаттагы баада киргизе албагандан кийин, же бажыкана чыгымдарын капташы үчүн баасын төмөндөтүүгө, же таптакыр алып кирбей коё калууга мажбур болот.

Алтын түзүмүн бир же бир нече мамлекеттер гана колдогонунда туш келиниши мүмкүн болгон проблемалар мына ушулар. Аларды жеңип өтүү соода саясатынын автаркияга (башка мамлекеттер экономикасына байланыштуу болбогон эгемендүү улуттук чарба жаратууга каратылган саясатка) негизделиши, жумушчулардын эмгек акысы өндүрүп жаткан товарларынын баасына да, турмуш деңгээлине да эмес, эмгектерине карай белгилениши, финансылык кагаздар да, акциялар да шахстардын мүлкү эсептелбеши, мамлекеттин өндүрүүдө экспортко кемирээк таянып, товар же чет

элге бара турган жумушчуларсыз эле өндүрүүнү ичкериде жолго коюшуна карай болот. Мына ошондо бажыкана тосуктары таасир көрсөтө албайт. Ушул саясат негизинде жүргөн мамлекет алтын түзүмү негизинде жүргөн мамлекет эсептелип, бардык кызыкчылыктарын колго киргизип, проблемаларын жоёт. Ал эч кандай зыян көрбөйт, тескерисинче, пайда гана алат. Ал бир гана алтын жана күмүш түзүмүнө баш ийиши лазым.

**Күмүш түзүмү**

Күмүш түзүмүндө акча бирдигинин негизи күмүш болуп, анын кени чектелбеген түрдө, эркин зарб кылынат. Бул түзүм байыртан маалым жана машхур болгон. Ислам мамлекетинде ал алтын түзүмү менен жанаша турган. Айрым мамлекеттердин негизги акча түзүмү жалгыз анын өзү болгон. Индо-Кытайда 1930 жылдай, күмүш теңге ордун алтын теңге ээлегенге чейин, ага амал кылып келинген. Күмүш түзүмүнүн тафсилаттары алтын түзүмү менен бирдей. Ошондуктан да, бир мамлекетте аларды жанаша колдонуу кыйын эмес. Ислам мамлекети Пайгамбар ﷺдын хижратынан бери алтын жана күмүш саясатына негизделип келген. Мындан кийин да акча саясаты алтын жана күмүшкө негизделип калышы керек. Башкача айтканда, акча алтын жана күмүш болушу шарт. Мамилеге алардын өздөрү чыгарылабы, же алардан мукабылына ээ болгон кагаз акчалар чыгарылабы, айырмасы жок.

**Маъданий акчалар**

Экономисттер болушу мүмкүн болгон ар түрдүү маъданий (металл) акчаларды негизинен эки түргө ажыратышат: Жалгыз маъдан түзүмү; Эки маъдан түзүмү. Жалгыз маъдан түзүмүндө негизги акчалар бир маъдан теңгелери менен чектелет. Эки маъдан түзүмүндө болсо алтын теңгелер да, күмүш теңгелер да негизги акчалар эсептеле берет. Эки маъдан түзүмү үч белгиге ээ болот:

Биринчиси, алтын жана күмүш теңгелердин чектелбеген муалажа кубатына ээ болушу.

Экинчиси, ар эки маъдан куймаларын эркин зарб кылуу.

Үчүнчүсү, алтын теңгелер менен күмүш теңгелер баалары ортосундагы мыйзамдык нисбаттын болушу.

Эки маъдан түзүмү мамилеге коюлган акчалары өлчөмүнүн көптүгү менен айырмаланып турат. Себеби, ар эки маъдандын теңгелери негизги акча катары иштетиле берет. Муну менен баалардын жогорулугу сакталып калат. Натыйжада, өндүрүүнү көбөйтүүгө каалоо күчөйт. Ошол эле учурда, акчалардын баасы турукташат. Баалар улам экономикалык кризиске алып баруучу чоң өзгөрүүлөргө туш келе бербейт. Ушулардан маъданий акчаларда эки маъданды колдонуу бир маъданды колдонуудан көрө жакшыраак көрүнүп турат.

**Кагаз акчалар**

Кагаз акчалар үч түрдүү:

**1. Орунбасар кагаз акчалар.** Алар акча же куйма калыбындагы алтын жана күмүштөн маалым бир өлчөмдү көрсөтө турган жана маалым бир жайга аманат коюлган кагаздар. Анын маъданий баасы өзүндө көрсөтүлгөн баа менен барабар болуп, талап кылынган убакта алмашыла берет. Мындай абалда мамилеге маъданий акчалар, тууларагы, маъданий акчалардын өзү эмес, алардын ордун баса ала турган орунбасар кагаз акчалар чыгарылат.

**2. Васика кагаз акчалар.** Ага кол койгондор васика ээсине белгилүү бир өлчөмдөгү маъданий акча берүү милдеттенмесин алышат. Анын мамиледеги баасы кол коюучуларга жана алардын убадага туруулaрына болгон ишенимге байланыштуу. Эгер бардыгы аларды ишеничтүү деп билсе, аларды мамилеге чыгаруу теңгелер сыяктуу оңой кечет. Бул акчалардын негизги түрү бардык ишене турган маалым жана машхур банк чыгарган банкноттор (банк тарабынан чыгарыла турган акча ордуна жүрө турган кагаздар) болуп саналат. Бирок, орунбасар кагаз акчаларда болгонундай, банкнотторду, башкача айтканда, васика кагаз акчаларды чыгарган банк же өкмөт алардын баасы менен бапбарабар алтын сактабайт, балким, бул кагаздардын кыйматын кепилдөө үчүн алардын кыйматынын белгилүү бир нисбатына тең болгон маъдан запасын сактайт. Бул нисбат $^{3}/_{4}$ же $^{2}/_{3}$ же $^{1}/_{3}$ же белгилүү бир пайыз болушу мүмкүн. Ушуга  караганда, запастагы маъдан мукабылындагы банкноттор орунбасар кагаз акчалар эсептелип, калгандары васика кагаз акчалар катарына кирет. Алардын мамиледеги күчү адамдардын кол коюучуларга болгон ишенимине карай болот. Мисалы, банкнот чыгарган банк же өкмөт жыйырма миллион динардык маъдан запасы болгон абалда кырк миллион динарлык кагаз акча чыгарат. Ушул кырк миллиондун запасы мукабылындагылары т.а. жыйырма миллиону орунбасар кагаз акчалар эсептелип, калган жыйырма миллиону васика кагаз акчалар (банкноттор) эсептелет.

Ушуга  караганда, эгер мамлекеттин чыгарган акчасына жараша алтын же күмүш запасы болсо, анын акчасы орунбасар кагаз акчалар, бир сөз менен айтканда, толук акчалар эсептелет. Эгер мамлекеттин алтын же күмүш запасы чыгарган акчасына туура келбесе, анын бир бөлүгүнө гана ылайык болсо, анын акчасы васика кагаз акчасы делет.

**3. Айырбашталуу жөндөмүнө ээ болбогон акчалар.** Алар мажбурий кагаз акчалар да делет. Аларга карата «кагаз акчалар» наамы колдонулат. Алар өкмөттөр чыгарып негизги акчаларга

айландырган, бирок, алтын же күмүшкө алмашынбай турган, алтын же күмүш, же банкнот запасы менен кепилденбеген акчалар болуп, мыйзам аркылуу чыгарыла беришет да, бирок, аларды чыгарган банк алтын же күмүшкө айлантып берүү милдеттенмесин өз мойнуна албайт.

**Акча чыгаруу**

Коомдун товар баасын белгилеши – баа болсо, эмгек баасын белгилеши – акы. Ушул белгилөөнү көрсөтүүчү нерсе акча. Ал себептүү биз үчүн ар түрдүү товарларды да, эмгектерди да өлчөө мүмкүнчүлүгү туулат. Натыйжада, ар түрдүү товарлар жана эмгектерди бири-бирине салыштыруу оңой кечет. Анткени, алардын баары жалпы ченем эсептелген бир бирдикке (акча бирдигине) барып такалат. Жумушчунун да, товардын да акысын төлөө ушул бирдик негизинде жорий кылынат.

Акчалардын кымбаты алардагы сатып алуу кубаты менен т.а. адамдын аларга канча товар же эмгек сатып алышы мүмкүндүгүнө карай өлчөнөт. Ушуга караганда, коомдун товар жана эмгек баасын белгилөөнү көрсөтүүчү нерсе акча болушу үчүн сатып алуу кубатына ээ болушу т.а. адамдар ал аркылуу товар жана эмгектерге жетише алуулары шарт.

Негизи, бул нерсе акча болушу үчүн өзүнчө бир ички кубатка ээ болушу же таянышы, башкача айтканда, анын өзү адамдардын назарында этибарлуу кымбаттуулук ээси болушу лазым. Бирок, мамлекеттердин акча иштеп чыгаруу вокыйы мындай эмес. Айрым мамлекеттерде акча өзүнчө бир ички кубатка ээ болсо же сүйөнсө, айрымдарында бир нерсе акча деп кабыл кылынат да, ага сатып алуу кубаты берилет. Мамлекеттер акча чыгарууда же алтын-күмүш түзүмүнө, же мажбурий кагаз акча түзүмүнө негизделишет. Алтын-күмүш түзүмүнө негизделген мамлекеттер акча чыгарууда эки ыкманы колдонушат: Биринчиси, маъдан ыкмасы. Жалгыз маъдан ыкмасы болобу, эки маъдан ыкмасы болобу, айырмасы жок. Экинчиси болсо, кагаз акча ыкмасы. Түрдүү товар жана акчалардын бааларын көрсөтүүчү акча бирдигине негизделген абалда алтын же күмүштөрдүн өздөрүн зарб кылып, ар түрдүү кыйматтагы теңгелер чыгаруу маъдан ыкмасы болуп саналат. Мамлекет акчалары катары ушул теңгелердин өздөрү коюлат. Алтын-күмүш түзүмүнө негизделген мамлекеттердеги кагаз акча ыкмасы алтын-күмүшкө айырбашталуу жөндөмүнө ээ болгон кагаз акчаны колдонуу эсептелет. Мунун эки жолу бар: Биринчиси, акча же куйма калыбындагы алтын-күмүштөн өкүл кылынган, маалым бир жайга аманат коюлган, маъданий баасы өзүндө көрсөтүлгөн баа менен барабар болуп, талап кылынган убакта алмашыла бере турган кагаз акчаларды жорий кылуу. Алар орунбасар кагаз акчалар деп аталат.

Экинчиси болсо, ушундай кагаз акчаларды жорий кылуу болуп, аларга кол коюучулар кагаз акча ээлерине белгилүү бир өлчөмдөгү маъданий акча берүү милдеттенмесин алышат. Бул кагаз акчалар алтын-күмүштөн өкүл кылынышпайт. Алардын маъданий баасы өздөрүндө көрсөтүлгөн баасы менен барабар болбойт. Аларды чыгарган банк же мамлекет өздөрүндө көрсөтүлгөн кыйматтарына карата азыраак өлчөмдө алтын-күмүш запасына ээ болот. Бул запас алардагы кыйматтын $^3/_4$ү $^2/_3$си $^1/_3$ $^1/_4$ же маалым бир пайызы болушу мүмкүн. Мисалы, банк же мамлекет эки жүз миллион динарлык алтын-күмүш запасына ээ болгон абалда беш жүз миллион динарлык кагаз акча чыгарат. Бул түрдөгү кагаз акча васика кагаз акча деп аталат. Запастагы маъданга «алтын запасы», же «алтын менен камсыздоо» сөзү колдонулат.

Ушул абалдардын бардыгында акча чыгаруучу мамлекет, эмнеси болгондо да, алтын түзүмүнө негизделген эсептелет.

Ушулардан көрүнүп тургандай, өзүнчө өзүнүн ички кубатына ээ болгон нерселер: алтын жана күмүш. Алар акча да, акчанын таянычы да болуулары мүмкүн. Кыскасы, ар бир мамлекет белгилүү бир калып, белгилүү бир салмак, белгилүү бир накш – белгилүү бир белгини кабыл алып, башкалардан айырмаланып тура турган өз акчасын чыгарат. Ал же алтын-күмүшкө сүйөнө турган, ички жана тышкы мамилеге коюла турган орунбасар кагаз акчаларды, же өзүндө көрсөтүлө турган кыйматка карата азыраак өлчөмдөгү алтын запасы менен васика кагаз акчаларды кабыл алат. Бир мамлекеттин акчасы башкасыныкынан айырмаланышы үчүн бул кагаздар белгилүү бир белги жана белгилүү бир сүрөткө ээ болушат.

Мажбурий кагаз акча түзүмүнө негизделген мамлекеттер алтын-күмүш же башка кымбат баалуу маъданга белгиленген баада айырбашталуу жөндөмүнө ээ болбогон кагаз акчаларды чыгарышат. Аларды чыгарган уюм алтынга алмаштырып берүү милдеттенмесин өз мойнуна албайт. Мындай мамлекетте алтын бардык товарлар катары мезгил-мезгили менен сунуш жана талапка карай, баасы өзгөрүп тура турган товар эсептелет. Бул кагаз акчаларды запастагы маъдан кепилдебейт. Алар маъданий акчаларга алмаштырылбайт. Алардын мыйзамдык кыйматынан башка нерсеси жок. Өзүнчө кубатка да ээ эмес, сүйөнүшпөйт да. Алар айырбаштоо каситасы катары кабыл алынган бирдиктен башка нерсе эмес. Айырбаштоо каситасы болуулары үчүн аларга кубатты мыйзам берет. Ушуну менен адам алар аркылуу товар жана эмгекке жетише алат. Кыскасы, алар өз күчтөрүн аларды кабыл алган жана чыгарган мамлекеттен алышат.

Ырас, акча ушундай түрдө чыгарылар экен, ар бир мамлекет коомдун товар жана эмгекти белгилешин көрсөтүүчү нерсени, эгер

анда сатып алуу кубаты болсо, кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ушуга негизделип, ар бир мамлекет коомдун товар жана эмгек бааларын белгилешин көрсөтө турган, өзгөрбөс анык белгиге ээ болгон акчаны чыгарууга кудуреттүү. Ал аркылуу ушул мамлекеттин ар бир жараны товар жана эмгекти сатып алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Башка мамлекеттер да ал аркылуу канча товар жана эмгекти сатып алууларына карап, аларды тан алууга мажбур болушат.

Мамлекет акча чыгарууда эл аралык валюта кору, эл аралык банк, борбордук банк сыяктуу нерселерге таянышы шарт эмес. Ал кабыл алган акча бирдиги товар жана эмгекти сатып алуу кубатына ээ болсо болду. Ошонун өзү анын акча болушуна жетиштүү болот. Алтын-күмүштүн өзү зарб кылынышы да, аларга таянуучу орунбасар кагаз акчалар болушу да, маалым бир өлчөмдөгү алтын-күмүш запасына ээ болгон васика кагаздары болушу да, адам ага товар жана эмгек сатып алышы мүмкүн болгон жөнөкөй кагаз акчалар (банкноттор) болушу да мүмкүн.

Мамлекеттер өз ара алтын-күмүш менен мамиле кылып келишкен. Ар бир мамлекет акчасынын алтын-күмүшкө карата өзгөрбөй турган, башкалардан айырмаланып тура турган маалым бир белгиси болгон. Кийин бир мамлекет алтын-күмүш акчалар менен бирге кагаз акчалар да чыгара баштаган. Кийин дагы бир мамлекет алтын-күмүш акчалары калышы менен бирге кагаз акчалар чыгарууну да кабыл алган. Ушуну менен дүйнө акчалары алтын-күмүш, алтын-күмүшкө айырбашталуу жөндөмүнө ээ болгон кагаз акчалар о.э. эч нерсеге таянбай турган кагаз акчалар болуп калган. Экинчи дүйнөлүк согуш бүткөндөн 1971-жылга чейин акчалар негизинен эки түрдүү, маъданий жана ушул үч түрдүү кагаз акчалар болгон. 1971-жылдан баштап Америка кошмо штаттарынын президенти Никсондун Бреттон-Вудс келишиминин бүткөндүгүн жарыя кылып, долларды алтынга алмаштырып берүү бекер кылынганын жарыя кылгандан кийин, бүткүл дүйнө жалгыз мажбурий кагаз акча түзүмү негизинде жүрө баштады.

**Айырбашталуу баасы**

Айырбаштоо – акчаны акчага алмаштыруу. Бирдей жыныстагы акчаларды алмаштыруу да, ар түрдүү жыныстагы акчаларды алмаштыруу да, мисалы, алтынды алтынга, күмүштү күмүшкө алмаштыруу да, алтынды күмүшкө, күмүштү алтынга алмаштыруу да мүмкүн. Бирдей жыныстагы акчалар алмаштырылганда теңдик болушу шарт. Артык-кем болушу риба, арам. Алтынды алтынга, өз баасындагы алтынга айырбашталуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон кагаз акчаны алтынга алмаштыруу мунун мисалы. Ошондуктан, мындай абалда айырбашталуу курсу болбойт.

Алтынды күмүшкө, англис фунтун долларга, рублду франкка сыяктуу ар түрдүү жыныстагы акчаларды алмаштырууда колмо-кол болушу шарты менен ашык-кемдик нисбаты т.а. айырбашталуу баасы болушу мүмкүн. Демек, айырбашталуу баасы – ар түрдүү жыныстагы акчаларды алмаштыруудагы нисбат.

Адамдардын акча алмаштырууга үндөгөн нерсе – бир тараптын экинчи тарап колундагы акчага болгон муктаждыгы. Бир мамлекетте мамилеге коюлган акчаны алмаштыруу, мисалы, алтынды күмүшкө, күмүштү алтынга алмаштыруу даана көрүнүп турган иш. Себеби, мамлекет алтын да, күмүш да түзүмүнө негизделген. Бул эки акча ортосунда айырбашталуу баасы болуп, базар баасына карай белгиленет. Мамлекет иштетип турган ар түрдүү жыныстагы акчалар ортосундагы айырбашталуу баасынын өзгөрүп турушу зыян кылбайт. Анткени, бул иш товарлар баасынын өзгөрүп турушуна окшойт.

Эки же андан ашык мамлекеттин ар түрдүү акчаларын алмаштыруудан проблема жүзөгө келет. Ошондуктан да, аны вокый катары үйрөнүп, ал жана айырбашталуу баасы туурасындагы шаръий өкүмдү баян кылуу лазым болот.

Бул маселеге вокый катары токтоло турган болсок, мамлекеттер ар түрдүү түзүмдөргө негизделишет. Алтын түзүмүнө негизделе турган мамлекеттер менен мажбурий кагаз акча түзүмүнө негизделе турган мамлекеттердин абалдары бири-биринен айырмаланат. Эгер бир нече мамлекеттер алтын түзүмүнө негизделишсе, алардын ортосундагы айырбашталуу баасы же алмаштыруу нисбаты дээрлик туруктуу болуп калат. Эгер маъданий ыкмага амал кылышса, маселенин чечими өз-өзүнөн көрүнүп калат. Себеби, сиз вокыйда сунуш жана талапка карай биринин баасы экинчисиникинен айырмаланып тура турган ар түрдүү акчаларды эмес, алтынды алтынга алмаштырып жаткан болосуз. Болгону, бир мамлекетте зарб кылынган алтын акчанын экинчисинен айырмасы символу же сүрөтү гана болот. Мындай убакта айырбашталуу баасы бир мамлекет акчасынын таза алтын салмагы менен экинчи мамлекет акчасындагы таза алтын салмагы ортосундагы нисбат болот. Алтын түзүмүнө амал кыла турган мамлекеттер ортосундагы айырбашталуу баасы өз ара бири-бирине алтынды алып өтүү каражаттарына байланыштуу болгон маалым эки чегара ичинде гана өзгөрүшү мүмкүн. Ал алтындын эки чегарасы деп аталат. Бул каражаттар көбүнчө аз өлчөмдө болгондуктан, бир аз өзүбүзгө эрк берип, алтын түзүмүнө амал кыла турган мамлекеттер ортосундагы айырбашталуу баасы дээрлик туруктуу болот дешибиз мүмкүн. Мамлекеттер орунбасар кагаз акчалар ыкмасына амал кылышса да, айырбашталуу баасы туурасында абал маъданий ыкмада кандай

болсо, ошондой болот. Себеби, мындай абалда айырбаштоо чындыкта маъданий акчалар үстүндө жүрүп жатат. Болгону, алар маъдан ордуна анын орунбасары – кагаз акчаларды мамилеге коюшууда. Ушуга караганда, алар айырбашталуу баасы туурасында да, башка иштерде да толо маъдан өкүмүн алышат. Васика кагаз акчалар ыкмасына амал кыла турган мамлекеттерде болсо алардын алтын түзүмү негизинде бара жаткандарына карабастан, алтын банкноттордун маалым бир бөлүгүн гана каптаганы себептүү, алардын кыйматы запастагы алтынга карай өзгөрүп турат жана алардын ортосунда айырбашталуу баасы жүзөгө келет. Бирок, ушуну да айтып өтүү лазым, бул айырбашталуу баасы туруктуу калат. Аны билүү оңой кечет. Себеби, ал алтын запасы нисбатына байланыштуу иш. Бул нисбат болсо ачык көрүнүп турган өлчөмдөр.

Эгер бир нече мамлекеттер мажбурий кагаз акча түзүмүнө амал кылышса, өз ара айырбашталуу баасын белгилеп алуу проблемасы туулат. Себеби, акчаны алтынга белгиленген баада алмаштыруу мүмкүнчүлүгү жок. Кош, бул мамлекеттер ортосунда айырбашталуу баасы кандай белгиленет?

Бул проблема мындай түстө чечилет: Ар түрдүү кагаз акчалар дүйнө акча базарында адамдар иштете турган түрдүү товарлар болуп саналат. Анткени, алар акча болгондуктары үчүн эмес, өз мекендериндеги товарларды сатып алууга кудуреттүү болгондору үчүн сатып алынышат. Ушуга караганда, эки кагаз акча ортосундагы алмаштыруу нисбаты же айырбашталуу баасы алардын өз мекендериндеги харид (пайдаланылуу) кубатына карай белгиленет. Ушуга негизделип, айырбашталуу баасы – эки акча ортосундагы алмаштыруу нисбаты – дейбиз. Мисалы, Египет менен Италия кагаз акча түзүмүнө амал кылышса, Италияда Италия лирасына товардын он бирдигин сатып алынып, Египетте Египет фунтуна товардын жүз бирдиги сатып алынса, алардын ортосундагы алмаштыруу нисбатында бир Египет фунту он Италия лирасына туура келет. Бирок, айырбашталуу баасы өзгөрүп турушу мүмкүн. Себеби, кагаз акчалар дүйнө акча базарында адамдар айырбаштай турган ар түрдүү товарлардан турат. Алар акча болгондугу үчүн эмес, өз мекениндеги товар жана эмгектерди сатып алууга кудуреттүү болгондугу үчүн сатып алынат. Ушуга караганда, мекендериндеги товарлар баасынын түшүүсү менен алардын баасы көтөрүлөт, товарлар баасынын көтөрүлүшү менен болсо алардын баасы төмөндөйт. Демек, чет эл валютасынын бизге пайдасы сатып алуу кубатына карай болот. Кубаты артса, бизге пайдасы да артып, аларды колго киргизүү үчүн чоң өлчөмдөгү акчаларыбызды да сарптоого даяр турабыз. Кубаты азайса, бизге тие турган пайдасы да азайып, аларды колго киргизүү үчүн артыкча акча сарптабайбыз.

Себеби, сиз өзүңүздүн акчаңыз өз кыйматын сактап турган абалда чет эл валютасын улам сатып ала бербейсиз. Элестетели, Египет менен Англияда бир жылы баалар жүз пайыз бирдейлешип, бир Египет фунтуна, бир англиз фунту туура келди. Айырбашталуу баасы теңдешти. Акча алмаштыруудан максат англис товарларына болгон муктаждыкты кандыруу гана болуп калды. Мындай убакта биздин англис фунтуна кызыгуу да, андан баш тартуу да болбойт. Бирок, эгер биздеги баалар эки жүз пайызга көтөрүлүп кетип, Англиядагы баалар өз ордунда калса, англиз фунтунун биздеги баасы эки эсеге ашып, бир Египет фунту жарым англис фунтуна туура келип калат. Мына ошондо англиз фунтуна кызыгуу артып, Египет фунтуна кызыгуу азаят. Себеби, Англияда баалар түшкөн, Египетте болсо кымбаттаган болот. Натыйжада, англичандардын Египет фунтуна да, арийне, Египет товарларына да кызыгуулары азайып кетет. Өздөрүнүн товарларын абзел билишет. Анткени, Египет товарларынын баасы эки эсеге ашкан, өздөрүндө өндүрүлгөн товарлардын баасы болсо өз ордунда калган. Ушунтип, акча чыгарган мамлекетте товарлар баалары өзгөрүшү менен айырбашталуу баасы да өзгөрүп бара берет. Мисалы, бир мамлекетте акча көбөйгөндүгү себептүү баалар көтөрүлүп кетсе, айырбашталуу баасы өзгөрбөй аргасы жок. Баалар көтөрүлүп кеткен мамлекет валютасынын тышкы кыйматы төмөндөп кетет.

Бир мамлекет акчасы менен чет эл валюталары ортосундагы айырбашталуу баалары чет эл валюталарынын өз ара айырбашталуу баалары ортосундагы алака менен жанаша жүрөт. Мисалы, Ирак динары жүз Иран риялына, же эки жүз Италия лирасына, же төрт жүз Франция франкына туура келсе, ушул чет эл валюталары ортосундагы айырбашталуу баалары Иранда да ушундай болот. Бир Иран риялы = эки Италия лирасы, же төрт Франция франкы. Италияда да абал ушундай болот. Бир Италия лирасы = эки Франция франкы же жарым Иран риялы. Ар бир мамлекет өз акчасынын чет элдеги баасын баалар даражасы өзгөртүшүнө коюп берип, эл аралык соода кыймылына о.э. жергиликтүү акчанын жергиликтүү акчага же жергиликтүү акчанын чет элдик акчага алмашынышына катуу тоскоолдук кылбаганда гана ушундай абал жүз берет. Бирок, айрым мамлекеттер баалар көтөрүлгөнүнө карабастан, өз акчасынын чет элдеги баасын сактап калууга аракет кылышат. Бул ишти чет эл товарларын импортко алуучулардын талабын чектөө аркылуу, мисалы, импортко уруксатты азайтуу жолу менен ишке ашырышат. Мындай учурда түрдүү мамлекеттерде айырбашталуу баалары ортосундагы шайкештик бузулат. Бул бузулуу айрым мамлекеттер чет эл акчаларынын жараяндарына катуу тосколдук көрсөткөн убакта гана

жүз берет. Анткени, ал тоскоолдук кылбаса, соодагер акча алмаштыруудан пайда көрүшү мүмкүн. Адамдар бул ишке этбетинен кетишет. Натыйжада, ар түрдүү айырбашталуу баалары ортосундагы шайкештик кайра тикеленет. Айырбашталуу мамилелерине карата кылынган мындай тоскоолдуктардын көптөгөн мамлекеттерде согуш жылдары жана экономикалык кризис убактарында болушу маалым жана машхур. Билебиз, мындай убактарда акчага тиешелүү мамилелерин чектеп койгон мамлекет акчасынын баасы башка мамлекеттеги акчага тиешелүү түзүмдөргө карап башкалардыкынан айырмаланат. Мисалы, кайсы бир мамлекетте бирдей айырбашталуу баасы түзүмү колдонулса, өз акчасы менен ушул мамлекет акчасынын ортосундагы расмий айырбашталуу баасы туруктaшат. Анткени, борбордук банк да, уруксат кылынган башка банктар да чет эл валюталары операциялары менен алектениши укугуна ээ болуп, аларды туруктуу баада алып, туруктуу баада сатышат.

Бирдей айырбашталуу баасы түзүмүнө амал кылбай турган, борбордук банкы чет эл валюталарын белгиленген баада сатып алуу же сатуу мажбуриятын өз мойнуна албаган мамлекеттерде чет эл валюталарынын баалары сунуш жана талапка карай мезгил-мезгили менен өзгөрүп турат. Сунуш жана талапка карай чет эл валюталары бааларынын өзгөрүп турушуна уруксат берүүчү мамлекеттерде айырбашталуу түзүмү өзгөрүүчөн айырбашталуу баалар түзүмү делет. Андагы айырбашталуу баалары аны менен башка мамлекеттер ортосундагы баалардын өзгөрүп турушуна гана карап эмес, эл аралык соода кыймылын чектөө жана кандайдыр себеп менен түрдүү мамлекеттердин соода баланстарынын бузулушуна карай да өзгөрө берет. Айрым мамлекеттерде өзгөрүүчөн айырбашталуу баалар түзүмүнө мыйзам жактан уруксат кылынат. Мисалы, Ливан өкмөтү сунуш жана талап негизинде боло турган күндөлүк өзгөрүүлөргө карап, айырбашталуу бааларынын өзгөрүүлөрүнө уруксат берет. Айрым мамлекеттерде болсо өзгөрүүчөн айырбашталуу баалар түзүмүнө тыюу салынганына карабастан, шахстар ортосунда расмий бааларга таптакыр туура келбей турган бааларда чет эл валюталары соодасы боло берет.

Дүйнөдө мавжуд мамлекеттердеги айырбаштоо жана айырбашталуу баасы мына ушул. Башкача айтканда, айырбаштоо жана айырбашталуу баасынын вокыйы мына ушул. Эми айырбаштоо жана айырбашталуу баасы туурасындагы шаръий өкүмгө келе турган болсок, алтынды маъданий түзүмгө айландырабы же өз баасындагы алтын-күмүш мукабылына ээ болгон орун басар кагаз акча кылабы, маъданий акчага өзгөрбөс анык белги береби-жокпу, Ислам мамлекети алтын түзүмү негизинде жүрүшү важып. Бул

шаръий өкүмдөн башка бир нече шаръий өкүмдөр келип чыгат. Мамлекеттин ичинде бирдей жыныстагы акчалардын айырбашталуусунда теңдик болушу шарт. Чет элде да бирдей жыныстагы акчалар ортосундагы айырбашталуу таптакыр өзгөрбөйт. Шаръий өкүм бирөө, өзгөрбөс. Ар түрдүү жыныстагы акчаларды алмаштырууда болсо теңдик да, ашык-кемдик да болушу жайыз. Болгону, колмо-кол болушу шарт. Бул айырбашталуу мамлекет ичкерисинде жүз береби, чет элдеби, айырмасы жок. Себеби, шаръий өкүм бирөө, өзгөрбөйт. Алтын менен күмүштү алмаштыруу колмо-кол болушу шарты менен ичкериде ашык-кем болушу жайыз болгонундай, чет элде да жайыз. Ислам мамлекетинин акчасы менен башка мамлекеттердин маъданий жана орунбасар кагаз акчалары ортосундагы айырбашталууда да ушундай абал жүз берет. Аларда да ар түрдүү жыныстагы акчаларды алмаштырууда ашык-кемдик болушу жайыз. Болгону, колмо-кол болушу шарт. Бирдей жыныстагы акчаларда болсо ашык-кемдик болушу мүмкүн эмес, теңдик болушу лазым. Себеби, бирдей жыныстагы акчалардагы ашык-кемдик риба болуп саналат. Риба шаръан арам.

Ал эми, кыйматынын маалым бир бөлүгү гана алтын менен камсыздала турган т.а. номинал кыйматынан азыраак болгон алтын менен камсыздала турган васика кагаз акчаларга келсек, алардын акчалык кыйматы запастагы ошол алтын өлчөмү канча болсо, ошончо болот. Биздин Исламий акчабызга да ушул этибар менен алмаштырылат. Ушул этибар жана ушул өлчөм менен алтын жана күмүш ортосундагы айырбашталуунун маъданий акча туурасындагы өкүмүн алат.

Мажбурий кагаз акчалар т.а. алтын жана күмүшкө орунбасар болбогон жана аларга сүйөнбөй турган акчалар түрдүү акчалар өкүмүн алып, айырбашталууда теңдик болушу да, ашык-кемдик болушу да жайыз. Болгону, колмо-кол болушу шарт.

Ушуга негизделип, Исламий Мамлекеттин акчасы менен башка мамлекеттер акчалары ортосунда айырбашталуу болушу жайыз. Айырбашталууда ашык-кемдик болушу да мүмкүн. Себеби, алар түрдүү жыныстагы акчалар. Болгону, алтын жана күмүшкө карата колмо-кол болушу шарт.

Алтын менен күмүштү алмаштыруу нисбаты же алардын ортосундагы айырбашталуу баасы бүтүндөй туруктуу эмес. Алтын-күмүш базарындагы баага карай өзгөрүп турат. Ичкеридеги айырбашталуу болобу, чет элдеги болобу, айырмасы жок. О.э. Исламий Мамлекеттин акчасы менен башка мамлекеттердин акчалары ортосундагы айырбашталуу баасы да өзгөрүп турушу

мүмкүн. Бирок, бул нерсе төмөндөгү эки себепке карай, исламий мамлекетке таасир көрсөтө албайт:

Биринчиден, Исламий Мамлекетте үммөт жана мамлекет үчүн керектүү болгон бардык сырьёлор жетиштүү болот. Ал башкалардын товарларына муктаж болбойт. Өзүнүн жергиликтүү товары менен чектелгенден кийин, баанын өзгөрүшү ага таасир этпейт.

Экинчиден, Исламий диярлар бүткүл дүйнө мамлекеттери муктаж боло турган нефть сыяктуу табигый байлыктарга ээ. Акчасын алтын менен төлөшмөйүнчө сатууну токтотуп коюуга кудуреттүү. Өзүнүн жергиликтүү товары менен башкаларга муктаж болбой турган о.э. бардык адамдарга керектүү товарга ээ болгон мамлекетке айырбашталуу баасы өзгөрүп турушунун таасир кылышы таптакыр мүмкүн эмес. Тескерисинче, дүйнө акча базарларына анын өзү өкүмдарлык кылат. Эч ким анын акчасына өкүмүн өткөзө албайт.

## ТЫШКЫ СООДА

Соодадагы түздөн-түз товар айырбаштоо акча аркылуу айырбаштоого өтүлгөндөн кийин шахстар ортосундагы соода ишмердүүлүгү да, иштин бир мамлекеттеги шахстар ортосунда о.э. түрдүү мамлекеттердеги улут жана элеттер ортосунда бөлүштүрүлүшү да артып кетти. Ушинтип, шахстын өзү үчүн жашашы, ар бир улут жана элеттин башкалардан айры абалда күн кечириши доору акырлап, ички жана тышкы соода дүйнөдөгү турмуш талаптарынын бирине айланды.

Ички соода менен тышкы сооданын ортосундагы айырма ушунда, ички соода менен үммөт өкүлдөрү ортосундагы соода жараяндары болуп, аларга факихтер айтып кеткен соода тууралуу өкүмдөр туура келет. Аларды мамлекет тарабынан көзөмөлдөп туруу шарт эмес. Болгону, үйлөнүү жана ижарага окшош мамилелердеги жараяндар сыяктуу жалпы түрдө, соода жөнүндөгү исламий өкүмдөргө баш ийилип жатабы-жокпу, ушул жагы гана көзөмөлдөнүүшү мүмкүн. Тышкы соода болсо бир мамлекет жарандары ортосундагы эмес, мамлекеттер ортосундагы, же түрдүү мамлекеттер жарандары ортосундагы соода жараяндары болуп, мамлекеттер ортосундагы мамилеге карай башкарылат.

Ушуга караганда, мамлекет айрым товарларды четке чыгарууга тыюу салуу, айрымдарына уруксат берүү, ахли харб жана ахли ахд соодагерлер менен кандай мамиледе болуу, бир сөз менен айтканда, бүткүл сооданы көзөмөлдөп турат. Ал өз жараны болбогон соодагерлерди көзөмөлдөйт. Өз жарандарын болсо тышкы соодада да, ички соодада да күзөтүп гана турат. Себеби, алар ички мамилеге алакадар шахстар.

Тышкы соода мамлекеттер ортосунда болуп, соодагерлер аркылуу ишке ашат. Мисалы, бир киши соода максатында башка өлкөгө барып, ал жерден товар сатып алып, өз өлкөсүнө алып келип сатат. Же

өлкөсүнөн товар алып барып сатат да, анын акчасын, же ордуна башка бир товарды алып келет. Бардык абалдарда бул сооданы мамлекеттин өзү тартипке салып, көзөмөлдөп турат. Бул үчүн мамлекет чегараларында борборлор түзүлөт. Аларды факихтер чегара кошуундары деп аташат. Себеби, халифанын чегарада капырлар өлкөсүнө өтүп жаткан соодагерлерди текшерүүчү кошуундары болушу лазым. Алар мамлекетке кирип жаткан же андан чыгып жаткан сооданы т.а. соодагерлерди түздөн-түз көзөмөлдөшөт. Демек, соода түзүмүн түзүүчү жана чегарадагы борборлор аркылуу аны аткаруучу, башкача айтканда, чегараларда шахстар жана товарлардын мамлекетке кирүү-чыгууларын тартипке салып, көзөмөлдөп туруучу мамлекеттин өзү.

Шаръий өкүм Шоръенин пенделердин иштерине алакадар хытабы (Мыйзам Чыгаруучу Заттын пенделердин иштерине тиешелүү кайрылуусу) болгондон кийин, тышкы соодага алакадар шаръий өкүмдөр да шахстар жөнүндө түшкөн. Өкүмдүн малга алакадар болушу малдын маалым бир адам мүлкү экендиги жагынан болот. Ушуга караганда, соода өкүмдөрүндө этибар малдын түрүнө эмес, соодагерлерге каратылат. Ушундан тыянак кылып айтсак, тышкы соодага алакадар өкүмдөр шахстарга тиешелүү т.а. Алланын шахстар жана алар ээлик кылып жаткан малдар жөнүндөгү өкүмү.

Ушуга караганда, тышкы соода өкүмдөрү соодага да, анын келип чыгуу булагына да эмес, соодагерге алакадар. Себеби, мал өкүмдөрү мал ээсине көз каранды болуп, анын өкүмүн алат, демек, малга алакадар өкүм анын ээсине да тиешелүү. Капиталисттик түзүмдө болсо тышкы соода өкүмү мал ээсине эмес, анын өзүнө алакадар. Ал малга соодагер жагынан эмес, малдын келип чыгыш жагынан карайт. Исламий көз караш менен капиталисттик көз караштын ортосундагы айырма – мына ушул. Капитализм этибарды малга каратса, Ислам анын ээсине караТат. Туура, соодага тыюу салынышына же уруксат берилишине малдын түрүнүн да таасири болот. Бирок, бул иш малдын келип чыгыш жагына эмес, зыяндыгы же пайдалуулугу жагына алакадар. Өкүм болсо соодага эмес, анын ээсине т.а. соодагерге тиешелүү. Исламий мамлекетке кирип чыга турган соодагерлер үч тайпага бөлүнүшөт. Мусулман же зиммий болушуна карабастан мамлекет жарандары, ахли ахдтар жана ахли харбтар.

Исламий мамлекет жарандарынын ахли харбтарга алардын аскердик кубатын ашыра турган курал-жарак сыяктуу нерселерди алып баруулары жайыз эмес. Т.а. аларга өлкөдөн согушта колдонула турган стратегиялык нерселерди алып чыгуу арам. Себеби, бул иш мусулмандарга каршы душманды колдоо болушу мүмкүн. Ал күнөө ишке жардам берүү эсептелет. Алла Таала айтат:

﴿وَلاَ تَعَاوَنُوا عَلَى الإِ ثْمِ وَالْعُدْوَانِ﴾

– *«Күнөө жана душманчылык жолунда көмөктөш болбогула!»* [5:2]

Ошондуктан, бул нерселерди Ислам диярынан алып чыгууга мусулмандын да, зиммийдин да акысы жок. Эгер аларды алып чыгуу мусулмандарга каршы ахли харбты колдоо эсептелсе, албетте, мүмкүн эмес. Эсептелбесе, бул ишти кылуу мүмкүн. Андан башка кийим-кече, мата сыяктуу товарларды алып баруу жайыз. **Себеби, Пайгамбар Сумамага ахли харб абалындагы Мекке калкын тамак-аш менен камсыздоону буюрган.** Анткени, бул иште ахли харбка жардам берүү, аны колдоо деген маани жок. Мындан тышкары, мусулман соодагерлер сахабалар заманында соода үчүн дорулхарбка киришер эле. Бул иш сахабалардын көз алдында жүз берет эле. Эч ким аны рад кылбады. Эгер жайыз эмес иш болгонунда сахабалар жөн турбас эле. Алардын билип туруп тим туруулары сукутий ижма. Демек, мусулман жана ахли зимма соодагерлер азык-түлүк жана маталарды соода үчүн чет элге алып баруулары жайыз. Болгону, сейректиги себептүү жарандардын өзүнө жетишпей жаткан нерселерди алып чыгууга тыюу салынат.

Жогоруда айткандарыбыз хукман дорул-харб (өкүмдө согуш абалындагы өлкө) менен боло турган соодага алакадар. Эгер Израил сыяктуу амалдагы (иш жүзүндөгү) дорул-харб болсо, аны менен соода кылуу куралда да, азык-түлүктө да, башкада да таптакыр жайыз эмес. Себеби, бул иш мусулмандарга каршы капырды колдоо о.э. күнөө жана кол салуучулукка жардам берүү эсептелет. Ошондуктан, бул ишке тыюу салынат.

Булар мамлекеттен товар алып чыгууга карата айтылган сөздөр. Товар алып кирүүгө карата болсо Алла Тааланын:

﴿وَأَحَلَّ اللَّهُ الْبَيْعَ﴾

- *«Алла сооданы адал кылды»,* [2:275]

- деген аяты болуп, ал умумийликти түшүндүрөт жана ички сооданы да, тышкы сооданы да өз ичине алат. Мусулман же зиммийди өлкөгө мал алып кирүүгө тыюу салуучу хужжат варид болбогону себептүү, бул иштин адалдыгы туурасындагы хужжат умумийлигинче калат. Ушуга ылайык, мусулмандын өлкөгө мусулман ээлик кылышы мүмкүн болгон ар кандай малды алып кирүүгө акысы бар. Ага тоскоолдук кылуу дурус эмес.

Ахли ахддар менен тышкы соодада мамлекеттен товар алып чыгып кетүүлөрү же алып кирүүлөрүнө карабастан, алар менен түзүлгөн келишимдерге карай мамиле кылынат. Алардын курал жана согуш үчүн зарыл болгон нерселерди сатып алууларына, сатып алган болсо өлкөбүздөн алып чыгып кетүүлөрүнө жол коюлбайт. Себеби, бул нерсе аларга жардам берүү эсептелет. Анткени, алар ахли ахд болсо да, ахли харбка айлануулары ыктымалдан ыраак эмес. Бирок, аларды кооп сала албай турган жана аларга жардам берүү эсептелбей турган бирер белгилүү бир курал менен куралдантууда мусулмандар үчүн пайда болсо, мындай соода менен алектенүү жайыз. Себеби, курал жана

согушта жардамы тие турган нерселер соодасы тыюу салынышынын иллети душманга көмөк жана жардам бербөө. Иллет табылбаса, өкүм да табылбайт.

Ортобузда ахднама түзүлбөгөн жана исламий мамлекет жарандары болбогон кимселер ахли харб (согуш абалындагы кишилер) эсептелет. Ортодогу согуш улантылып жаткан болобу, токтоп турган болобу, айырмасы жок. Ортодо согуш жүрүп жаткан болсо, кудум согуш майданындагы сыяктуу, амандык берилбеген ахли харбты көргөн жайыбызда туткун алышыбыз, же өлтүрүп мал-дүйнөсүн тартып алышыбыз мүмкүн. Эгер согуш токтоп турган болсо, диярыбызга амандык албастан кирмейинче, мындай кылуу дурус эмес. Өзү же малы киришинин айырмасы жок. Өзү да, малы да ахли харб эсептелет. Сатуучу же кардар болушуна карабастан, ахли харб соодагерлер менен ушул негизде мамиле кылынат. Алар туурасындагы шаръий өкүм төмөндөгүчө болот:

Ахли харбтын Ислам диярына амандыксыз т.а. атайын уруксатнамасыз кириши жайыз эмес. Амандык берилиши – киришине уруксат кылынышы. Эгер салтта соодагерлердин амандыксыз эле кирүүлөрүнө уруксат берилген болсо жана бир ахли харб товарын сатуу үчүн Ислам диярына кирсе, ага каршылык кылынбайт. Болгону, малы үчүн алар биздин соодагерлерибизден канча салык алышса, ошончо салык алынат. Адатта, салт боюнча чегарага жакын жайларда жашоочу шахстарга амандыксыз эле соода-сатык үчүн кирүүгө уруксат кылынат. Эгер салтта соодагерлердин кирүүлөрүнө уруксат кылынбаган болсо, же уруксат кылынганда да ахли харб соодадан башка максатта кирген болсо, ага карата ахли харб катары мамиле кылынат. Жаны да, малы да корголбойт. Мейли, «амандык сурап келген элем» десе да кабыл алынбайт. Анткени, ахли харб биздин диярыбызда жаны жана малын сактап турушу үчүн амандык алган болушу шарт. Соодагерлер туурасында жорий кылынган салт амандык ордуна өтөт. Ахли харбтын өзүнө берилген амандык анын малына да берилген амандык эсептелет. Диярларыбызда жашап жаткан ахли харб дорул-харбка кайтмакчы болуп, малын бир мусулман же зиммийге аманат калтырса же карызга берсе, анын максатына карай иш тутулат. Эгер максаты соодагерлик, элчилик, саякат сыяктуу иштерди аткарып, Ислам диярына кайтуу болсо, өзүнө жана малына алган амандыгы өз күчүндө турат. Анткени, Ислам диярында жашоо ниети турган абалда дорул-харбка барган ахли харбтын өкүмү дорул-харбка барган зиммийдин өкүмү сыяктуу. Ырас, ниети Ислам диярына кайтуу болгон соң, дорул-харбка барышы амандыгын бекер кылбайт. Эгер дорул-харбка баруудан максаты ошол жерде жашоо болсо, өзү үчүн алган амандыгы бүтүндөй бекер кылынат. Диярыбызга кайра кирмекчи болсо, жаңы амандык алышы керек болот. Ислам диярындагы бирер мусулман же зиммийге аманат калтырган малынын амандыгы болсо  өз күчүндө калат. Себеби, ал Ислам диярына кирүү менен өзү үчүн да, малы үчүн да амандык алган.

Малы диярларыбызда калып, дорул-харбка кеткенден кийин, өзү дорул-харбка кеткени үчүн өзүнүн амандыгы бекер кылынып, малы дорул-Исламда калгандыгы үчүн малынын амандыгы өз күчүндө калат. Эгер өлсө, бул мал мураскоруна өтөт. Анткени, амандык – малга тиешелүү акы. Мал мураскорго өткөндөн кийин амандык укугу да өтөт. Эгер ахли харб малын да өзү менен алып кеткен болсо, өзүнүн да, малынын да амандыгы бекер кылынат.

Тыянак ушул, ахли харбтын соодасы диярыбызга ээсинин амандыгысыз кириши мүмкүн эмес. Мал ээсинин амандыгы – малынын да амандыгы. Эгер ахли харб өзү кирбестен соодасын алып кирмекчи болсо, анын соодасына амандык берилиши да, берилбеши да мүмкүн. Анткени, кээде малдын амандыгы жандын амандыгынан өзүнчө бөлөк болот. Эгер ахли харб диярыбызга кирип, өзүнө амандык алса, бул амандык анын алып кирген малына да тиешелүү. Алып кирилбеген малына болсо тиешелүү эмес. Ислам диярынан чыгып жатып малын калтырса, малынын амандыгы өз күчүндө калат, өзүнүн амандыгы бекер кылынат. Ушуга караганда, Халифанын ахли харбтын өзүнө эмес, малына амандык бериши да жайыз. Малына амандык берилген ахли харб өкүлү же ижарачысы аркылуу соодасын жибериши мүмкүн. Ушулардан көрүнүп тургандай, өлкөбүзгө кирүү үчүн ахли харбка амандык кандай зарыл болсо, анын малына да ушундай зарыл. Демек, тышкы сооданын Ислам диярына кириши үчүн амандык т.а. мамлекеттен уруксат болушу шарт. Эгер ага мамлекет уруксат берсе, аны башка жарандардын малдары сыяктуу коргошу лазым болот. Эгер мал амандыксыз т.а. уруксатсыз кирсе, мамлекеттин аны ээлеп алууга акысы бар. Соода ахли харб соодагерлердин мүлкү болгондо ушундай кылынат. Эгер аны исламий мамлекет жарандарынан бири болгон мусулман же зиммий сатып алып, өлкөбүзгө алып кирмекчи болсо, эч кандай уруксатнаманын кажети болбойт. Болгону, соода келишиминин бардык жактары аягына жеткен болушу шарт. Азыркы күндөгү соодада жүз берип жаткандай аягына жетпеген болсо, соодагер тээ жүктөлгөн товардын хужжаттарын алмайынча, сатып алган болсо да, бирок, колго толук албаган болсо, жоопкер эсептелбейт. Ушундай болгондон кийин, ал ахли харбтын соодасы эсептелип, аны өлкөгө алып кирүү үчүн амандык т.а. уруксат алуу лазым болот. Эгер товар ишканадан чыгышы же жүктөлүшүнүн өзү менен кардардын колуна өткөн эсептелсе, ал мусулман же зиммийдин соодасы деп эсептелет. Эгер өлкөбүзгө кирип жатканда гана кардардын колуна өткөн эсептелсе, ал ахли харб соодасы эсептелет.

Жогоруда айткандарыбыз ахли харб соодагердин же анын соодасынын өлкөбүзгө кириши туурасындагы сөздөр. Эми ахли харб соодасынын өлкөбүздөн чыгышы т.а. ахли харбтын бизден товар сатып алып, алып чыгып кетиши жөнүндө токтолобуз. Эгер товар курал сыяктуу согушка керектүү стратегиялык нерсе болсо, аны сатып алышына да, алып чыгып кетишине да тыюу салынат. Сатып алган

тагдырда да, алып чыгып кетишине жол коюлбайт. Азык-түлүк, мата сыяктуу нерселерди болсо амандык алган ахли харб сатып алышы жана алып чыгып кетиши мүмкүн. Болгону таңсыктыгы себептүү жарандардын өзүнө зарыл болбошу шарт. Мындай нерселерди өлкөбүздөн алып чыгуу жарандардын өзүнө зарыл болгону себептүү, ахли харбка да, мусулман менен зиммийге да бирдей тыюу салынат.

Соодагерлер жана сооданын Ислам диярына кирип-чыгышы туурасындагы сөздөр мына ушулар. Эми аларга салына турган салыктар туурасында токтолобуз. Бул туурасындагы шаръий өкүм соодага эмес, соодагерлерге карай өзгөрөт. Анткени, Ислам соодага мал экени же келип чыгышы жагынан эмес, шахстын мүлкү экени жагынан назар таштайт. Ошондуктан да, анын үстүнөн чыгарыла турган өкүм сооданын келип чыгышы жана түрүнө карабастан, соодагерлерге карай өзгөрөт. Эгер соодагерлер исламий мамлекет жараны болсо, мусулман болобу, зиммий болобу, анын соодасына таптакыр салык салынбайт. Дорамий, Ахмад жана Абу Убайд Укба ибн Омирден рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«لاَ يَدْخُلُ الْجَنَّةَ صَاحِبُ مَكْسٍ»

**«Салык жыюучу бейишке кирбейт»,** - деген. Абу Мухаммад «салык жыюучудан мурат – ашшар» деген. Четтен келип жаткан соода үчүн салык алуучу адам ашшар деп аталат. Муслим ибн Мусбех рыбаят кылат: **Ибн Умардан «Умардын мусулмандардан салык алганын билесиңби?» деп сураган элем, ал «жок билбедим» деп жооп берди».** Ибрахим ибн Мухажир Зияд ибн Хадирден рыбаят кылат: **«Исламда биринчи салык алган салыкчы менмин». Мен андан «кимден салык алар элеңер» деп сурадым. Ал: «мусулмандан да, ахли ахддан да салык албас элек, бану Таглибдин насоролорунан алар элек», - деп жооп берди».** Абдуррахман ибн Маъкал айтат: Зияд ибн Хадирден «кимден салык алар элеңер» деп сураган элем, ал: **«Мусулмандан да, ахли ахддан да салык албас элек» деп жооп берди. «Анда кимден алар элеңер?» деген элем: «Ахли харб соодагерлерден алардын өлкөсүнө барганыбызда бизден канча салык алышса, биз да ошончо алар элек», - деди».** Якуб ибн Абдуррахман Коррий атасынан рыбаят кылышынча, Умар ибн Абдулазиз Адий ибн Артаага мындай деп жазат: **«Адамдардын таванын да, «дасторкон салыгын» да, максты (салыкты) да алып ташта. Ал макс эмес, Алла Тааланын:**

﴿وَلاَ تَبْخَسُوا النَّاسَ أَشْيَاءَهُمْ وَلاَ تَعْثَوْا فِي الأَرْضِ مُفْسِدِينَ﴾

*- «Адамдарга нерселерин кемитип бербегиле жана жер жүзүндө бузукулук кылып тентиреп жүрбөгүлө!»,* [26:183]

**- деген аятындагы талкуунун (адамдарды алдоонун) өзү. Ким сага садака (зекет) алып келсе, аны кабыл кыл. Ким алып келбесе, аны менен Алланын өзү эсеп-китеп кылат».** Курайз ибн

Сулайман рыбаят кылышынча, Умар ибн Абдулазиз Абдулла ибн Авф Коррийге мындай жазат: **«Аттан да, Рафхтагы бажыкана аттуу үйгө барып, аны буз, кийин деңизге алып барып күм-жам кыл».** Бул беш асарды Абу Убайд «Амвал» китебинде рыбаят кылып, мындай дейт: «Хадистерде келтирилген салык, бажы сыяктуу манфур, куник иштердин негизи жахилиятта мавжуд болуп, араб жана ажам падышалары аны алышар эле. Алардын мыйзамдарында малын алып өтүп жаткан соодагерден салык алуу бар эле. Пайгамбар ﷺдын Сакиф, Бахрайн, Довматул-Жандал жана башка диярлардагы мусулман болгондорго жазган каттары муну көрсөтүп турат.

«أَنَّهُمْ لاَ يَحْشُرُونَ وَلاَ يَعْشُرُونَ»

**«Мусулмандардан салык жана бажы алынбайт».** Ушундан бул иш жахилият мыйзамында болгонун жана Алланын Өз Расулу жана Ислам аркылуу аны бекер кылганын билип алабыз». Т.а. жахилият мыйзамында бажы, салык алуу болгон. Кийин Алла аны Ислам менен бекер кылган.

Пайгамбар ﷺдан рыбаят кылынган хадис жана Умар ؓдан рыбаят кылынган эки асар мусулмандын да, зиммийдин да соодасына эч кандай салык салынбашына далалат кылат. Өлкөгө товар алып киреби, же андан алып чыгып кетеби, айырмасы жок. Умар ибн Хаттаб ؓ ушундай кылган. Мусулман соодагерлерден да, зиммийлерден да эч кандай бажы албаган. Сахабалар анын бул ишине каршылык билдиришпеген. Бул дегени – сукутий ижма т.а. шаръий далил дегени. Мамлекет чегарасынан кирип-чыгып өтүп жаткан соода үстүнөн алына турган мал бажы делет. Ушул иш үчүн чегарада курулган үй бажыкана болот. Себеби, бажы жахилият базарларында товар сатуучулардан алына турган о.э. мамлекет кызматчылары соода же шаарларга кирүү учурунда белгилүү бир нерселер үстүнөн алган дирхамдар. Демек, ал соода үстүнөн алынууга гана хас. Бажы алууга тыюу салынышы умумий мааниде болуп, зиммийге да, мусулманга да тиешелүү.

Абу Убайд «Амвал»да Харб Сакофийден, ал болсо таятасынан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ:

«لَيْسَ عَلَى الْمُسْلِمِينَ عُشُورٌ، إِنَّمَا الْعُشُورُ عَلَى الْيَهُودِ وَالنَّصَارَى»

**«Салыктар мусулмандардын эмес, жөөт жана христиандардын мойнунда»,** - деген. Бул хадис үч жолдон рыбаят кылынган болуп, экөөсүндө белгисиздик бар. Харб ибн Убайдулла Сакофийдин таятасынан кылган рыбаяты туурасында хадис ровийлери эч кеп айтышпаган. Мындан тышкары, бир да мужтахид аны албаган. Соода үчүн эч нерсе алынбашы туурасында сүйлөшкөн да, кырктан бирин мусулмандан зекет катарында алуу жана жыйырмадан бирин зиммийден саясат үчүн алуу туурасында айтып өткөндөрдүн да ушул хадисти алгандары жөнүндө эч кандай маалымат жок. Эгер аны сахих

деп билишкенде аны далил кылган болор эле. Эч ким бул хадисти сахих дебегендиги үчүн, ал алынбайт.

Дагы бир рыбаятта: **Умар ؓ мусулмандардан кырктан бирди, зиммийлерден жыйырмадан бирди, ахли харбтардан болсо ондон бирди алар эле,** - делген. Муну соода-сатыкта мусулман, зиммий жана ахли харбтын ар бирине тиешелүү өкүмгө салыштырып көрүү лазым. Мусулмандан да, зиммийден да соода үчүн бажы алуу арамдыгына ачык хадистер бар. Демек, Умар ؓ мусулмандан зекет алган. Ахли харбтан биздин соодагерлерден ондон бирин алгандыктары үчүн ал да ондон бирин алган. Саламга жараша алик катары иш туткан. Зиммийден болсо бажы эмес, сулх бүтүмүндө көрсөтүлгөн өлчөмдү алган. Себеби, Алла Таала капырларга жизяны гана важып кылган. Эгер бүтүмдө жизя менен жыйырмадан бирди берүү да көрсөтүлгөн болсо, аны алууга акылуу. Зиммийлер менен жизяны корлорчо төлөөлөрү туурасында туура бүтүм түзүлгөндөн кийин – ырас, бул бүтүмгө баш ийишер экен – алардын малынан мындан башкасын алуу адал болбойт. Абу Убайд айтат: **«Умардын зиммийлерден жыйырмадан бирди алышы менде чиелик туудурду. Акыры алар мусулман эмес да, алардан зекет алынгыдай, ахли харб эмес да, алардан бизден алгандарындай алардан да алгыдай дер элем. Муну биле албай жүрдүм-да, кийин анын бул иши жөнүндө ойлонуп, жан башына салына турган жизя жана жерге салына турган хирождон тышкары ушул ишке (т.а. жыйырмадан бирди алууга), бүтүм түзгөнүн билип алдым».**

Жогоруда айткандарыбыз мусулман же зиммий туурасында айтылган сөздөр. Эми ахли ахд соодагер туурасындагы сүйлөй турган болсок, андан бүтүмдө канча көрсөтүлгөн болсо, ошончо алынат. Эгер бүтүмдө ал бажыдан азат кылынган болсо, азат кылынат, маалым бир өлчөм көрсөтүлгөн болсо, ага ошол колдонулат.

Ахли харб соодагердин өкүмү анын мамлекети биздин соодагерлерибизден канча алса, биз да андан ошончо алышыбыз. Амандык алган бир ахли харб соодагер өлкөбүзгө кирсе, андан алар Ислам мамлекетинин мусулман же зиммий соодагерлеринен канча бажы алышса, ошончо алабыз. Абу Мажлаз Лахик ибн Даид рыбаят кылат: **«Умар ؓга «ахли харб бизге келгенде канча акча алабыз» дешкенде, ал «силер аларга барганыңарда канча акча алышар эле?» деп сурады. Алар «ондон бирди» деп жооп беришти. Ошондо Умар «силер да алардан ошончо алгыла»** деди. Ибн Кудома муну «Мугний»де айтып өткөн. Зияд ибн Хадир рыбаят кылат: **«...Мусулмандан да, ахли ахддан да салык албас элек. Мен «анда кимден салык алар элеңер?» деп сурадым. Ал: «Ахли харб соодагерлерден, аларга барганыбызда бизден бажы алгандары сыяктуу, биз да бажы алар элек», - деди.** Муну Абу Убайд «Амвал»да рыбаят кылган. **Умардын бул ишин**

**сахабалар көрүп, угуп туруп,** инкар кылышпаган, каршылык бирдиришпеген. Ушуга караганда, ал ижма. Ушуну да айтып өтүү лазым, ахли харб соодагерлерден бажы алуу важып эмес, жайыз иш. Мамлекет алардан деги эле бажы албашы да, же алардын бизден алып жатканына карата азыраак өлчөмдө алышы да мүмкүн, бирок, алар алып жатканынан көбүрөөк өлчөмдө алышы таптакыр дурус эмес. Себеби, бажы алуу мал жыюу эмес, мамилесине карай мамиле кылуу (саламга жараша алик) саясаты. Бул иште халифа мусулмандардын кызыкчылыгын көздөп иш тутат. Салим ибн Абдулла ибн Умар атасынан рыбаят кылат: **«Умар набатийлерден май жана буудай үчүн жыйырмадан бирди алар эле. Максат (бул нерселерди) Мединага көбүрөөк келтирүү эле. Пахтага тиешелүү нерселерде болсо, ондон бирин алар эле».** Муну Абу Убайд «Амвал»да келтирген. Ошол убактарда алар биздин соодагерлерибизден ондон бирди алышар эле. Ушуга караганда, ахли харб соодасы үчүн алына турган бажынын аз-көп болушу же такыр алынбоосу мамлекет кызыкчылыгынын талабына карай болот. Болгону, алардын бизден алып жатканынан ашып кетпеши керек.

### Тышкы сооданын вокыйсы

Эл аралык сооданын пайдасы өтө чоң. Андан чоң өлчөмдө пайда алынат. Ири мамлекеттердин жаңы базарлар ачуу, эски базарларын сактап калуу жолунда кескин жана келишүүсүз талашып-тартышып жаткандарына назар таштаган адам анын канчалык маанилүүлүгүн дагы да анығыраак сезет. Алар базарлары аркылуу товарларын сатышат, эч бир тоскоолдуксуз сырьёлорду импорт кылып алышат. Эл аралык сооданын өзүнө таандык өзгөчө касиеттери, өзүнө хас абзелдиктери, өзүнө хас натыйжалары бар. Аны бар кылып туруучу негизги фактор түрдүү мамлекеттер ортосундагы түрдүү товарлардын сарп-каражаттарындагы айырма. Сарп-каражаттар нисбаты ар түрдүү болгон убакта эл аралык сооданын мавжуд болушу мамлекеттер үчүн пайдалуу.

### Соода балансы

Соода балансы – көздө тутулган экспорттор менен импорттор кыйматтарын салыштыруу. Бир тарапка экспорттор кыйматын коюп, экинчи тарапка импорттор кыйматын койсок, соода балансы (таразасы) келип чыгат. Эгер экспорттор кыйматы импорттор кыйматынан оор келсе, демек, баланс биздин пайдабызга болот. Себеби, мамлекеттер экспортторубуз менен импортторубуз кыйматы ортосундагы айырма өлчөмүнчө бизден карыздар болушат. Натыйжада, товар сатып алуу үчүн чет элдин биздин акчабызга болгон талабы биздин алардын акчасына болгон талабыбыздан артып кетет. Ушуну да айтып өтүшүбүз лазым, соода балансы ички экономика туурасында туура элестетүүнү бербейт. Себеби, ички кирим тышкы соода пайдалары менен чектелбейт. Анын өзүнө хас башка киримдери да бар, алар ички дарамет эсептелет. Бирок, соода балансы тышкы соодабыз туурасында

туура элестетүүнү берет. Мамлекеттин башка максаттары болбогондо гана соода балансын кармап калууга катуу турулат. Эгер мамлекеттин идеологияга чакырууга, өнөр жайды өнүктүрүүгө, турмуш даражасын көтөрүүгө, эл аралык майдандагы турумун кармап калууга, соода тармагында алака кылып жаткан башка мамлекеттин биз каалаган өңүтүн ээлөөгө алакадар максаттары болсо, соода балансы ушул максаттар жолунда курман кылынат. Анткени, соодадан, мейли, пайда көздө тутулса да, бирок, ошол эле учурда, андан шахс эмес, мамлекет назарда тутулат. Ушундай болгондон кийин, этибар пайдадан мурун мамлекеттин кадыры жана максатына каратылат.

**Мамлекеттер ортосундагы акча мамилелери**

Тышкы соода мамлекеттер ортосундагы акча мамилелерин жүзөгө келтирет. Анткени, бир мамлекеттен товарын импорт кылып алуу үчүн ошол мамлекеттин акчасын же ошол мамлекет кабыл алган акчаны берүү лазым болот. Өз кезегинде сатып жаткан мамлекет да товарын өзүнүн акчасына же өзү каалаган акчага сатат. Ушуну менен мамлекеттер ортосунда акча мамилелери жүзөгө келет.

Товарларды т.а. көзгө көрүнүп тура турган импорт жана экспортторду айырбаштоодон тышкары, кызматтарды т.а. көзгө көрүнбөй турган экспорт жана импортторду айырбаштоо да бар. Алар: мамлекеттер ортосундагы транспорт кызматтары, жолоочуларды ташуу, жүктөрдү артуу, эл аралык почта, телеграф жана телефон акылары, соодага тиешелүү кызматтар, ортомчу далдалдарга төлөнө турган акылар жана саякат кызматтары сыяктуу иштер. Турист башка өлкөгө бармакчы болсо, өз дараметинин маалым бир өлчөмүн сарптайт. Бара жаткан мамлекетинде сарпташы үчүн акчаны өз мамлекетинен алат. Турист же өзү бара турган мамлекет валютасынан белгилүү бир каражатты сарптоо туурасында уруксат алышы керек, анткени, мунун менен мамлекети ошонун ордун өз валютасынан каптасын, же бара жаткан мамлекетте кабыл алынган валюта туурасында уруксат алышы керек. Биз импорттор кыйматын төлөө үчүн улуттук валютабызды чет эл валютасына алмаштырабыз, же чет эл валютасын колго киргизүү үчүн товарыбызды чет эл валютасына сатабыз. Себеби, мамлекет башка мамлекеттер менен соода же экономикалык алака орнотуу үчүн чет эл валюталарына ээ болушу зарыл. Бирок, соода же экономикалык алака орнотомун деп өз акчабызды туруктуу кылып коюшубуз, ишеничсиздикке кириптер кылышыбыз туура эмес. Тышкы экономикалык алакаларда соодага тиешелүү болобу, башка болобу, өкүмдарлыкты колдон бербөөгө таянышыбыз лазым. Мына ошондо өзүбүздүн акчабызды сактап калабыз жана да керектүү өлчөмдөгү чет эл валюталарын колго киргизебиз. Бул үчүн мамлекет кыска мөөнөттүү же узак мөөнөттүү болушуна карабастан, карыз алуудан сактанышы лазым. Себеби, карыз алуу акча базарыбызды калкытып, акчабыз кыйматынын түшүп кетишине себеп болот.

## Тышкы соода саясаты

Тышкы соода – мамлекеттер, калктар, улуттар ортосундагы соода алакасы. Башкача айтканда, үммөттүн соодага тиешелүү иштерин тышкы жактан башкаруу. Бул саясаттын таяна турган белгилүү бир негиздери болушу шарт. Үммөттөрдүн тышкы соодага кароолору турмуш жөнүндөгү көз караштарына карап о.э. экономикалык пайда көрүүдөгү өз пайдаларына жандашууларына карап түрдүүчө болот. Ар бир үммөт өзүнүн чет эл менен боло турган алакасын турмуш жөнүндөгү көз карашына карап белгилейт. Мисалы, Советтер союзунун кулашынан бир аз мурдараак 90-жылдардын баштарындагы тышкы соода саясаты социалисттик назарияга негизделген эле. Алар экономикалык пайданы да назардан качырбаган абалда товарларды мамлекеттерге карап ажыратышар эле. Себеби, ал Сирияны өзүнчө «социалисттик назарияга жакындаштырат» деген караш менен ага айыл чарба куралдарын, ок-дарыларды, быштак, кийим сыяктуу керектелүүчү товарларды өндүрүүчү өнөр жай жабдууларын, жер айдоо тетиктери сыяктууларды сатар эле. Бирер товарды импорт кылмакчы болушса, өндүрүүнү ашыра турган жана өздөрүнө зарыл болгон нерселерди гана алып келишер эле. Англия сыяктуу капиталисттик мамлекеттерде болсо мунун тескериси жүз берчү. Алар маддий пайда артынан кууп, пайдакерликти тышкы соода саясатынын негизине айлантып, бардык калктар жана үммөттөргө бардык нерсени сата беришчү. Экономикалык пайда келтирсе болду эле. Американын Россия жана Кытай менен кыла турган соодасында белгилүү бир кластагы товарлар менен чектелип, башка түрдөгү товарлар соодасына тыюу салышы болсо, турмуш жөнүндөгү көз карашына карап эмес, аскердик саясатына карап болгон эле. Себеби, ал бул эки мамлекет менен иш жүзүндө болбосо да, өкүмдө урушуп жаткан мамлекеттер деген этибарда мамиле кылар эле. Мындан башка тармактарда Америкадагы соода саясаты пайдакердик негизине курулган. Ушуну да айтып өтүү лазым, Батыш экономисттери тышкы соодага кароодо бири-биринен айырмаланат. Алардын бул жаатта түрдүүчө багыттары бар. Төмөндө алардын айрымдарын айтып өтөбүз:

### 1. Айырбаштоо эркиндиги:

Айырбаштоо эркиндиги назариясы мамлекеттер аралык соодага тиешелүү айырбаштоонун эч кандай чектөөсүз, бажыкана салыгысыз, импортко каршы тоскоолдуксуз жүргүзүлүшүн талап кылат. Бул багыт т.а. мамлекет көзөмөлүнүн алып ташталышы импорт менен экспорттун ортосундагы тең салмактуулукту табигый мыйзамдар камсыздап турат деген этибар менен, импорт жана экспорт көзөмөлүнүн чыгымдарынан азат кылат.

Бул назария Исламга тескери. Себеби, тышкы соода – мамлекеттин башка мамлекеттер, калктар, үммөттөр менен боло турган алакаларынын бири. Бул алакаларды мамлекет көзөмөлдөйт. Шахстар аралык, экономика жана соодага тиешелүү мамилелер болушуна

карабастан, аларды тартипке салып туруучу да, түздөн-түз көзөмөлдөөчү да мамлекеттин өзү. Ошондуктан, айырбаштоо эркиндиги назариясын кабыл алуу таптакыр дурус эмес. Себеби, Ислам мамлекети айрым соодалардын четке чыгышына уруксат берсе, айрымдарына тыюу салат. Өз жарандарынын ички-тышкы соодаларына баш-көз болуп туруунун өзү менен чектелсе да, ахли харб жана ахли ахд соодагерлери менен боло турган мамилени өзү белгилейт.

**2. Соодага тиешелүү коргонуу:**

Соодага тиешелүү коргонуу назариясы чет эл менен айырбаштоолорду тең салмактуулукка келтириш үчүн мамлекеттин аралашуусун талап кылат. Андан максат, соода балансына таасир этүү жана дефицитти каптоо. Анткени, импорт менен экспорттун ортосундагы тең салмактуулук өз-өзүнөн жүзөгө келбейт, таңсыктык да өз-өзүнөн капталбайт. Бул үчүн соодага тиешелүү коргонуу болушу шарт. Ушуга ылайык, бажыкана салыктары салынат. Экспорт жана импорт чектелет.

Бул назария кемчиликтүү. Себеби, анда мамлекет чет эл менен айырбаштоолорду тең салмактуулукка келтириш же таңсыктыкты каптоо үчүн гана аралашат. Мамлекеттин ушул иш менен гана чектелиши туура эмес. Ислам мамлекетинин аралашуусу башка мамлекеттер менен саламга жараша алик катары иш тутуу, мамлекеттин муктаждыктарын кандыруу, финансылык пайдаларды толук кылуу, туруктуу акчалар чыгаруу жана исламий даъват сыяктуу иштер үчүн болот. Ошондуктан, анын аралашуусу айырбаштоолор тең салмактуулугун жүзөгө келтирүү жана таңсыктыкты каптоо менен гана чектелиши дурус эмес, балким мамлекет саясий, экономикалык, соода максаттарында жана исламий даъват алып чыгуу үчүн аралашат.

**3. Улуттук экономика:**

Улуттук экономика назариясы оор өнөр жайлар назариясынан келип чыккан **«өнүгүүнү коргоо»** идеясына байланыштуу. Улуттук экономика назариятчыларынын көз караштары төмөндөгүчө: Үммөттүн экономикалык өнүгүшү ага экономикалык бийлик менен бирге саясий бийликти да берүүнү көздөшү керек; Ар бир мамлекеттин өнүгүшү үч баскычты т.а. айыл чарбачылыгы, өнөр жай чарбачылыгы, өнөр жай жана соода чарбачылыгы баскычтарын басып өтөт; Мамлекеттер тээ соода флотуна, колонияларга, ар түрдүү жөндөмдүү калктарга ээ болушмайынча, чыныгы бийлик ээси боло алышпайт; өндүргүч күчтөр менен экономикалык өнүгүү саясий бийликтин негизги шарты катарында өз ара шайкеш болушу шарт; Эл аралык экономикалык мамилелер конкуренция эркиндигине кызыкдар болсо да, атаандаш мамлекеттердин ар бири жетик өнүккөн болушу керек; өнүгүүнү дагы да өстүрүү үчүн өнөр жай корголушу лазым; дыйканчылыкка болсо коргонуунун кажети жок, анын продуктыларын эч бир чектөө же шартсыз экспорт кылуу мүмкүн, алардын баасы эркин базар шарттарына карай, өз абалына коюп берилет. Ушуга караганда,

улуттук экономика назариясы маани-маңызы боюнча өнөр жайга тиешелүү назария. Анын таалиматы боюнча күчтүү болууга умтулуучу үммөттөр айыл чарбачылык баскычынан өнөр жай баскычына өтүүлөрү лазым. Анткени, айыл чарбачылык баскычындагы мамлекеттерде өндүргүч – жумушчу күчтөрүнүн о.э. табигый сырёлор – чийки сырёлордун негизги бөлүгү иштетилбестен бекер калат. Ушундай болгондон кийин, жумушчу күчтөр жана чийки сырёлордон пайдалануу үчүн айыл чарбачылыктын жанына өнөр жайды да коюу керек. Өзүн жалаң айыл чарбачылыкка багыштаган мамлекеттердеги экономикалык мүмкүнчүлүктөр жана турмуш деңгээли айыл чарбачылыкты жана өнөр жайды кармаган мамлекеттердегидей эмес. Демек, улуттук экономика мамлекеттин экономикалык жагынан бутка туруп алышы үчүн айыл чарбасы менен бирге өнөр жай да болушу зарылдыгын талап кылат. Ал өнөр жайдын соодага тиешелүү корголушун кабыл алып, жалаң гана өнөр жайга тиешелүү экспорт жана импортторго керектүү чектөөлөрдү дайындайт. Айыл чарбачылыгынын болсо эркин айырбашталышын кабыл алып, аны эч бир чектөөсүз өз абалына коёт.

Бул назария Исламга туура келбейт. Себеби, чет эл менен айыл чарбачылыгына тиешелүү айырбаштоолорду эркин коюу дегени – айыл чарба продукцияларынын чет эл менен боло турган соодасын мамлекеттин көзөмөлдөбөөсү дегени. Мындай болушу мүмкүн эмес. Себеби, мамлекет өлкөгө кире турган жана чыга турган ар бир айыл чарба, өнөр жай продукцияларын ж.б. тартипке салып, алардын айрымдарына уруксат берет, айрымдарына болсо тыюу салат. Ошол эле учурда, ал өз жарандарына карата баш-көз болуп туруу менен гана чектелсе да, ахли харб жана ахли ахд соодагерлер ишин түздөн-түз өзү көзөмөлдөйт. Мамлекеттин өлкө пайдасын көздөп өнөр жайды өнүктүрүү үчүн өнөр жай иштерине аралашуусуна келсек, ал бул жактан Ислам буюрган жарандар ишин камкордук менен башкаруунун бири эсептелет. Бирок, бул иш болгону өнөр жайды өнүктүрүүгө эле эмес, даъват пайдасына да байланыштуу. Ушундан көрүнүп тургандай, улуттук экономика, мейли, өндүрүштүн бир бөлүгүнө кирсе да, Ислам көрсөткөн үммөт иштерин аткарууга да тиешелүү. Бирок, ал даъват пайдасына байланбаганы үчүн бул жаатта Исламга тескери. Айыл чарбачылыгына бүтүндөй эркиндик берип койгондугу үчүн бул назария баштан-аяк Исламга тескери. Ушуга карай, мусулмандар бул назарияны кабыл алышпайт.

**4. Автаркия саясаты:**

Автаркия саясаты (башка мамлекеттер экономикасына байланыштуу болбогон эгемендүү улуттук чарбаны жүзөгө келтирүүгө каратылган саясат) – бул белгилүү бир мамлекеттин өз-өзү менен чектелүүгө умтулуп, башкаларга муктаж болбой турган, экспорт да, импорт да кылбай турган жабык экономикалык бирдикти түзүшү. Анын максаты коргонуу саясатынан да ашып түшөт. Улуттук экономикадан айырмаланат. Эркин айырбаштоо назариясына бүтүндөй тескери.

Акыркы эки дүйнөлүк согуштар аралыгында колдонулган автаркия саясаты эки түстө: Экспансионисттик (жаңы территорияларды басып алууга умтулуу) жана изоляционисттик (... аралашпоого тиешелүү) көрүнүштөрдө көрүндү. Германия нацизми автаркия саясатын кармаган мамлекеттин үлгүсүнө айланды. Ал Германиянын бүткүл дүйнө айырбаштоо эрежелерине туура келбей турган ички жана тышкы саясаты себептүү жүзөгө келген иш-чарадан турат. Автаркия саясаты, мейли, саясий максаттарды көздөөчү иш-чаралардан турган болсо да, анын назариятчылары аны түзүмдүн бир экономикалык негизи деп билишет. Ал ушундан турат: химиялык жана эң биринчи кезектеги сырьёлорго, техникага жана жумушчу күчтөрүнө ээ болгон мамлекет жашоого акылуу. Маанилүүсү – тартипке салуу. Сармая болсо экинчи даражада турат. Автаркия саясатын колдоочу өкмөт өз алдына саясий максатты коюп, экономикалык жана финансылык тартибатты ага моюн сундурат. Автаркия саясаты өз максатына жетишиши, т.а. ички экономиканы өзү менен чектеле ала турган даражага жеткизиши үчүн, көпчүлүк муктаждыктардын кандырылбай калышына даяр турушу лазым. Анткени, автаркия саясаты мамлекеттин бардык муктаждыктарын толук-түгөл кандырышына жол бербейт. Маанилүүсү, бул саясат ички экономиканы шахс, үммөт жана мамлекеттин негизги муктаждыктарын өнүгүү жолунан бара ала турган деңгээлде жетишерлик кандыруу даражасына алып чыгышы. Ушуга караганда, автаркия саясаты негизинде жүрүүчү мамлекет тышкы соодада сырьёлор, базарлар, жумушчу күчтөр, адис сыяктууларды колго киргизүү үчүн, өзүнө керектүү мамлекеттерди кантип болбосун кошуп алышы керек. Бул иш биригүү же соода келишимдерин түзүү аркылуу ишке ашат. Экономикалык чегараларды бекер кылуу – мамлекеттерди кошуп алуу дегени т.а. ал саясий аймактарды бекер кылуу дегени. Себеби, саясий аймактарды бекер кылбай туруп, экономикалык чегараларды бекер кылып болбойт. Өзүндө жетишпей жаткан продукцияларды колго киргизүү үчүн керектүү мамлекеттерди кошуп алым бир территориялар кошуп алынаталууга кудурети жетпесе, айрым муктаждыктарын кандырбай турууга о.э. негизги муктаждыктарын кандыра турган нерселерге муктаж болбоого аракет кылышына туура келет. Себеби, негизги болбогон муктаждыктарды кандыра турган нерселердин жетишпөөсүнө чыдоо мүмкүн болсо да, негизги муктаждыктарды кандыра турган нерселердин жетишпөөсүнө чыдап болбойт.

Изоляционисттик жана экспансионисттик автаркия саясатынын кыскача тафсилаттары мына ушулардан турат. Изоляционисттик автаркияда негизги муктаждыктар жетиштүү даражада кандырылат. Экспансионисттик автаркияда болсо, негизги же камалий болушуна карабастан, керектүү муктаждыктарды толук кандыруу үчүн ма, же алар менен келишим түзүлөт. Автаркия саясатына назар таштаган адам анын соода-тижарий жана экономикалык чечим эместигин, балким,

мамлекет туш келиши мүмкүн болгон экономикалык же тижарий блокададан убактылуу сактануу чарасы гана экендигин түшүнөт. Кыскасы, ал тышкы алакалардын чечими эмес, балким, тышкарыдан экономикалык жана тижарий жагынан камал кылуу чабуулу болуп калган убакта мамлекетти коргоо болуп саналат. Демек, ал башкарууга эмес, ыкмага тиешелүү иш. Ошондуктан, ал жөнүндө шаръий өкүм кандай болот, Исламга туура келеби-жокпу делбейт. Аны камал кылуу жүзөгө келип, негизги муктаждыктарды кандыруу үчүн мамлекет экономикасы менен чектелүү мүмкүн болгон убакта гана бир ыкма катары кабыл алуу мүмкүн. Андан башка убакта кабыл кылынбайт. Мамлекет, үммөт же шахстар негизги муктаждыктарды кандырууга ар дайым муктаж. Демек, автаркия саясаты кызыкчылыктарды башкаруу түркүмүнө кирип, аны халифа көзөмөлдөйт. Ага болсо өзү ылайык жана мусулмандар үчүн пайдалуу деп билген ыкмаларды колдонуу укугун шарият берет.